


Абибилла ПАЗЫЛОВ

# Күнөөсүз жылдар

АБИБИЛЛА ПАЗЫЛОВ

# КҮНӨӨСҮЗ ЖЫЛДАР

*Аңгемелер, пьесалар, эсселер*

«Турар»
Бишкек - 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
П 12

Пазылов Абибилла.
П 12 Күнөөсүз жылдар. Аңгемелер, пьесалар, эсселер. – Б.: «Турар», 2011. – 232 б.

ISBN 978-9967-15-108-6

А. Пазыловдун бул китебине анын ар кайсы жылдарда жазылып, мурда-кийин жарыяланган, андыктан азыркы учурдагы адабиятты сүйүүчүлөргө азыноолак тааныш аңгеме, пьеса, эсселери киргизилди. Алардын арасында «Түштүктөн кат», «Газетчик Дзюйо», «Бир мертебе Бишкекте», «Кош бол, Компартия!» аттуу чыгармалары бар.

Автор өзүнүн көркөм туундуларында замандаштарыбыздын бейнесин, каармандардын ички рухий дүйнөсүн терең үйрөнүп, кунт коюп изилдөө аркылуу даана тартып берүүгө алгылыктуу аракет жасайт.

Китеп улуттук прозабыздагы изденүүлөр менен табылгаларга такай саресеп салып, ортоктош болууга умтулган, анын өсүшүнө чын дилинен кызыккан дилгир, сергек окурмандарды кайдыгер калтырбайт деп ойлойбуз.

КР
РЮБ К... ...публики
Ин 468796

П 4702300100-11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-108-6

© Пазылов А., 2011.

# КУЛУНЧАКТЫН ЖОЛУНДА

*(Аңгеме)*

## 1

Бир күндө эки сөөк жерге берилмек болду. Ичер суусу түгөнгөндөр эрли-зайып эмелер эле. «Кудайың кылса, кубарыңдын акысы барбы» деген тура. Шору кайнап, ажал айдап жеткен экен, күйөөсү Серек эски жылдын эң акыркы, аялы Алмадай жаңы жылдын эң биринчи күнүндө жан таслим кылышты.

Өлүм «өлүм» аталгандан жакшы-жаманга иргелбейт, бардык башта бир өлүм, бардык жанга тең өлүм. Ушу тапта жакындарынан топурак буюрбай, денеси көмүлбөй как талаада кала берген эгерим эч ким жок. Дегеле андай жоруктун салтка жатарын элестетиш кыйын. Жоктолбой калса эбак элден чыгып, адам нуркун унуткан ушул алкаш жубайлардын өлүгү жоктолбой калбайт беле. Арийне, урук-тууганы бардын ырысы бар. Анын үстүнө Үрбү ичкич да болсо иним деп мал-пулун аяп турбады. Оболу оң-солго кабар жеткиртип, кара чечекейинин кара ашына бордолуп аткан ноопас сойдуртту. Инисине удаа ит өлүм менен өлгөн келининин арбагына токту багыштады. Кемпирин, кыз-кыркынын, Серектин жалгыз медери Айзаданы кошуп ыйлоого, эркек балдарын таякка өбөктөп өкүрүүгө буйруду, өзү болсо жыйылып келген кары-жаштын алдында не айтаарын биле албай, анысын тышка чыгарбай ичтен тынып, «садага болоюн үкөм ай, сенин өлүмүң да минтип жер каратып, кепке кемтик кылмак беле», – деп ойлогон сайын кабыргасы кайышып, бирок, өлүктү өлүктөй коюунун камында карбаластай берди: «Маскарапоздой күн көрүп, чекеңер жылыбай өлдүңөр. Кур дегенде сөөгүңөр ак кепинделип, аруу жуулсун. Силерди шайтан-

дын жолунан чыгарып алууга чамам жетпеди, эми акыреттик карызымды абийирдүү өтөйүн».

Абанын ырайына ылайык күлтүйгөн тонго оронуп, түлкү тебетейин кулагына түшүрө кийген пакене бойлуу, көөдөнү кең, көмүрдөй өңү капкара Үрбү кечээ суукта сапар келгенден башы салмактанып, көңүлү караңгылап, көндүм жөтөлү күчөп, айла жоктон тиштенип, Алласына жалынып, аркы-терки баскан болот. Атагананды оозун урайын, азандан Тажидин молдо апсалани пир кылбадыбы. Ичип өлгөндөргө жаназа түшпөйт, куран жүрбөйт дейт. Доңуз өлүм дейби, чочко өлүм дейби, нетсе да адалдык көтөрбөйт имиш. Ата-бабада мындай тири шумдук өлүм учурабаптыр.

«— Ий-е, эринен катыны калбай о дүйнө узап, ашыктык аңызындагы Олжобай менен Кишимжанга теңелгенден кетет бекен, олоруң. Жарыкчылыкта жарандарга жарты токоч кайыр-садага бербесе, беш күндүк жашоону көпсүнүп, жинди суугa көпсө, дин мусулман баласынын намысына чычса... Итти көмгөндөй шыйрактан сүйрөп барып, көмүп кой көздөн далда. Капырлардын барар жайы баары бир тозок, сурагы катаал. Эсебин Эгем Таала өзү тапсын, алло акбар!»

Үрбү бир кездеги классташы, кийин атала досу Тажидин молдону арга түгөнгөндө акча менен ийгерүүгө далалаттанып, маселени бөөдө чийелештирди белем. Бу жандим өзүнүн динине дилин таптакыр берип койгондой. «Ха, астапырылла, пулуңуз арам, соопчулук иштерине аралаштырбаң», — дейт этегин кагынып.

Жакшы сөзгө эрибей, мунасага келбей, зарыгып турган маалда маалкатып, заманасын кууруйт. Ошондо Үрбүнүн күйбөгөн жери күл болуп, карманалбай калчылдап, маңдайга жазганын көрдүм, ажалым жетсе өлдүм деп, сопусунган айбанды кокодон алды: «Эненди урайын, селдечен бюрократ, сен качантан бери адам атыгып калгансың. Сийдиктен башкасын ичип, боктон бөлөгүн жеп көчөдө жүрчү Тажидин ашкеби эмес белең. Молдо молдо деп койсо...» Дагын жакшы Зуура үйдө экен. Болбосом тиреше кыркырашкан эки классташ ушубу шарияттын эрежеси, пайгамбардын үмөтү үчүн биринин колуна бири өлүп бергенден таюу тартышчубу.

Иштин жайын аңдап-түшүнгөн соң Зуура байына «ар-р» этип бир тийди:

– Асмандагы кожоюнуң сени дайым эле дүрбүдөн карап отурат дейсиңби. Сенден чоңдоруна деле жетише албай жатса керек. Үрбүнүн кадыры үчүн мусулманчылык ырасмисин жасап бер.

Молдонун зайыбы жаштайынан башканын өтүнүчүн четке кагалбаган жапакеч жан. Чогуу окушкан. Анда айылда төрт жылдык гана мектеп болоор эле. Аттестатты унаачан каттап коңшу колхоздон алышты. Буйрук экен, окууну аяктар жылы Тажидиндикине өзү келип кирди, Зуура. Боюна бүтүп калыптыр. «Күйөөңү тап, жок таппайт экенсиң, желкеңден мууздайм, жалап!» деп атасы үйдөн кууп чыгыптыр. Андан бери далай чүпүрөк эскирди. Андагы оюнкараак секелек кыз, азыр ырыска шерик байбиче. Айыбы – мүнөзү дале өзгөрбөстөн баягысындай.

«Ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр».

Ал эми Тажидин чет көзгө эт-челдин ортосунда элдирселдир жүргөндөй кебетеленгени менен акыйкаттан оңой адам эмес. Чокчо сакал, кара чапан, мингени аңги кодик, теспеси колунда, келмеси оозунда. Көчөдөн көрсөң – жупуну чал. Андай чалдар кыштакта кадам сайын кезигет. Лекин, мунун «дамбылда», «имам» деген аты улук, шапаттай уруксат кагазы күчтүү. «Алип» менен «бээни» урուштуруп окумуш этет.

Кантсе да ушул чала сабат, насили намарт немениң көпчүлүккө алынып кетишине Үрбү катуу кабатыр. Кээде түндө ойго жатып ойлонот: «Деги элге эмне болгон аккараны ажыратпай. Мен го, мен, өмүр бою чарбанын ишинде чапкылап жүрүп, оозуң кана десе, мурдумду көрсөтүп отурам, окуганга шартым келбеди. Меңдейлер улам сейрек тартып барабыз. Бирок, өкмөттүн чоң мектебинен беш-алты жылдап билим алгандар неге Тажидиндин айтканын жасап, айдаган жагына басат. Мугалимдер кана, агроном, зоотехниктер кана, Тажидиндин ыйманынын тазалыгын териштирген бир жан жок. «Ишенген кожом сен болсоң – кепшеген оозуңду урайын». Бу бузукунун кылбаганы калдыбы. Убагында аскерге барбай, түн жамынып оруп которуп качып-бозду, шаарма-шаар кыдырып чайкоочулукта жүрдү. Арстанбаптагы шайыктарга ша-

кирт түштү, айылда дүкөн кармап, анан касапчылыкка, ашпозчулукка ооп, сөөгүн эт, суюгун аш катары алдап сатып, элдин ырыскысын жеди, кара жумушка асти кол тийгизген жок, башын оорутпай, жанын кейитпей асырап бакты. Ошол эле бекен, качандыр бир ташы өргө кулап турганда жашын өйдөлөтүп жаздырып койгон экен, кыйладан бери пенсия алат, оёнуң. Жылы коён, коёндун соңунда балык. Демек, Тажидин Үрбүдөн баш-аягы бир гана жаш улуу. Ушундай мыкыр, өзүмчүл адамдар деле жолдуу келет, ойлогон ой, беттеген максатына оңой жетет. Пайитин тапса төбөңө чыгып, төө басты кылат. Карабайсыңбы, саарқы айткан сөздөрүн. О, какбаш, сага эле бейиштин төрүнө төшөк салып даярдап турушкандыр. Колуң менен жасаганды моюнуң менен тартмак барлыгын унутпа. Минтип жыл тогошкон жакшы учурда ажалынан илгери өлүм тапкан эки баланын бактысын абал мурда кыйган сен элең. Ишенчээк баёо келинди калк алдында, күйөөсүнүн алдында, «апалап» артынан жүгүргөн кызынын алдында шерменде кылган сен элең. Алдың туюк, артың жар. Ахыбалыңа кызыл көтөн маймылдар ыйлагыдай. Анан келип маселдетип, шарияттан кеп урасың, ары жок. Шак-шактын баары– шамалкөй, шакмардын баары – намазкөй».

Үрбү өзү дааратын сындырбай, каза кылбай, калтырбай, беш убак жайнамаз жайып, отуз күн орозо кармап, жума сайын шайланып мечитке каттаган такыба мусулман эмес. Анткени менен киши акырындап ал-күчтөн жанып, бадени бошоп, дөөлөттөн тайыган тапта акыретчил боло баштайт тура. Кариет, азырынча эрмеги бар Үрбүнүн – тээ кеңсеге маңдайлаш ооруананын кароолчусу. Акылэси ордунда, кубаты колунда, бетинин сөөлү кача элек, көзүнүн оту өчө элек. Аздыр-көптүр сыйлашат, бирге иштегендер. Жаңы эле башкы врач кашында, доктурлардын баары келип кетишти. Угаар замат сүрүлүп жөнөшкөн окшойт. Келин көбүрөөк жутуп алыптыр дешти. Дарыланып жүргөндө мынчалык ичпеш керек болчу. Анын үстүнө үй суук, ичинде градусу бар эме жата берет дегенсиңерби, көрпөнү жука жааптырсыңар. Спирт суукtан сактабайт. Анан арактын зыяны туурасында сөз учугун улашты. Көптү билген жаштар да. Берегилерге анда-мында аралашып,

үзөңгүлөш иштеп жатканга Үрбү курсант. Эгер туз-насип буюруп, да бир жыл, жарым жылдан кийин пенсияга чыкса дегеле кыларга иши, саларга кушу жок каңгырап калчудай. Ошентип, көр тирилик көк желкеден басканда башпаанек издеп, айлапып таап кошулаары Тажидиндин тобудур. Чалдарга эмне, аш-тойдо аксакалдата, көксакалдата устукан тартылса, бир чөөгүн чайдын үстүндө баарлашып чер жазылса, кичүүлөр колго суу куюп, колтуктап атка мингизип ызаат-ыйбаа көрсөтүп турса – дүйнө түгөл. Ар качандан бир качан Тажидин молдо созолонуп куран окуп, калгандары жер тиктеп, дем тартпай, жасаганыңа шүгүр, жаратканыңа шүгүр деп, жете-жото, кылыкыштысына багыштаганын кошо айтып, эриндерин бүлкүлдөтүп, мурда-кийин эч кимиси көрбөгөн жана көрүүгө тийиш болбогон эки дүйнө түркүгү – Чоң Кудайга сабылып, тегиз алакан жайып, жер дүңгүрөтө бата кылып таркашканы өзүнчө азем.

– Намаздигер, куптан, бешим, намазшам, багымдат. Ар бири бештен ирекет. Беш дегени беш бурчтуу жылдыздан чыгат. Ошону беш салаадай жат билгин...

Тажидин кезиккенден кур кетпей, ушуреки кебин тотукуш сыңары кайталап, Үрбүнүн кулагына куюп жүрү. Карыкартаңдын изине салып, жер ортосу – кыбыланы карап намазына жыгылсам, динчилдердин сабында саналып, өсүп келаткан балдарыма залалым тийбесин дегенчелик Үрбү ичтен сызып кыжаалат.

– Уул-кыздын урматы үчүн сакал коюп, салабат күтүп, пейилди оңдоо даркер.

Дамбылда тамырды таап кармаган табыптай так кесер сүйлөйт.

– Ала жипти аттап, ушак айттыңбы, уурулук кылдыңбы – олоор өлгүчө шертиңден жанбасаң, намазыңды үзбөсөң, парвадигер бар күнөөңдү кечирет. Онткепим биз онун кулубуз...

Үрбү азыр чарасы жок, ошо Тажидин молдо келип калгай эле деп эки көзү чачырап турду. Анын куулукшумдугу ушу бүгүн кимге таң. Келгени – капымет. Өлүктү молдосуз коюуга жарабайт эмеспи, өлгөндүн жазасы көмгөп дегенсип арыдан бери көрүстөнгө алып чыгуу уят. Сөөк жуумайы турат, башка ырым-жырымдары бар. Куда каа-

ласа, кыйла ташпиш алдыда. Дурус жери мындайда жумушту журт түп көтөрө жасайт экен. Көпчүлүккө иш түтөрбү. Көбүнесе Кадырбегинин теңтуштары асыгатып жүрүштү. Айтса, ушул тун уулу күн-түн машине айдап, куп адебин жеди бейм. Каралы кабар келгенден буйдалбай Опко жөнөп кетиптир. Анан моргдогу азапты сураба. Же текшерүүсү бүтсөчү, же сөөк колго тийсечи. Анысы мейли го, Серектин союлган денесин кийизге ороп, саман төшөлгөн кузовго этиет жаткырып, жуп жөнөй берердеги Алмадайдын жоругу чучукка жетпедиби. «Мени да ала кеткиле, өлүк башында болоюн»,– дейт зыркырап. А десе көнбөйт, бу десе көнбөйт. Аңгыча кең көчө менен бир болуп улуп-уңшуп ийди эле, ары-бери өткөндөр аларды аваз кыла токтоп калышты.

А б ы ш к а н ы н ү н ү: Кутурган катын белем, саксаңдабай жерге киргир.

Э р к е к т и н ү н ү: Эринен күн алыс таяк жеген ургаачы өлөрман келет.

Б а л д а р д ы н ү н ү: Карасаңар ой, акысыз концерт, ха-ха...

А я л д ы н ү н ү: Граждандар, жардамга, токмоктоп атышат.

Ага деле карабай Үрбү менен Кадырбек кабинага олтурса, Алмадай машиненин алдын торой чуркабаспы. Чачы жайылып, бети канталап, колдору арбалаңдап, албарстыдан айырмасы жок: «Үргүлөйүн, акебай, мени да ала кеткиле?» Чыңырып-чычып, милийса жигитке моюн бербей жанталашат, бейбак.

– А заңгар, камоодо жатып бук болгон экенсиң. Кач, жолдон койбой адамды!? – деп ошондо Үрбүңүз айтып оозун жыялбай, ачуусуна чыдабай, араккор, арсыз келинин ач билектен алаарда, башына балээ салаарда Кадырбек арага түшүп, «авалап» бакырып, алааматты бас кылып, не жасап, не коёрду сержант менен акылдашып турду.

– Уруксат берилиши – берилет, – деди милиционер, – бирок, кийин өзүңөр жеткирип келесиңер кеселканага.

– Майли.

– Эй, «майли», мунуңду каерге отургузган атасың?

Жини таркабай, кара көк болуп карышып, катынга эрегишип алган Үрбү маселенин оң чечилишин таптакыр

каалаган эмес болчу, бирок, «уруксат» деген сөздү угар замат «лам» дебей кузовго тырмышып, сөөккө жабылган ала кийиздин бир учуна оронуп отурууга кам урган Алмадайды көргөндө тилин тишине катты. Кишини кыюу кыйын тура. «Булар да кезегинде той берип, илгери үмүт менен түтүн булаткан. Ошондо бирибиз өлсөк, экинчибиз комөбүз деп-ип шертсешишкен чыгаар. Шагын сындырбайын, непадам убалына калбайын». Ушул кетти Үрбүнүн көөнүнө. Ашепке үтүрөңдөп койдумбу деп өзүнөн-өзү шектенип да алды.

Ошентип көр болуп да, жер болуп, көрүнгөнгө сөз болуп, арактын кесепетинен бөлөк калаада, бейтааныш адамдардын колунда бейубак ажал тапкан бир боорунун өлүгүн жүктөп Үрбү келген жолуна түштү. Рулда уулу Кадырбек, келини Алмадай аза күтүп, сооктүн башында. Мезгил кыш болсо, анын үстүнө моминтип күн айланып, шамал улупуңшуп турса, кузовдо тоңуп куурабасын дегенчелик Кадырбек жеңесине купайкесин чечип берген. «Ылдый отуруңуз. Шаардан чыкканча жатып алсаңыз да, мейли. МАИ токтотуп калбасын», – деп жакшылап эскерткен.

Ата-бала агайындык карыздан кутулууга кезенип, «жолубуз шыдыр, жолдошубуз кыдыр болсун» айтып баратты. Улам башын соройто көтөрүп, эки жакты элеңдей карап келаткан Алмадайдын зилинде эмне бар экени бир өзүнө, бир Кудайга дайын эле...

Кыймыл суудай аккан Оштун көчөлөрүнөн суурулуп чыгып, Кадырбек эми гана газды баскан. Мобул жалпак үйлөр трассаны бир аз коштоп барат. Андан ары кар жамынган талаа, адыр, дагы талаа, жол боюнда тыт катар, өйүз-бүйүз адырлар.

Оңдой берип, жаңы жылдын алдында буламык кар себелеп койду. Эки-үч күн мурда жер кара эле. Азыр кыш кышка окшоп, дарактар бубак тон кийип, муздан шөкүлө тагынып, айлана жомоктогудай сырдуу, сүрөттөй кооз.

Деген менен кийинки жылдарда аба-ырайы чалды-куйду өзгөрүп, чатак иш болуп жатыры. Жайкысын күн бүркөлүп ачылбай коёрбу, эрте жазда дарыялар жээгинен чыгып, ташкындап кетээрби, пахта терим маалында калың кар түшөрбү, кышындасы жамгыр жаап, чөп кылтаярбы?! Баягыда борбордогу уулу коноктоп келгенде сөз ара-

сында дал ушул маселе жагдайында бакылдаганын кулагы чалган. Көрсө, климаттын бузулушу, жанагы магнит бороону ядролук жардыруулардан улам экен. Анысы Казакстандын кайсы бир ээсиз эрме чөлүндө өтөт турбайбы. Кытайлар куралын Шиңжанда сынайт дейт. Ал да бизге жакын имиш. Амалейким, Үрбү уулуна ишенген эмес. Аты аталган жерлер кайда, биз кайда? Балким, баланын чала уккан ушагыдыр дегенчелик эмдигиче этибар албайт.

Булардын барар жери – Кулунчак. Тоо өңүрүндө, суу башында түптөнгөн айыл. Итапкан аралык. «Буюрса, иреширеде жетет экенбиз» – деп Үрбү беймарал. Оңдонуп отуруп, анын ортосунда эки-үч курдай ыкшый жөтөлүп, ошого улай эле тиги бурулуштагы элдин көптүгүнө назары түшкөн. Буердеги унаанын түрүн айт. Төрт аяктуудан эшек бар, төрт дөңгөлөктүүдөн эче бар? «Мында да бирөө пендечилик кылган экен. Тирүүсүндө атагы дубандан дубанга тараган кадырлуу азамат окшобойбу. Көз көрсөткөн элдин аягы али суюлбаптыр. Кантип менин үкөмдөй болуп калсын, бу пенде?! Сайда саны, кумда изи жок...»

Үрбүңүз ой ойлоп, оюнун соңуна чыга элек болчу. ГАЗ-59 даңгыр жолду ичип-жеп катуу бараткан. Аңгыча кабинанын төбөсү дембе-дем тарсылдап, Алмадай жоо кууп келаткандан бешбетер токтот эле токтот деп өкүрүп-бакырып ийбеспи. «Болду-болбоду Серек кайра тирилди. Доктурлар жаңылып калган, чамада». Үрбү ошол ортодо не кайгырарын билбей, не кубанарын билбей, а түгүл сөөктүн медициналык текшерүүдөн өткөнүн тарс унутуп, апкаарый да, алдастай да түштү. Кадырбек шашыла тормуз басып, машиненин бурама-тетиктери кыйчылдап, арткы шопурлар сөгүнүп, арткы дөңгөлөктөр алда кайда сүрүлүп барып, анан токтоду. Кабинанын айнегинен башын чыгарып, мойнун созуп, «тынччылыкпы» деген Кадырбектин соболуна карата Алмадайдын айтып турганы: Кагылайын, жан кайним. Сүтүмдү бербесем да, күчүмдү берип, жетелеп ойнотуп чоңойттум эле... Машиненин үстүндө тоңуп өлмөй болдум. Кызылыңан жарымта алып чыкчы, көлөкөм? Берекем, жеңеңди бир аяп койчу?

– Арак саткан дүкөндү калаанын кайсы бурчунан табам?

– Маңдайыңда турбайбы, алдыңа кетейин. Кайсы бурчтан табам деп коёт. Маңдайыңда турбайбы... хэ-хэ. Оп боюнча ушул гана калыптыр деп аваң экөөбүз оякта жатып укчубуз. Жүгүр биздики зарык, машинеде өлүк бар, безөчүрүд бергиле де, и-и, садагаң, ошент, алыс кетебиз де...

Алмадай жүз кубулуп – ыйлаганынан сооронгону бат болуп, биресе кыжыр кайнатып, кайра боор толготуп, өпкө-жүрөгүн өлчөөсүз чаап көшөкөрлөнө берди. Сырттагы шамалданбы, тигил экөөнүн сүйлөшкөнү Үрбүгө даана эшитилген жок. Кадыресе бирдеме шекилденет. Арбак кайра тирилгендей эмес, кыязы. Ок, шуркуя, эптүү каңкылдатсачы, жүрөгүм оозума кептеле түшпөдүбү! Үрбү антпей, саамга чыгынып, иштин жайына саресеп салса ажеп болмок экен. Камарабастыктын арты кайгы менен бүтүшүн кайдан билиптир?! Ал эми Кадырбек кабинадан секирип түшүп, тээ өлүк жаткан, бирок, эмнегедир өкүрүк чыкпаган боз тамды көздөй чымылдаганда карылыктын ташка тийгир көк жөтөлү козголуп, «кайда» дешке жарабай калбадыбы, кашайгыр. «Алдырарда – жаздырар» деген ушу.

Авасыпа кеңешип-таңашпай, мамындай маалда ансыз деле арактан атасынын өчү калбаган жеңесине агынан экини сатып апкелген эстүү жигит Кадырбекке не болду? «Вино жок, аракты эки бөтөлкөдөн соодалап жатат дешкенинен...– деп коёт уялбай,– кезекте турган бирөөгө жыйырма сом кармата салдым».

– Катырыпсың, балам. Алды-артыңды баамдап иш кылып жүр дей берип тилим тешилди. Бул айтса да «куп», ол айтса да «куп», бала айтса да «куп», жана айтса да «куп». «Жок» деген күнүң болорбу акыры, кысталак. Серек да ошол көңүлчөөктүгүнөп тапты. «Ичпейм» деганди айта албайт, сунган колду кайтарбайт...

Минтип күнөөсү башынан ашып, Үрбүнүн сөздөрүн кулак жапыра угуп, рулда колу карышып, кан жолдон көзүн ирмебей, кантсин анан, ава-жеңесинин тагдыры баарынан ашыра санааркатып, байкуш бала айрыкча түтөп келатты: «Айланайын жеңеке, ай чырайың канеке? Аял затың өчүптүр, апказанга жакпайт деп, таштап койсоң канетет? Айланайын авакс, алтын башың канеке? Ичкен жигит ишиби, ичкен киши – кишиби?»

Ой бирде артта сабалап, бирде алга озуп, машинени жандап учкан перендедей кошо ээрчийт...

## 2

Ичпеген пендезат ичимдиктин кандай-андайлыгын билмекпи. Үрбү да кезегинде айда ичкен: жылдыздуусунан да, жылдызсызынан да, биздикин да, четтикин да. Анда атка минип табелчи, кампачы болуп турган убагы. Андан мурда апасы Шаарбан гаргардин (бозочунун) таруу бозосунан, күрүч бозосунан, жүгөрү бозосунан оозанып жүрчү. Канткен менен согуштан кийинки каатчылык жылдарда бозо айрыкча күч бербедиби. Чоңдун да, кичиктин да тамагы эле. Кеч күздө Серек экөө шалы орот. Кулунчактыктардын шалы экчү жери илгертен чылпылдап, саздак, анан калса, шалпаянын суусу саарлап абат болбойт – бут какшатып муздак, кээде айнектей жылтырап муз тоңуп калат, тегиз бышкан эгиндин үстү текши кыроо. Резина өтүк түшкө кирчи эмес. Шымдын багалегин тизегече түрүп коёт ага-ини. Оокат керек, эл катары үйлөнүп-жайлануу керек. Атасы, өздөрү тарапта «комузчу», «ырчы» атаган атасы согушта жок болуп кетти. Үрбү деп, Серек деп уулдарына чоң үмүт менен чоң ысым берген экен. Экөөнүн ортосундагы Алмамбет, Чубак турбаптыр. Айчүрөк карындашынын чарчаганын Үрбү даана билет. Чырактай кыз эле. Көп өтпөй Батыштан согуш чыгып, атасы кулунчактыктардын алды болуп канмайданга аттанат. «Кош, Үрбүм, кош, Серегим, бириң ага, бириң бөбөк бол, бириң экинчиңе өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бол, силерди апаңарга, апаңарды Теңирге тапшырдым» деп көзүн жаштап, мааленин өзү курдуу, өзүнөн кичүү жигиттерин баштап кеткен. «Акжолтоюм кармаса, өлбөй тирүү кайтармын. Мен кайрылып келгиче апаңарды капа кылчу болбогула» деп керез кебин кайра-кайра кайталап, какшап кеткен.

Пронттон кат үзүлгөн жок. Атасы уккандын моокун кандырып, «Манастан» бери тогүлткөн көкүрөгүндө шыгы, көзүндө жаалы бар өнөрпоз болгону менен уруят жылдарында сабаты ачылбаптыр. Дубай-саламды не татарга, не казакка чийдирет. Акыркы катына өзбек туугандар-

дан көмок тийген экен: «Сталинграддабыз, чыкыроон кыш, бир колубузда – нан, экинчи колубузда – мылтык» деп жазыптыр. «Жангинам, Шахирбаханим-мехр жаханим, урушту мүмкүн катары тезирээк тамамдап, сага, балдарыма кайтып барууну аргиз Алладан тилей берем...»

Тилеги кабыл болбоду, жарым жан болсо да келбеди. Жарым жан келсе мейли деп, жалгыз бой келин, жаш балдар оорукта бели майышып, Жаратканга жашырын да, жарыя да жалбарганы өткөн апаат мезгилге мүнөздүү жумуш. «Атаңар жатсаңар түшүңөрдөн, турсаңар оюңардан чыкпасын» деген акылын көп үйрөттү апасы. «Жаман кишинин тукуму эмессиңер. Ушуну дамамат эсиңерге тутуп жүргүлө».

«Асакелик коончунун кызы элем, – деп айтып калчу ыраматылык, турмушка чыккан кезин эскерип, – бир сапар тоо тараптан ырчы келиптир болуп чөлдүк кыргыздар бүт чогулдук. Атаңарга ошондо жолуккам. Буудай ыраң, бою узун, башында калпагы, колтугунда комузу бар кырчындай жигит экен. «Апий, бу ырчынын сакалы гапа» дептирмин баштап көргөндө. Ырчы сөзсүз түрдө картаң киши болот дегендей кыяздамын го, балалык менен.

Ошол жайда тоолук жигит чөлдө итабар жүрүп калган. Негедир атам аны эки мертебе камыш кепеге чакырып, ыр эшитти, тек-жайын сурамжылады. Ата-энеден эрте айрылганын билгенде кейип-кепчип алды. Биринчи келгенде эмне ырдаганы жадымдан чыгып кетиптир, экинчи жолкусунда, эртең жолго чыгам деп, атам сойгон тордомо коонду ыклас менен жеп, берекелүү дыйкан элди, Фергана деген асыл жерди мактап, ушул аймакта өткөн Олжобай жээн, Кишимжан таеженин окуясын айта отурган ырчы. «Оп-по, Олжобай бурадар» деп атам үшкүрүнөт, «оп-по, махабат» деп мен шыбшынам. Бир саам өзүмдү Кишимжан сулуу, ырчыны Олжобай баатыр элестетем. Анан, атамдын көңүлүнө шондо кылт эткенби, же баштатан шондой ою барбы, айтор, ичтегисин шардана айтты. Ырчыдан да, менден да, Кудайдан да жашырбай ачык айтты. Алгач жигитке айтты: «Айланайын, ырчы үкөм,– деди атам. – Бу кыз пешенеге бүткөн жалгыз жылдызым. Быйыл он сегизден он тогузга кадам койгон чагы. Ушуну өзүңө берейин. Эл-журтуңа алып кет. Тең карып, тең ары-

ган колуктуң болсун. Ырчылык, жигиттик кадырына жетсин. Сен мунун кадырына жет. Апасы өзбектин сулуусу эле, былтыркы жылы кайтыш болду. Өзүм, Куда каалаca, не быйыл кышта, не келерки жайда өлөм. Көзүмдүн тирүүсүндө кызымды сага тапшырайын. Зирек жан жетим атка конуп, кор болбосун. Анан мага айтты: «Тур кызым, Анжиандан алып келген атлес көйнөгүңдү кий, жолго камын. Өгүз арабага коондон жүктө, кара өгүз эми сеники» деп айтты. «Убагында чөп берип, маалында сугарып, жакшы бак. Күйөөң жөнөтсө келип, мен өлгөндө биртке кошок кошоорсуң, келбесең да арбагым ыраазы. О-омийин! Өмүрүңөр узун, өрүшүңөр жайык болсун! Асти кем болбогула!» Экөөбүзгө ушинтип айтты, атам.

Биз Асакеге кайрылып баарда бардык. Атам, өзү болжогондой, кышта пендечилик кылыптыр. «Аталап» өкүрүп, астейдил кайгырдык. Амскилердин үйүндө бир топ күн туруп, кой союп, атамын, апамын арбагына багыштап куран окутуп кайтканбыз.

Бирөөгө тик багып сүйлөбөгөн ары момун, ары ынсаптуу апасы согуш жылдары, согуштан кийинки кыйын кезең жылдарда тиричиликтин айынан жанын жанга, жамбашын жерге уруп жанталаша катуу иштеди. Колхоздо ашпозчулук кылды, үйдө бозо салып сатты. «Сасык бозо Шаарбан, салба десе болбодуң...» – деп наалатка калганы дагы бар. «Согуш тутанбаса, Ырчым кашымда турса, мынантип ашка жетпей, нанга жетпей, мүңкүрөбөйт да элек, тукулжурабайт да элек» деп өкүнүп, жаш сыгып, жан кейитип иштеди. Таңга маал бирин бири ээрчитип, орок кармап эрбеңдеп шалы орукка жөнөгөн чиедей жаш балдарынын койнуна бирден ысык токоч салып узатчу. Капкактуу кичине челекке топтолтура бозо куюп берет. Үрбү анчамынчага моюн сунбайт, үшүдүм дебейт, үндөбөйт. Кантсе да эки-үч көйнөк мурда жырткан эмеспи. Серек муздак суу кечип бир аз иштегенден кийин жүзү түктөйүп, мурду көгөрүп, беш манжасы камтууга келбей ыйлактайт:

– Аке, бозодон аз-маз жуталыбы?

Бозодон ичкен соң, албетте, жан кирет.

– Аке, денем чымырап атат. Бозо күчтүү чыгыптыр. Дагы жуталыбы?

Шалы да орулат, бозо да ичилет, бозо да ичилет, шалы да орулат. Кайран апам, кайран үкөм, кайран балалык, – деп камыгат Үрбү. Ошол бозо болбосо, ошол шалы болбосо, ошол согуш болбосо, атамдын көзү тирүү болсо Серек мындай тагдыр күтпөйт беле ким билет!? Балким, ага кошул-ташыл жүүнү боштук, демек, жеке мүнөздөгү кемчилик жеткиргендир? Же жалпы эле эсирип кеттикпи? Неси болсо да буюрганын көрдү. Калган өмүрүн жаман кызына берсин, ылайым. Кудай жалгап, жаңы жылга карата айылчылап келип, мында экенин карабайсыңбы, Айзаданын. Отгулумду – артыкбаш иштеген күндөрүмдү пайдаланам, эриккенче үйдө турам го деп аткан. Фабрикадагы ишим жакшы, жатакана бериштп дегенине Үрбү жетине албай жүрөт. Эми Жараткан ушу күйөө жагынан айтып, тынып алса дурус болбойт беле.

– Ава, – деп үн катты Кадырбек, – жол кыйла арбып, кер-мур кептин изи сууган бир оокумда. – Ава дейм. Таңга жуук сиз ойготкондун алдында түш көргөм, түшүмдө мүшкүл иш көргөм. Ошонум азыр эсиме түштү.

– Түшүң түлкүнүн богу, балам, – деди Үрбү да жумшарып. Айтып жеңилдеп алайын дедиби же узун жолду кыскартууга ниет кылдыбы, эмнеси болсо да, Кадырбек аңгемесин суратпай баштап турду. Кардыккан доош менен каадалуу сүйлөдү: Сажида экөөбүз баш-аягы жок айталаада барабыз. Алдыбыздан дарыя кезигет. Кечүүгө болбойт – кан экен. Жок, артка тарталы дейм мен Сажидага. Ал кечип өтөбүз дейт. Мен шашып атам дейт, төрөйт элем дейт.

– Жинди болгондон соосуңбу, ай-күнүңө жетпей төрөп...

– Мейли дейт. Мен баарына кайылмын. Сен наристе үнүн зарыгып күтө бермек белең? Баш кошконубузга мына он жылдын жүзү болуптур, жашың отуздан эбак ооптур. Өзүң теңдүүлөр беш-алтыдан балалуу. Ал эмес иниңдин чүрпөлөрү чуркап жүрөт. Барбаган доктурга бардык, дарысын ичтик, салбаган табыпка салдык, ырымын кылдык. Чыныңды айтчы, уул төрөйүнбү, кыз төрөйүнбү? Баары бирби? Жок, силер, эркектер баары бир деп коюп, тымызын уулду самай bересиңер. Эгер кыз төрөсөм сен мени өлтүрбөйсүңбү, – дейт. Качат. Кубалайм. Жетпейм. Тиги дарыядан кечтикпи-кечпедикпи билбейм, ава, бир убакта тойдо жүрөбүз. Сажида жанымда барбы-жокпу, аны да

билбейм. Серек авамын тою экен. Оо, мурдагыдай, тойдогудай, Серек авам ылжып мас, кара аттын торбосуна мейизден кочуштап төгүп, жедирип атат. «Кара атым эмес, канатым» – деп жаныбарды моюнунан кучактап буркурайт. Оо, мурдагыдай, тойдогудай ава... Анан ... анан бирөө мени түшүмдө түрткүлөп, «тур, Серек аваң каза болуптур» деп бат-бат кайталап жиберди. Көзүмдү ачсам түшүм эмес, өңүм экен, сиз экенсиз, ава!

Үрбүнүн түш жоруганга шыгы жок. Антсе да Кадырбектин супсунун суутпай, аны-муну кобураган болду.

– Куда кааласа, түшүң жаман эмес уулум. Колуктуңдун үмүтү жарык окшобойбу...

Сегиз уул-кыз, сегизи-сегиз түркүк, кыздарынан азырынча беш небере, шаардагы мугалим уулу Кабылбектен эки бала. Тукум жагынан Үрбүнүн санаасы тынч. Элүү тогуз жашында, дөөлөт кушу башында дегидей эле бар. Жүрөгүн өйүгөнү – балдарынын келечек ынтымагы. Серек экөөбүзчүлөп иттей ыркырашпай жашашса дегенде эки көзү төрт. Дагы ойлогону Кадырбеги. Карый түшкөн кезинде жеңилин жерден, оорун колдон алган ушул. Деги көп баладан бир бала күйүмдүү чыгат бейм ата-энеге. Эгерде атасаак, энесаак уулу балалуу болсо, анысы «чоң аталап» мойнуна асылып турбас беле!? Бирде атка өңөрүп, бирде эшекке учкаштырып, кээде жаманына өзү эшек, өзү ат болуп берип, той-тобурда кошо ээрчитип, жанына эш тутуп жүрбөйт беле? Жээн-неберелер канчалык үйрүлүп түшпөгүн, башка бүлө. Кабылбек алыста. Тезек кургатпай каттап турууга шарты жок, көңүлү да жоктой түрдөнөт. Анын үстүнө балдары жөжүрөп бакчага барат экен. Калаада ага жетүү да тозок имиш. Жеткенден соң күндө эртелеп, убактысынан кечиктирбей бакчасына алпарып, кечиндеси жумуштан кайтканда үйгө алып кетип туруу ылаазым дейт. Калтырууга жарабайт, экөөбү бирдей жарыша тил үйрөнүп, акыл толтуруп жаткан учуру. Кыштакка чочугандай айда-жылда бир келип калышса, Үрбүнүн мурутунун кылканынан коркуппу, айтор, жуук жолобой, четтеп качып турушат. Ойносо да кужурап өздөрүнчө ойнойт, тоба. Тууган жакшы-жаманда тууган, катышпасаң, күйүшпөсөң, анын эмнеси туугандык? Жана Алмадайдын төркүнүнө телеграмма уруп атып, Кабылбекти унут

калтырган эмес. Майрамга шылтоолоп Серек авасын жоктоп кетүүгө жарар дегенчелик беш-алты буйрук сөз жаздырган. Эмелеки Үрбүнүн көңүлүн алагды кылган ошо пикир.

Андан ары үзүлгөн кебин ичтен улап, биртике санаркады: «Көкүрөк күчүккө тете неберени мен да, менин зайыбым Паризат да Теңирден күндө беш убак тилеп күтүп жүргөн чагыбыз. Келин бала эсен-аман көз жарып алгыдай эле».

Ой – бирде артта сабалап, бирде алга озуп, машинени жандап учкан перендедей кошо ээрчийт...

## 3

– Шүк, өлүгүңө отурайын, дагы каякка безип баратасың? Балдардын добушун угуп, ордунан шыр обдулган Кадырбекти Паризат далыдан аткый кармаганга үлгүргөндө анын эскирибирээк калган катек – чаарала чакмак көйнөгү дал-далынан айрылды. «Ап-а!» – деп бир чыңырып алган баланын көзү алаңдай түштү.

– Кайсы ырысыңа олорду аркан тартканга үгүттөйсүң. Сенин темтейген туугаиыңа жарытылуу катын тийип кара башын жептирби. Эр куруткан салпетек. Өпкөңдү көптүрбөй, көчүгүңдү жуп кыс дей берип жаагым карыпты го, тилазар. Дасоромол эмес, кыргызчылыкты уруп өтпөгөн шаардык чебич экенин бир көрүп эле билбедимби?!

Паризат энтиккенин эптеп басып, ачуусун араң тыйып Кадырбекти «ылдамдабайсыңбы» дегендей ишаралап, ышкырып жүргөн мадырабаштарга кыйкырды: – Үйй, балдар, үйүңөргө баргыла! Кадыр бош эмес. Азыр шалы жаябыз. Баргыла, апаңарга жардам бергиле. Келин бүгүн келбейт...

Серек авасы колукту алса, Кадырбек тойлогонго тап. Күндү күн дебей, түндү түн дебей, топ-топ болуп топурап, иттерди авалатып, жылкылардай азынап, кара чийбаркыт кастюм-шымдын чөнтөгүн бор кант, короз кантка шыкап, казан-аякка аралашып, мейман-ысмандын бутуна оролошуп – экпеген жерден өнүп, тикпеген жерден көгөрүп, шилтеген жакка шар кетип, койчу, бала чакта маарakeлер, өзгөчө үйлөнүү тойлору эң бир кызык өтчү



РЮБ Кыргызской Республики
им. ...
Инв. ...

эле. Сан түркүн жөрөлгө, кадыр-каадасы бар, ар биринин жол-жобосу өзүнчө.

Эми ошонун бири табылса кана? «Жар-жар» деген ырларым жок, «жар көрүшүү» – бул дагын жок. Учурдагы баш кошуу үлпөтү кайсы бир мекемедеги узакка созулган жадатма чогулуш кейиптенет. Биринен сала бири тост айтып, бир тостко алымсынбаса эки же андан көп айтып, анын үстүнө тили түшүнүксүз музыка дүңкүлдөп, жашы да, карысы да бирдей шалактап, жапатырмак жер тепкилеп, бий бийлеп, биздин жамагатта нике салтанатынын түрү бузулду. Муну Кадырбек Сажидага үйлөнгөн жылы эле сезген, мындайча айтканда, керт башынан кечирген. Андай экен, комсомолдук той өткөрүү боюнча маселелер жүрөгүн өйүбой коймокпу? Соодам тамам, менин соңумдагылар эмне болушса, ошо болушсун дегенде жарамак беле. Артында бой жеткен инилери турат. Экөө бирдей аскерин аяктап, буюрса, келинчек алмагы парз. Ошондо оюн-зоок уюштуруу боюнча айтаар кеңеши, кошоор акылы белен.

Кабылбектин ак тоюна катыша албады. Авасы, апасы, кыштактагы беш-алты белдүү тууганын үгүттөп Фрунзеге дүрбөп барып келишкен. Куда тарап күчтүү экен дейт. Чоң ресторанды сатып алышыптыр. Эл көп, үргүлжү эле окумуштуу, вуздун мугалимдери экен дейт. Кайнатасы профессор, Кабылбектин илимий жетекчиси да ошо тойду өзү башкарып туруптур. Башкасын айтпаганда да тушунда куну көтөрүлгөн арак суудай акты дейт. Жанагы телевизордон көрүнө калчу белгилүү адамдар деле биздей пенде экен, ичип алып «секетпай», «күйгөндөн» түшкөнү болду, кайдагыны эстеп бышактап ыйлаганы болду, үстөлдөгү коңшусунун аялына тийишип, ырсактаганы болду, кусуп чычканы, жеңин түрүнүп, «чык эле чык, мушташам» дегени да болбой койгону жок дейт. Айтып отурсабы – бир куржун кеп.

Чал-кемпирдин дагы тойдон улам чатакташа түшкөн жайы бар. Атасы калаадан каны ичине тартылып, ызалуу кайтты: – Арамдан туулган заңгар, күч күйөө атыккандан уялбаптыр го?! Биз аны бети табактай, көз айнекчен караса жапалак үкү баштанган мыкчыгердин оту менен кирип, күлү менен чыкканга окуттук беле? Кайнатага марыган экен, канчыктын баласы! Же жубай сөрөйү

келиң-туруңга дурус эмес... Ушунусун бир айтып, бир койбоду, жарыктык, эки айтып, эки койбоду. Андайда кандан-бектен кайра тартпаган апасы тек турсунбу, ким-кимдин болбосун катыгын колуна карматкыдай каяшасы канжыгасында:

– Эй, ырысы кем бечара, имнеле дөөдүрөп атасың. Аалымдын кызын алам дегендин баары эле ала бербейт. Жигиттин жигитине арзыйт андай кыздар. Сынтаккандын сыңар өтүгү майрык экенин билесиңби, сен кургур? Көрдүк го жакшы келиниңди, жалпыбыздын башыбызга шатырактата жаба чычып, жатындашыңды торпоктой чүлүктөп, беткелди жетелеп жүрө берди. Айтпасам экен, башында зар какшадым чынбы, ушунун апти бузук, бирдин ичинен чыкчу неме деп?! «Жо-ок, ыймандуу экен, жылдыздуу экен» деп, ага өзүң үйлөнчүдөн бетер үкөндөн мурда озунуп таламын талаштың, тим эле чаң жугузбай бөпөлөп, көзүнүн агы менен тең айланганыңарчы? И-и, бетимдин беш териси, намыс-ардан куржалак, жеңил баа кейпиңерди кантейин?! Анан уялбай ырчынын урпагыбыз дешээрби.

Бирге экини кошуп айта берсе катындыкы эп тура. Койдум, койдум дебеске айласы барбы, Үрбүнүн: – Уулум каалап кошулган түгөйү менен тең арып, тең карысын. Кайнатасы жар болуп кандидаттыгын кыйналбай-нетпей коргосун. Ошентсем көкшүнүң сууйбу, кичине?.. Бирок, эмелеки эки шордуунун сен асылгыдай абалы калган жок. Тигиндей тилдесең да, мындай сөксөң да – кеч. Антип менин безгегиме кызытылган шиш сайба, жезкемпир, балдарымын энеси экениңе карабайм... Мына Кадырбектин көзүнчө камчыга жаткырбасам – арнап койгон атым өчсүн...

Бир үйдүн жарыгы экинчи үйгө түшпөйт деген кеп бар. Арийне, кээде бир бүлөнүн кесепети экинчи бир бүлөгө тиет шекилдүү. Жылан чакпай, жылкы теппей авасы менен апасы жебеген бокту неге жейт, жердигинен салмактуу туруп, маал-маал «сен-менге» неге өтөт да, дос-душмандын көзүнчө неге анысы мунусунун, мунусу анысынын абийирин айрандай төгөт? Нары тартса аялы, бери тартса иниси, эки ортодо бөөдө азапка малынган Үрбү, Үрбүнүн убалы кимге?

Асыресе, арты бүтпөй чубалжыган акыйнек ошол Кадырбектин эселек көңүлүнө бекем орноп, алиге таасири

өчө элек, көкүрөктөн кете элек тойдун алдында башталган. Ээрге отурганда эле куюшканы кыйшык болчу демекчи, авасы менен жеңеси тээ баш кошпой жатып жаман атка конушкан турбайбы, көрсө. Буга чейин эч бир эркектана эри менен ажырашкан аял албагандай мааледе дуудуу кеп кызып, ушак-айыңдын күнү туулган экен ошондо. Анын анабашы апасы Паризат ушу азыр деле жылдардын бир жылдарында миң сан адам жык-жыйма базардан балалуу келин менен бараткан кайнисине кантип кабылганын жобураганды эрөөн көрбөйт:

– Ошпирим базар – кең базар, ар урук элге тең базар, – деп кайненеме ак сурп, учураса төрт кез кыжымы алганы кузгун саарда ушундан ошого жетип барбаймынбы, курган жаным. Эсеп-кысапка кыйын киши эмес беле, энебиз. Жарыкчылыктан көчөөрүнөн үч-төрт жыл абал эле, пенсия пулун бокчо жыйганга сарптап, наркы дүйнө таергерлигин таза көрө баштады. – Коюңчу, жаман жорукту эстетип, биз турганда көмүлбөй калат белеңиз десем, майин күлүп: – Э, балам, өлүм-житим башыңардан өтө элек, кам эле бойдонсуңар. Таянганым – Үрбү, аным да бош ылбырап, кыйын кезең күн түшсө көзү каканактап, эмне кылаар аргасын таппай, мукурап, тели-теңтуштун ичинде кутулбас куяга калып жүрбөсүн, деп жайгарып коёт. Карыган эме алыс жол баралбагандан базар-учарга мен каттайм. Күнүн барып, күнүн келем. Ошобу көр-жердин аркасынан оропара чыгам да тигилерге. Олорум мени байкашат дейсиңби? Дүйнөкапар. Уулдун колунда талпынган наристе бала. Сумке келинде. Бирине бири кынала, бирдеме сүйлөп күлгөнү – кинонун куду өзүндөй. Жайма базардан көйнөк карайбы, чайкоодон не шакек, не сөйкө тандашаарбы, бирде жогору, бирде ылдый тартып, сооданын кызуусуна батып, деле топурак үстүндө аяк баспайт, кайбарлар.

Кескелдириктин куйругу кебетеленип ээрчип жүрөм, ээрчип жүрөм. Эпсиз көп элдин шарында таптырбай кетишеби дегенден эсим эки, элеңдеп карап, энтеңдеп шашкан карыпмын. Уул бир апта илгери айыл-апага учурашканы келгенде акесинен эски пулга бир миң беш жүз, азыркыча жүз элүү сом карыздап куйрук шүйгөн. Курулушта чогуу иштеген таанышым кунажын саткан атат, алып, силердин малга кошуп коёюн, убактылуу шаарда жүргөнүмчө

туягы көбөйө берсин деген уулбалалык кам-чотун тактап, дегеле дымактуу эле. Минтип эрте боозунан табаары анда эч бирөөбүздүн капарыбызда жок.

Ал аңгыча болбоду тигилер колдон ымыркайга бирдеме жактырып, тыйынын сунуп, сумкеге уруп, наржакка бет алышты. Мен болсом катар-катар машине-дүкөндү шапа-шупа айланып, аларыңды тике маңдай сүзө качырдым. Желмогуздай жеңесин көргөндө бажактап сүйлөп келаткан кайнимин жамажайы жыйылбай – нескара, жанындагы жалжалы өң-алеттен кетип, бир мени, бир аны тиктейт, жалдырап. Өз оокаты менен шашып жүргөн адамдар «эмне бөгөлүп калдыңар» дегендей бизди жөөлөп, токтобой каршы-терши өтүп турушту. Ошо тапта уул бооруна кыса көтөргөн бала бир балекет сезгенденби, ит билсин, бакырып ыйлап, апасынын жакасына жармашпаспы. – Ай, Айзада, Айзада, кантет эми тартиби жок, момпосуй жейсиңби? – деп анысы кызын соорото албай четтей берди. Уул экөөбүз машине-дүкөндүн далдаасында, мажүрүм талдын көлөкөсүндө кеп урушуп турдук: – Кемкарчыбызды бүткөрүп, атайын кабарлайын деген элем. Сиздин кезигип калганыңыз куп сонун болбодубу дейт. Үйгө келерки аптанын ортосунда же кечиктирбей аягында баруунун камылгасындабыз...

– Үйгө барганды коё турчу, алдыңа кетпейин. Деги мунуң ким өзү? Салт-санаа менен кудалашканга ата-эне, ага-тууган жакшы. Аял алган мал алгандай эмес... Каерлик неме?

– Ысык-Көлдүк. Мунун атасы да согушта набыт болуптур.

– Окшошпой табышкан экенсиңер, шоркелдей жетимдер. Оногу жаагын жанган жашабагырдын атасы да согушта набыт болуптурбу?..

Кайдан-жайдан сурай койдум эле, катыгүн, эзели ырайыма өйдө карабаган кайним сөзүмдү бөлүп, алда кандай кумсаңдап, жеңе, аны менен ишиңиз канча дейт. Шүгүр, өзүмдү өзүм билип, өтүгүмдү төргө илгенге жарап калдым. Өзү го өзү, жумурай журтка эмне дейбиз, ботом. Аскерден жаңы келген алмончоктой балабыз тентиген аркалыкка алдатыптыр дейбизби? Э, эне, эй, Үрбү, эмнеге үндөбөйсүңөр?! Көл-дүк – өл-дүк!

Апасы Паризат ал күнү кечке жуук кан базардан кайтканда, чоң энеси, авасы, өзү, Кабылбек – баарылап, очокко, жыгач отунга бышкан, сары сабиз, кой майы, себелеп ийген мейизи бар ак урук күрүчтүн төпөлөмө палоосун адегенде беш салаа менен тарап сыдырып, анан табактын кырына ыкшап, ныгырып, акырында тайлак таман алымды апсыга сугунуп, шириндиги ушунча, баази байкабай баш бармагын кошо тиштеп жатканда, азыркычылап буруу-терүүсүз, көргөнүн көргөндөй, укканын унутпай бир баштуу баян этип түгөтүп, алеминин күчүнөн чолок жашын агызган.

Тура-тура авасы да жолдошунукун туура таап, ичинде туталанып, көлдөгөн кыргыз кыпчактан заңгарга ылайык кыз чыкпаптырбы, же болбосо өзү тандаганга жарабаптырбы, энесинен башка оозун ачып өппөгөн гөзөл сулууларды көрбөй көзү көрбү, атамдан калган тамымдын астанасын аттатпайм, бир туугандыктан кечем деп, оолукту.

– Сабыр кыл, Үрбү? Сабырдын түбү сары алтын, билсең. Паризат балам, үргүлөйүн, сага ишеничим зор. Кадырбек, Кабылбек силер деле утуп койгула, эртең жок бүрсүгүнү үйлөнөөрүңөр ак. Он-он беш жыл аш-паш дегиче агып кетээр...

Алдагинтип айтып токтобой, чоң энеси эми дасторконго чачылган күрүчтү бирден терип табакка салгыча, улуу сөздө уят жок дегенсип, сүт тиши күбүлө элек неберелерин сынагандай тиктеп, саал алдыга ынтылып, чачына байланган чачпактарын чачылы жүнан оромолунун учу менен бирге артка серпе, жайбаракат сүйлөдү: – Бу турмуш куруу деген оо, жер каймактагандан бери карай ар кимдин жеке керт башынын көйгөйү. Башкага киришсең кириш, бирак, кайлык алганга, күйөөгө тийгенге ныпым кирише көрбө. Ушундан келип жаман Серегиңер ким менен тагдыр бириктирерин өзү чечсин демекмин. Мастыгы калбаса, жаштыгы калган жок, ата сакалы ээгине бүткөнү качан. Биз эсе анын алганы менен бактылуу жашашын тилейли. Өмүр сүрүү – оңой чарба эмес. Башына нелер келип, нелер кетпейт. Эгер өйдө-ылдый бирдеме болсо өңгөдөн көрбөй, жазмышынан көрөөр...

Жайылган тасмал жыйналбай, ичилбей ысык чай муздап, чоңдор ээрдин тиштене тунжурап, кичинекейлер аңкыйып, масилет арыдан бери бүткөнү жок:

– Силер буерде Серек кыз албаганына кызандап отурасыңар. «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан» бар деген кепти эшиткен белеңер. Мен ушул элүү ашып, алтымыш баскан доорумда Алланын амири менен эрден чыгып, эрге тийип, ырыскы-дөөлөткө тунган келиндердин көбүн көргөм, садага болоюндарым.

Баласы бар дейсиңер. Бала – баккандыкы. Эсейсе колуңарга кол, бутуңарга бут. Мынабу бокмурундарга карындаш. Андан көрөкчө анысын өз тукумдары издеп келбегидей эле дегиле... Куда-сөөктүн алыстыгына иренжибей, Арка менен алака түзгөнгө сүйүнбөйсүңөрбү!? Билишибизге караганда, Көлдүн журту ток журт, убада-шертке бек журт... Айтса, баягы бакаnooз ушакчылардан корксоң, тирилик алдыга жылаарбы, өзүңөр үчүн өзүңөр ушар кайнагыла, саянда жүрөйүндөрүм.

Ээленген эмелерди чоң энеси ары калчап, бери калчап, муютушун муюткан, ага-ини бирин бири жамандыкка кыймак беле, ири алды, абысындарды аста-аста эл кылууга ниеттенип, арийне, аракетин баштаганга алы жетпеди. Асылган кесел алмайын тынбайт. Той өткөндөн көп өтпөй өнөкөт оорусу кармап, төшөктөн турбай начарлап, тегеренейин балдарым, ырыс алды-ынтымак, өз ара күйүмдүү боло көргүлө, кайрымдуу боло көргүлө деп сайрап, карылык шаанисинен жазбай, кайыр-мазирин кабаттай бежиреп жатып үзүлдү, Шаарбан кемпир. Жыйынтыгында жакшыдан тууган эки туягын үйлөп, небере сүйүп, көңүлү тынып көз жумгансыган...

Муну кыялынан чубурта Кадырбек ылдамдыкты алмаштырды. Жол өр таяп барат. Улам тоого чукулдаган сайын суук чыкылдап, кар калың, теребел түнөргөндөн түнөрөт. «Өлдү», «өлдү», «өлдү» дегенсип мотор бир үндө, бир калыпта, бир ыргакта уңулдаса, көмөкөй кургап, көкүрөк мыкчылып, дем кыстыгат...

Ой – бирде артта сабалап, бирде алга озуп, машинени жандап учкан перендедей кошо ээрчийт...

*1988-ж.*

# ТҮШТҮКТӨН КАТ

***(Жолон Мамытовдун жаркын элесине)***

*(Аңгеме)*

*Чык кирене, чык кирене,*
*Агыны катуу сууга бар,*
*Ашуусу бийик тоого бар...*

Оң көзүнүн сол кычыгынан сарыгып сызылган шордубу же жаштыбы адеп оромолунун учуна сордуруп, алмустактан белгилүү дарымдын шартына жараша нандын ушагын ууччтаган берки колу менен баланын ушу тапта отжалын жылаңач денесин, асыресе, татымсыз кордо ашты кошпогондо кечээтен бери эчтеме тамбай кезерген курсагын, энтиге кыркыраган көкүрөгүн кошо кайта-кайта, аркы-терки сылап, анын арасында дембе-дем эңсеп, ага улай «бирөөнүн сугу кириптир» деп күбүрөнүп, чыканактай жарыктык кемпир «чык киренениң» соңку кайрыгын созуп турат. Анан адаты боюнча – азыр айрыкча, жалынып да, жалбарып, бешенесине ботодой бокмурунду буюрганы үчүн Жаратканга ыраазычылык ыроолоп, кочушундагы күкүмдү ушунда, саратандын илебинен ныксырап, бул чарпаянын тигил бурчунда керилип жаткан, жердиги-жалкоо, бирок, каткан-үрткөн каймак-сүткө, казан түпкө залалы нөл кубагыш мышыкка сугунтуп, эмкисин калем-кагазды камдамакка бөкчөңдөп үйгө киргени.

Бала быйыл тогуздан онго кадамдаган курагында алгач таанышкан бейтааныш сөз чоң энесинин оозунан ошондо чыкты. Ошондо сарамжал кары ага сандыктагы бокчодон көөнөргөн аздек буюмун атайылап сууруп көрсөткөн кыязданды.

Аңгыча бала кордону сиңире албагандан окшуп кусуп, көңүлү саал-паал тазаргандай өңдөнгөн. Минтип ба-

шын өйдөлөтүп, артына жаздык жөлөп, жазганга ыңгайлашканы көмөктөшүү аркылуу жайгарылган көрүнүш.

– Апаңа куш кат жолдойлу, кубатым. Атаңдан асти жардам жок. «Ансыз деле турмушум кылдырайт» – дейт. Эки бирдей медериң бар, бири мында, бири анда, алардын кусуру кимге десем, «кичинем эрезеге жетсе, туу казыгын табат, антпесе тагаларына боор төшөп, Аркада калат» – дейт. А дегенге да, бу дегенге да тыраалап, мурдун балта кеспейт. Каргайын деймжалгыз, каргабайын дейм байкуш.

Чоң энеси кечээ бала чыкыйын мыкчып кулагандан ушундайча масилеттешип, «мынантип ысытмалап, сенин дарманың аз, сыйырды бададан тосоор кишим жок, торпок аркандаар кишим жок, али туруп ого, али туруп буга чарпылып, алтымыш ашкан мен канттим. Непадам кадимки дартым ырбап, төшөк тартып маталсам, көргөн күнүбүз курусун болоор»– деп умсунат.

Атасы жээрде жоргосун теминип, чарбачылык ишинде. Булбулдун тили катып, буудайга комбайн түшкөн маал. Андайда бригадирдин убал-сообу бар белем. Жада калса ноокастаган карачечекейин райборборго, ооруканага алпарып, доктурга эмдетүүгө буямасы келбейт.

Ошентип кат жазуунун ченеми чамдап, балакай чакмак дептердин койнунан айрылган кош баракты китепкабынын үстүнө тикесинен жайган тейде чоң энесинин муңайым кабагын баамдап шүк отуру. Калем сап кармаган колу өзүнөн өзү кылтырап, көмөкөйү батташып, абалы өзгөрбөстөн начар.

Демейде таңдайынан чаң сапырылган чечен кемпир негедир айтчу кебин «балп» эткизе дароо айтып ийгени жок. Ылайыктуу сөз ылгап, тукулжурагандай итабар телмирди.

Ал ортодо тымтырста, тээ алыс, алыста, мынабул шүдүгөрдү жара тилип эшилген жалгыз аяк жолдун аркы танабындагы мелмилдеп тунган өзөндө кириңген курбу-курдаштардын шат кыйкырыгы угулгансыйт. Тигилердин сабында таманы менен кум таптап, далысын күнгө кактап, дүйнөкапар жээкте тайраңдабаганга күйүгүп, баланын көөнү талаада. Чукулда насыя токмок жеп, ирецц купкуу, маанайы пас келди. Бир жашамал тестиер «жетим» деп кордоп, ичеги-кардын өзөртө согуптур. Көрсө,

экөө атышмай кинодогу каармандар «мертинеби же мертинбейби» деген маселени талкуулашкан экен. Жашамал тестиер мертинбейт, аны артисттер аткарат дейт, бала көгүнө таяп, мертинет дейт. Бир тобу мунусуна муюп, бир даары тигинисине таламдаш, айтор, суудан кайткан чычымдар чөө-бөрүдөй чурулдайт. Акыры ошол – мушташ менен аяктаптыр.

Андагы чоң энесинин буркан-шаркан чамынганын сураба. «Төпөштөгөнү төпөштөгөн, бу сагырдыгын каяктан териштириптир» дей сала, келтеги менен жүн сабагандай топурак сабаса, муун-жүүнүң зыркырабайт бекен: «Алмончоктой наристелерди не атасыз, не апасыз бозортуп, ажырашып тапкан таалайыңарга түкүрдүм. Ырыс кыйды силерди, ылайым, төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун!»

Бала ушуларды тасмадай сыдыргыча чоң энеси да тийиштүү жыйынтыкка аялдаган окшойт, күмүш чачпагын шалдырата комдонду. Антсе талмоорсуй магдыраган жанагы мышык оңбогон жезкемпир бирдеңкени ыргытканга беленденди дедиби, же тимеле чачпактын доошунан жалтандыбы, кантсе да тапатаң секире качып, «дыр» коёрдо кайра айнып дегендей, чаламандын чак түштө коюу көлөкөсү чарпаяны азыркычылап жылчыксыз каптаган алдагы байтүп өрүк дарагынын коңулуна жылып барып, бөгүп калган убак. Дал ошондо баягыдай көзүнүн кычыгынан куюлган шорду чачылуу жүн жоолугунун учу менен дагын учкай сүртүп, ашыкпай-нетпей, беш күндүк жалганда өлүмдөн тышкары баарын көргөн кексе ургаачы кетиктиш чүрпөсү эзели кабылдай элек, амалейким, ар качандан бир качан жиктелип өгөйлөнбөгөн атанын акыл дөөлөтүн астейдил оозанып турбадыбы.

Деги кемпирдин билбеген тили жок. Былтыр бир түтүн нары жалданып бастырма курган татар усталарды кадыресе түшүнүп, баарлашканы көпчүлүккө дайын. «Татар малайларым, катык ичигиз», – деп күлазыгынан бөлүпчүү. Өзбектин эсе түшүн жоруйт. Анын үстүнө чөл тарапта карындаш-уруктар бар. Алар биякка каттап, булар тиякка барып – байланыш басаңдаар эмес.

Чоң эненин чокон айыбы – кат таанбайт. Андыктан китепте бешилик-айры, челек-чака делинип туюнтулушу-

нан шектенерби. Лекин, «оногу аркалык мугалим балдарыбызды аркалыкча кеп урушканга үйрөтүп атыптыр» дешкен кероoз катын-калачка каяшасы далилдүү: «Үйрөтсө закүнү ошондой. Билим жуксун дебейби, оомат оосун дебейби...»

Элүүнчү-алтымышынчы жылдарда Түштүккө Чүй, Ысык-Көл, Тияншан жактан окумал адистер арбын келчү. Бирок, баланын апасы сымал кыйырды чыйырдап, жергилик бирөөгө баш байлаган кыз-кыркындар бирин-серин. Эл эриш-аркак чырмалыша элек, мамиле алынча, алака али сейрек кез. Арада баланын «аркалык» атыкканы жүйөлүү тагдыр. Эмнеси болсо да кожолуктан кожолук кыдырып гезит ташыган «кырчаңгы» төкөр почточу беттешкен сайын сөйкөнөт: – Капырай, ишембиде кан базардан кабылдым, аптинен тентиген аркалык, ашкабакты коон деп тиликтеп союп атыптыр... Бала өзү турса – жеке, жанында үкөсү турса, аны менен чогуу чобур миңгиччен авасын ташбараңга алып, таскактатып, кыйла жергече тозутуп барат. Энеңдиден сөгүнүп, таноолору кыпчылып, кызаңдагандары бөтөнчө. Ырас, кийинчерээк улуусу эсейип, өйдө-төмөн кычы сөзгө терикпей, кайра кашкая жадырап, кичүүсүн тыйганга жарады. Анан калса, алиги жаңжалдан бержака почточу да менчик калжыңын айта элек.

Окуудан тарагандын оропарасында чамада, таң сөгүлүп-сөгүлбөй, сүйрөгөнү чабадан, иниси экөөнү элеңдете кошоктоп, шолоктоп уңулдаган бойдон апасы төркүнүнө аттанмакка шайланды. Анда чоң энеси «тегеренейин сүйөнчөгүм, мунуң кайсыл кордугуң, мени муунтуп, көмүп кет» дегенинен жазбай, келинин бошотпой кучактап, көзүнүн жашы буурчактап, эки эселек эчтемеге парасаты жетпей делдиреп, өңгөчү үзүлө өңгүрөп, чуру-чуудан сестенген ит-куш туш-туштан ажылдап, короодогу кой үркүп, коңшу-колоң үргүлжү дүрбөдү.

Керелден кечке кедендеп, окшошпой табышкан оюнкарактар акшамдагы тамактан соң, тоголонуп уйкуга кетип, алтүндөгү тополоңду эгерим элебеген. Айтымда болор иш болуп, боёсу эбак каныптыр. Бирди-жарым чайнек-пиаланын быркыраганын мындай кой, төркү бөлмөнүн терезелүү каалгасы талкаланып, айнеги сынып, тор пардасы тытылып, анда далдааланган апасынын чекеси

көгала, анан, айкашта алагүү атасынын сөөлдүү бети аймалып, данакер энесинин каруусу кем, бели кокустап, кокуйлаган экен.

– Колуктуну алыстан пештеп башкарат, балам. Ичиңде таруу имерилбесе, ичсең эле итатайың тутулуп, ызырынгандан ызырынсаң, алганың ажаанга айланат, берекең арбыбай кемийт. Э ботом, мектеп жабылганын майрамдап кечиксе кечиккендир, салт-субай неме. Жигитчилик кылдан кыйкым издерби? Илгери биз түрдүү-түмөн тойтопурда буластап, ай жарыкта селкинчектин акесин тааныттык. Сага өтүрүк, мага чын, «сен күлдүң ай, сен сүйдүң ай» дегенчелик сокур кызганычка уукпаптырбыз...

Мусурманым, кызый-кызый жетиштүү жебирейт. Мандикерде, жумушчу батальондо каракушуна байкоостон кыйган карагай тийип, уюткулуу кыргыз кыпчагынан ыраак, жердин жети катмарындагы Сибирде насиби түгөнгөн күйөөсүн ойлогондо, согуштун босогосунда төрөлүп, алты жашында чарчаган тентегин эстегенде чолок жашын мөлтүлдөтүп жибермеги желимдей жабышкан өнөкөт. Ошол кенжем сак-саламат турса, атаганат, сенин зөөкүр атаңа күнүм түшпөйт эле дейт, үйүм бөлөк, жайым бөлөк, силер үчүн мынчалык абыгер чекпейт элем дейт. Уулдун урматын, кыздын ызатын көрбөдүм, же болбосом, чопочымга жуурулуп чирибедим дейт.

Өгүнү зоордо, айтса, ары тарт, бери тарттын тамамында бала энесинде, баланын үкөсү апасында жулкунуп туйлайт. Тигилер боздоп автобустун аялдамасына жөнөйт, булар сыздап ордунда кадалат. Андайда жардаган жамааттан ырымга кеңеш өнбөйт шекилдүү. Казан-аяк кагышат, эрди-аял чабышат, эртесинде табышат, эси кеткен болушат. Антпей, антүүгө дегеле түтпөй, жатса-копсо баккан санаасы, сүргөн кыялы аркан-жипсиз балдарына күрмөлгөн коколой чоң энеси: – Кайран таятандын көзү жок, таенең менден бешбетер зиркилдек мастен. Сарттар сага сабылсын деп, апандын мээсин ачытып, маалкатып атат да, бейбак.

– Айтмакчы, – дейт ал ууртунан майин жылмайып, – биз олорду «аркалык» атагандай, олор бизди «анжияндык сартка» теңкөшөт экен. Анысына таарынмак белек?! Ар кимге мандайындагы ысымы кымбат. Деген менен чуку-

лап, сүрүштүрсөк, насип-наркыбыз орток. Манас Эр Төштүк, Курманбек, Жаныш-Байыштын доорунан басташканга бастырбай конушубузду коргоп, Урумунабы, Кырымынабы тыркыратпай, корубузду сактаганыбыз оңоор тарых эместир.

Чоң эне жанараакта антип салам каттын адегендеги сөзүн таңуулап, бала анын маанисин өзүнчө түкшөмөлдөп, арийне, кайра такып собол узатпастан, аракетке урунган. Оболу үч таяк чийип, ортоңкусун былкылдатпай, эки четкисинин экиден бурчуна илмек жасап, кур курчап, «Ж» кылды. Жана эки таяк сызып, биринчисинин этегин кийинкисинин башына ичкериден кыйгач туташтырды – «И» бадырайды. «Гны» чалгы түспөлдөнтүп чегеледи, анан ыргылжың кейипте ирмемге тына түшүп, эринин бүлкүлдөтө шыбыраныл «А» жазды, калем учун сыяга жаңылап малып «Рны» шилтеп, андан кийин дагы бир «Ини» кынаптап кештеледи да, акырында кош сызыкчаны кол кармаштыргандай илештирип, буюрса, «Мны» бүтөрүп салды. Жети тамгадан курулат экен, кубулжуп мукам туюлат экен. Ушинтип купуя болжоду, бала. Сүйлөмдү «апа» деп улаганынан уламбы мунун кыйбас адамга колдонуларын боолголоду. Аталган таклипти окууру менен апаизар жарым мүнөт кармалбай, алып учуп жетип келерине баёо мүнөз шексиз ишанып, эркинде «апакебай, Сизди аябай сагындым, бөбөгүмдү сагындым, Сиз да мени сагынгандырсыз» дегендей өпкөлөп, бук-күптүсүн кошумчалашка дилгир.

Бу саам кырдаалды чоң энеси тескеп туру. Ириде, касиеттүү Ысык-Көлдүн атыр жыттуу абасынан кере жутуп, кыяматка эмес, убактылуу жашаган апасынын, инисинин ден соолугу суралды, нөөмөтүндө таенеси жана башка катте-кичик куда-кудагыйлар ирети бузулбай жоктолуп, төрт түлүктүн туягы түгөлдөнүп, табияттын ырайы, эгин-тегиндин түшүмү козголду. Өздөрү жөнүндө учкай билдирилип, эң кызыгы, атасы аракты таштабаса деле таштады деп, аны раис эч качан алкабаганына карабастан колхозчулардын жыйналышында алкады деп калпты нактай катырышканы болбодубу. Сабаты чакталуу бала көрөңгөсү кургап бараткан сыячелекти жүз кайталап чайкагандан жүдөп, коңкойгон мурду боёлуп, чырпыктай ичке манжалары талып, катка киришмектин азабы сөөктөн өттү.

– Чыда кулунум, апаңы чакырсак, эл-журтка жүзүбүз жайдары. Баланчанын мураскору мүдүрүлдү деген жаманаттыдан арылдык, абийирибиз бүтөлдү. Чыда кулунум, кыйыны бүтүп, асаны калды.

Чаалыкkандан жазмасын жыйыштырып, кырынан кыңкайган небересин кымтылап жаап, термостон бөксө куюм ысык памил чай ууртатып, майда-чүйдө көр оокатка ирищкен байбиченин жаагы карышаарбы: Кесирден коркпой «үч талак» арнайт, арам. Шариятчылыкта «үч талак» жанбайт имиш. Эгерде апаң жарашууну макул чечсе аксакалдарга асиреттешип, жалпылап айласын табарбыз. Дин ислам илими пенденин оозурун – жыргалчылыгын көздөгөнү менен улук.

Балким, бала качандыр кырчын көчөттүн атын угуп, өзүнө кезикпеген чоң атасы тигип, баралында менменсип дүпүйгөн саябан өрүк бактын дирилдеген бариктерин алая тиктегенче азыноолак ой жорумак. Жагдайына ыктап мурдагы жай айларында атасын, апасын ээрчип таякелериникине барганын тымызын элестетмектир. Армансыз чөмүлүп, куяштын нуруна териси түлөп, тотугуп, кайырлашып, жуп узаарда таенеси аны тизесине кондуруп, көкүлүнөн сылап эркелетип, каракүчкө бөөштөнүп моминтип суранган:

– Көлөкөм, бараход жегенинди чоң энеңе айта бар ээ?

– И-ки, параходду жечи беле?!

– Жебейби? Анда эмне үчүн Балыкчыга келип-кеткен оштуктан «бараход көрдүңбү?» десе, «көрмөк тургай, жедим» – деп мактанат, ыя?!

Бала Көлдө мейманчылаган мезгилинде «ыялаганга» таптакыр көнүп бүтүптүр. Дегинкиси ырас сөз экен. Бирдемени каңырыш тыңдасаңда – «ыя», таңдансаң да – «ыя», чочусаң да «ыя», кыскасы, тиги-буга жалгап урунганга улуксат.

Асыресе, булардын уруусунда минтип эч ким сүйлөбөйт. Ошондуктан «ыясы» айылдаштарына өөн учураган. Бир сапар танаписте классташ кыздары азил-тамашага чаргытып кубалап алышты: – Эжекенин баласы «ыя» деп койчу дейт. Ай-буйду тоотушпайт. Каткырыгы дубалды силкинтип, партадан партага секирип жуутпай, топтошуп ороордо сыртка жүткүнүп, агайлар топ ойногон аянтка

кирип барып, кайра тартып, аттап-буттап, бирде буйтап, күч үрөп мөңкүп барат, элирип барат. Соңунда сербеңдеген секелектер бал аарыдай ызылдап, «карма, карма, кармалай» такымдап келатыр: – «Ыя» деп койчу, «ыя» дейт.

Өшөнтүп өпкөсү көөп, алка-шалка тердеген бала шилекейине чакап, абдан арыганда шиберге көмкөрөсүнөн сайылып, алда нече мертебе аласалып, чалкасынан суналган. Байкаса, кыткылыктаган албарстылар авазын өчүрүүгө шаалары жетпей, андан обочороокто ордонун чүкөсүндөй чачырап, удаама-удаа, боо сыңар оонап атканы. Басылууга ылаажы жок, быкындары эзилип, дидар талаш жаш чайды.

Баланы мектептен апасы окутат. Сабакта ал апкесин же «апа» дей албай, же башкаларды туурап «эжеке» дей албай мукурап төртүнчүгө көчтү. Келерки апта сентябрда окутуучубуз канакейлеген балдар-кыздарга кысталып жооп таппайт. Окуяны буруу-терүүсүз ашкерелесе, теңтуштары түк ишенбей, педагог да жолдошу менен чырдашаарбы дешпейби?!

Эмгектүү бала жанагинтип өрүктүн жалбырагын жалдырай караган калыбында токсон толгонуп, томуктай жүрөгүн өйүтөөрү айгине эле. Арийне, ага койбоду. Тигибуну термелеп жыйнаштырып, өзү менен өзү кобурашканга корстон, үргүлөгөндөй кирпиктерин сүзүп, утуру шыпшынган чоң энеси капилет өксөп жибербеспи: – Эй, бейопо дүнүйө, көзүмү элеттентип куруттуң. Көр как баш атыгып, маскарам төгүлөөрү ажеп эмес сыяктанат. Азирети Эгемин каргышы ургудай чымчым күнөөм бар беле?! Чалыман он гүлүнүн бир гүлү ачылбай айрылгам, шондон берки заманда, парвадигер Жараткан, төшөгүмдү бөлөк эркекке тепсетип, ыйык никемди макүрө туткан чагым жок.

Жашыктык – карылыктын белгиси. Антсе да чопочоң адамга сыр жашырбай терендөө жарашмак беле. Ошондондур, бала аз-маз шашкалактап, мүмкүн катар шайдоот унчукту:

– Эне-ов, уланталы, мен эс алып бүттүм.

– Улантса, уланталы,– деди байбиче ый аралаш.– Кеселиң кантти? Түзүкпү? Эмесем тур... Кайнененизддин карегин чел каптап, олурайып отурат, менин багар-көрөрүм калбады дегенден баштайсың.

Түш оой, мерчеми сагат үч жарым-беш ченде айтылуу Фергана өрөөнүнүн аптабы сызгырса ысылап, ындынын чөгөт, ыраңың азат. Тал шагында боз чымчык, ал куйругун желпибейт, ал куйругун желписе, шамал жүрүп, аба агып, жерим сергип албайбы!?

Өлчөлүү аралыкта улгайган зайып, мадырабаш үстөккө-босток арип чийгенге убара. Баланын бейтаптыгы, жаңы китеп, кийим-кечек зарылдыгы, ток этерине токтолгондо, жетишпеген кем-карчы терип-тепчип текши жазылды. Чорт кесе бүтүрбөй, абайлап аки-чүкүсүн санашса, чаласы төрт сап ыр экен. Барактын актай бөлүгүнө аныcы кошуп жазылды:

*Сагынычтуу салам кат,*
*Сагынганда жетсин бат.*
*Сагынганда жетпесе,*
*Саргарып кетсин ушул кат.*

– Раматылык чоң атаң, мандикерде жүрчүдө жаш жеткинчек өз атаң, – дейт чоң энеси, – кат кур кетирбей ушул төрттүктү кыстарып койчу. Сенин онтмегиң деле орундуу, садагаң.

Кийинкиси мурдатан шарттaшкандай болмогу. Каза калтырбай бешим намазынан кутулаар замат, байбиче асамусасына өбөктөп, почточу кайнисинин кыштак жакасындагы камыш чатырлуу турагына озунган. (Тушунда тамдын бакиси камыштан жабылчу.) Аныкынан ар кыл конверт өксүбөйт, ары колу сулуу, аскерде писардын кызматын аткарганы туура го, адрести эптесе ошобу майып тууганыбыз эптесин. Эки иштен бир иш демекчи, жайыттан чубаган малды утурлап, түз багыттап айдоо түйшүгү эми эңкейген карынын мойнунда...

Өчөшкөндөй ушул кеч, кулжуңдаган таргыл жаныбар ноктосу шыпырылган музоосун эмизип-эмизбей азгырып, жолду ката ийиген желини диркиреп, көк бедени күсөгөнүн нетесиң... Аңгемеге алаксып кашайган кемпирибиз Занги Баба тукумун сая кууп соксондойт: «Кудай аткыр таргыл уй, куруйт экен жарылып». Почточу уул дасторкон четинде кайдагыны бежиреди эле, катыгүн. Жадыңыздабы, жеңе, Күңгөйдөгү жайлоодо эшек минем дегеним? Тиричи-

лик ажырымынын ташпишинен таза тамтаңдаганбыз. Алар унаабыз жылкы дейт. Мен ансайын көшөрөм. Өзүм жарты жан бечарамын. Мага жоошураак, кашаңыраак шалпаң кулак чомдогула дейм. Зоңкойгон зоот айгырдын үзөңгүсүн оң-тетири тээп, ээрде өчөйүп, «мунуңар үркпөйбү», «соо аягым сынбайбы» дегендей кууланып атам. Бир оокумда, атагөрү, чабандестик ышкым жанып, ынтылсам, кокту-колот тарый түштү. «Балекет мээнетиңди алайын куда, тизгинди бек кармалап» чар тараптан азаматтар айгайлайт. «Дабыр-дабыр дегенде – дабыраган көп караан, дүбүр-дүбүр дегенде – дүбүрөгөн көп караан, анжияндык, аркалык, ат жарышын айталык» – кылганбыз ээ, жеңе?

Кантет... кантет тоба, бекерге кейип-кепчибең. Жакында келиниңиз жаркылдап кашыңызга келет. Тунуна суук тийгенин же бөлөкчө мүшкүлдөн чүнчүгөнүн түпөйүл аяндап кусадыр. Бакыраң көзүм тирикарак. Багын ачса, тайын тартса, аккан арыктын урпагы борбор калаадагы сүрдүү кеңселерде кычырап, намыс үчүн топ жараар. Кат чүргөгөнүнө канимет. Сөзсүз жөнөтөм. Эртең менен эртелеп жөнөтөм, жеңе.

Башатында Ай тууп, куймасына Күн жуук, кереметтүү кең аалам – кала берсин байбиче, «оо-оолоп» үнү жаңырып, каңырык түтөп камыгып – бара берсин байбиче. Аны таштап салыңар, баладан кабар алыңар.

Кеселманды басырык басты – напеси буулду. Бакырайын дейт – кантип бакырат, көөдөнүнөн ныгырган зылдай салмактан капталына кантип оодарылат.

Тыбырчылап атып бут тарамышы тырышкандан бүрүшө бүктөлүп, онтоп-онтоп ойгонду: – Эне! Эне! Эне дейм...

Чарпаянын колтугунан мышык мыёологонун эсептебегенде ың-жыңсыз жымжырттык. Чоң энеси Түндүккө катты өзү апкетпесе, эмдигиче кайрылууга тийиш болчу. Алейне айбан таргыл куйругун кыпчып, желе-жорто тартаңдап, темселеп тескери маңгандыр. Макулуктун чатагы балага маалым. Ал качак сыйырды изме-из кубалабайт. Кайдыгер кишидей ышкырымыш, ырдамыш этип жазгырып, алыстабай аңдып, аңкоо соргок ажырык чөптөн беймарал жалмап оттоп, күшүлдөп-бышылдаганда житкен октой тызылдап алдын торойт да, «ош-шш!» – деп айбаттуу акырып, – көлдүктөр «өш» дешет, – каркай-

ган ача мүйүздү аралата чулу кесектен апыл-тапыл чуулдатат, жинин кагат, жилкинин соолутат.

Эскерме пикир эңшерип, бала иңирде эскен желден чыйрыккан сөөлөтүнө түрүлгөн жуурканды үйрүүгө обдулганда жер тербелди, асман тең тербелди. Теребелди аласалдырган айланкөчөк кембагалдын тулкусун аска-зоого сүйрөп жанчып, туңгуюкка кептеп тумчуктурушу ыктымалдуу. Ажалдын шарапаты акыйкаттан ушулдур, же кандай?

Баштатан балапан өмүр кыйылбаса, тээ Батыштагы апааттын этегинде эгизде балбылдаган шишелүү чыракка олдоксон катылып, каш-кабактын арасында кара күйүккө көчкөн кемпирдин баякы каралдысы канакей? Шоктуктун курманы периштем, кыбыраган ар бир кыймылыңан үргүлбөгөн шалаакы шакмарды эки дүйнөдө кечирбе деген чоң энеси жазмышын каргап, эчкирип, деңиз периси-нин чачындай жайылган чачын аткыгандан аянбайт:– Араба кашаң, шаар көрдүн түбүндө. Чыңырып-чычкан ардагым арасат жолдо, жылдыз толгондо жайрады. «Апажан, – деди үзүлөрдө кыңылдап, – камчыланбай артка буруң, караңгыда коркосуз. Сизге саарлап пахта териш албайм – деди, жогорку көчөлүктөр уюшуп, акемди жекелесе, жаатташып уруша албайм – деди. Атам өлбөгөндө, ата, куйкалаган балээден куткарың демек элем, ылжыраган боюм менен кучактап ыйламак элем – деди. Алмак-салмак «ата» деди, алмак-салмак «апа» деди.

Кээде эски жараттын карты сыйрылып, кайратка чукак байбиче тигинтип эстен танат. Көбүнесе нетиремишке өлүктөй тыртайып, түрткүлөп тынчсызданган ага-ини неберелери кемшейип бышактаганда «акыреттик кургуйга көмөлөнсөм, ак кепиндеп, аруу жууп, чуркурап өкүрөөр канат-бутактарыма шүгүр»– дегенчелик жетине албай сыймыктанат. Баса, учурдагы бучкактаган шум кырсыктан баланы арачалаган кудурет – олуядай инсандын береги түбөлүгү түз үмүтү.

...Бир аз-бир аз чымыркансам далбастаган энекемдин шарпасы эшитилет: Катты тапшырдым, кагылайын, табың ылдыйладыбы? Сени узагыраак акыйтканыма ызаландым. Жүрүшүмө алымсынбай жүгүрдүм, чалынып очорулдум...

*1993-ж.*

# КҮНӨӨСҮЗ ЖЫЛДАР

*(Аңгеме)*

«Айланайын, тага! Ойлоп-ойлоп дагы бир жолу, балким, бул жолу акыркы жолу кат чийгенге кам урдум. Кесе моюндаарым, алиги кызга ныпым күнкорлугум жок. Муну сиз да тага, таежеңем да жадыңарга бепбекем түйгүлө. Мен ыйманым жөнүндө тээ соттолоор алдында, түздөн-түз соттун кайымында безбелдектей какшагам. Бирөөнү зордуктамак түгүл, ушуга дейре аялзатын билбегенимди Кудайынан деле, кулпендесинен деле жашырбагандырмын. Буюрса, биртике мезгилде жээниңиз жете-жотосунун, кылы-кыштысынын ариетине көө сүрткөн ушак-айыңдан таптакыр арылып тынат. Ооба, ошентет. Асманда Теңир, жер койнунда убал-сооп бар экен. Уулбалдар бар экен.

Аңгыча сизге, ыраматылык апамдын уялаш агасына, бармактайымдан асырап, өгөйлөбөй эсейткен эң жакын тууганыма Ош-Өзгөн тарабындагы айтылуу урушта, ага улай абакта короткон өмүрүм туурасында учкай уламалоого батындым. Анткенге шартым дурус. Өнөкөт ылаңым ырбап, түрмөнүн кеселканасында жатам. «Ооруң катуу байкушум» – деп мындагы чоң дарыгер, тармал чачы туташ бубак, олбурлуу орус киши кыңжыла кыңырылат. Бийлигим жетсе сени эбак бошотмокмун дейт: – Подумаешь, испортил какую-то сучку. Вон сколько их вокруг, сами просятся в постель, мужикам*. Жалган жалаага кириптерлигиме даттанып, ширин дарбыздай жонумдан чарт бөлүнсөм, «кылычыңды ташка чап» дегенсип колун силкет.

Кылмыш ишин териштирүү маалында байлоодогу дөбөттөй атырылган топ солдат бөйрөгүмө таамайлап тээп таштаптыр. Анүстүнө ошобу жайда Советтик Армиянын

---

* Кайсы бир канчыкты бузуп коюпсуң да. Эркектаналарга өздөрү шыйпаңдаган андайлар толуп атпайбы?

катарына чакырылып, такырбаш эмес белем. «Биздин полкко түшсөң, тирсегиңден шыпка асмакпыз, басмачынын бөлтүрүгү» – дешип мага бөтөнчө кастарын тигишти. Жаракаттын азабы жүрө-жүрө жүдөткөнүн оозанба. Дарылангандан кутулбай, далай-далай жарыкчылыктан кече жаздагам. Кичине тыңып калам, кайра эле чабал өрдөктөй салпылдап, кыйраңдап мүргүп жыгылам.

Тага, Жараткан Эгем жардаса, азганакай кабарды ышынбай шыр токуурмун. Себеби урунттуу нерселерди кыялымда шурудай тизмектеп, иришкениме итабар заман толду. Айрыкча мени каматкан карындаштын жолдошунун зыяратынан маанайым жайдары. Айтмакчы, ал азыр Ферганада жашайт. Перзенти томураңдап, тирикарак.

Буерде куса-ызанын кесепетинен жазуучулукка ыраса машыккыдайсың, кысталак. Университетине ушу тапта тапшырсам, сочинениесинен опоңой өтмөк окшойм.

Эсиңиздеби, ымтыкан – экзаменден кулаганым. Килейген чабаданымды сүйрөп, ирегеден ырсайганымда ындыныңар суу сепкендей өчтү. Сиз тиги-буну колколоп арыздан-байсыңбы дегенчелик беймазаландыңыз. Таежеңем такаатсыз наалый баштады: – Чыпалактай жетимге кең калаадан билим насип этпептир. Мугалимдериң курусун, пулдууларга жең ичинен баа бычып, ылгый паракор, чылгый кайырчы.

Кантейин, шорум-шорпо. Нөөмөтүндө заводуна орношуп, борбордон кайтпай койсом, мүмкүн, канатымды кайрыган каргашадан калас тиричилик кечирмекмин. Же кийинки жылы аскерине эртерээк апкетишсе эмине?

Мээнет чырмаган мерчемде азандан Өзгөнгө шайлангам. Минтип ай-айлап, пай-пайлап өскөн конушумдан ыраактамагым ылаазым. Учу-кыйырсыз Россиянын токоюндабы, сазындабы, айтор, түпкү бабам Эр Төштүк кезбеген түпкүрүндө кызмат өтөйм. Ээн-элкин ары-бери басайынчы дегендей кыязда элем.

Таежеңем баштыкты жумурткага шыкап узатты: – Чайкоочуга үргүлжү карматып ий, артыкбаш теңге чөнтөктү тешпейт. Бирди-жарым суйкайган сулууга имерилсең, калбаат сүйлөшкөнгө каражат керек.

Базарга башпагып-башпакпай, башаламанда не муш жедим, не түрткүгө кабылдым – түйүнчөгүм каруудан

жылбышып, тукумум таруудай чачылды. Жарылганы-жарылды, жарылбаганы удургуган аламандын таман астында аёосуз жанчылды, былчылдап.

– Ээ, үргүлөйүн үкөлөр, ээ, кагылайын акелер, ушу дагын бурадарлыкпы, ушу дагын мусулманчылыкпы? – деди бейдарман бейбак ургаачы утуру мурдунан сызылган канды желкесине шыпырылган оромолуна жанып, дендароо. – Ээ, үргүлөйүн үкөлөр, ээ, кагылайын акелер...

Тимелеби, үркүп-тозгондордун сабында сайгак сайгандай беткелди бездим. Күтүүсүз опур-топурдан чыгыш, батыш, түндүк, түштүк багытым чаташып, аягым чалыштап, көзүм алачакмак. Көкүрөгүм ачышкандан көчө жээктей кызыл кыштан согулган коргонго өбөктөп, жакамды кырча тиштедим. Солуктап өпкө кактым, чөгөлөп окшуп кустум...

Уландысын маектешим чоюп, кыйлага божураптырбыз. Азиз жолоочу капсаланда кашаттан капыс сороктогон кара келтек, көк союлчандардан качып, карчыты бийик тосмодон карбаластап ашып, чоочун тамдын чарбагына далдаланганымдан тарта колуктусунан агызбай-тамызбай эшиткен шекилдүү.

Баса, муунсуз мусапырга учурашууга ынтызар береги азаматтын көрүнүшү – зыялы, кырк сегиз-элүүнүн дабанында. Алганынын согончогу жошолонбой ажырашып, илгерки күздө бекен, болбосом, былтыркы жазда бекен, тополоң-тоздо топурагынан сүрүлүп, Өзбекстанга отурукташтан бөпөлүү келинчекке үйлөнөт.

– Ырас, адегенде нике кайып жарымдын аянычтуу жазмышы ардантты, – дейт жаңы шерик. – Лекин, ынанымсыз «күңк-мыңктын» көмүскөсүндө кадимкидей сыр катылганын түкшөмөлдөп, тек маңызына баам-парасатым чендебей, аргам куруду. Чексем – чегилбейт, такысам – мелтиреп үндөбөйт. Күдүгүмдүн кеч, өтө кеч, кайненем аңкүр-мүңкүргө сапар салган соң ашкереленгенине өкүнөм.

Күйөөнүн тактоосунда, тага, «Чубактын кунундай чубалган» чырдын демилгечиси саратан сызгырган шашке ченде чүмбөттөлгөн машинеге кишендеп тыгып, оң-солумдан куралдуу күзөтчүлөр саксактап, алгачкы ачык суракка алпарышканда казганактаган дододон суурулуп, өлөрмандана жулунуп, каргап-шиленип, жүзүмдү чала-була

аткып, жулмалаганга үлгүргөн албуут зайыптын куду өзү. Дегиңкиси өксүк бүлөнү наамарт бирөөлөр эпсиз ээliktиргенин кезинде дилибиз сезбеди беле!?

Көрсө, добогер айымыбыз самсапуруштун уулуна, эгиздин түгөйүнө онунчуну бүтөөр замат тиймекке астыртан шерт бекитет. Махабат балын тымызын шимирет. Чатакташуу бешинде тутанса, демек, төртүнчү июнда жигит телитеңтушун жыйнап, чейрек кылымга караган курагын белгилептир. Оюнкарак неме, демейде санын оё чымчуучу апасынын учурда узак көйдө, мейман сыйындалыгынан пайдаланып, жанагы отуруштан таңга жуук кайткан бейм. «Ик-и, – дедим, алтүндө жорткон жоругун укканда, купуя, мен кекиртегиме кептелген жанымды арачалап, бооргоктоп сойлоп, дүпүйгөн дүйүм гүлзарга кымырылып бөкчүүдө анын аңтар-теңтер алааматты бучкагына теңебей, сөрүдө беймарал керилип уктаганы түшүнүктүү».

Ал эми самсапурушту таанибаган өзгөндүк чанда. Качандыр Кашкар мекенинен Орто Азияга ооп, шаарыбыздагы ортолук чайкананын ыптасында такай самса жаап, самса сатып, самсапуруш-самсачы аттыкканын улуулар кобураганыңыздарды кулагым чалган. Жаңжал чукулдаганда туз-даамын таткан тоолуктар жамандыкка кыйбашына бөркүндөй ишенип, бечара самсаканадан карыш жылбаптыр. Тилекке каршы, атчандардын бир даары дөгүрсүп мас, самсапурушка кошуп, соодадагы кырчындай солкулдаган кош туягын кошоктоп сабап өлтүрөт.

Кыскасы, чечендер саймедирегендей, байыртан казалы орток, мазары орток, тили тектеш, жергеси чектеш тайпалар өчөгүшүп, «өлүмгө-өлүм!» урааны өрөөндү жөө тумандай түрө каптап, аба жарып, акыбетинде кембагал кебетем кейишке малындым. Маалеге сырттан коркунуч туудурган, секелек селкини опузалап, абийирин айрандай төккөн айбанга айланып, кесилдим.

Агезде Маскөө күүсүндө. Партиялык уюмдарга, укук коргоо мекемелерине тезинен улут аралык араздашууларга тийешелүү атуулдарды айыбына төп жазалоо табышталат. Андайда алаптаган аткаруучулар анча-мынча ашепкени ашепке санабас. Ий-е, жеке мүдөө жалпы кызыкчылыктан өйдө бекен?!

– Сиз күмөндүүнү дале күнөөкөр иретинде эсептейсизби? – деп сурады прокурор «жабырланган» атлес көйнөк калемкаштан.

Ал тор капастагы үрпөйгөн сөлөкөтүмө жалт-жалт багып, мукурагандай дирилдеди.

Залдан сүрөгөн үндөр: – Тайсалдабай, такылда! Таймanба, аңгиден!

Ал эринин кыбыратып, асыресе, акылдан тангандай эчтеме айтпай, жыйынтыгында көпчүлүктүн көкүтүүсүнөн тажаганданбы – өксөп-өксөп жиберди.

– Ко-ош! – деп корутундулады прокурор. – Жабырлануучунун психологиялык акыбалы абдан начар.

Баарлашуубуз оожалып, көбүнесе, окумал инсандын омоктуу пикирлерин тыңдаган сайын моокумум канды, көңүлүмдү өйүгөн чалкеш соболдор дааналанды. Тарыхта кыргыз-өзбек эгерим эрегишип согушпаптыр. Журтту журтка тукуруу – алмустактан так талашкан мансапкорлордун энчиси. Советтер Союзунун ыдырашы, жамачыланган, жасалма Кокон хандыгынын талкаланышы сыяктуу, ириде, аймак, амал бөлүштүрүүнү козутканына тирүү күбөбүз. Айлакер саясатчылар ашмалтай адатка ылайык, карапайым жарандардын кочушу менен чок уучтоого умтулгандан доско – күлкү, душманга – келеке, саресептүү дүйнөгө түркөй түрдөндүк.

Ферганалык аалым ала допу, астарлуу калпакчан баёо калктарды кайраштыруунун шылтоо-шылтоолору биротоло жоюлбаганына тынчсызданып, ар бирибизди сактыкка, сабырдуулукка үндөйт. Мен – өзбекмин, анткени мен – кыргызмын, мен– кыргызмын, анткени мен – өзбекмин дейт. Орусчага төмөнкүдөй оодарыптыр: Я – узбек потому что я – кыргыз, я – кыргыз потому что я – узбек.

– Бу тыянакты асти унутпаң, укажан?!

Коногум коштошоордо окчунда, отургучка маталган экөөбүздү оболдон парвана көпөлөктөй тегеренип, аңгеме-дүкөнүбүздүн созулгандан созулганына кыжаалат, эриксиз майданчадагы майда-чайда ардемеге сонуркап алаксыган кулунтайды көздөй ээк жаңсай, мыйыгынан жылмайды: – Жердешиңизди тааныдыңызбы, Өзгөнбай? Кышында сүннөт тою. Дутарчы, чылдырманчы өнөрпоздор Таш-

кенден, күрөш сейилге палвандар Маргаландан, Коженттен, Лейлектен, Арстанбап-Чарбактан, Кара-Дарыя – Сузактан... Чын ниеттен мархамат!

Анан санааркагандай саал кабагын чытып, негедир баштай пияз жыттанган самсапуруштун кесибин түк жактырбаганын күбүрөгөнчө ордунан козголду.

Турмушта нелер тушукпайт, тооба?! Арийне, зындан-да чиригендей коомго зыяным кана, каскагым кайсы? Кемчилигим – жапайы кырсыктан жаа бою оолактап, огобетер мүшкүлгө төбөмдөн сайылганым. Жакабел өрттөнүп күйүп, күлү теребелге сапырылып, мунарадан муңканган азан жаңырып, катын-калач, ымыркай бөбөк мукактапа чаңырып, тирешкен жааттар карсылдашып, жаалданган жоокерлер автоматтан ок жаадырганда үйдө жалгыз бийкечтин этегине корголоп, ыйласа – ыйлап, сооронсо – сооронгонум коркоктукпу? Кылмышпы? Менимче, бешене... Элесимде ала бакачан көйкашка дарчы асма кыларканда чапчаң текиреңдеп, арандан зорго тең салмак сактайт. Капылет аласалат, капылет тикеленет, кайра-кайра алданемедей кыпылдатып, кайра-кайра кайталап ошенетет, аласалат-тикеленет, тикеленет-аласалат. Жүрөгүмдүн кооптуу түрсүлүн коштогондой ыргакта миң сан сурнай дүпүлдөйт, сан миң керней бапылдайт.

Эмки тилегим – жандоочум кийик аттырса, акталсам, тага. Кыдыр Алекисаламдай агайын ашыналары аркылуу ысымымды тактап, Ашхабаддан Чүйдөгү Ново-Покровкага, андан Жалал-Абадга этапка которулганымды аңтарып издептир. Кыргызстандын мыйзамдарын үйрөнүптүр. Шайтандын азгырыгындагы жубайын макулдатса (макулдатмагы шексиздей) – азатмын!

Силерди, кыштакты сагындым. Девзира күрүчтүн палоосу мейлиге, картөшкө мантышын кумары акактатты. Саарлап жазмаларымды тамамдоого астейдил аракеттенгенимден сөөмөй манжам кабаарып, далым уюп, бадепим калчылдайт. Илхамды доктурдун колдураган доошу үркүтпөспү: – Ты, Достоевский, маляву катаешь или роман пишешь?**

---

** Ай, Достоевский малява (кат – түрмөнүн жаргону А.И.) чүргөп атасыңбы, же роман жазып атасыңбы?

Палатадагыларды аңкайтып, бирпаста эшик-эликке жалкы жыгач балдаксыз чымылдаганымдын кээриби, сүйүнүп-сүрдүгүп, ашa толкундапганымданбы – чыйрыккансыйм. Жалал-Абаддын суугу маанисиз. Антсе да каттагандардан эски купайке жөнөтүп ийсеңиз? Жылуураак кийинейин. Ноокастабайын. Чечүүчү кезеңдин босогосунда, ылайым, кыштоодо, кой короодо, аска-зоодо, кар көчкүгө көмүлүп жайраган түбөлүк жаш ата-энемдин арбактары жөлөп-таясын, алтын бешик Өзгөнүмдүн периште-пирлери дуу дубалап, алкасын! *Жээниңиз»*.

* * *

Жогорку кол жазманы токсонунчу жылдардын капортосунда окугам. Ошто, дубандык басылмага редактормун. Ыр, макала сунуштагандар редакциябызды байырлап, эриктирбейт.

Бирде жээрде сакалчан элеттик чал каалга чертип, калың дептерди үстөлүмө жайды: Жардамыңызга муктажмын.

Албетте, мен карыянын шагын сындырбай, адабий кызматкерлерибизге сынатып, эгерде жактырышса, жарыялаарыбызды этият эскерттим. Этияттаганым күйүттүү окуялар чагылдырылган чыгарманы калайыкка жайылтуунун таасирин менчик деңгээлимдип сересипеп серепчилегеним эле.

Булганбай, мизилдете таза көчүрүлгөн барактар кимдергедир ыйык тумардай кымбаттыгын боолгологонум менен, убадамды кечиримсиз мөөнөткө маалкатып келатам. Бишкекте, капарсыз сааттарда Оштон ташылган таңылчактарымдагы чаңдаган дептерди күбүп, аманаттын мазмунуна ондоп үңүлдүм. Жаңылбасам, кыйчалыш кырдаалдын туткунунун кайрылуусу жалаң гана «эң жакын туугапына» арналбаптыр, тескерисинче, жамияттын назарына таклип, кундуу буюм, парктуу дөөлөттөй таризденет. Абакчы улан билеги жоон, келдеси кабактарды ээрчибегенине, сокур намыска уугуп, кайырдипдердин казатына катышпаганына өнтөлөбөй, шүгүрчүлүк, отмүштүн армандуу үзүмүн калыс талдайт.

Атаганат, автордун бүгүнкү тагдыры белгисиз. Баягыда кеңсеме өзү келбегенининин табышмагын үч түрдүүчө жандыргам: эркиндикке чыга элек, дартынан сакая элек, мертинген.

Жээрде сакалчан таякесиби? Түп нусканын чет-чеберинен дарек-дайынын таппай, чыкыйымды мыкчыдым. Айылында акыйып, гезит аңдып чарчаганда, мендей кенебес кеңкелести ашата сөккөндүр, жарыктык.

Кыргыз-өзбектин рухун көөдөнүнө бүкүлү сыйдырган береги өзбекстандык каарманыбыз ким? Доорубуздун Миртемири ким, Исхак Раззакову ким? Бабабыз Бабурдун татыктуу урпагы ким?

Баяндагы баки турмуштун аки-чүкүсүн, анык-төгүнүн текшерип, өзгөчө арзуу-туйгуларын аңдаган замандаш адамдарыма кездешүүнү непадам самабайм. Анткеним майнапсыз жумуш. Алар кайда, мен кайда?

Айтса, бир мертебе Өзгөндө, расмий расмиде самсапуруштун, самсапуруштун султан мүчө карачечекейлерининин союлган сөөктөрүнүн сүрөтүн журналисттерге жарнамалашып, кайрандын уругунун үзүлгөнүн улутуна каңкуулашканда, аза антынан го, каңырыгыбыз кадыресе түтөгөн. Кариет, түрмөдөн жолдонгон каттан улам жеңилдене үшкүрдүм.

Келечек – тараза, болочок – муназа.

*2001-ж.*

# ПАЙГАМБАР КУРАК

*(Киноаңгеме)*

* * *

Үрөң-баранда Бишкектин дал ортосундагы тогуз кабат тамдын чатырынан коколой короз кукулуктап, ыйынып-ыкчынып чакырат. Зоордо зуулдап баратканбы, зуулдап келатканбы троллейбустун добушу жымжырттыкка төнгөндөй.

Чыкыя жасанган, атап айтканда, кара костюм, ак көйнөк, ырандаш ылганган жагоо-галстук, жылтырата шоткеленген туфли, шляпасы колунда, сумкеси каруусунда, көз айнекчен, шыңга бойлуу, буурул чач киши кыйчылдап секиндеп, каалгасы шарак-шурак ачылып-бекилген лифтке кирип, дароо ылдыйлап, босогодо күткөн таксинин эшигин тартат.

Эгиздеги балкондордун биринен халатчан аялдын эңилип кыйкырганы:

– Эчтемеңди унутпадыңбы?

Эркек төбөсүн тиктебей, угулар-угулмаксан не текебер, не кайдыгер күңкүлдөгөнчө жумшак отургучка чөктү:

– Унутсам кайра келем.

Иномарка-четмарка зыпылдаган, катар-катар сөөлөттүү имараттарга – банктарга, офистерге, дүкөндөргө, андан сырткары, жаркырак жарнама көрнөк-жарнактарга жыкжыйма чоң көчөдө кыймыл аз. Анда-мында сары чыптамачан шыпыргычтар коңур күздүн саргылт, кызгылт бариктерин бырыксытып үйгөнгө алек.

Шляпачан, сумкесин ийинине арткандан жазбаган алиги киши аэропорттон белетин каттатып, каттоодогу мурутчан тазды ээк кагып, салкын алкагансыйт. Трапка элпек аяк шилтеп, арийне, бир аз аялдай, артка кылчаят. За-

матта бешенеси тырышат, жаак булчуңдары түйүлөт. Өңүндө мусапырдын түпөйүл сабыркоосу.

Мотору кызыган учак учуу тилкесинде Чыгышты көздөй күүлөнүп, тээ теребелде алоолонгон жаңы күндү челчүдөй күдүрөңдөдү да, чымылдаган дөңгөлөктөрүн даңгырдан үзүп, бооруна этиет кысты. Учактын салонунда куюлган ыр ушунчалык укулуктуу, французча: «Вояж», «вояж» – дейт, ал ыргакка ылайык мемирегендей карегин жумуп, «Сапар», «сапар» – деп, кыргызчалап кайталайт.

Аныбыз күмүш канатка улай береги калыбында микроавтобуста зымырады. Зымырай деле бермек. Некин, кокус чукуранып, шүдүгөрдү аралаган кан жолдун өйүз-бүйүзүнө жалт-жалт багып, биресе апкаарып-сүрдөгөндөй, биресе сүйүнүп-сүрдүккөндөй таризденет. Ана, чыкчырылган калпактуу, чырымы кыркта айдоочу, анын ыптасында – өспүрүм, андан бери – ала допучан, себет-түйүнчөктүү зайыптар, абышка-небере. Айдоочудан бөлөгү үргүлөп, саратанда, сайдын алабында чымындаган жылкылардай илелейт.

– Аке, Аралга дейре дагын үч чакырым аралык, – деди шоопур күзгүдөн жүргүнчүнүн алаңдаганын баамдап.

– Иним, мага ушерден...

– Ээн, эрме чөлдөнбү, аке?

– Токтот! – Мейман кескин обдулду.

– Мейлиңиз, ыктыярыңыз...

Тормус аргасыз шашылыш тебилгенден улам куркут өйдө-төмөн олдоксон өпөңдөп, жапыс машиненин шыбын «тарс» сүзөт:

– Айбан!..

* * *

Ал байтүп талдын көлөкөсүндө кыңкая өбөктөп, кураган чөптүн сабагын тиштегилеп, буерди илгери-илгери алгачкы жана акыркы ирет көргөнүн эсеп-чоттоодо. Университеттин студенттери Фрунзеден Ош облусуна пахта теримине жардамга жөнөтүлгөн. Гудок чалып, ыш бүркүп дүкүлдөгөн поезд кыялынан чубурду. Вагондо купайкечен, комсомолдук значок тагынган он чакты улан-кыз гитаранын коштоосунда обон безейт:

*Кыргыз-ы-стан жаштары сактап намысын,*
*Сап-сап тизилип, чыгат майданга...*

Санаасын чөнтөгүндөгү соткенин чырылдаганы бузду. Аппаратты кулагына ыргылжың такайт:

– Эмне?.. «Пахтакер» мейманканасына орноштум.

– «Пахтакер»? Опур-топурдан оолакпы? Ашканасы түзүк бекен? – деп сурамжылады ден соолугунан күмөнсүнгөндөн тумчуланып, чулганган жубайы Бишкектеги квартирасынан.

Эркек жамбаштаган тейден козголбой, булуттар жайбаракат каалгыган чексиз боштукка аңыраят.

Кайрадан Бишкек:

– Оштуктар «алың-алың» деселе эрип, эдирендебе, диабетик байкушум. Баягындай...

Анын жини кашайып, безге сайгандай титиреп, соткесин ыргытат. «Алё», «алё» деп чебелектеген үн кыйлада тынат.

Сөгүнүп, кагынып, витамин чайнап, арык жээктей, бедезардын шагында эрбеңдеди. Куяш уясына жуук. Демек, аркы-теркини эскерип, итабар күймөлгөн белем. Кежигесинен тери чыпылдап, тамагы батташат. Арада мүдүрүлүп чалынып, очорулуп оңколобоспу. Үркөн чымчыктар «дуу» абалап, Саманчынын жолундай чачырады.

Оропарада жоолугун чекесине орой байлап, этек-фартугуна ак була жыйнаган жайдары бийкечтин мунайым күлүмсүрөгөн элеси нурданат. Берки чала-чарпыт чаңга оонаган кебете-кешпиринен оңтойсузданып, опкоолжуган жүрөгүн мыкчып, ырсаят:

– Арзыганым...

* * *

Жолоочу сумкесин араң сүйрөп, кышылдап, жанатан көздөгөн темгил ала күркөнүн каңтарылган тунике жапкычына сүйөндү:

– Арбаңыздар, суусундук сатылабы?

Алик ордуна күркөдө бирдеме кылдырттап, ага ичкериден иси-газы көбүктөгөн бөтөлкө сунулду. Ал аптыга шимирди. Чакап, ыкшып жөтөлүп бүтпөй, тике мандайынан тикпеген жерден көгөргөн жыйырма беш-отуздар ча-

масындагы чырайлуу жубанды байкайт. Жанында мулук куйругун шыйпандаткан кандеги. Көз карашы кылгырып, сынагандай. Жакалуу кофта, этине жабышкан лосина шым, шымдын багалеги кызыл ашыктан жогору түрүлүү, күнүмдүккө сүйрөчү тапичке. Кыскасы, анчейин кырдаал, кадыресе тиричилик. Апти туурулуп, эриндери жарылбаса – шаардык сатуучулардан айырмаланбачудай.

– Көктөн түштүңүзбү, агай? Келин сөөмөйүн асманга чычайтып, сол колун бөйрөгүнө таяп, собол таштады.

– Тамашакөйсүз го?.. Мейманканаңар кайсы тушта?

– Көктөн түшкөнүңүз чын окшобойбу!?

– Конокторуңар кантет анан?

– Төлөсө, койнубузга алып жатабыз.

– Ко-ош, кана, баштаңыз...

Келин тапичкесин тарпылдатып, май көчүгүн чайпап астыга басты. Ити буларды илгиртпей ээрчиди.

– Жыйырма биринчи кылымда өзүңүздү кандай сезүүдөсүз, агай?

– Аман-соо илешкенибизге кубанганыбыз болбосо, жыйырманчы кылымдан үлгүрсүн!

Аңгыча күңүрт каананын жарыгы күйгүзүлдү:

– Апамдын жайы. Жийиркенбеңиз, шейшептерин алмаштырам. Кухня – кире бериште, ажатканабыз – сыртта. Жуунсаңыз мончо жагам...

Кожейке мейманкананын кызматчысынан бетер тыкылдайт.

– Ыракмат... ыракмат... Апаңыз?

«Апам кеселканада, катуу» дегиче эски шейшепти тоголоктоду.

– Кечириңиз... Шляпасын илип, галстугунун чиесин жандырат.

– Өх-х, Түштүктүн аптабынын табы кыш чилдеде басандайбы?!

– Жети жыл ноокастады.

– Ким?

– Апам.

– Аа-а...

– Жети жыл өзү да кыйналды, жамагатын да кыйнады. Доктурдан – доктурга, табыптан – табыпка. Дөөлөтүбүздү сакайтууга сарыптадык. Натыйжасы – нөл.

«Саймедиреген садагаң» – деп тымызын элжиреди келгин, баласындай эменин төшөнчү белендеөдөгү илбериңки аракетине куштарланып.

* * *

Мончодо чырай-оройу келинден кичүүрөөк тармал жигит сүлгү менен сүрүнгөнчө бапылдайт.

– Орток ыкмалардан аяктагы шуркуяларга ыраса иштеттим. Тимелеби, жыргашты!

Келин эмчек тарткычын бүчүлөйт:

– Абайласаң, мени аябасаң да, беш чүрпөнү удаа-удаа жарыкка апкелген колуктуңду аяшың керек. Кесели жукпасын, кесирлердин.

Айдын сүттөй шооласында, тамаркада кош көлөкө чопулдата сорушат. Көңүлдөшү жалжалын аяр имерип, сыга кучактайт.

– Үкөмдүн шагын сындырба, макулбу? Атайын тээ райборбордон, кара терге түшүп салпылдайт эмеспи. Зарыл да, бечарага. «Анвардын досумун» – дейт. Паролду жаттадың, ээ? Үйлөнүү арапасында үйрөтсөң, сообу жалгайт.

Келин жигиттин илебинен илебин буйтатып, бөөштөнө мурчуйганы:

– «Жеңе» деген үйрөнчүктөр ийримин уюштурсамбы? Ичикий, болуптур, жеңил барып, оор кел, жегениңден ала кел?!

Кыйылгансымыш эткен сырдаштын көкүрөгүнөн итерет.

* * *

Ижарачы керебетте суналып, калың китепти жүзүнө жүзаарчыдай жапты. Ошондо ижара ээси:

– Түк-түк, сизге мүмкүн бекен?

Ижарачы калың китепти жүзүнөн аста шыпырса – каршысында келин:

– Эрикпедиңизби?

Уруксат-муруксатсыз эле үстөлдөгү кырдуу ыстакандарга куркурата арак куюп, шектүү назданат.

– Кана эмесе, асиреттешели, агай? Сиздин каалооңуз да ушундай, ыраспы?

Ыстакандан ууртап-таткансып:

– Издегениңизди тапсаңыз, асасызбы же атасызбы?

Эркек бир дарыны көмөкөйүнө күрмөп, булдуруктайт:

– Өтүнөм, шылдыңдабаңыз?

Кастюму желбегей, негедир терезеге үңкүйүп үңүлгөн улгайыңкы инсан тайпак отургучта жоон санын жоон санга учкаштырып, тамекини бурулдаткан жубанга бурулбай, баянын көтөрүңкү корутундулайт:

– Мен, ошентип, айылыңардан мээ быткылындагы мөлмөлүмө көздөшөм, жаштыгыма саламдашам.

– Аты... аты жадыңыздабы?

Ал кабалтең кайрылып, жайдарыланып:

– Ира.

– Оруспу? Орустар Аралдан көчүп жоголгон.

– СССР мезгилинде таптатынакай кыргызча, мусулманча ысымыбызды орусчага айбаштырганга сыймыктанчуубуз. – Киши мукурагандай улантат. – Бирок, кемпирди Ира дебейт да?!

– Учурасаңыз таанийсызбы?

– Түспөлдөштүргөнгө үмүттөнөм.

Жубан боорун тытып каткырат:

– Көрдүн түбүнө... акча коротуп... Тун махабат, ууз ашыктыкты жоктоп. Ки-ки... Жашыңыз канчада, агай?

– Асыресе, силердей кырчын чагыбызда пайгамбар курактагы адамдар менен алдагинтип турсийибиз кыска юбкадан булайып, төшүбүз желиндей салаңдап аңгемелешчү эмеспиз. Кымырынып-кымтынуу, ыйман кунунда эле.

Эркек кумсарды, келин чымырабады:

– Чычалабаңыз. Кырк күн мамилелешкен секелекти кырк жыл ыйыктап. Өлөйүн, ынанымсыз. Билесизби, сиз байбичеңизге абдан таарынгансыз же командировкадагы мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, кымгуут борбордогу азезилдей муунткан кыжаалатчылыктан ыраактап, безбелдектей безгенсиз.

– Эмне? Жогол, мастен!

– Жоголом, жасалма, жалган дасмияңыз өзүмчүл пейлиңизге буюрсун!

Келин шеригинин калчылдаганын элебейт.

* * *

Ижаранын кожоюну кооз журналды бүктөп, тумбочкадагы шамчыракты өчүрүүгө ынтылды.

– Түк-түк, сизге мүмкүнбү?

Ижаранын кожоюну жуурканга сойлоп, жарым-жартылай жылаңач денесин бекитти. Жанагы шише, чөйчөктөр эми жез табакта кылтырап, ижарачы ирегеде мостоёт:

– Меймандостугуңуз кана? Карыяны капааттап, көкшүнүңүз суугандыр?

Эркек астанадан – төргө, төрдөн – астанага кадамдап, кырынан оодарылган жубанга эңкейип кадалды.

– Сиздин пикириңизче, сүйүү – шилекей агызып жыттaшуу, ыржалактап шалпып, бой кумарын кандыруубу? Түгөнгүр, түпкүрдөгү тунук туйгулардын, азаптануулардын, туу туткан пиринин караанына кагылуулардын аталышы кандайча?

Келин уйкусурагансып кыңылдайт:

– Жакында районубуздун сакалдуу-көкүлдүүлөрү акимге телевизордогу эротика кинолорду тизгиндеңиз деп кайрылыптыр.

– А бали!

Киши түздөнгөнчө белин аткып, умсунду.

Келин кебелбей:

– Несине «бали!»? Экрандан эпадам жумуру толорсук кайып-нетсе, береги аксакалдар ыштанын өлдөйт-булгайт. Тыянак мындайча: Урматтуу ардагерлер болочок муундун келечегине төңкөп, керт башынын чабалдыгын жашырмак.

– Ой-ой, силерди ким төрөткөп?

– Төрөткөн башка, гармония башка, атаке!?

Киши кайымда какап, адеп комузун дыңгыраткан төкмөдөй кайсалады. Жубан серпилип коош, дубалга ныктай жөлонүп алкылдайт:

– Менин кеңкелес эрим ургаачыны пас санап, дердеңдеп, натыйжада, соттошуп, мүлк бөлүшүп ажырашканбыз. Ылжырап күндө мас, коңуругу коркурап, ашаткы сасыйт. Ошто, Сулайман Тоонун жакабелиндеги бир чарбакта эки бүлө ирегелешпиз. Кошунабыз, мурдакы моряк кермекашын түндө же күндүз, айтор, каалаган мөөнөтүндө, жыгач

каалганы илип да илбей, жаап да жаппай, айда кыңшылатат. Күйүттүү жаным керебетти кере кучактап, жаш сыгам. Бир курдай апыл-тапыл башпаксам, моряк катынышып каеринен жалап-жуктап атыптыр, айтайынбы?

Киши дидарына алакан басат:

– Абийирсиз албарсты!

Жубан жаздым жамынган жабуусун сыйрып таштаңдайт:

– Жыйынтыгында тобокелчилер шоу, стриптиздерге тарсылдап катышып, бачым байыды, алачыгын чанып, аксарайда чардады. Мен мектептин жарыбас айлыгын акыя аңдып, томояк баңги сөрөйгө кордолуп, сандалдым.

Ызаланып, бурчта бужүрөгөн маектешин демитет:

– Мага, ургаачыга ышкындай солкулдаган неме керек. – Мынакей, эмчектерим – селкилдеген эмчектерин уйпалайт, мынакей балтырларым – былкылдаган балтырларын сыйпалайт. – Мерлин Монродон кем бекем!?

* * *

Далисте чайнек былдырап, үстүнө жалаңкат бирдеме үйгөн ижара ээси чай демдеди. Ижарачы дасторкон четинде таңдайына таблетка татытып, кабагы бүркөө.

– Агай, секс ааламды шексиз каптайт. – Жубан жайланышып, пияла арчыды. – Ойношум, маселен, Орусиядан товар тартат. Шумдук дейт. Жолду ката сойкулар. Европа, Жапония төшөктүн амиринде. Кытайда да, Индостанда да, жада калса, Иранда да абал кескип курчуйт. Паранжылар, пардалар жыртылат.

Анда киши:

– Ушул туурабы?

Анда келин:

– Туура эмей. Жыйырма биринчи кылым интернеттин, маалыматтын кылымы деп дөөрүшүүдө. Чынында жыйырма биринчи кылым – секстин кылымы. Адамзатты абстрактуу идеология, бүгүн – пул, эртең – күл экономика бириктирбей, глобалдуу масштабдагы жуурулушуу бириктирет- аргындаштырат, кыйсыпыр кыйроодон сөзсүз арачалайт.

Анда киши:

– Залкар зыялынын «дүйнөнүн түркүгү – сулуулук» дегеничи?

Анда келин:

– Зыялыларыңыз сымаптай мөлтүлдөгөн туруксуз журт. Анан калса, лесбианствонун анасы – байыркы акын Сапфо, гомосексуализмдин жотосу – эзелки философ Сократтыгын танбастырсыз, ботом?!

Эркек жаагын жанган жубанды тыңдап-тыңдабай, мелтиреп мелтейди. Чулу бүтүмдөр карыштай чендеп эмес, кандайдыр түпкүрдөн жаңыргансыйт:

– СПИДдин дабасы рактын дабасынан эрте аныкталат... Нобель сыйлыгы физиктерге, лириктерге салыштырмалуу жыныстык катнашты коопсуздаштыруу, коркунучсуздаштыруу, стимулдаштыруу жаатында эмгектенген адистерге арбын ыйгарылат... Аңги менен сойкунун бедели артист менен футболчунун беделинен ашса ашат, асти кемибейт...

Тышта жылдыз тарагыча арсылдап үрмөккө астейдил күчүк кобур-собур басылбаганына чыдамсызданып, толгон Айдагы күрөң-кара темгилди эмеле байкагандай теше багып, сокудай соксойду.

* * *

Киши таза абада майкечен магдырап, көз айнегин бейкапар сүртүнүп, оңдоп тартынганда атыр-упаланып, таранып-түзөнгөн камылгалуу келин жайкалып жадырайт:

– Агай, түшүңүздө түйшөлтүп, мээңизди чакпадымбы?

– Жогуңуз. Сергек ойгондум. Арийне, кечээки таймашта сиз менин талпагымды ташка жайдыңыз.

Жубан бурандап, анткор бүшүркөдү:

– Маселенин терең маанисине шыгын майда-чайда соодага коротуп, мокогон мугалим менен пенсиядагы кызматкердин акылы чендебес. Антсе да селдей каптаган көрүнүштү кенебестен кадемибиз катабы дегенчелик тынчсызданам.

– Дегеле замандын кебетеси курусун. – Киши келинди коомай колтуктап, дарбаза көздөй адымдайт:

– Кайда шайландыңыз?

– Тойго. Расмий – түшүм тою, бейрасмий акимдин Айганышынын туулган күнү. Кырк кез пахтадан төшөк, кырк койдун чучугунан палоо. Кыскасы, демократиянын Шырдакбеги... Айтмакчы, амалдуу аңчыга – ажалдуу кийик. Мархамат! Ниетиңиздин калыстыгын, пай-пай, куп учурга үлгүрдүңүз.

* * *

Жапыс адырларга курчалган коктуда улуттук оюндар – оодарыш, жорго салыш, кунан чабыш, тыйын эңмей кызыды. Кыргыздын маарakесинде Камбар Ата тукумуна жабыр. Күйөрмандар күүлдөп, бака-шака. Музыка шаңкылдайт.

– Ай, агай.., – келин кыткылыктаган курбуларынан окчундап, апайда кыйгачтай өңкүлдөп чуркады. – Агай... Агай, эсөөрүп селкилерге телмирбей, теңиңизге тезирээк жолукпайсызбы?

– Эскертүүңүз жөндүү. – Эркек ырсайды. – Ий-е, аздектеген айымымды мекчейген кары-картаңдардын тобуна кантип кыям?

Ижарачы менен ижара ээси өзөндөгү өрдөктөрдөй додонун шарында бирде чумкуп, бирде калкыганы. Жубан эркекке күрүч сугунтту. Тиги-бу мелдештерге алаксышты. Киши күрөштөн уткан балбандын соорун коруна – чаканы ортомчулар көпчүлүктү кыдырата тегеретет – биртке сом ырымдады. «Кайсы бактын гүлүсүң?» – дешти котологондор, айрымдары «марттыгыңа баракелде!» деп кошумчалап, далысынан таптaшты.

– Кумурскадай аламан, – деди киши.

– Догдурларыбыз жүз пайыз шапар тээп, шаан-шөөкөттө, апам ооруканада жапжалгыз, – деди келин алайып.

...Торпок улакты шыйрактан бурдаган азамат ээрден жылбышты. Жаалданган көкбөрүчүлөр туяктан жазганган жанагы көрпендени аёосуз көмөлөтүп, тебелетчүүдөй камчыланып теминет. Бир паста чылага чыланып, канжалап, такаатсыз теңселди, ырысыңа наалат...

– Фрунзелик жардамчы, кыштагыбыздын мырзайымына жолойсуңбу?

Маймылдай акшыйган, куниктен куник жергилик дөөпөрөс мобул улакчыдай канжалап, теңселген студентти жекирет.

– Жолойм, анткени сүйөм.

Жергилик дөөпөрөстөр жапырт өкүрөт:

– Жолойсуңбу?

– Жолойм, анткени, сүйөм.

Студент миң туякка тебеленгендей тебеленет.

– Ур, чатына ур, эненди... Бычак, бычак, бычабыз...

Бишкектик көкбөрүдөн иренжигендей, баятан шүк отургандан уюган буттарын укалап, олбуй-солбуй илкиди.

* * *

Иңирде келин кишини утурлап тосот. Киши озуна бажактайт:

– Адашып, итиңиздин абалаганынан айрыбадымбы коргонуңузду.

Бөлмөдө чиркелише чимирилип бийлешет.

Эркек:

– Аралды чарк айландым. Таасирлер... таасирлер... Көөдөнүмдө нака майрам! Ишенесизби, дары иче элекмин...

Өпкөсү көөп өрөпкүп, эңги-деңги, жубанды бошотот:

– Архивде, айтса, кесибим – архивчи, чаңдаган кагаз-кугазды кастарлап, кайран өмүрдү барыктабаптырбыз. Мына, жаратылыш, мына, өлбөстүк!

Шаңдангыча сумкесинин сыдырмасын сыдырат:

– Чайканган соң тамагыңыз тартылса, жакшынакай карындаш.

Ижара ээси көңүлкөш.

– Агай, апам бүгүн үзүлөт.

– Ыя?!– Ижарачы мукактанат. – Сиз... Сизге кабарлаштыбы?

– Тажиядан баары кабардар. Тагамдардыкында. Сиздин акшамдагы теңгеңиз анын жашоосун нак бир суткеге узартыптыр. Дарыгерлер үкөлдөп.

Киши жооткотууга өтүмсүз, саамга кынжылып чүнчүп, капыс чочуйт:

– Сиздин кайышпаганыңыз.., кайдыгерлигиңиз таңдантты?

– Ажалды моюндаганым... Дегиңкиси мен – асырандымын. Синдисинин кызымын. Мусулмандын согончогу канабаптыр, агай. Сыркоолуу жети жылынын кийинки үч жылында бешенесинен жылбадым. Үлпүлдөтө бактым, – жаңсагылайт. – Апамдын руху куттуу конушубуздун кыш, шыбактарына сиңген, колдонгон буюм-тайымдары эстеликтей...

Жабандан килейген альбом сууруп, карпа-курпа эркекке карматты:

– Мынабул күлгүн курагындагы көөнө сүрөтүн чоңойттурдум.

Барактарын бат-бат шатыратты:

– Канеле, и-и, мынабул!

...Жоолугун чекесине орой байлап, этек-фартугуна ак була жыйнаган жайдары бийкеч элес кыязында да, сүрөт кыязында да, утур-утур чагылгандай жаркылдайт. Альбом аңтарылат, киши шалдаят...

Боз үйдөгү шаа мүйүз урук-тууган алмак-салмак шыпшынып, чүкөдөй чүңүрөйгөн жарыктык сом темирдей созулгандан созулду. Киши кышылдаганын зорго тыйып, эрк-кайраттан куржалак. – Ира!, – дейт жүткүнүп, – Ира!?

– Кантет, тынч өлтүргүлөчү, кургурду, – шайы селде наарзыланып кыркырады.

– Бу бейтааныш ким? – деп шыбырады теспечен теспечендерге.

– Менин таанышым, – деди келин шыбыраган теспеченге.

– Жогот, чоочунду, – деди шыбыраган теспечен.

...Кошок сыздап сызылат. Чоюн кулак казан асылбаган кемегеде кургак тараша чамынды чатырайт. От боюнда нестейген жыланбаш Мажнун.

...Көрүстөндө маркумга куран багышталды. Киши арабча ибараттын кыраатына ыкластуу муюп, тунжурады. Алакан жайды. Батачылар тараганда мүрзөнүн топурагын уучтап, табышсыз уңулдады:

– Табылбасым!..

Балбылдаган күн батты.

* * *

Америка Кошмо Штаттарындагы террорчулуктун заманбап көрүнүшүнөн көп узабай Жер планетасын парвана көпөлөктөй айланып, сабалаган бардык-бардык спутниктер Торо-Боро тоолорунан Боро-Хоро тоолоруна чейинки Азиялык көчмөндөрдүн албарс кылычындай, түпкүч жаасындай иймекти – дуганы аңтарып-теңтерип, тинтип шимшүүгө шашылыш өткөрүлгөн эле. Эмелеки эби-сынсыз аймактагы ар бир селдечен, ар бир мылтыкчан аша сезгич компьютерлердин мониторунда, демек, тынымсыз көзөмөлдө. Ар кандай мусулмандын сакалы дүйнөлүк коомчулуктун салабаттуу аброюн Усама Бен Ладендин сапсыйган сакалындай сайгылап, аскерий лөктөр кайсы чепти, кайсы жумуриятты бомбалоону, кайсы колотко, кайсы аскар белге куралчан жоокерлерди айдап жеткирип, буктурмалап камалоону тыкан, тыкыр тактоого карыша кадалып, каардуу камынып алек.

Кырды-бычак кыйчалышта Айтматовдун романы боюнча космосто, орбиталык станцияда көркөм фильм тартууга урунган киночулардын чыгармачылык жараяны кан буугандай тыйылып, космонавт-кинорежиссёрлор, космонавт-киноактёрлор, космонавт-кинооператорлор дагын Боро-Хоро тоолору менен Торо-Боро тоолорунун жылгажыбыттарын, тегерек-четин чалгындоого чегерилди. Ош калаасынын түндүк-батышында түн катып, жыланаяк, жыланбаш мүрзө аралай шибеңдеген соткечен шектүүнү, айтса, биринчи болуп ошолор байкаган. Алдагынын тулку-башараты «Аль-Каиданын» шахитине окшобосо деле убактылуу ИКС атыккан космостук кеменин командири, айкалыштырган кызматы – башкы продюсер, милдеттүү көрсөтмөгө жараша, учууну башкаруу борборундагы ИГЕРИКке тигил тентип-тербип, темселеген кеңдиктеги – меридиан-параллелдердеги нокоттой чекитти аныктап, кабарлоого мажбур. Андыктан, ИКС менен ИГЕРИК кыйлага кыйкырышып, кыйкылдашып, алым-сабактын түпкү учун минтип түгөтүштү:

И к с: Игерик, эсиңе түй, Ош...

И г е р и к: Эмне? Кайтала? Буш?

И к с: Эртең менен кулагыңды жуудуң белең, Игерик? Кайсы Буш? Ош дейм. Инсан эмес, шаар. Орто Азия, мурдагы Советтер Союзу.

И г е р и к: Түшүндүм, Буш эмес, Ош, инсан эмес, шаар. Өлөйүн, биринчи мерте эшитишим, англисче үч арип – Osh.

И к с: Жадыңдан чыгарба – Ош! Ош! Ош!.. Байланыш тамам. Кош!..

Үн тарткыч-үн кабылдагыч радарлар, жабдуулар чыйкылдап-чуйкулдап, үналгы, сыналгылар, веб-сайттар чуулдатып, жаңылык соңунан жаңылык жарыялап, машыккан алып баруучулардын тамагы кургап, какшып-чөлдөп, авазы бүтүп, кыркырап, асман боштугунда, аба жыштыгында жамырап сөз жарыш, сөз таймаш.

Агезде ар улуттагы, ар кайсы диндеги жарандар бирине бири өчөшүп, кезенип, негедир суук кепти үстөккө-босток оозанып, чийип-сызып сурданды. Некин, береги тыбыштар оболонгондон оболоду да, белгилүү бир бийиктикте жумшарып, көлкүлдөп, эритмелери жылдыздардай жыбырап, заматта «сүйүү», «махабат» деген айтымдарга айланып, жапакеч мукамда жаңыра берди, жаңыра берди.

* * *

Көгүш оромолчон келин ой-чуңкурду кезип дикилдейт. Назарына узакта, кыйылган дарактын дүмүрүндө өчөйгөн кардары чалдыгат. Кардар эсе көз айнексиз жүлжүйүп, галстуксуз жагжайып, шляпасыз үксүйөт...

Ызгырык шамал сөзүңдү оозуңдан жулат. Үшүгөндү шишиген жетелеп, ийри-муйру оолжуп, калдактап кайыкты.

Келин:

– Сизди бөөдө кырсыктан каласпы деп кабатырланып...

– Түнкүсүн, алтүндө дейм, – киши кастюмуна чүмкөнүп, жыландай ышкырган куюндан калкаланат, – аялыма чалдым. «Кызуусуң го, каердесиң?» – дейт. «Пахтакер» мейманканасында дедим. «Атаңдын чокусу, сволочь. Ошто мейманканалар саналуу. Сабатсыз салпаяктарыңды алда» – деп кызырандайт. Жана чалдым. Кайгы-касыретимди буруу-теруусүз төктүм. «Алжыган оосурак чал, Кудай кар-

гаган ажына. Бөтөн элде жолбун дөбөттөй каңгыган акмак. Архивдин тарыхын изилдебей, жалабыңдын жазмышын иликтедиңби? Сөөгү сөпөт, устуканы упат сүйгөнүңдүн жаназасын окудуңбу? Чала сага, караңгыда, как талаада, чөө-бөрүлөр ичегиңди чубасын» – дейт. Ал не көйдө да, мен не көйдө, уулубузду чет өлкөдөн чакыртып, никедеги убакта амалданып, куулган куулугумду арай-чарай ашкерелөөгө убадалаштык.

Тайтайлагандай тайталактаган бейдарман арызданып бөксөрмөкчү өңдөнөт:

– Түпкүлүгүндө жоругум натура. Оштогу жумушумдун аксаганына ачынбайм. Ачынганым, балам, идеалымды көмдүм. Идеалсыз тирүүлүгүм тыйынга арзыйбы? Өгүнү маарекеде самаганыма тикелей жолугуудан калтаарып коркком. Жолукпаганыма купуя кудуңдаганмын.

Өңгүл-дөңгүл чыйыр арбыбайт. Өнтөлөгөн өксүк солуктап, жүрүшү солгундап, жүдөтөт. Арыганда таштакка өскөн бадалдын коңулуна «кокуйлап» бөгүштү.

– Кырк беш жылда Аралдын бейити кеңейгенден кеңейип, андагы онунчу класстын окуучусу – апаң экөөбүз биринчи таанышкан дөбөнү – шыйпаңдуу кырманды ээлептир. – Киши сыз кыртышка чыканактады. – Мелмилдеген пахтазар, шаңкайган мейкиндик, шакардай мээнет. Керемет доор кечиргенбиз, атаганат!

– Азыр ар ким каалаган өсүмдүгүн айдайт, – деди келин кайдыгер.

Баарлашкандан тажагандай сүкүт салышты.

– Мектепти бүтүрбөй кудалап, буркурап турмушка узадым деген кат тийгенде түркөй элетти алеки саатта чөгөлөтүп, чириген үрп-адаттын көшөгөсүн быт-чыт тытып, жашылданып жалдыраган апаңды орто кылымдын зынданынан суурубадым.

Бир окумда эркек эмшеңдеп эзилди:

– Арманым опол тоодой, тузсуз көлдөй. Таалай-мөөрөйүм тайкы. Жароокеримдин бөйрөктөрү албырган ширелүү алмадай бетинен кур дегенде бир өпсөмчү?!

Киши өжөк-өжөк зил кусту. Келин анын шылкылдаган келдесин жөлөгөнчө кайдан-жайдан туктамал кабылып, бута атымдай буйдалган шуштугуй кепкачан мадырабашка суроолуу тигилет. Тигил ыңгайсыздана мылжыйды:

– Анвардын досумун.

Жубан кекээрдүү жымыйды:

– Бороондуу күндө бок кычайт.

Чүйрүндөп, жарадар аюудай чабалактаган кишиге көмөктөшүп, тургузууга майнапсыз далалаттанды:

– Чыдаңыз, аз-маз чыдаңыз?

Куткаруучунун шапалактай желеги сымал желбиреп, алыстагандан алыстаган сөлөкөт жоо кууганда, өрт тутанганда аңылдагандай ажаан айкырыкты алай-дүлөйдө тыңдап-тыңдабайт:

– Үйй!.. Эй.., Анвардын досу!!!

* * *

Телефондун трубкасын уучтап, картаны калемдеп чиймелеген түйтөк аял Бишкектен:

– Ашыкпаңыз, Ош, Арал Оштун кайсы жагында?

Соткеден жооптошкон келин манжаларына кыпчылган чылымынын күлүн күл төккүчкө күбүп, ыңгыранат:

– Ооруканабы, шарты дурус. Ооба, апам ошол ооруканадан...

Бишкек:

– Шорпо-шилең кийиргенге жарабайсызбы? Акыңызды төлөйм, барганда.

Арал:

– Жүгү үргүлжү меникинде. Сизге агайдын соткесинен коңгуроо шыңгыраттым. Суранган.

Бишкек:

– Көрүшкөнчө!

Жубан шапа-шупа колготкасын шыпырат:

– Кеңкелес! Арал деңизде имиш да, ага кайык, кеме каттайт имиш... Ий-е, Түндүк Муз мухити Чатыр-Көл, Соң-Көл, Ысык-Көл да, сендей дөдөйгө!

Кудураганча телевизорду койду, онду-солду бурады, сиркеси суу көтөрбөй силкилдеп, өчүрүп таштады:

– Энди? «Энди» деген да ат болорбу? Бүт каналда ушу. Өлмөктөн доңуз коппойсуңбу ары, оторчунун арам сийдиги...

* * *

«Ардагым, автожоопбергичтеги дирилдеген доошумду Балкандан кайткандан соң угаарсың...

Манхэттендеги эгиз небоскрёбдордун биринин элүү тогузунчу кабатында энтиге жүгүрүп, күйүгөм. Бомба жарылды, же имаратка багытынан адашкан самолёт урунду. Туш-тушум өрт, лифт кыймылсыз. Эл опур-топур, тереzeден ылдый салаңдап, чуркурап жатышат, төмөндөгүлөрдөн жардам өтүнүп, жалбарып жатышат. Менимче, аман кутулуунун амалы жок. Баары бир өлөбүз...

Биякка университеттеш жөөт курбума никелешүү ырасмибиздин арапасында таклип кагаз жеткирмекке, биротоло аркы-берки камылганы чогуу тактамакка бурулгам. Аным камсыздандыруу мекемесинде жетекчи. Айтсам керек эле. Жумушка саал кечигип атыптыр. Күтүп отургам...

Ажалым чукул тура?.. Аттиң, ушинтип ыш менен күл жутуп, какап-чакап өлөмбү?.. Менин үнүм сага эртең акыреттен жаңыргандай жаңыраар. Эми махабат – мамилебиз чын дүйнө менен жалган дүйнөнү асма көпүрөдөй жалгаштыраар...

Кантсе да, кымбатым, өзүңө миң мертебе ыраазымын. Нью-Йорктогу миллион аялдын арасынан өзүмдү тандап сүйгөнүңө ыраазымын... Жадыраган жоомарт пейилиңе ыракмат, жайды-жайлата сатып берген балмуздактарыңа ыракмат!.. Тагдыр бириктиргенибизди жактырып, тоюбузга Сан-Францискодон топурап келаткан, некин, али тикелей таанышууга, бетме-бет кездешүүгө үлгүрбөгөн ата-энеңе салам де?!

Баса, ресторандан баш тартпа, ижара пулу жарым-жартылай которулган, меймандар негизинен чакырылган, үйлөнүү үлпөтүнүн ордуна Эндиңдин эскерүү кечесин уюштур. Дос-душмандын кашында ашепке кайыппа. Өксөбө, өксүк атка конуп, болочогуңа балта чаппа... Бактылуу болгойсуң, Сан-Францисколук мырзам!

...Сан-Францисколук мырзам, сырым ичимде катылып, буюкпасын: Кошкатмын. Күмөнүм анык. Кудайым эсен койсо, экс-еврокоммунисттерге жеке менчик эрежелерин үйрөтүп кайрылганыңда, тойдон кийин, эзилишкен ээн түндө салтанаттуу сүйүнчүлөөгө эметип жүргөм. Кичине-

кей бүртүкчөң экөөбүз сени кыяматта унутпайбыз... Сен да бизди, эрке талтаң Эндинди жана жатынымдагы уругуңду унутпа, макулбу?..

Апа, апакебай! Чачыма, көйнөгүмө өрт жабышты. Түшүнбөйм, не тозокко кабылганыма түшүнбөйм... Күйүп баратам... Куйкаланып баратам... Курсагымдагы түйүлдүк туйлайт, тоба, ыңаалайт... Ыйлаба, шордуум?.. Ырысым, ыйлаба?.. Эң акыркы эркимди жыйып, о мурдагыдай, Эркиндик статуясынын майданчасында антташкандай, ай лав ю деймин, алтыным!.. Башка сөздүн кереги ташка... *Ай лав ю... Ай лав ю...*»

* * *

Анвардын досун керилип-чоюлган келин азилдешип кытыгылады:

– *Асманда торгой чулдурайт,*
*Таң атып калган шекилдүү?*

Анвардын досу саймалуу балышын оңдойт:

– *Асманда торгой сайраса,*
*Кыргыйга барып жем болсун.*
*Таң атмактан күн чыксын,*
*Тар төшөктө,*
*Тартышып атып, жан чыксын!*

Азаматсың жамакчым! Жубан туурагандай жаздыгын оңдоду:

– *Сопу акем азан чакырат,*
*Таң атып калган шекилдүү!*

Анвардын досунун мурдун балта кеспейт:

– *Сопу акем азан чакырса,*
*Тиш оору дартка чалдыксын!*
*Таң атмактан, күн чыксын,*
*Тар төшөктө,*
*Тартышып атып, жан чыксын!*

Келиндин бомбаркыт көрпөнүн ичиндеги билеги ток жүгүртүлгөн болот казыкка урунгандай жыйрылат:

– Килеңдеген чомсуз эш-шек десе...

Талыкшый ныксыраган короочу сереңдеп, ириде, «кайылаган кимибиз» дегендей атарапты шимшиледи. Нетиремишке борсулдады.

Чалкалаган жубан сакадай салмактуу көсөл каңкуулаган буйрутманы бажарууга эпилдеп-жепилдеди, жепилдеп эпилдеди. Тизелеген үкөсү көмкөрүлгөн эжекесине шуштугуй кепкасын тескери кептеди. Келиндин жонунан кайыш тилгендей онтогону бара-бара акышка, ыйламсырай жалынууга оогону:

– Жарадың... жарадың...

Тамдын дубалы урагыдай дүңкүлдөп, утуру «така-так», «шака-шак», төөчө жупташуунун мазесиндеги эки бакыр, бир тукур жан алып, жан берип, алеп-жалеп...

Баягыбыз түк өзгөрбөй баягыдай, кудум атамзаманалмустактагыдай.

*2002-ж.*

## КЕЛИНДИН СЫРЫ

*(Кат аңгеме)*

### Биринчи кат

Ардактуу ага!

Катымда сиздин талтөөндөй ысымыңызды жарыя атабай, ушинетип каймана кайрылууга уруксат эткейсиз. Анткенимдин кош жүйөөсү бар: биринчиден, кагазга чийилген саламым кимдир-бирөөнүн, өзгөчө, өмүрлүк жарыңыздын назарына непадам түшүп-нетсе, бөөдө шагыңыз сынып жүрбөсүн. Экинчиден, ушул ариптерге кандайдыр бир сыйкыр күч сыйдырылгансыйт. Сиз мага аке да, байке да, агай да, ава да эмессиз. Агамсыз. «Агага» бүкүлү урматым, балким, мүлдө мухабатым байланыштуу. Окуп, кадимкиңиздей мыйыгыңыздан жылмайбаңыз?! Мүмкүн, мен кыялга ашепке азгырылган шордуу пенде чыгаармын.

Чынында А.Г.А. – сиздин атыңыздын, атаңыздын атынын, фамилияңыздын баш тамгалары. Же лакап төркүнү эбак жадыңыздан көтөрүлүп, айчырайым карегиңизден билиги күйүп түгөнгөн түнкү шамдай бүлбүлдөп өчтү бекен?

Биздин убакта улуу кишиге, бөтөнчө, комсомолдук, партиялык, советтик кызматтагы кишиге «Баланча Түкүнчөевич» деп кайрылуу айныксыз адат эле го. Бирок, жалгыз мен гана сизди, комсомолдун райондук комитетинин ары катаал, ары сүрдүү катчысын «ага» дээр элем. Ченебегендей эрке элем. Ал жарыктык Ленин ата заманында кетирекей элеттик кызды алаканга салып, асмандаткан өзүңүз...

О, андан бери далай суу акты. Кара көмүр чачыңыз текши агарып, тирукмуш суюлуп, ирецициз керсары. Сизди көрүп, карыганыма ынандым, ага. Некин, чуркап ба-

рып, мойнуңузга асылууга, бышактап ыйлап, сагынычымды таратууга, а түгүл, кол булгалап чакырууга даабадым. Батынбадым. Таш боор мезгил экөөбүздүн ортобузга «Улуу Кытай сепилин» орноткондо окшоду. Светафордун кызыл жарыгына аялдаган таксинин айнегинен негедир кайдыгер багып, селейгеним: Жол четинде сүттөй аппак «Мерседеске» сүйөнүп, мобилдик телефон аркылуу орусчалап ардеме-бирдеме сүйлөгөн сизсиз да, сиз эмессиз. Эки саржан жердесиз, жаак булчундарыңыздын утуру жыйрылып, утуру жазылганы көзүмө даана урунду.

Айчүрөк, соодадагы шеригим, сизди кайдан-жайдан байкай коюп, бакырып жибербесе, Кудай акы, мындай таанибайт болчумун. Не көчөдөн, не базардан карпа-курпа кезиксек деле беймарал кыйгач өтмөк экенмин.

– Мага сегизинчи классымда комсомолдук белет тапшырган агай, – дейт Айчүрөк сизди жан-алы калбай мактап. – Кантип билбейсиз, районубуздун мыкты кулундарынын бири.

Ий-е, Айчүрөк менен өйүз-бүйүз жердешпиз. Он бир айга аяк басты, алып-сатуу ишинде чогуубуз. Арамыбыз да, адалыбыз да бирге дегендей. Андыктан, маалкатпай, сыпайы сырын жашырбайт кылдым. Сыймыктуу агайыңа абдан маанилүү кеп жеткирмекмин дедим. Айчүрөк талаадан дарбыз ташыган инисине шыбырады. Анысы сиздин жээндериңизге жоро, кезинде шаар четиндеги тамыңыздын курулушуна анча-мынча каралашыптыр, дарегиңиз даана эсинде окшобойбу. «Эгер ошол үйүндө болсо, анда аманатыңызды колуна эптеп тапшырам» дегенчелик уулбалалык убадасын бекитти. Ошентип, кабарымды токтотпой токудум, шашылып этегин чолок кайрыдым. Бултирүүмүн, алиге жер үстүндө жашайм деген туюнтмам, ага. Кийинкиси – кийин, буюрса, иретине ылайык...

Сиз уга элек жаңылыгым көөдөнүмдү тээп, көкүрөгүмдү ысытат. Эшитсеңиз, сүйүнөөрүңүздү, же тескерисинче, чок баскандай чочууруңузду алдын ала боолголой албайм. Арийне, эртедир-кечтир кабарлоом керек, тек мойнумдагы парздан кутулуум абзел. Аңгыча катымдын сизге адашпай тийгенине, арабызда бекем байланыш түзүлгөнүнө ынанууга тийишмин.

Шүгүр, миң мертебе шүгүр, сизди баякыдай Москвада, андан ары Европа, Америкаларында дедим эле. Бишкекте турбайсызбы, жанымда турбайсызбы. Шүгүр, миң мертебе шүгүр. Эмесе, менден эмки катты күтүңүз, ага?

*Карындашыңыз.*
*Теке айынын беши (ишемби), 2003-жыл.*

## Экинчи кат

Саламатсызбы, ага!

Адегенде, салт боюнча, жайбаракат амандашып алганга кандайсыз? Итиңиз чөп жеп, ишиңиз илгерилеп атабы? Бала-бакыраңыз эсенби?

Өткөндө сизди капыс учуратканга ушунчалык өрөпкүгөн экем, алгачкы катымда саламдашууну тарс унутуп, он жети жыл жүрөк түпкүрүндө купуя бекиткен жаңылыгымды жардаганга ашыгыптырмын. Он жети жыл оңойбу, ага!?

Баса, алиги каттын сизге сөзсүз жетиши даркүмөн. Айчүрөктүн иниси заңгыраган көк дарбазаңызды акмалап, кыйла күттүм дейт. Жан киши кадам аттабаптыр. Акшамда чырак күйбөптүр. Ичкериден анда-санда овчарка арсылдап үрдү дейби? Байкуш бала аргасы куруганда конвертти эшиктин туткасына жуук кыстарып, шылкыйган тейден артка тарткан белем.

Кечээ анын ой-боюна койбой, сиз жөнүндө терип-тепчип сурадык. Үч жыл мурда үстүңүздөгү үйдү жуп бүткөрүп, кириптирсиз. Жээндериңиздин айтымында, Кыргызстандын Индостандагы соода өкүлдөрүнүн бири экенсиз. Чет өлкөнүн далайын кыдырган шекилденесиз.

Айчүрөктүн инисинин жалгыз маалыматы гана кооптонтту. Зайыбыңыз не орус, не орусташкан татар деп бекемдейт: – Катты калбаат калтырганым ошондон, аялы баары бир кыргызча түшүнбөйт да.

Катыгүн, төшөк жаңырткандан соосузбу? Баякыда, ээжаасыз жаркылдаган жайдары мүнөз, жакшына жарыңыздан, көчөттөй жарыша көгөргөн алмончоктой перзенттериңизден айыптуудай айбыкчуу элем, корунчу элем. Азыр деле ошол кыябымдан жазбадым. Бүлөөңүзгө күнөөлүү

эмей эмнемин, анан? Чын-чынында сөөк өчтү душманмын, ага...

Телегейи тегиз, боору бүтүн ким бар? Машаякпы? Пайгамбарбы? Анүстүнө илгерки оңдоп-түзөлбөйт, илгеркиге салабат. Кыркка чукул курагымда башымдан оңду-солду, ысык-суук турмуш кечирдим. Кагылдым, согулдум. Акыбетинде кийинки өмүрүмдү абийирдүү асыроону чечтим. Былтыр бакыт издеп Бишкекке келгем. Ушу тапта анымдын алтын боосун тапкансып, кудундап жүрөм. Эмкисин бир аз-бир аз көмөктөшмөгүңүз ылаазымдыр. Качан, кантип, кандайчалыгын нөөмөтүндө айтам го. Жакын ортодо сизге угузууга ак эткенден так эткен кабарым, ылайым, шылкыйган маанайыңызды көтөрсө экен! Себеби, сары убайым чеккендейсиз, санаага баткандайсыз. Же мага жаңылыштан ошондой туюлдубу? Көзүмдү ачсам-жумсам, ак көйнөгүңүздүн чолок жеңи саратандагы боз чымчыктын канатынын желпүүсүндөй желге желбиреп да, желбиребей, жүзүңүз керсары, бүркүт кабагыңыз салыңкы, тиштене сүйлөгөн сүрөтүңүз дамамат карачыгыма тартылат. Сизди көргөнүбүзгө багыштап, айтмакчы, дароо жыт чыгардык – жети нан садага бышырдык. Айчүрөк буерде «тогуз токоч баабедин» аташат деп түшүндүрдү. Жок, биз алыстагы айылыбыздын ырасмисин кармандык.

Бир оокумга чейин ата-энеңиздин сот, прокурор кызматтарында Түндүк-Түштүктү түрө кыдырып эмгектенгенин, сиздин ар кайсы алдыңкы мектептерден билим алганыңызды, айыл чарба институтун кызыл диплом менен аяктаганыңызды кошо кобурап, баарлашууну узарттым. Айчүрөк инсандыгыңызга тамшанып, бежиреген сайын тымызын барбайып, денем жибип, бетим албырды. Мендей бечарага артыкбаш собол-сопкутсуз жардамдашууга беленденген элпек бир туугандарга шек билгизбей, дасторкон четинде шүк отурууга тырышканымды сурабаңыз?!

*Бетмаңдай жолукканча кайыр – деп, карындашыңыз.*

***Теке айынын жетиси (дүйшөмбү) 2003-жыл.***

**P.S.** *Дарегим Айчүрөктүн инисинде. Жаттаганга да жеңил. Тартынбаңыз, ал ишенчиликтүү жигит, кызматыңызга даяр, ачык сүйлөшө бериңиз?*

## Үчүнчү кат

Кадырлуу ага, бу саам сиз менен чатакташат окшойм. Чабарман инибизди неге тилдейсиз? «Кайсы карындаш?», «шантаж», «экинчи келбе» деп опурулду дейт. Болду катыңызды ташыбайм дегенсип, ыраса ызаланып, караргандан түнөрөт бөбөгүбүз. Ал биздин өйдөдө өбөгүбүз, ылдыйда жөлөгүбүз. Сустайган бойдон дүң базарга, андан ары дыйкандарга, талаага кетти. Сеткабызга – короолонгон соода жайыбызга жаңы коон-дарбыз, жашылча-жемиш апкелет. Күн ысыган сайынбы, булардын өтүшү жакшы, Куда каалаcа.

Тике айтып коёюн, аракетимде «шантаж-мантаж» жок. Сизге деген тилегим башаттай таза, агатай. Кабарым акжолтой. Бетме-бет кездешүүгө чыгынбасаңыз, анда «чү» дегенде болжогонумдай, күчүмдү кагаздан чыгарууга мажбурмун.

Жөнөткөн каттарымды жөнеле бирдемедей кабылдабаңыз. Менин тагдырым ошолордо. Дарбазаңызга аргасыз кыстарылган алгачкы салам кат өгүнкү өткүндө калып, сыясы жайылып, эзилип булганабы дегенчелик тынчсыздандым, овчаркаңыз ырылдап, өйдө-ылдый сүйрөп тытмалайбы, тентек мадырабаштар батперек жасап ойнойбу же жөнтөк жолоочу чөнтөгүнө кымырабы дегендей кабатырландым. Кариет, окуптурсуз, окуптурсуз...

Бүгүн кыжы-кыйма базардан жымшык көз акынды учуратканымды жакшылыкка жоруганым. Лекин, ошонуңузга көөнүм толбойт, ага. Бейжай. Базарлык тандап-тандабай, Айчүрөккө тийишти: – Көкүрөгүңүздөгү эки анделекти канча сомдон сатасыз, чоң кыз?

Айчүрөк сиңдим дегинкисин ак маралдай керилген келишимдүү эме. «Жайкалып басып келгениң, жайкы таң супа салгандай» деген авандагы гөзөлдөн асти кем эмес. Кээде өтө-мөтө шайырдыгын жактырбайм. Эркектин касиеттүү – касиетсизин ылгабай, эрөөн-төрөөнсүз ырсактаганы курусун!

Анда Айчүрөк: – Анделекке алымсынбасаңыз, пулуңузду камдап, эки дарбыздуу жагымдан баалаңыз, кардарым?

Бетимдин беш териси, жымшык көз акын, Айчүрөк издешпей гана табышты. Тигилердин шилекей чубурта шалпыганын тек дитиң түтүп, угуу кыйын-ов!

Эсимде, миң тогуз жүз сексен үчүнчү жылдын кеч күзү, торпок асыраган комплексте комсомолдук-жаштар бригадасынын мүчөлөрү тегиз катышкан кече уюштурулду. Мобул ата сакалы ээгине бүткөн жымшык көз акындын кермурут чагы. Сиз аны «кыргыздын Евтушенкосу», санаалаш жолдошум, Фрунзеде бул университетте, мен айыл чарба институтунда студенттик доорונду катар сүрдүк деп жарыялап, анүстүнө кайсы бир социалисттик мамлекеттеги фестивалга чогуу барганбыз дегенсиз. Жымшык көз акын күпүлдөп, лирикасын төгүп, биз эсе чечекейибиз чеч, дүркүрөтө кол чаппадык беле. Арасында «экинчи Евтушенконун» комсомол, партия туурасындагы узун-кыска саптары кадыресе каадалуу жаңырган.

Бир сапар, и-и, деңиз, ушунум телевизордо облустук деңгээлдеги жетекчиге арнаган поэмасынан үзүндү урдуруп жатыптыр. Арзымат сындуу арсызга боорум ачыды...

Алиги кече аяктагандан кийин, айтса, чайлашууда кызымтал кайбар бригадабызды оголе жамактап, көкөлөткөнү жадыңыздадыр. Ошонусунун айрым сөздөрү чалабула мээ быткылында жүрү:

*Музоо баккан жаш кыздар,*
*Сүйүүсүнө мас кыздар...*

Алтүндө, коштошор маалда «өлөңчү селки мейманканага барат» деп, мени энтеңдетип машинеге сүйрөгөнүчү, өлүгүңө отурайындын. Сиз кебелбей да коробой, карсылдап күлүп, минткенсиз: «Достум, ушунча сулуу ичинен бир тууган аяш карындашыңды жактырганыңа баракелде?!» Жымшык көздүн оозунан «бысмылдасы» учуп, каракүчкө кайпактады: – Кечир... Эмоция... Поэтикалык натура... Муза...

Ырасында, агезде «бир тууган карындашыңызга» айлана элекмин. Катчы менен торпокчу биринчи мертебе тааныштык. Курдаштар жаалап, өзүңүз өтүнүп сурангаңыздан мейман каадасындагы тар чөйрөдө Жалал-Абадда иштеген акемден үйрөнгөн «секетпай-күйгөнүмдү» кысталып, мукурап-мукактанып, бир кайрыганга араң жарагам:

*Жалал-Абад, Таш-Көмүр,*
*Жалындап согот жаш көңүл.*
*Сүйгөнүм алыс жакта деп,*
*Болбой жүр менден кош көңүл.*

Өмүрдө ташың өргө кулаган учурлар сейрекпи? Өзгөчө жашың жаш, чачың кара, алты саның аман, он эки мүчөң түгөл куракта. Жаштыктын өзү байманалуу байлык турбайбы. «Камаздап» мата тарткандан, кыркалай дүкөн ачыпжапкандан, кабат-кабат кеңселерди башкаргандан миң, түмөн эсе жогору, эч нерсеге алмашкыс дөөлөт экен. Жымшык көз акын күтүүсүз ийилип, манжаларымдан өөп, курбуларым «жашалап» ийди. Эл сүрөсө демиме дем кошулдубу, айтор, экинчи, үчүнчү төрттүктү салыштырмалуу ээнэлкин созуп, үн беземдим, чагымда:

*Жалал-Абад, Бүргөндү,*
*Сагынылым ойноп-күлгөндү.*
*Саамайың сылап, сырдашып,*
*Саябан бакта жүргөндү.*

*Жалал-Абад, Кан-Абад,*
*Жаркырап поезд баратат.*
*Уйкуда болсоң көзүңдү ач,*
*Узабай эми таң атат.*

..................................................

*Уйкуда болсоң көзүңдү ач,*
*Жаш өмүр өтүп баратат.*

...Оргу-баргы акын сөрөйгө тигинтип орунсуз кырдаалда оропара кезигүү кашка булактай тунук сезимдеримди кайрадан жандандырып, кайрадан ойготконуна карабастан, Айчүрөккө катуу тийдим:– Тамашанын да кичине чеги болбойбу, ботом. Атаңдай кишиге ажынадай жабышып, азилдешесиң. Ал «сабиздин кандайын бырчылдата чайнап жегенге куштарсыз?» дегенче мүшөктөгү ирик, тандалма сабиздердин бирин сүрүп, бирин иргеп, жашыл сабагынан кармаганча койкоктото, мурдуңа чукул такап, мылжыйса, «чоң сабизди», «жоон сабизди», «ширин сабизди» деп жалжактаганың эмнең?

Кыскасы, ары барып, бери келдик. Айчүрөк алданемедей тастаңдап, сизге багыттаган каттарыма асылды: Мунумуну, муну гой деле, жубардай периште. Үй-бүлөлүү акесине күн алыс кат чүргөгөнү эсеп эмес. Катыңызда не балекетти кепшегениңизди жон терибизден сезгидей донузбузбу? Же акыл азуусу чыкмак тургай, чиригенден сасы-

ган эркекке тындырбай «аке, жөн жүр, жөн жүр» дегенчелик насаат окуп атасызбы?

Сиз экөөбүздүн арабыздагы мамиле Айчүрөк үчүн караңгы, албетте. Бирок, ыймандай сырымды сиз дагын толук уга элексиз, ага. Болбосом, чөп башылабай, батыраак жеткиргенге, тезирээк кабарлаганга ынтылайын.

Ушу азыр кеселге шылтап, үйдөмүн. Жарыбагыр менен жаакташуу кан басымымды көтөрүп жиберген шекилдүү. Кесим дарбыздан башка нерсе тамагымдан ары өтпөйт. Эң эле жаман делөөрүйм. Денемди майда калтырак басат. Кантейин, учурдагы жаңылыкты жардоо максатында тээ артка, дээрлик балалыкка кылчаям. Бирде кубанам, бирде кубарам, эскермем ичимди эңшерип, ичегимди сыдырат.

Ооба, «кыргыздын Евтушенкосун» кастарлап күтүүнүн аркасында ылымсанашып, жакындаштык, бири-бирибизге тартылыштык, ортобузда кандайдыр бир учкундар жарк-журк этти. Ошол ирмемден баштап сиз жергиликтүү мектепти бүтөөр замат бир тууган чарбага калтырылган кылка он жети-он сегиздеги секелектер иштөөчү малканага негедир ат тезегин кургатпай каттаганга көчтүңүз. Музоолордун торолушуна, соолугуна, сүт, жемине, акыр-агылдын тазаланышына кызыгасыз. Жатаканабызга башпагасыз. Утур-утур комсомолдук жыйналыш уюштурасыз.

Пахтачылыктан Өлмөскан эже Атабекова бапестеген «Он алты кыз» бригадасынын атагы дубандан дубанга жомоктолуп, дүңгүрөгөн маал. – Түштүк Кыргызстанда мал чарбасы боюнча силер дүңгүрөйсүңөр, – дедиңиз бригадир классташыбызды бошотуп, ордуна мени сунуштаган чогулушта. – Буга райондук комсомол комитети жардамдашат.

Арийне, жазмышымды түп-тамырынан өзгөртүп, бөлөк нукка түрткөн окуянын, мындайча айтканда, махабаттын демилгечиси жалгыз жана жалаң сиз дегенсип, киненин бакисин бир тарапка үргүлжү төңкөгөндөн оолакмын. Билбейм неге, ошондо түнтүрөөк мүнөзүм Аравандын ак буласындай бажырайды. Машинеңизди буйдалбастан утурлап тосуп, суроолоруңузга такалбай тарсылдайм. Жумушумда ашкере тыңмын, буйрөмүн, тоодо, кыштын суугун тоотпой, колтукташ колотто кыштаган жылкычы абамдын суутулган сай күлүгүндөй ыргыштадым бейм. Ий-е, саяпкерим жарашты. Төрт түлүк артынан тиричилик кечир-

ген калкыбыз кыт куйган сымал далма-дал бедерлегендей, кунажын көзүн сүзбөсө, букачар жибин үзмөкпү?

Шарияттын ала жибин аттаганыбызга сексен төртүнчү жылдын сегизинчи марты себепчи. Айырмаланган беш музоо багарды боёндуруп, кийиндирип даярдап, чогуу-чаран Фрунзеге учканбыз. Опера-балет театрындагы концерт коштогон аземге катыштык. Аялдар майрамынын урматына бирден алтын саат тартуулашты. Тагынып, тамылжыдык. Ал эми кечиндеси мейманканадан бешөөбүздү айда сыйладыңыз. «Беш айымым-беш Айым» деп аймалап өптүңүз.

«Жат-жатка» жуук, комсомолдун Борбордук Комитетинин кезектеги бюросунун арапасында он мүнөт пикир алмашууну шылтоолоп, сиздин бөлмөңүздө курбуларымдан бөлүнбөдүк беле. Коюңуз, кантип «пикир алмашканыбызды» жобурап, мазеңизди качырбайын. Мурда да дилимдегини шардана билгизгем, бүгүн да так кесер тастыктайм, сиз моралдык жоопкерчиликти моюндоодон азатсыз. Тескерисинче, жалкы жаздыкка баш төшөгөн эркеңизге айланууну оболу өзүм тилечүмүн, койнуңузда сазан балыктай буйтактап, эстен тангыча, кумар кангыча тулкубуз тулкубузга, тууш боюбуз-тууш боюбузга бек чыпталып, кош куймадай кошулууну аябай күсөчүмүн. Кечиргейсиз, кыз деле самайт жигитти. Аттиң ай, ашыктык лаззаты уктасам түшүмдөн, ойгонсом оюмдан оолактабаган мезгилим бейдаректиктин түпкүрүнө төнгөн куйруктуу жылдыздай түбөлүктүүлүктүн тереңине төнгөн тура!?

Агездеги теңтайлаш, ыпысык ыклас-ымалаңыздан, улуулук камкордугуңуздан улам төбөм шып тиреп, маанайым чалгын канат бүткөндөй абалап өскөнүн унутсам, ылайым, Алла Тааланын кусуру урсун! Ошол эле учурда кечиккен махабатка кезигүү сизди дагын итабар шыктантты. Жеңем дарканбы же момунбу, эмнеси болсо да эптеп жазгырып, катчылык ариетиңизди тобокелге кыйып, сары изимден сая кубаладыңыз. Шоктугуңуз ушунча, чегинен ашып-ташкан карым-катышыбыз адегенде жатаканадагы кыздарга, анан малканага, анан бүт айылга жайылды. Райондо, облуста мен катышпай жыйналыш чакырылбайт, анын үстүнө, ошобу жайда айыл чарба техникумуна сырт-

тан тапшыртып койдуңуз. Сессия сайын Оштобуз, эрлизайыптай ээрчишип, эгиздей биргебиз.

– А.Г.А., – дедим бирде шаардан шапар тээп, кайтып баратып, – А.Г.А. дейм, жогорку даражалуу кызматыңызга зыяным тийбес бекен? Балким, эсибиз барында этегибизди жыярбыз?

– Эч качан!

«Тарс-турс» таарынгандан таноолоруңуз кыпчылып, бүтүмүңүз адаттагыдай кескин шартылдады. Бир топко дейре өр таяган машиненин моторунун уңулдаган добушунан башка эчтеме укпай тунжурадык. Өпкөлөөдөн өзүңүздү өзүңүз сооротуп, бара-бара, аста-секин туталанма пейилиңиз жангандан соң көөдөнгө баккан менчик арзууңузду ортого салгансыз: – Алтыным, отуздан оогончо аялзатына мынчалык арбалбагам, азгырылбагам. Экинчиден, сендей асыл бийкеч кара кубат-каркынымды ашырып, рухумду азыктандырды белем. Карачы, чолпондой теңимди тапкандан ак эткенден так этип эңсеген ордум– биринчи секретарлыкты ээледим. Жакында, буюрса, партиялык-советтик ишке которушат. Реалдуу бийлик! Эмкисин агаң накта бактылуу кызматкер. Ириде, сага ыракмат, жароокерим! А жанагы сунушуңа кайра ондоп кайрылбайбыз, мейлиби?

Ыйламсырай эреркеп, ийиниңизге башымды жөлөдүм. «Партиядан өчүрөт, жумуштан айдайт, болочогума бөөдө балта чабылат» деп гана үйлөнүүдөн жалтактагандайсыз. Кыйытасыз, кынжыласыз, некин, каалооңуз заман талабына коошподу.

Анда-санда, ушак-айыңдан төтөн намыстанганда апам санымды оё чымчып, атам наараазы, нарытан «кысталак, комсомолдун зади-түбү начар» деп наалыйт. Папаңыз да, мамаңыз да бечараларды какшатып, капчыгын какшаткан паракор немелер имиш. Сиз ылгый соттун парасын ашап, чоңоюп-чочойгон экенсиз. «Күйөөсүнөн катыны, катынынан күйөөсү ач күсөндөй озо жутунуп, алигиче тое элек» дегенчелик күңкүлдөйт, атам. Анысына мунусун кошумчалай корутундулайт: «Баласы жарыйт дейсиңби, убал-сооп уктатпас».

Ушунусу «биздин убалыбыз уктатпайт» дегендей таризденет, мага. Атамды, тимелеби, кекетип-мокотуп, бул-

тундагандан тултундайм. «Наалат, уят-сыйыт капарымдан калас. Түпкүлүгүндө, «агажан» деп көп ырдап, атаэнемден бөлүндүм, элим менен журтума, бакадан суук көрүндүм».

Ооба, так ошондой, кудум «Паризат» дастанындагыдай бейоопа тагдыр, илме кайып насип куп буюрду го, бешенеме. Мөртүндө никесиз төрөп, азанда, карабашыл, айры аяктууга чалдыкпай, уурудай алактап, арсылдап үргөн дөбөт-канчыгына таланып, торпокчунун ак халатына оролгон ымыркайымды кыштак четиндеги Түрк эненин тамынын босогосуна ыңаалатып таштап, беткелди бездим ээ, кан сийдим ээ, каапырдыкы...

Жогуңуз, мындан быягын жазалбайм, жазалбайм... Айланайын каралдым, апаңдын арзан баалуулугуна, жеңил ойлуулугуна багынычтуу шор-мээнетке туулгандайсың, садагам...

Ага, нөөмөттөгү катка чейин кайыр. Ток этээрин айтпай, зарыктырат дегенчелик ачууланбаңыз. Шаабайым сууп, шайым ооп, шалдайдым. Айып санабаңыз... А көрөкчө базарыма жөнөйүн. Өлбөгөн оокатым ошоякта. Бакашакага алаксып, көңүлүм жайланышы ыктымал. Айчүрөк кургур жалгыз тоңкочок атып, эңилип-өйдөлөнүп, жанын жанга, жамбашын жерге уруп, куурагандыр.

*Карындашыңыз.*
*Теке айынын он бири (жума), 2003-жыл.*

## Төртүнчү кат

Урматтуу ага!

Кат ташыган «почточум» жашылча-жемиш артынып, үрөң-барандан тээтиги Казакстанга шайланды. «Пиязчы дунган же каристин-корейдин кызына үйлөнүп алба» деп тамашалап, кезектеги сапарга узаттык үкөбүздү. Үкөбүз эпилдеп-жепилдеп, тили буруу соодагерлерге үйүр. Ал эми бул катты сизге Айчүрөк сиңдим алпарат.

...Түрк энебиз Кайыптан бүткөн перзент деп, колу-коңшуларга тойчук жасады. Уулумду өзүнүн чөкө таандай ызылдак, муштай-таштай балдарына аралаш-куралаш асырады. Бирок, үркөрдөй айыл-апада кыбыр эткен кыймы-

лын эсептелүү, чүрпөнү ким таштаганы баары бир ашкереленип калат экен. Малкана жактап жойлогонум, айрыкча, ак халатым-айгактыр, комсомолдук-жаштар бригадасына көө шыбабай не кылдым, шерменде? «Кимибиз» дегенчелик күбүр-шыбыр күчөгөн сайын кирейин десем жер катуу, кыяйын десем жан таттуу.

Лекин, кашайгыр көзүм Түрк эненин кашаасынан өтөт. Не жарты чака күнжара жемимди, не бир тоголок чайымды шылтоолоп үйүнө үзбөй башбагам. Ыктыярыма койсо, төрдөгү жабуусу кымкап бешикти «алдейлеп» терметким бар. Оң-сол мамагымдан диркиреп аккан ууз сүттү текирең-таскактаган музоолорду упчулап тоюндуруучу кымыранга кымырылып-кымтынып, титиреп-калтырап саабай, наристеге балкылдата эмизгенимди элестете элжиреп, бирпаста акылымдан адашам, аста-аста өң-алеттен азам.

Көрсө, учурунда атам, апам, Жалал-Абадда иштеген акем жашыруун масилеттешип, Түрк энеге көйнөк-көнчөк камдап, бир бодо атап, жээн неберсни сурап, жалбарышат. Түрк эне «күлтүк тазалап, заң-заара жууганда кайда элеңер, эркетайым кас-кас кадамдады, буту баскан козупун кылчалык оорчулугу жок» дегенсип көпбөй, тыраалаптыр.

– Бүлөбүзгө тийешелүүлүгүн кеч аңдадык, бейадеп кара далы көмүскөгө бекинип туул, – дешет апам байкуштар.

Анда Түрк эне «кана, документиңер, атасы ким, жотосу ким, кайсы белгисинен айра тааныйсыңар, тогуз ай толготуп төрөбөгөнүмдү кантип далилдейсиңер?» - деп албууттапып алкылдап, «туңгуч элчилерди» энтеңдетип, эшикке кууп-сүргөн окшобойбу.

Түрк энебиз түйтөйүп, жердигинен баам-парасатсыз бакыл. Антпесе өңчөй кочкор тумшук, коюу кирпик, калың каш балакайларынын антинс неликтен бир сыйра мизбакпайт? Уулубуз эсе моңгол түспөл, жалаяк ооз, жалпак бет, тегинден уруубуз моңолдор уруусу эместир... Апей, моңолдорум ийгиби? Мен го мен, а сиз кайсыл уруудансыз? Жигит пири абалтап ата жаатын козгойт, Ата Журтун аңсайт, агабай. Туягыңыз ошо эчисинен ажырабасын. Мүмкүн катар жылуу-жумшак маңдайынан сыласа-

ңыз, имере кучактап, бооруңузга тартсаңыз? Өспүрүм куРактын тузун татып, үнү корулдап эсейгенине, улгайган таята-таенесине эрмек, тагаларына аттокур, элгенчилигине канымет, жаманымдын, кунанымдын.

Баса, боздоп-сыздап, ботобузду Түрк энеден токсонунчу жылы кайрыганбыз. Мусулманчылык, тууганчылык, эмне-эмне салт-санаа, жөн-жөрөлгө сарыпталбады, акетай?! Баласаак ынсапсызга не чара? Сизге өтүрүк, бизге чын, кээде чилдеде тоңгон көк жылгаяк муздай нестейип, кээде сок билегин үйрүп, сокосун теминген жезкемпирдей өлөрмандана долуланып, – о, Түрк эне, Түрк эне, заманабызды загара нандай кууруган. Же салмактуу, ынанымдуу илинчегибиз нөл, саласалыбыз, кургак үгүтүбүз арык аттап, суу кечпей, үшкүрүнүп-бышкырышып, үрпөйгөн арманыбыз короого сыйбас аңгеме.

Сиз анда Москвадасыз, жаңы тагыңызда. Алматыдагы «Желтоксон каргашасына» улай саясий бюро, Совет өкмөтү казак-кыргызга кастарын тиккенде, – маселенин мээ катырмасы али туюк, – комсомолдук тепкичтен СССР Айыл чарба министрлигинин бакыйган бөлүмүнө күтүүсүз чакырылдыңыз. Фрунзени мелжегениңизди кобурачусуз, амалейким, Москвадан бейкапар элек. Атпай район дуулдады. Оңор окуябы анан?! Бири «сабаттуу кызматкер, кайра куруунун карлыгачы» десе, экинчиси көтөрүлгөнүңүздү көлөкөсүнөн корккон улуттук кадрларды тарбиялоого кызыктар борбордун кыйды саясатына такайт, үчүнчүсү республиканын жетекчилигинен колдоочуңузду издеп, бекерден бекер убара чегет.

– Ушундай шыпыр-шылуунду жооптуу амалга жолоттубу, демек, чоңдоруң ирип бузулган, Москваң айланпаш, – дебеспи атам камчысын соройтуп, кур абаны бөлө-бөлө «чаап», тажап-таарынганчалык тейде тезинен тетири бурулуп, солуктап өпкө кагып, ызырына өксөгөнчө, – атагөрү, кыргыздын Исхак Раззаковдой, Болот Мамбетовдой азаматтары канеке?

Сексен жетинин күзүндө, саманканада ыйынып-ычкынып, чыңырып-чычып кызыл этимдин киндигин кескенимде, жыл айланып-айланбай орой жаңылыштыгымды түздөө үчүн Түрк эне менен чаар жыландай арбашып, тирешкенимде кушка тиштеткен теменедей кабарыңызга,

телефон шыңгыратканыңызга аябай зарыктым. Согуш маалындагы кыямат-кайымда деле бурадарлар бири-биринен ал-жай сурашыптыр, ага! А сиздин душман уюгуна жиберилген тыңчы кейиптенип, ың-жыңсыз куйрук шүйгөнүңүз мандемдүү. Айры куйрук сагызгандай сактанып, дарек-дайыныңызды даанарак чийгенге жарабадыңыз.

Ошондо жексур турмушка өчөшкөндөн, келесоодой курчтуктан бөйпөйгөн бөжөктөй бөпөмдү Түрк эненин астанасына этиет жаткырбай, жардан оолак ыргытсам, пайпай, күнөөгө белчемден малынып, өлөөр өлгөнчө күңгүрөнүп, жалынсыз-чоксуз өрттөнмөк турбаймынбы?! Сизге тигинтип, минтип кат жазмак турмак, карааныңыздан калтаарып, жаа бою үркмөк экем. Жараткан жалгап, шайык-сакабалар колдоп, жайкы Бишкекте, каршыңызда маңкайып, маңдайым жарык.

Баягы-баягыда, куяшым как төбөдөн чыкканда, ырыскешигим чайпалып, бирок, чачылып-төгүлбөгөн келкелимде, «эшитишимче, доолот туткасы орустар Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстанды жерип, бөлүнгөн атыптыр, Ош-Өзгөн атарабындагы эрегиш кычап, жада калса, ун тартыш. Сиңди-үкөлөрүң жашаялмет, жаңы тирдик, неберелерим жөжүрөп, ачарчылык каптаса кантебиз?» дегиче каргылданган Түрк эне багытымды тороп, түшү тири шумдукту аяндагандай купкуу, «баланды озүң бак, эскиргенде эки тарткын чатакта эзилбесинчи, чайпалбасынчы» – деп агынан жарыла өтүнгөн. Кулагымдын тарсылдагы тунуп, он сегиз миң аалам айланкөчөк, койнума куюлган жаш кончума төгүлдү. Кагылайын дейм, кагылайын, арийне, алаңдаган тентегимеби, аңырайган Түрк энегеби, алпейим ата-энемеби, кең пейил парвадигергеби, жалынып-жалбарганым белгисиз. Үргүлөйүн дейм, үргүлөйүн...

Масчылыктын кырсыктуу кесепетинен мезгилсиз жайраган чабандес, улакчы абабыз так Түрк-Абаддан түнката ала качып, кыргыздаштырган энебизди, Фергана өрөөнүндөгү басмачылык кыймылдын көрүнүктүү өкүлү, Орто Азия түрктөрүнүн саркери Гайып пацсаттын ургаачы уругун жиним буркан-шаркан кайнаганда капчалык жектеп, жекирип, каргабайын – марттыгын шексиз карматты, дилинде акыреттен ийменди. Андыктан адамгерчилигине кайылмын, бу дүйнө, наркы дүйнөдө тең таазимимден тан-

басмып. Былтыр, көктөм баарда Түрк эне кеселдеп мүргүп, акыбетинде айныксыз ажалды моюндаганда уулум эмчектештеринин сабында өңгүрөп-өкүрүп, муун-жүүнүмдү бошотподубу, айтса: – Канатымдан кайрылдым, энекемден айрылдым...

Жаңылыгым ушу, жандырмак эркиңизде. Сиз апылтапыл Маскөөгө кайыганда, кинемимди агыны шар дарыяга агызбай-тамызбай божурап, эсөөрүгөм. Буркурап, кайра сооронуп, сооронуп, кайра буркурагам. Тагдырым устаранын мизинде аласалып, адырда, апай төштө, бороонго буюккан коколой түп, жеке талча үч бүгүлө ыргалганмын.

Жаз кышка алмашкандай, жыргалың кууралга алмашаттыр. Тушунда ашепке чардап, ыйыктардын касырети түпө-түз тийгенсийт, назардан биротоло калгансыйм. Чала сага, шайкелең Мазари-Шариф, Кабулда өрт кечип, кабыргасы күбүлгөн жоокерди чандың, аның аракка аркан-жипсиз күрмөлүп, чылага оонап, чочкого айландыбы? Чала сага, шайкелең, тырышып-тырмышып техникумду бүтүрбөй, азганакай абыройлуу бригадирликтен айдалдың. Кош аягым бармагы, комсомолдун жалжалы! Миң бир түнүбүз ар качандан бир качан айылдаштарымдын аңызында, А.Г.А., аскиясында.

«Афган» алкаш (аскерден медалдарын жаркыратып, шапкесин төбөсүнө кыйшык кондуруп кайтканда, музыка ойнотуп, гүл сунуп тосподук белек?) бир курдай жалгызымды көчөдөн токтотуп, «сенин атаң Афганистандагы урушта эмес, башка урушта туткундалган, ээн талаа, эрме чөлдө шейиттей чыкыйга атылбаса, шилисинен асылбаса, кекиртегинен мууздалбаса, не сөзсүз моджахед, не сөзсүз террорчу» дегенчелик калжыңын дөөдүрөп сандырактаптыр. Күчүгүм далайга «туткун» менен «шейиттин» айырмасын такып тактап, темтеңдетти.

Эми, Куда каалаcа, көрүнгөн ашкебе селсаяк уулумду шакабалап, кордоп, куйкамды куруштурбайт. Сиз барсыз, асыл данек атасы барсыз. Шартыңызга чактап, жараган бир туугандарына көздөштүрүп, данакерлик парзыңыздан татыктуу кутуларсыз. Кайырсыз жылдардын карызын эселеп ондүрөрсүз.

Перзентиңиз, сизди тартканданбы, идиректүү, дасторундай чалчактабайт. Кыштакта, он биринчи класска көч-

тү. Юристке тапшырсам дейт. Умтулуусуна, максатчылдыгына таңмып. Болочогун боолголоп, учкул кыялдын күүсүндө магдырайм, сагынганда, кусаланганда куранга ыктап, бүбү-бакшысына бал ачтырам.

Шаарга да, чын сырым, кулунумдун айынан байырладым. Эмдиги жылы орто мектебин бүтсө, Бишкектеги жайнаган окуу жайларынын биринен билимин жогорулатам, кызы. Чет-чебердеги конуштарда арзаныраак сатылуучу үңкүрдөй алачыкка пул чогултсам дегемин. Айчүрөктүн, көбүнесе, Айчүрөктүн ишкер инисинин этегине эрмешкеним пайдадыр, же кандай?

*Жооп күтүп, карындашыңыз.*
*Теке айынын он алтысы (шаршемби), 2003-жыл.*

## Бешинчи кат

Кымбаттуу ага!

Ири алды, Айчүрөктү кабылдап, жайма-жай дидарлашканыңызга ыракмат! Жубайыңыздын автокырсыктан мүрт үзүлгөнүн тыңдап, зээним жаман кейиди. Арты кайырлуу болсун! Жакын арада дасторкон жасап, батага барабыз го.

Жан башына эсептегенде Бишкекте иномарка-четмарка Москвадагыдан ашат дешет. Өлүм-житим, майыпчылыктын басымдуу бөлүгү элирген улан-кыздардын эрежени эрежелебей, кыйма-чийме, окто-текте шуңгушканынандыр. Жеңекебизди шум ажал жыйырма бешке толгонуна байланыштуу арада мамасы Альбина Халитовна белектеген «Хундайда», кан жолдон кылтакка илген экен. Эр ортону – элүүдө өмүр шеригин топуракка жашыруу зор кайгы, бирок, өлгөндүн изинен өлмөй жок. А көрөкчө, капталдан каккан көпкөлөң айдоочуну көрдөн чукутуп издетип, жазалаттырыңыз.

Өгүнү жаагыңыз шимилип, ыраңыңыз азыңкыдай эле. Түпөйүл ой көңүл өйүткөн кезеңиңиз окшобойбу. Аны элебей каттарыма ачуу-кычкыл арденке-бирденкелерди кошуптурмун да, кокуй. Асыресе, уулуңузду сүйүнчүлөгөнүм томуктай жүрөгүңүздү аз-маз болкулдаткандыр.

Айчүрөк сизге жолукканына курсант. «Кабат-кабат келишкен там, бөлмөлөрү паркет, килем, хрусталь» дегенде шилекейи чубурат. Далисте маркум жарыңыздын сол бурчуна кара тасма чалынган эбегейсиз эндүү сүрөтү дейт, кыргыз менен башкыр-татардын аралашмасы, аксаргылдын сулуусу, жашы жаш, баш кошкондоруна нак беш жыл дагын толбоптур. Караңызчы, каш-кабактын ортосундагы балекетти! Ушинтип, он гүлүнүн бир гүлү ачылбай... деп агабыз жашыды дейт, кеңседей сарайда түрмөдөгүдөй жапжалгыз соксойгонуна жигерим ачыды дейт.

Жашыганыңызды элестеткенимде зорго карманганым, балконго шашканым. Кеч бир убак. Жогортон шаңдуу-шайыр каткырык шаңкылдайт, ылдыйтан ыкшыган жөтөл угулат. Күндүзгү күрү-күү, чуру-чуу саал-паал сээлдеп, саратан чебеленип чырылдайт. Жыпжылуу сыдырым алкымымды майин кытыгылаганынан жыйрылып-жыйрылбайм. Мурдатан эле баки-жогу, анын ичинде А.Г.Ада табылган Бишкекке отуруктаашпай?! Таалайдын ордосу белең, ортолук калаам!

Ырас, убактысынча Айчүрөктүн батириндемин. Убактысынча. Менчик батир качпас, мурасым университетте «ийне менен кудук казып» тек сиздин элесиңизди туу тутуп жашамакчыбыз. Эчтеме келелебейбиз да, эчтеме үмүтөтпөйбүз.

...Балкондон кадам аттасам, Айчүрөк чалкалай суналып, уйкуга уюптур. Сиңдим кандайдыр татынакай. Женифер Лопес! «Эмираттарда, коммерсант чагымда, араб байбачалардын арасындагы ылакап ысымым Женифер эле» дегенден ыракаттанып, сыймыктангандай компоёт.

– Өңүңдүн кызыл-торулугунанбы?

– Жаңылдыңыз, көчүгүмдүн чоңдугунан.

Жерге киргир, Голливуд «жылдыздары», моделдер тууралуу капакайдагыны жобурап-жабырап, аша «маалыматтуу»: – Эже, Лопес кабыл алууларга эки машине менен келет деп окудум. Биринде өзү келет экен да, экинчисинде көчүгү келет экен. Ки-ки-ки...

Бирок, төшөктө, эс-маста эркекче сөгүнүп-сагынганы ичиркентет. Турмуш курса, күйөөсү тыяр.

Айчүрөккө, баса, ар кыл собол узаткандайсыз. Мәселен, төрөгөнүн эмнеге маалында кабарлабайт дептирсиз? Кантип кабарлайм? Чүрпөмдү Түрк энеге, Түрк энени Ку-

дайга табыштадым деппи, же Түрк энеден баламды талашып, жакалашып-коколошуудамын деппи? Басташып-басылганыбызда, тынып-тынчыганыбызда сиз эмес, түтөгөн Маскоонун түпжайында сакталганынан шекидим.

Дагы мисал. Афганчы жоокер. Эмне, «Жалал-Абад, Таш-Көмүрдү» ошого арнап жаңшаганымды эшиткен белеңиз? Балким, ырдын мазмуну алыстан арзыган ашыктыкты чагылдырар. Арийне, аны кимдир-бирөөгө баш-оту менен энчилөө натура. Ал, жаза тайып, боюма бүтөрсө, неге перзентин жашырып, корунам? Акидей асылган Мажнунга «айт» десем, татырактаган бойдон «уйт» демек.

Өскөн чөлкөмдү, өскөн чөлкөмдө өнүккөн кайсы бир окуяларды эстесең, ошогездеги көнүмүш, мүнөздүү жыт мурдуңду капылет өрдөгөнсүйт. Саамда малканада челектен калпылган сары жон каймактын, тандырга жабылган төптөгорок болпоч токочтун даамы таңдайыма татыды. Жаланып-жуктанып, терең үшкүрүп ийдим. Тиричилик тербитип-тентитпесе, асти айылымдан карыш жылбайт элем.

Айыл, малкана демекчи, сизден кийин комсомолдук жаштар бригадасын район жарытылуу жөлөбөдү. Дикилдеген кыздар чычкак, мөөрөк музоолорду эки жүз күн-эки жүз түн замдап багып, жетилтип, жыйынтыгында, 350–400 килолук, ылайдай семиз Заңги Баба тукумдарын эт комбинатына жөнөткөнүбүз жопоткөн. Некин, жаңы бригадирибиз деле, жалпы жамаатыбыз деле жалчыбадык. Адегенде аталыш наамыбыздан «комсомолдук» деген сыпаттама чырпылды, анан бригадабыз тыптыйпыл жоюлуп, орду кетменделди. Совхоз тараганда торпок-тана ажыраткам. Атам, апам, уулум, мен – төртөөбүз бир Короо китепчедебиз. Сугат, кайрагы биригип, орто дыйкандын үлүшүндөй үлүшкө ээбиз.

Уулуңузду көрсөңүз, андагы сизге союп каптагандай окшош. Бүркүт кабагы, табалагансып күлүңдөшү. Ырас, сизден бойлуу, баралында эсе далылуу, шадылуу жигитке катарлаш сук артаарыбыз бышык. Нака сүйүүдөн гана телегейи тегиз инсандар жаралышына тайсалдабай ишенүүгө даярмын.

*Бешинчи катым тамам. жүрөлү жылдан эсен, айдан аман.*

***Карындашыңыз.***
***Текенин он сегизи (жума), 2003-жыл.***

## Алтынчы кат

Азиз ага!

Жолукканга жол чапканыңыз – жоомарттыгыңы Албетте, ботом, ала көөдөк эместирбиз, аялдайлы, күтүш лү, раматылыктын кыркы чыга элек, он чакты күн ж муштан аксасаңыз, маселенин төбөсүнө маселе үйүлөт. Си дин жооптуу кызматта Индостан мухитине дейре команд ровкалоо зарыл, мамилелешүүлөрдө мүдүрүлбөй кылда тык абзел. Түшүнөм, ага, жагдайыңызды түшүнөм. Аңү түнө туурадан мен дембе-дем кат токуп...

Жазбаса, жазбай-ак салайын. Тирмийип, тамга кешт леген мага эле жеңил дейсизби? Лекин, башка караж таппаганымдан жаздым. Каттар – минбарым, сизге ыл йыктап чечмелегенде, кимдир-бирөөгө же кимдир-бирө лөргө кайрылып сүйлөөр секичем, трибунам.

Айтуудан, анча-мынча сөзүм өзүңүзгө табышмак ту луптур. Маалында орусчаны чагып, эмдигисин англисч ге тил жатыктырып, кыргызчадан жатыркап баратканы ңызга кыжыл белемсиз. Айчүрөккө «эжеңди жазуучулу кесипке үндөбөйсүңбү?» дегениңиз ыраспы?

Сиз көркөм адабиятты сүйөсүзбү, ага? Сиз көркөм ад биятты сүйбөйсүз, ага! Сиздин көркөм адабиятка көз к рашыңыз солгунураак, менимче, тар ойлоносуз. Ошт «Космос» кинотеатрынан, Лев Толстойдун «Пейилдин он лушу» романы боюнча тартылган фильмден чыккандa соң итапкан тырчыгансыз: – Толстой эзүүчү таптын өкүлч оң каарманга теңештирип, көмөчүнө күл тартып ата Князь Нехлюдов ушундай бир адамгерчиликтүү жолдо экен да? Былжырайт!

Өңүтүндө оңтоюн келтирип, жымшык көз акынды к төрө чаап өттүңүз: – Достум курулушу жаңыдан башта ган Күрп-Сай ГЭСи тууралуу дастанын аяктаптыр. Евт шенконун «Братск ГЭСинен» жемиштүү таасирленди дейт.

Ай, агажан, агатай, Толстой ким да, жымшык көз ким Экөөнүн чексиз айырмачылыгын аңдабагандардын жа мышы кандай гана аянычтуу!

Чыңалып, чытыраган курсагымды тысырайта таңы бууп, бери карап күлүп, ары карап ыйлаган кыйын-кы

тоо кезеңимде князь Нехлюдовбу, коммунист Нехлюдовбу, айтор, эр жигиттин эр жигити эңилип, маскарага, бетпактыкка аралжы, эрсиз тууган шылдыңдан шымалана арачалашын санаркап самагамын. Атаганат, жакшылык-эгиз, жамандык – жалкы. Ошондо малчылардын көчмө китепканасындагы түрдүү-түмөн китептен «Пейилдин оңолушу» карегиме урунду. Жан курбумдай боорума кысып, утур-утур улутундум... Базарда келиндер бош убакта баш катырмага – сканвордго таппыз. Бирок, сырдыкана чыгармага бүт дээриң менен сүңгүгөнгө жетеби?

Ага кезектеги дубай-саламымды почта аркылуу жиберем. Шаардын почтасы шакылдап, кадимки ыргагында тура?! Анан калса, Айчүрөктү да, Айчүрөктүн инисин да жетим жүгүрүктөй армансыз жумшадым. Кашык салса, беш ууртабайынчы. Айчүрөк сизге тилектеш, калем шилтегениме каршыгып, каадалуу мурчуят. Аны эл аралык маанидеги аземге чакырыптырсыз. Сөзсүз түгөйү кошо катышуучу иш-чара, сыягы. Анан эмей, келинчегим өлдү деп шылкыйып, чөкпөгөнүңүз дурус. Айчүрөк кыйчалыш-кысталышта, уяттуу мейманчылыкта керегиңизге жарабаса, качан жарайт?! Кабатырланбаңыз, чачтарачтын мыктысын сурамжылайбыз, көйнөгүн тиктиртип, үтүктөп үлгүрөбүз, кынтыксыз, тыкыр-тыгыз камданабыз.

*Агамды ар дайым ийгилик жылоолосун деп, карындашыңыз.*

***Теке айынын жыйырма бири (дүйшөмбү), 2003-жыл.***

**P.S.** *Баягы-тиричилик, бешене – базар. Кыйма-чийме кымгуутта араба түртүп «Афганчым» жүрөт. Тикпеген жерден көгөрдү, экпеген жерден өндү. Кыштактан кыйла жыл абал жылжыган, шүмшүк, ыраңы суук аракечке карпа-курпа кабылып, жүрөгүм опкоолжуганы. Жалданма мандикерим кирпик ирмебейт, тобоо, түк тааныбаксан, «кыйч-куйчтап» аламанга сиңди. Жакамдын учуна үч кайтара түкүрүп, ордумда балбал таштай каттым.*

*Түш оой, бешим ченде болсо кыраан-каткы күлдүк. Айчүрөк алиги жымшык көздү баптады. Зайыбы окшойт, куйту зыялы, колтукташып келатыптыр.*

*– Агай, акын агай, баклажан, баклижан алыңыз? – деди сиңдим заңкылдап. – Чоң баклажан, жоон баклажан, ширин баклажан...*

*Бир айтып, бир койбойт, эки айтып, эки койбойт, жинди. Баклажанды сороктото силкилдетип, астынан тосо, артынан ээрчий эрмешет. – Акын агай...*

*Тигинибиз кирерге ийин таппай кайсалактап, кылчактаган аялын дегдеңдете сүйрөп, шашылды. Катыны олбурлуу, балбан чалыш эме экен, «поэтикалык натураны» көмөлөтө чаап, көргүлүктү көрсөттү го, эл жокто.*

*Эт-ашты бекер ташыган башкарма, раистердин уругу үзүлүп, жымшык көз акын, айтмакчы, жүнү жулунган тооктой жүдөптүр. Майланышкан сумкесин гезиттей жумгактап, тыйынга сараң, соодага тың.*

## Жетинчи кат

Эсенсизби, ага!

Сизден дале ачык-айкын жооп эшитпей, теке-тукамын. Ортодон жумалап мезгил кайыды. Элетте уулубуз Бишкекти угуп, делөөрүсө керек. Жок, «атаң табылды» деген эмесмин, сентябрдын босогосунда кийим-кечеңди жаңылайбыз, шаар кыдыртам дегемин. Бүгүн-эртең Жалал-Абаддагы акем жарыгымды таксиге салат. Борборго биринчи келиши. Жолу шыдыр, жоросу кыдыр болгой!

Бирок, береги катта таңуулоого ниеттенген пикирим бөлөк. Жаңылыштай санасаңыз, ак чөп башта, таарынбайм деле. «Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат». Кеп сиздин беделиңиз жөнүндө.

Эмнегедир Айчүрөктү эпсиз көптүрүп жибердиңиз. Кудайдын куттуу күнү шарап-шампан буркурап, жашылча-жемиш сатканга көңүлсүз, инисинен үстөккө-босток көржеме угууда.

Чолпон-Атага, кадыр-барктуу жолугушууга барыптырсыңар. Сүрөтүңөрдү көрдүм. Айчүрөк Ысык-Көлдүн жээгинде көгүмжүл эмчек тарткыч, эмечен, каруусуна үлбүрөгөн бирдеме жамынып жадырайт. Кемеге түшкөнүн, VIP бөлмөлөрдө буту-колун созгонун, ичимдиктин түрүн шыңгытканын төкпөй-чачпай бежиреди. Бул сизге өнөкөт, эмне

деп койчу эле, нескарамын.., и-и, сиздин стилиңиз, почеркиңиз. Жактырган ургаачыңыздан аянбайсыз, Самаркандга Букараны кошуп тартуулагандан тайбайсыз.

Эки жыл башта жарым кылымдык маарекеңизди ошобу чогуу чоордогон пансионаттан майрамдаган экенсиздер. Партия, совет жана комсомолдун сакалчан-көкүлчөндөрү кызуу куттукташыптыр өзүңүздү. Ырчылар – Москвадан, бийчилер – Делиден... Кантсе да Айчүрөк алаптап, баарын баяндап түгөтө элек.

Ага, сиз алдагы дасмия-дараметиңиз, коомдогу азыркы абалыңыз боюнча он Айчүрөктү кучагыңызга калетсиз имересиз. Арийне, аздыр-көптүр уулбалалык парасатыңызды сактабайсызбы? Аялыңыздын денеси муздап-муздабай, төшөнчү-шейшебин бөтөн жубанга тебелетесиз. (Жубандыкка кыйбасаңыз, отуздан ашкан Айчүрөктү кыңшылаган кыз дейсизби?)

Үйлөнбөйсүз да? Же Айчүрөккө үйлөнөсүзбү? Үйлөнбөгөндөн кийин неге жүрөгүн калбырлайсыз? Жүрөгүн калбырлагандан кийин неге үйлөнбөйсүз?

Арыласам, жашыруун сырды жайыптырсыз. «Катардагы Алиоглы комсомолсуңбу (комсомолец) десе, эч кандай жолдош командир, «азербайжанмын» (азербайджанец), катардагы Какабаев спортсменсиңби (спортсмен) десе, эч кандай жолдош командир, «түркмөнмүн» (туркмен)» дегенчелик, орусчадан оодарылган ыймандуу советтик азилтамашалардан токтосоңуз кана? Акылы кем, тили узун базарчыга облустук укук коргоо органдарынын кээ бир комсомолдук төбөлдөрү менен, булуң-буйткада «буржуазиялык жабык секс кинолорго» тигиле кадалганыбызды кабарлоонун кажети кайсы? Анан кыйчылдаган керебетте тасмалардан «өздөштүргөн» ыкмаларды алма-телме кайталаганыбызды бөтөн кишиге жабырамак тургай, астыртан кулак кагыш эткенге дагы жарабайт, каран күн! Эмне, бу жоругуңуз – комсомол чалдын түбөлүк жаштыкты эңсегениби же дүрмөтүңүз мезгилсиз какшып, эстутумдан кумарыңыз канабы – бел сууңуз сарыгабы? Эмесем, Айчүрөктүн баденин балкытып, кызытып, от алдырайын дегендей айла-амалыңызбы? Ал андайда ансыз деле ойсокедей ойдолоп, араң отургандыр.

Сетканы эрте жарыкта кулпулап, кечиндеси бактагы кафеден сыйлады, сиңдим. Акча сизден беймдей. Музыка жел аргыдай сыбызгыган жаркырак майданчада сүрдөп, сыгылдым, салкында нымшыдым. Айчүрөк Шымкенттин сырасынан ууртап-татып, маашырлана чылым соруп, «чыйт» түкүрөт. Ой-бай, Адам атанын күчү ай, шеригим өзгөрүптүр, жүз сексен даражага өзгөрүптүр.

Маектешүүдөн сиздин бир татыктуу акынды таяп-сүйөп, сүрөөнчү-демөөрчүлүккө дилгирлигиңизди билдим. «Бизнесчиге таазим» аттуу жыйнак дейт. Балким, жымшык көздүр? Мейлиге, казанчынын каалоосу. Некин, чамаңызга чактап, «Афганчы» арабакечибизди не эмканадан эмдетүүгө, не кеселканага жайгаштырууга көмөктөшпөйсүзбү? Далдырап киши тааныбайт, кайран жигит. Бишкекке качан, кайдан, кимге илешип кадам аттаганына айран таңмын. Ошто дешкен. Августта го абанын ырайы ырайымдуу, карагандын түбүнө түнөгөн карып күздө, кышта канетет?

«Афганчы» Афганистандан кайтканда, жадыңыздабы, «Эр Курманбектей» тайманбас көкжалга «Райондун ардактуу жараны» деген наам ыйгарылган. Күбөлүгүн өзүңүз тапшырбадыңыз беле? Ошонусу буерде бирдемеге татыйбы? Дегеле сиздер, комсомолдук мыкчыгерлер тилиңерден шекер, бал таамп, боз уландарды коммунизмдин бүткүл дүйнөдө салтанат курушуна байланышкан арабөк ураанга үгүттөп ынандырып, согушка койдой дабыратып айдайт элеңер? Эмки доордо эчениң эптеп-септеп – эски мектеп, байыптырсыңар, тунуптурсуңар. Бирок, жыйып-терген оокатыңардан афган майыптарына битир-соогат, шыралга арттырып-үрттүрөсүңөрбү? Бетиңер кичине чымылдап, кызарабы?..

Чөнтөгүңүзгө киришпейинчи, А.Г.А. Анан калса, сиз жекесиз, сиздейлер түмөн. Тек кыйналгандан оюмду кагазга тизмектедим. Эсинеп, бөксөрдүм, жеңилдедим. Кошуңуз!

*Карындашыңыз.*
*Баш оонанын он экиси (шейшемби), 2003-жыл.*

## Сегизинчи кат

Амансызбы, ага!

Уулубуз кашымда. Сизден миң метрдей узакпыз, сизге бир чакырымдай жуукпуз. Кең базар – куттуу тамыңыздын арасы ушунча аралыктыр, ашып барса. Жолугабызбы? Жолугалы. Жолугабыз. Туягыңыз бешене-башаратыңызга баксын да, кеңешиңизди көкүрөгүнө түйүп, элесиңизди карегине чөгөрсүн. Атанын карааны кандайдыр кайрат, айбат. Атасы тирүүсүндө атасыз сагыр– жетим атыкпасын.

Каерден кантип кездешүүнү сизге койдум. Жылдырган таклибиңизге жүз пайыз макулмун. Капыс учурашкандай учурашкан андан да түзүк. Балага не сүйлөөнү дагын өзүңүз чечиңиз. «Атаңмын» деп дароо айтканга, атүгүл каңкуулаганга даабайм, кийин-соңгу, жайчылыкта жарыялаарсың десеңиз деле олдоксон, орой туюлбайт. Анткени кырдаалга жараша иш туталы. А кырдаал кызык, опурталдуу.

Уулубуз жаңылыкты ар кандай кабылдашы ыктымал. Сүйүнгөндөн маңдайы жарылабы, ачууланып, каардานабы, кайдыгер түнөрөбү? Билбейм, агабай, билбейм. Күнөөлүү келдем чаңгектегендей капшырылып мыкчылат да, жанчылат, айланат да тегеренет...

Аккан булак, жанган чырагым менен, айтса, борборду узун-туурасынан аралап, арападагы озуйпанын ташпишинен алаксыдым. Ага Бишкек куп жакты. «Муну телевизордон көргөмүн, тигини телевизордон көргөмүн» дей берди, улам имараттарды, эстеликтерди жаңсагылап. «Ала-Тоо» аянтындагы Лениндин айкелин Эски майданга көчүрүп жатышыптыр.

...Бетме-бет таанышуу тартибин Айчүрөктөн билдирсеңиз же соткесине чалсаңыз? Синдим сиздин белегиңизди ычкырына байлап, шыңгыраса шып капкагын ачып, эзилишип, оңуп калды.

Ага «жаңы тамырыңыз» тууpасында чочугандай калемпир-мурчтуу сөз козголсо, көралбастык дебеңиз. Өзүмдүккө менчиктеген, баскан изиңизди башкалардан кызганган сезимдерим кыярыптыр. Ортобузда окторулган да-

рыя, сиз өйүздөсүз, биз бүйүздөбүз. Ушу тапта эне-бала муздак сууну кечкенден заарканганды ийиндешип, бөжүрөйбүз.

Бир курдай кырдач мурун, сары түйдөк орус кызды Фрунзеден, «текшерүүчү», деп малканага апкелегенициз-де чунандап өлө жаздаганымды эстесем, жети өмүрүм жерге кирет. Никелеш жарыңыз дагы анчалык кумсандабас. Апап калса, УАЗикте экөөңөр гана экенсиңер. Демейде мени ойноткондо ушинтип айдоочуну жазгырчусуз. Түз жолдо рулду кош колдой бекем кармап, тирмийип, машине айдоону үйрөнгөм. Үйрөткөнсүз. Кээде ылдамдыкты алмаштырган рычагдын ордуна жумуру балтырымды аткып, ойбойлотуп, бирде муфтанын ордуна мусапыр, бакырга басип мүчөлөрүмдү эзгилеп-басып, байбайлатып, эркелейт элеңиз, эркелетет элеңиз.

Азыр бирибизге бирибиз тартылбайбыз, бирибизден бирибиз түртүлөбүз. Үстүбүздө бөлөк кылым, таламдарыбыз эки ача. Бирок, сизге карата алоолонгон сүйүүм «жалп» этип өчпөстөн, «жарк» этип житпестен, кемипкоробостон, топтолук өлчөм-ченеминде перзентимди көздөй куюндап бурулгансыйт, уюлгуп коно качкансыйт. Демек, каралдыма боор толгогонуңуз, мага боор толгогонуңуз, жигериме жылуу ырабдайда жылмайганыңыз, мага жылуу ырабдайда жылмайганыңыз. Жараткан Эгемдин ошонусуна шүгүр.

Пенденин өкүттүү армапы да, көңүл жубатар дарманы да махабатка багыныңкы. Махабат – турмуштун тынымсыз каккан жүрөгү, тынбай жүгүргөн кочкул кызыл каныдыр. Асыресе, береги маңгиликтүү тыяпакка ар бир адам туш-тушунда тушугат.

Өгүнү «Афганчы» базарда күтүүсүз какшап, жашоонун кебелбес жаратылышын эрксиз жаңыртып эскертти. Жыйыштырынып-териштиринип, баштыгыма бир коон, жупкадай ысык нан ороп салып, шамшаркыт келаткамын. Мындайыраактан тааныш үн эшитилет, акырын аялдасам, бейтааныш бирөө муңдуу обонду безеп туру. Жакындап «Афганчыны» тааныдым. Мандалин кимдики, ким өтүндү, түшүнүксүз? Сүрөмөлөп, санын чапкандар, көбүнесе арабакечтер, сонуркагандар. «Афганчы» кыптагыбыздын клу-

бунда хинди фильмдеринен үзүндүлөрдү аткарган мисал ажардуу урунду көзүмө:

*Агарып таң атат,*
*Кызарып күн батат,*
*Алтындай жаш өмүр-ов,*
*Бат өтүп, баратат.*

Бул өлөңдү келберсиген өрөөнүбүздүн чоңунан кичигине дейре ырдайт. Арийне, «Афганчыга» теңелүү кайдан? Мектепте ал жогорку класста, беш көкүлдөр төмөнүрөөк, мандалиндин сыздаган добушунун коштоосунда кыркар тизилип, Чыгыш бийлеринин чаңын асманга сапырчыбыз. Ий-е, комсомолдук-жаштар жамааттарынын ичиндеги «Ыр кесе» жарыш-сынагында ошонубузду кайталоого ийгиликсиз далалаттанып, далбастап оолукканбыз. Менимче, агезде «Афганчыдай» машыккан мандалинчиден өксүдүк.

Мына сага, эс-акылынан ажыраса да, талантынан ажырабаптыр! Таң-тамашаны кыйбай, кыйлага аңкайганым. Алиге алиги кайруулар көмөкөй-көөдөнүмдө жаңырыктайт. Байкабай кыңылдап ийем:

*Мен барам талаалап,*
*Алма бак аралап.*
*Кечиктиң-келбедиң-ов,*
*Жүрөктү жаралап...*

Кулунума кулактасам, учураптыр «Афганчыга». Жердешимсиңби, анда кардар тап, жүк тап, кара курсакты багайын деген го, тамтайып. Унутуптур, жадакалса, ысымына чейин унутуптур акебиз, «элге жүрүңүз» десем ээрчир бекен дегенсип бүшүркөйт уулум... уулуңуз, уулубуз.

***Карындашыңыз.***
***Баш оонанын жыйырма төртү (жекшемби), 2003-жыл.***

## Тогузунчу кат

А.Г.А.

Ак дебестен, көк дебестен, толук бир апта акыйттыңыз. Данакерликке даяр Айчүрөктүн пайда-батасы ташка тийди – төрт күн, төрт түндөн бери не үйдө эмес, не Чүйдө эмес. Үкөсү ар кимден сурамжылап, таппай жүрөт. Билем, чогуу бездинер, бир көйдө бөгүп жатасыңар, коркок билиш кокуйлар. Балким, Ысык-Көлдүн далы күйгүзгөн кумуна оонап, калың териңерди түлөттүңөр...

Жума жаңырганда жалмаңдаган жанагыңыз жыландын башын кылтыйткан. «Ка-ап, сиз таптакыр жат кишиге кат жазып, абыгер чеккендейсиз. Терендеп, текшерсем, тигил комсомолдо эмгектенбептир, профсоюз жагынан, кебетеси. Баякыда окшоштуруп алдым окшойм. Сизди дагын шарыяттан адаштырып» – дейт.

О, өлүк-тиригиңе чычайын, мени тимеле мурду менен тынып, буту менен жылган маңыроо ойлогонубу? Таңырайган элеттик маңгелдин талпагын ташка жайгын деп, мүмкүн, көр акылды сиңдиме жылжытып сиз үйрөтүп жүрбөңүз? Ылгышкан итчесинен чурай жытташып, абзелжабдыгын саландата, шилекейин тамчылатып, колоктоп, салпылдаган «эл аралык деңгээлдеги» жалаптар!

Айчүрөк «агабыз жыл этегинде биротоло Индостанга көчөт, мага Бомбей, Кашмирди көргөзөт» дегендей даалдаганынан «этияттансаңчы, тең теңи, тезек кабы менен» дей салганмын. Кемпайыңыз «эжемдин түрү жаман, уулуна беттешсе, оттон ысык ойношум сууйт» дегенсип чочуган го!?

Иши кылса, куяш батышка баткыча тыбырчылап араң чыдадым. Куяш батышка баткандан кийин, аптоонун илеби тартылганда эрмегимди ээрчитип, үйүңүздү издеп илкип-калкыдым. Айчүрөк каттаган, Айчүрөктүн иниси каккылаган кулпулуу капка бей-бечарага бек бекенби? Же бизди бирөө аякка жолотпостон, көкүрөккө түртөбү?

Бүгүн карга бок чокубай, баса, эне-бала кыжылдашпасак, таарынышып, кайтадан табышпасак, перзентиме кол көтөрбөсөм, тоодой тобокелге көшөрүп бел байламак эмесмин. «Кол көтөрбөсөм» деп коём, кол көтөргөнчө, колум куурап, үзүлүп түшсөчү! Каралдым апкесине учурашмакка узактан арзып, астанамды аттаса, жарым айча ыркы-

ма көнүп, аваз катпаса, анан неге аны-муну дегиче, ачып-көздү жумгуча жаак талаштыра тартып-тартып ийем? Тарбияма баракелде!

Наети кечээтен бери сабагымды өксүтпөйүн дегенчелик кыңкыстады. Коштошуп, шыр жөнөчүдөй кузгун саарда ойгонуптур, карасам. Жаңжал ошонусунан, сапарга бейуруксат шайма-шайлыгынан тутанып, ырбабадыбы. Асыресе, айылга кетмекке кайышкан калкама кашаяр себебим анчейин, көбүнесе, эмдигиче жоопту создуктурган сизге итатайым тутулуп, ичимдин ачышканы айтпаса деле белгилүүдүр.

Кантсе да отуз биринде өпкөм өпкөмө батпай көөп, чимкиригимди жеңиме жанып, буркан-шаркан ээленгениме ыңгайсызданам, ушул саптарды чийгенче бармагымды кырча тиштеп өкүнөм. Сиздей дөбөткө корогон көөхардай гана ден соолук! Анткендин ордуна туягымды таенетаятасына убактысында узатып, кирели-чыгалы чарбамды кылдыратсамчы? Улук затымды кичиртип, кемсинипумсунуп, эшигиңизди эмнеге сагалайм? Шагымдын сынганы бир пул, арийне, боконогу толо элек өспүрүм балам жоругумдун жөнүн жөндөп-жөндөбөй, ындыны өчтү, тымызын солуктады, болжолумда. Алда кандай иш болду, таалайыма туш болду.

Курманжан Датка заманында мырза уулдарынын биринин Ошпиримдеги килейген тамын кыртышы сүйбөй, «эх, бачагар, түрмө салдыртыптырсың» деген дешет. Кудайдын кудурети, ошо там ушу азыр деле абак. Өлчөөсү өзүнө, лекин, сиздин үйүңүз андан ашса ашат, эгерим кемибейт. Мурдакы, татар-башкырга чейинки зайыбыңыздын балдары эр жетип, башка-башка түтүн булатса, жалгыз-жарым келдеге мынча орозгердин кереги не?

Овчаркаңыз арсылдап, үстүнө тикенек зым тартылган коргонго жакындагандан коркот киши. Бак-шак, чатырында чарадай антенна, чүмбөттөлгөн короoңуз сыртынан сырдуу зымпыят.

Иңир коюуланып, жымшык көздүн малканада окуганээлки ырындагы салыштыруудай, айлана атам кийген кара чапандын түсүнө туташ, жылчыксыз малынды. Жарыгыңыз жанбай, жаным кызыл өңгөчүмдө. Көлөкө-берекеме көшөкөрлөнүп, ага-буга алаксытып, даам сызып, жол-

дун аркы боюндагы тыпырайган ресторандын айбанчасында сагызгандай сак отурдук. Ал утур-утур «апа, кимди күтүп атабыз, салютка чукул» дейт. Ушундай убадалашканбыз, калаа четиндеги өң тааныштыкына тиймекпиз да, Эриктүүлүк күнүндөгү дүңгүрөгөн сары-жашыл, кызыл-тазыл салютка үлгүрмөкпүз. Ансайын кыпылдадым, «келсеңиз экен, бир кезиксек экен» деп астейдил тиледим. Терезени тиктегенден карегим талып, чачырап, бир-эки мерте байкабай күңгүрөнүп, күбүрөп-шыбырап, сүйлөнүп жиберген сыяктандым.

Ресторанда жуп-жуптар, топ-топтор топурап бийлешти. Адегенде батынбай тартындык, аягында аста-секин агымга сиңип, кошулуп бийледик. Өзгөчө, өзбекче күүкайрыктар аралашканда мектеп, малканадагы кече-отуруштардагыдай манжаларым карсылдап, тамандарым тарсылдайт. Майдан талдай ийилчээк балапаным мойнун каздай созуп, ооп-төгүлүп, шылкылдакты катырат турбайбы?! Ыргалган эркек-аял арбыган сайын ыргактуу музыканын добушу бийиктеди, сиздин маале заматта майрамдык шаан-шөөкөткө бөлөндү. Элдин арасында, көптүн карасында делбиреп, дарбазаңызга токтогон машинени кечигибирээк баамдадым, машинеден суурулган кош карааңды көздөй да кечигибирээк ынтылдым.

«Чурка чүрпөм, чурка» деп, ашыгып чуркап келатам. Оюнга түшпөй, омураң калсамчы? Куштай элтеңдеп, түпөтүзүк отурдум эле. Алдырарда-жаздырар, кайдан чыктым даврага – ортого. Орус-кыргызы жапырт, жабыла жаалап, айкайлап сүрөбөспү? Ресторандын ээси, чырымы уулумдан ушу үч-төрт жаш улуу, мартабасына маашыр, мөлтүрөгөн март жигит көз карандысыздыктын урматына олчойто байге сайып, опур-топур оголе кызыган оролдо, олдо жарыктык ай, «ой-бойго» келбей жүткүнүп шаштым, жүгүрүп качтым. «Чурка чүрпөм, чурка» деп, ашыгып чуркап келатам...

Дээрлик кууп жеттим, «агалап» артыңыздан акырдым. Некин, тыңдабадыңыз, тыңдасаңыз кылчайбадыңыз, карыш-сөөм ченемде көгүш боёк каалга «кыйч» бекилип, кожоюнун таанып̆ган овчаркаңыз бирдеме тилегенденби, жаланып-жуктанып, аянычтуу кыңшылап, улуп-уңшуду.

– А ну-ка, дай лапу? Дай лапу, говорю?! Молодец!..

Дай лапу, Дженифер?.. Ай-да, молодец, ай-да, умница! На, жуй на здоровье! (Канакей, шапалагыңды сун? Шапалагыңды сун дейм?! Азамат!.. Жениферге шапалагыңды сун?.. Ай, азаматым, ай, зирегим! Ме сага, ашаганга!)

Алагүү жаныңыз айбандын мойнунан сыга кучактап, жытташкандайсыз, элжиреп, булдуруктайсыз. Арада күүмөн жанбай, күйүгүп, алаканым ооруганча дарбазаны даңкылдата чапкыладым. Аш-паш дегиче аңкылдаган овчарка раваттын ичкери капталына эки аяктап асылып, тикеленип, сүзө капканга, үзө тиштегенге белен тешик издеп, ыркырап темир тырмады.

Билбейм, бизди билдиңизби же билбедиңизби, билгеним, күлтүйгөн макулугуңузду ууру-кески, чоочун жолоочуга алакүштөгөнсүп-айгактагансып, алакүштөп, жиншайтан даарыган делбедей арсаландаганча, далдоодо жер тепкилеп ыракаттандыңыз: – Вот так, вот так! Никого не пускать! Эту ночь я посвящаю лишь Дженифер, одной Дженифер! А ты, мой пёсик, друг мой, как обычно будешь нас караулить неусыпно! (Ушинт, ушинт! Эч кимди жолотпо! Ал түндү Жениферге гана, жалгыз Жениферге арнайм! А сен дөбөтчөм, достум, адатыңча экөөбүздү чаалыкпай күзөтөсүң!)

Канчалык кайраттансам деле иттин сүрү жаман, иттин иши ит, ичиркендим, калтаарып, тисерилдим. Кетенчиктеп баратып, майнап аккан билектей арыкка чалындым да, чалкамдан очорулдум.

– Апа, – деди каралдым кулатпай колтугумдан шап таяп, каңырыгы түтөп, каргылданып. – Айчүрөк эжеби? Ушунча зарыккыдай, Айчүрөк эжеде не муктаждыгыңыз бар эле?

– Садагаң... садагаң... салют!

Так ошобу ирмемде шаардын борбор тарабында абажарып, «тарс-турс» дүрмөт атылып, обого учкун-жалындан чачыла чачылып, чыт курсактар ызылдап, жан-дилинен жашалап, аламан дүргүп, Көкө Теңирге серепчилеп, алай-дүлөй азем башталды. Кудум кайгы-капаланбагандай, буйдалбай күбүнүп, буйруксуз түздөнүп, эне-бала жетелеше, кайдадыр кадам шилтедик. Айлананы курчаган кереметке убактылуу аңкайбаска, жамагаттын шарына чумкуп, жуурулушпаска чарабыз жок болчу.

– Ыйлагыла, кыргыздар, ыйлагыла! – деди оропарабыздагы аса таякчан абышка саал аялдап, ыраңыма үңүлө баккан тейден. – Ала-Тоо эркин, Ала-Тоолук ак калпак элибиз эркин. Ыйлагыла, кагылайын...

*Карындашыңыз.*
*Аяк оонанын бири (дүйшөмбү), 2003-жыл.*

**P.S.** *Ошентип, отуз биринчи август биринчи сентябрга айланды, жай кузгө жалгашты. Заман оошту, маанай чөктү. Таң ык салды, татты уйкудан бездим. Мурда китептерден ушундай сүйлөмдөрдү окуганда «бырс» күлөт элем. Жасалмадай сезилчү. Эми андайды керт башымдан кечирип турумун.*

*Кечээ менен бүгүндүн, бүгүн менен эртеңдин чеги ушунчалык жакын белем? Кечээдеминби, бүгүндөмүнбү, эртеңдеминби, айырмалап аңдабай, дабдырап, абдаарыйм. Жыйырма төрт саатта аптим жезкемпирдин аптиндей бырышып-тырышып, чачым куудай агарып кеткенсийт.*

*Айчүрөк мастенди эш тарткыча төбөсүнө беш тартсамчы, атаганат, каражолтойлугун илгиртпей туйсамчы?! Жалжакени перзентинен өйдө койгон сизге токонаалат! Деги ошонуңуз эмдетип-домдотуппу, сыйкырлатыппы, туруксуз табиятыңызды оңдоп, булганыч, жийиркеничтүү атыңызды «Токтосунга» өзгөртсө экен!? Ай, ким билет...*

*Эмкисин береги окуяны жаралуу жалгызыма канткенде этияттап түшүнтөм, дегеле мындан биякка кантип жашайм дегенчелик түнжурадым. Сизге дагы кат жөнөтүү кажетпи? Айранмын, айрылыштамын, болочогумду ой-санаам чендебейт...*

## Онунчу кат

А.Г.А.!

Сизге экинчи кат жазсам «майнекенин таз катыны болоюн» деп баякыда үйүңүзгө баргандан соң, апсалам сууп, абийирим аштай төгүлгөндөн кийин купуя каргандым элем. Бирок, минтип ооруканада жатканда адам эригет экенсиң. Аны-муну барактамыш этип мезгил карытам, көңүл жубатам. Үч маал үкөл, үч маал дары, үч маал тамак,

мындагы доктурлардын кан басымымдын өтө эле өтүшүп, өнөкөт өйдөлөөсүн ылдыйлатууга аракети күч.

Баса, кеселканага эс-учумду жоготуп түштүм. Асман-жер ашташып, айланкөчөк термелгени эсимде, куйрук улаш кыйма-чийме машиненин шарпасы, андан-мындан кобур-собур, үзүл-кесил үн чыкты. Көрсө, кырсык тоорунганда, миң сандаган кишинин арасынан каралашар тууган, күйөрман жок, «Афганчым» асыкатыптыр. Жүк арабасына сулкуйта жүктөп, жол бойлой Кытайдагы рикшалардай дикилдеп безип, буерге чапчаң жеткиргенин мурдагы күнү акыбалымды көргөнү бурулган баткенчи камерсант келиндер жарыша жабырап, шыпшынышты. Жанагынын эртеси айтса, баламды дулдуюп, унчукпай узатып, Айчүрөк экөөбүзгө тийиштүү сетканы жаап, баткендиктерге кошулгамын, көрпө-төшөгүмдү алардын батирине көчүргөм.

Палаталаш нарындык эже сөзмөр экен. Отуз жылы орус тили-адабиятынан сабак окутуптур, тоо арасында, тоолук балдарга. «Кыргыз, сурашса тууган чыгат» дегендей, сүрүшө таанышсак – сарыбагыш ичиндеги моңолдордонбуз дейт. Түштүк канаттагы моңолдордон, мындайча айтканда, бизден да кабардар, жөн билги, салт билги, ары сарасептүү, ары касиеттүү байбичеге кезиктим. Кандайдыр ылымсанаштык. Кыз-күйөөсү шаарда, кызматта. Нөөмөттөшкөндөй, бир күн – бирөө, эртеси – экинчиси «энекелеп» ал-жайын сурайт. Таң атса, алгач неберелеринин бешенесинен сүймөккө кызынын үйүнө, андан ары автобусчан Нарынга кетет, коштошобуз. Андыктан кыйышпай итабар ээрчишип, кылган-эткенибизди унутпай, өзгөчө жылуу ырабдайда, чечилип божурашкансыдык. Ошол эже «сүйбөгөнгө – сүйкөнбө» деп макалдатып, кара тумандай нычырган кайгымды бөлүштү, солуктатпай соорoтту.

– Азыр эркектин да, ургаачынын да моралдык жактан бузулушу опоңой, – дейт нарындык педагог. – Коомдун адамга карата талаптары жумшарды. Эркиндикке таянып, Батышты сокур туурап, биротоло этегибизди башыбызга кийдик.

Менимче, нарындык мугалим менен баарлашкан чактарымды дагы далай эстейм, сагынып эңсейм. Кеселди жалаң күчтүү дары ичирип дабалабай, олуттуу кеп-кеңеш аркылуу дабалоонун аргасы бардай...

А.Г.А., сизден көңүлүм үч көчкөн журттай калып, чакалайдын чак түштө бурандап мүргүгөндөн ажалга аралжы караштырам, асыл өмүрдү суудан сузуп отко, оттон сууруп кайрадан сууга салбай, өпкөдөй садага чаппай, кор тутпай, аспиеттеп асыроонун тууралыгын түшүнөм. Оорукананын Алайдын талаасындай короосу – жыпар-жыттуу гүлбак, өйдө-төмөн шагдам арыштап, беймарал сейилдөөчү саябандуу кыябандар ой бакканга, акыл пештегенге-токтотконго огожо.

Асыресе, мен шоркелдей, жалган жашоодо нака сүйүү даамын татпадым. Музоокана сойду, малкана ырысыма чычты, «бордоп семиртүү» усулу талкалады, убалым «Бүтүрүүчүлөр – бир тууган чарбага!» деген жетимишинчи, сексенинчи жылдардагы советтик саясий ураанга жетсин! Өлгөндүн үстүнө көмгөн демекчи, кызаргандан кыя өтпөй, «Шодокондун бүркүтүндөй» жутунган комсомолдук катчынын, ий-е, сиздин жибек торуңузга чалындым. Акыбети– мынакей!

Же чыныгы сүйүүм базарда каңгыган «Афганчыбы?» Карабайсызбы, боорукердигин, намыскөйлүгүн?! Коон-дарбыз, чыпта-кап ташыган арабасына саманбы-таарындыбы төшөп, кыңкайта жаткырып, лөкүлдөп түртүп жүрүп отуруптур: Дик-дик-дик-дик, дик-дик-ди-ик... Индостан киносундагы обондуу ыр. Аталышын ачык-айрым жазбадым. Көргөн эмессиз, көрсөңүз да маани берип, көңүлгө түйгөн эмессиз... Кулаган жерден жөлөгөн кишинин тукуму куруп, мертинсем, нетмекмин? «Кимди ким көрмөк, Быржыбайды там басмак».

Айыксам, Куда каалаcа, «Афганчыга» көмөктөшөм. Афганчылар бирлигине, генералдарга кайрылып, даттанам. Кабул, Мазари-Шарифтеги жаракаттарынын залдары го, нескаранык ы? Аракты да айда сокчу, азамат. Мүмкүн, кесепеттин тамыры ошондодур? Ка-ап, кантсе да, кабелтең жумуш аткарар, жараган жигитибиз тушамышта.

Шеригимдин алдына уулум экөөбүз Бишкектин тарыхый, орчун жайларында тартылган сүрөттөрүбүздү жайып, мактандым. Нарындык эже ырымдып, перзентиме ак батасын ыроолоду. Ошонун бирөө ушул конвертте, сизге жибердим. Шилекейиңиз чубурсун, ээрдиңизди каната тиштеңиз?!

И-баса, Айчүрөк кечээ базарга жылтырап башбагып, баткендик камерсант келиндерге эрге тийдим, чет өлкөгө баратабыз дегенчелик бапылдаптыр. Мейли, жолуңар ачылсын! Бирок, эмне үчүн бөлөк-бөтөн мамлекетке шайландыңар? Кыргызстандан силерди бирөө куудубу?

Айчүрөк бу чечимиңерди баткендиктерге жакында Борбордук Азияда жер титирөө өңдүү жаратылыш кырсыктарынын кайталанышы, атүгүл согуш, чыр-чатактардын ырбашы күтүлөт дегенчелик түшүндүргөндөй. Эл аралык бейөкмөт уюмдардын адистеринин эсебинде буерде жашоо бейтынч, калбалуу имиш. Анысын баткендик ортоктор-курбулар кеселканада кейиштүү жобурап, чычалап атышпайбы. Чычалабагыла, ортоктор, дедим, болочогубузду кокосуна кара таш, көзүнө көр топурак тыгылган ошобу салпетектер аныктамак беле? Келечегибиздин келкелин Жараткан эгемден жалынып өтүнөлү, пенденин колунан эсе котон жара да келбейт. Итти ээси, бөрүнү пири колдойт, ортактар. Бизге кастарын тигип, карөзгөйлөнгөндөрдү туш-туштан өрт каптасын, дарыялар ташкындап, жаан-жамгыр нөшөрлөп, эмерек-мүлкүн кургуйга куркуратып, текши агызсын. Бизди какшайт дегендер өздөрү какшасын, ылайым, бизге арнаган божомолу өз башына табылсын!

Нарындык бир боор алаканын ийиниме аста койгондо, ашепке сүйлөгөнүмдү аңдап, тып басылдым. Некин, жүрөгүм далайга дейре лакылдып, уйгу-туйгу туйлады.

***Карындашыңыз.***
***Аяк оонанын он бири (бейшемби), 2003-жыл.***

**P.S.** *Айтмакчы, айчырай Айчүрөгүңүздүн илгерки икаясын али эшитпесеңиз керек: «...Семетей, кийгени түлкү тебетей». Эмдигиде ошонусун жазам. Андан кийин катматка алаксыбай, буюрса, сыркоомдон таза сакайып, соодага жеңимди түрүнүп киришем. Анткени аксым атасы жериген жалгызымды тумшуктууга чокутпай, канаттууга кактырбай таптап, таалимге каныктырууга тийишмин. Түйшүгүм оор, жооптуу, амалейким, тагдырдын ушунусуна ыракмат.*

## Он биринчи же жөнөтүлбөгөн кат

А.Г.А.

Айчүрөк маалынан эрте турмуш курат. Сулуулугуна кызыгып, апыл-тапыл ала качкан айылдаш кабак баш, дүмбүл келдени – курдашын аёосуз чанат да, жолулаш жүк машинеге секирип минип, Фрунзеге келет.

– Сизге жалган мага чын, бир сапар күйөө болумушум койнума сийип койбоспу, – деген сиңдим, шылдыңдуу жылмайып.

Фабриканын жатаканасынын төрт чарчы бөлмөсүндө – Айчүрөктүн менчиктештирилген батиринде экөөбүз далай сырдашып, муңдаштык бейм. Жердешим да биресе мендей, барбалаңдап, курсагына таруунун даны жатпаган алаңгазар. Аңыз сөзгө ынак. Фабрика күчүндө кезинде үйрөнчүктүккө илешип, бара-бара ишин жөндөп, каныгып, ишкана таптакыр токтогуча, айласыз карайлап, айлыксыз жайдак калгыча андан түңүлбөгөнүн айтат.

Жумуштун жоктугунан ар ким өз бетинче оокат кылганга өтүптүр. Айчүрөк баштаган он чакты кымча бел, көрк-келбеттүү кыз-кыркын жатакананы жойлогон ортомчулар аркылуу бийчиликке жактырылып, акча тапмакка, даңкын жайылтмакка Дубайга учкан турбайбы. А Дубайдын жайы маалым – сойкулук. Бөтөн мамлекеттин чегин ансыз деле жасалма паспортчон аттаган маңыроо дөөдүрлөрдүн паспортун жулуп, бекитип, күң базар – секс базарга салышыптыр. Киресин төлөгөн эркек «өл» десе, «кыңк» этпей өлөсүң дейт. Айчүрөктүн Айчүрөк аты өчүп, Наташага көчүптүр, жыйырма бирдеги курагы отуз алтыга чоюлуп, оңдолуптур. Эмираттарда эреже ошондой – мөлтүрөгөн селкилер жандооч-коштооч адамдарсыз өлкөгө түк кийирилбейт. Анүстүнө арабдар советтик жарандардын баарын эле «орус» деп кабылдашат дейт го Айчүрөк. Ошентип, сиздин Жениферицздин дагы бир ысымы – Наташа. Дубайдан дубай салам, А.Г.А.!

– Араб Эмираттарындагы ыпластыкты кантип билбедиң, Айчүрөк?

– Эже, туура, азыр билишет, азыр белгилүү. Анда, сексенинчи-токсонунчу жылдардын тогошуусунда тополоңтоз, маалыматка чукак элек.

Асыресе, арадагыңыздын адеп-ахлагынын тайыздашын жалаң Дубайга төңкөө олдоксондуктур. Дубайга чейин анын гүлүн таежездеси асел аарыдай жабышып, соргонун уккамын.

...Айчүрөк Фрунзеден мындайыраак таежесин карамалайт. Таежеси дагын, таежездеси дагын майда кызматчы. Бирок, ошо жазда квартирачы кыргыздар көтөрүлгөндө, жашаялметтерге шаар чети – жаңы конуштан жер тийип, таежездеси жумушун таштап, тамдын дубалын тикелөөгө киришкен учуру окшобойбу. Кайбар саратан айлар, салкын күздө кышты да кынаптап согуптур, балдызын да эриктирбей, эрмектептир.

Кантем, эже, чүпүрөк көшөгөлөнүп, тең экиге бөлүнгөн ээн түздүктөгү чакан чатырдын төр тарабында эрли-зайып, улагада мен, – деп Айчүрөк кара күчкө жашып, өксүгөн. – Тигилердин деле ышкындай солкулдаган кырчын кези, тун баласын чоң ата-чоң энеси убактылуу асырап, салт-субай дегендей. Кудайдын куттуу күнү кур эмес – чопулдак, чапылдак. Талаадагы тай үрккүдөй. Кулагыңа пахта тыксаң да угулат белем. Былк этпей, дем тартпай, о кырымдан бу кырыма оодарылгандан заарканам. Тулку боюм кызытылган дандырдай өрт-жалын, төбөмдөн чыпалагыма дейре чылпылдап, арам терим шорголойт – кытыгылайт, итиркейиме тийет.

Бирде, түн жарымындабы, таңга жуукпу, таежездеси энеден туума жылаңач эшикке чыгып, даарат ушатып, кумгандагы сууга чайынат. Айдын жарыгында Айчүрөккө баары алакан отундагыдай даана көрүнүптүр. Булчуңдары буркуйган москоол жигит кийим-кечесиз кудум сүрөттөгү Атлантты элестетет. Арийне, айкелчи Атланттын ачачурайын учкай жабуулап, көздөн жазгырат эмеспи, ал эми жезденики дүңүрөйүп апачык дейт. Анан калса, төшөнчүсүн көздөй шыдыр кадамдабай, кыйгачтай жүз буруп, «кара, тикте, суктан» дегенчелик кашына биртке токтобойт бекенби. Анткенде Айчүрөк кирпигин ирмегенге кудуретсиз аңкайбайбы, өңү-түшү аралаш, алда-жалдасы унутулбайбы!? Таежездеси тажрыйбасыз жубандын абалын эң сонун аңдагандан, күрөшкө чамынган балбандай кең далысын күйшөп, немесин онду-солду бургап, жогортон төмөнгө, төмөнтөн жогору селкилдете сырактатып,

анткор кашкаят. Сиңдим ого бетер апкаарып, напеси буулуп, жамынган шейшебин төш-киндигинен эрксиз сыйрып, жалдырама тийгендей жалооруй багыптыр, заңгарга.

Таежем бекерден кыңшылабайт тура, тегинден кагылып-тегеренбейт окшойт дегендир, Айчүрөк коргошундай эриген ирмемдерде. Дээриндеги оюнан кысынып-уялбай, тымызын балкыгандыр. Асырес е, тереңдеп териштирбегем. Некин, чатырдагы алиги «көргөзмөдөн» соң балдызжан таежездеси эмне десе моюн толгобой аткарууга кыныкканын, тилин тырмабасам деле, бежиреп, шыпшынган ал. Үнү ичкерип, бакыраң карektери жалжылдаган.

Дегиңкисин, илимде колдонулгандай, карама-каршы жыныстагылардан, карапайым туюнтмада, эркектен жолдуу аялдар, тескерисинче, аялдан жолдуу эркектер болот. Айчүрөк дал ошондойлордон. Анын аягынын суюктугу ашкере, лекин, кандайдыр бир сүйкүм ажары, табышмактуу кылыгы менен арбап, ургаачы катары айлакер. Базардагы карасакалы да, көксакалы да, аксакалы да, жадегенде сакалсыз көсөөсү да ушуну аяп, ушунун сөзүн сүйлөйт, ушуга кир жугузбай бөпөлөп бөйпөңдөйт. Айдай чүрөгүбүзгө ак батабыз жугуп, байга чыкты, пейилине жараша бакыйган бактысын томоголоду, той тойлойбуз дегенчелик топурап, жапырт жашалап отурушкандыр, кесиптеш кызыл кулак соодагерлер. Ушундай кырдаалда эркектанага жагуу үчүн бир аз шайкелең мүнөз күтүү оңбу дегенге ыктайт экенсиң, кам сүт эмген пенде. Көкүрөк-көөдөнүң сыздаганын сураба.

Сиз дагын көптүн бирисиз, А.Г.А., күнөөсү жык шордуусуз. Өзүңүз тууралуу өзгөчө пикирдеги убагымды эстесем, жомоктогудай кыялга, китептегидей, кинодогудай чындыкка жетеленгенимди алейне түшүнүп, кейип-кепчийм. Көрсө, эч кандай артыкчылыктуу белгиси, кашка тамгасы нөл, Айчүрөктүн деңгээлиндеги гана карабашыл, айры аяктуу киши белемсиз.

Ошондуктандыр, сойкуга үйлөнүүнү чечкениңизге таңданбайм. Ишараттасам – элебедиңиз, кенебедиңиз, көзүңүздү май, көкүрөгүңүздү дарт баскандай. Отко айдаса, бокко качтыңыз. Чырайды чылап ичтиңиз, чурайды жыттап билдиңиз.

Эми Айчүрөктүн Эмираттардагы таржымалын – ырайымсыз кожоюнунун аксарайынан безгенин, түрмөгө түшкөнүн, мындагы таасирдүү туугандары киришип, элчилик аркылуу эптеп-септеп бошонгонун, термелеп, тарап-бутабай баяндап, убаралангым келбейт. Баары бир ишенбейсиз, ишенсеңиз – баары бир багытыңыздан кайтпайсыз, багытыңыздан кайтсаңыз – баары бир туягыңыздын болочогуна боор толгоп, үмүттүү карындашыңызга үйлөнбөйсүз. Баары бир, баары бир...

Асыресе, жайдан бери сизге кат артынан кат чүргөгөнүмө наарazымын. Бир кур бир сүйлөм жазбаган, телефон шыңгыратпаган, тек салам жолдобогон мамилеңизге ыраса иренжидим... Эгерде баденимде ар-намыстын уругу түгөнбөсө, тамыры кургап-соолубаса, анда береги кагазды жөнөтпөйм. Комсомолдук амалпараздарчасынан сиңдиме «компромат» издөөнү мага ким коюуптур? Уят-сыйытыма булдурсун камчы чаппайын, көралбас атка конбоюн!

Айчүрөк, түпкүрүндө макул таппаса, өтмүш-жазмышын көңүлдөшүнө жашырбай айтып берер, балким, эмдигиче айтып деле бергендир. Анысында менин жумушум канчалык, тиешем канчалык? Башыңар баш, багалчагыңар кара таш!

Теңир-Тоолук, нарындык мугалим эжей кечээ коштошуп, колумду кармап, «аманат бириккен, арсыз ашыктарга теңелбе» деп өтүнгөн: – Дегеле агаңа жоопсуз кат жазганыңды ташта. Кат дилиңди сабыркатат, берекеңди учурат.

Каттарымды жан соогадай баалаларымды жаңы таанышжаңы тууганга жандырып бышыктаганга убакыт тар, унчукпагам. Турмуш бүткүчө кат бүтөрбү дегендей ишенимде жүрчүмүн. Бүтөт экенби, бүткөндө да минтип жалынсыз быкшып-түтөп, күтүүсүз бүтөт экенби. Акыйкаттан, миң, түмөн сайлуу түгөнгүр жашоону батман-батман барактарга чыпчыргасыз батырууга көшөргөнүм, дүйнөнү «сен-сен» дешим, ага тажаалданып атаандашуум акылга сыйбас. Эсим бүтүнүндө этегимди жыйганым эптир.

...Мээрбан кыз – медсестра чыңкылдап, тартибинен жазбай, дарысынабы, үкөлүнөбү чакырды тариздүү. Коридордо кобур-собур, дабыр-дүбүр. Керебетти таканчыктап козголуу, умсунбай, улуу-кичүүгө кошулуу буюрсун. Жараткан эгем бир тиштем насибин атаганын жадынан чыгарбасын?..

## Он экинчи кат

Баштагы апта баштаган катымды аяктабай таштап, сумсая сустайып, өзүңүзгө жөнөтпөй, түзөлбөстөй ардандым элем, арийне, дагы бир сапар почтанын жашигине жакындоого аргасыздаймын. Шыпакананын жамбашты көгала берчтеген эмдөөлөрүнөн кутулуп, базар араласам, келиндер ортодо каттаган бирөөлөр аркылуу жиберилген уулумдун салам катын сүйүнчүлөштү. Кагылайын, кадимки чоң адамдай ой жүгүртүптүр. Сыягы, айрым бүтүмдөрү сизге да түпөтүз байланыштуудай. Андыктан үтүр-чекитин сыялап чийип-сызбай, түп нускасын салуудамын, дарегиңизге. Периштедей наристенин көз карашы. Кабылдайсызбы, кабылдабайсызбы– ыктыярыңыз. Кошуңуз.

*Аяк оонанын он тогузу (жума), 2003-жыл.*

*«Апаке, өткөндө шыр келдим. Чычкандын ичинен балык жедик, Шамалды-Сайдын тушунан чай ичтик, андан башкасында «кайдасың, өскөн жерим» деп зуулдап, сабаладык.*

*Таята-таенем, Жалал-Абаддагы тагамдар жалпы саламатта турушат. Күз – күрөш, буудай чабылып, беде орулуп. Жакында шалы жанчылат, төрт түлүк жайлоодон түшөт.*

*Классыбызга тажикстандык качкын үй-бүлөдөн бир кыз кошулду. Мурун, адегенде, Ноокат тарапты байырлашкан экен. Эми биздин айылдык карын бөлөлөрүнө ыктап, биякка көчүшүптүр. Экөөбүз бир партада отурабыз. «Ошо тажик перини аласың»,– деп тамашалайт таятам: – Темирхандын жылдызы Санирабигага үйлөнгөн Манас бабаңдан эмнең кем?*

*Апа, айтса, Бишкекке барбайм, калың өткөргөндөй пул өткөрүп, юристтикке окубайм. Жакын аралыктагы Жалал-Абадга же Ошко тапшырам. Не электир, не телевизор оңдогонду үйрөнөм. Бишкектеги кымбат жашоону көрдүм го, кыйналабыз.*

*Анүстүнө таятам сизди артка, кыштакка чакырып атат. Кайтсын, «камерсиясына» тойдум деди. Карыдыкарыдык. Тешелеген жер иштетилбей, коко тикенекке кө-*

*мулду, мал багылбай, ар кимдин үйүр-бадасында. Иштетсин дейт жерди, баксын дейт малды.*

*Баякы, эки кабат тамдагы окуяны уккандан таенем менен таятам кейип-кепчип, кемшеңдеп, жаш сыгып, улам майда-чайдасына дейре такып сурап, эсимди оодарды. Айчүрөк эжени жетелеп, коймолжуп, оолжуган шүмшүк атам турбайбы? Урдум ошондой атаны! Бешенеме бүткөн атам да, апам да жалгыз сизсиз, апажан! Куркуйган куу чиренди неге издедик, неге көтүнөн чуркап, көкүрөк күйүктүрдүк?*

*Таятам мерездин кыйшык, кыңыр тарбиясын сындады, үчкан уясын ашатты. «Жакшыдан жаан, жамандан мөөн» дейби, кыскасы, жамандан жакшы сейрек туулат, «алма сабагынан алыс ыргыбайт» окшобойбу. Таятамдын ныктап бекемдөөсүндө, паракордун баласы кекиртеги кернейдей паракор, арам жемсөөнүн балапаны – сукулдап арам жемсөө. Булардын тукуму палагды – сасыткы.*

*– Ийне жуткан иттей кынжыйган, кысталак. Совет мезгилинде дагын, эгемендүүлүк доорунда дагын үзөңгүдөн буту тайыбады. Жетектөөчү күчтөр алмашканда гана заман өзгөрөт, күүлдөгөн толкун, күжүлдөгөн муун, шамдай жанган азаматтар бычакка сап, жаңы өнүм өндүрмөгү талашсыз.*

*Мага эсе кебе курсагы салаңдап, ташбакадай тайталактаган тариз элестейт. Укпас керең, үнчүкпас дөөпөрөс, унутчаак дөдөй. Э-э, энеңди баланча, күпшүңдаган кубулма!*

*Таятам моңолдор уруусунун санжыра китепчесин Бишкектен астейдил караштыруумду табыштабай кашайып, алигиде эсинен «тарс» чыгыптыр. Ошого наалыйт, карыя. Кээ бир санжырачы аалымдар моңолдорду оңго кошот, кээ бирөөлөрү Наал эженин урпактарына такайт имиш. Көөнө тарыхта Улуу Могол өкүмдарлыгы болуптур, Могулистан өлкөсү болуптур.*

*Аксакал Европа-Азиянын күлүн көккө сапырган жапырактарга алакабыз барлыгына корстондой компойду. Некин, жанагы китепчеде баскан төтө, тарткан азабыбыз акы-чукусуно дейре баяндалса керек эле дегенсип кыжалат.*

*– Уругуңа кызыккандарга моңолдор дегин, кубатым. Келдеңди шылкыйтпа, салбыраба? Жээн-мээн, бөлөк-бөтөн эмессиң, накта биздин топтонсуң. Жанкечти Түрк энеңе кыйбай, түлөгүңдө боорубузга кысканбыз, суу сурасаң, сүт уурттатып алпештегенбиз.*

*– Моңолдор – чала кыргыз дешет го, таята?*

*– Чала кыргыз? Таза кыргызды тапчы маган? Моңолдор – элдин уюткусу. Чыңгызхандан нөөкөрлөрүнөн, ноёндорунан тарасак жаманбы?!*

*Ал буурул сакалын сол колунун ичи-сырты менен алмак-салмак жанып, саамга дымып, үзүлгөн кебин кебелбей улайт: – Кыргыздын бүтүндүгү омуртка курулушунда, курамалыгында. Кырк тайпанын ар бири өзүн таза, башканы чала кыргыз санайт, түп насилин далилдөөдө түк бүтпөс, кызыл чеке кырчылдашка кириптер. Акыбетинде анысы да, мунусу да кыргыз, бир камыртуруш – ачыткы, бир угуттан жаралган журт.*

*Таятам жайгерчиликте Ош, Жалал-Абад ортосундагы отуз уул-ичкилик урууларына катышыбызга, куда-сөөктүгүбүзгө саресеп салмагын оодарды. Бүгүнкү тажикстандык качкындар, маселен, атамзаманда калмактын кысымынан «Гысар, Көлөп кирген» кыргыздар экен. «Казак кайың сааганда, кыргыз Гысар киргенде» деген ылакапты оозанды, жан атам. «Калктын эс-акылында сакталган укмуштуудай уламыш кептерди, даанышман өлөңдөрдү жаттасаң, өнөр үйрөнсөң, бокмурунум, турмуштан сөзсүз озосуң» деди.*

*– Апа, айтмакчы, «Өнөрлүү өлбөйт» апсанасын тыңдайсызбы? Балким, эшиткендирсиз?*

*«Илгери-илгери байдын уулу менен өнөрлүү жарды жигит кезектешип аш жешмек болуптур. Мелдештин шарты боюнча бир күнү бирөө, экинчи күнү экинчиси палоо демдетип, бирин-бири сыйламагы парз эле. Ошентип, экөөнүн кимисинин байлыгы мурда түгөнсө, башкача айтканда, палоо бастырганга мүмкүнчүлүгү келбей калса, ошонусу жеңилмек да, жардаган күбөлөрдүн алдында ишпалдасы чыгып, өлөөр өлгүчө тили кыскармак.*

*Дөгүрсүгөн бай баласы томаякты утуп алаарынан күдүктөнмөк беле. Атасынын казынасынан күрүч, мурч,-*

*эт ташытып, өз кезегин бейкапар өтөй берди. Өнөрлүү кедей жигит да өнөгүн бош кетирбей, убагында палоосун даярдагандан жазбайт.*

*Арадан далай мезгил өтөт окшобойбу. Байдын казынасы кемигенден кемий, бөксөргөндөн бөксөрө бериптир. Кедейдин дегеле итке минээр түрү жок дейт. Тескерисинче, күндөрдүн бир күнүндө, убакты-сааты жеткенде байдын баласы атасынын ошончолук мал-мүлкүн чачып бүтүп, бир казан палоо жасатканга эчтемеси жок карайлаптыр.*

*Ошону көргөн көпчүлүк өнөрлүү жигитке минтип кайрылат:*

*– Мынча байлыкты кайдан, кантип жыйгансың?*

*Анда өнөрлүү жигит айткан тура:*

*– Менин бар байлыгым – өнөрүм. Байдын эрке талтаң уулундай даярга тап койбой, бекер оокатка качырбай, өнөрүмдү аркалап, палоого керектүү азыкты күнүнкүсүн күнүн бешене терим менен иштеп таап, үлгүрдүм».*

*«Өнөрлүү өлбөйт» деген накыл сөздүн теги ошол окуядан улам деп карпаңдайт, жарыктык.*

*Энеңди бустанча ата сөрөйдүн папа-мамасы, апа, садагасы Совет тушунда деле таятама салыштырмалуу оокат-орозгерлүү жашаптыр. Бирок, ар кимдин ырыскысын олуп-чолуп, бай баласындай манчыркап жашаптыр. Абийирсизге ныпым ишенбеңиз, асти сүйбөңүз? Ат тизгинин айылга буруңуз? Таенемдин, таятамдын эрки ушундай, коргоолдон экчеген төлгөбүз да ушундай.*

*Абийирди сатпай, байлыкка тунуунун же байлыкка тунуп, абийирди сатпоонун амалы кана? Неге экөө айкалышпайт, сөзсүз айбаштырылат?*

*– Каралдым, буга мээ чарчатканга али жашсың, – дейт таятам жарым ачылган калбык илебиме багып, айдар көкүлүмдөн аяр сылап, а көрөкчө чынындагы айран-чалабыңды шыпка дагы, чымын-куюн тызылдап, мектебиңе шашыл.*

***Урматтап, уулуңуз.***
***11-сентябрь (бейшемби), 2003-жыл».***
***2003-ж.***

# ГАЗЕТЧИК ДЗЮЙО

*(Орусча аңгеме)*

*Отцу Пазылу,*
*матери Букеш посвящаю.*

**Автор.**

Ясно было сказано ему, Газетчику Дзюйо, не задерживаться на базаре дотемна. Не задерживаться до той, до боли знакомой суматошной сутолоки, когда постоянно озабоченные об одном и том же, а именно, о выгодном сбыте, о перепродаже втридорога имеющихся в наличии товаров, базарчи-продавцы, с ловкой ухваткой упаковав «неликвиды», то бишь остатки, в большие и малые тюки, кто на тачках, кто на приспособленных для грузоперевозки колясках, словом, кто во что горазд, начинает увозить все свое с собой. Они, усталые, от того и хмурые, мелкие торговцы уставленной ширпотребом «барахолки» обычно расходятся в два счёта, врассыпную, молниеносно растворяясь в столпотворении пешеходов и машин близлежащих площадей, опять-таки кто по семейным очагам, а кто по арендуемым на время ночлежкам с тем, чтобы завтра, с первыми же петухами воротиться назад. Черные грозовые облака, надвигающиеся с существующих четырех направлений одновременно, вдогонку, стремя в стремя, будто бы поспешавшие путники в неизвестность, пришпорив резвых коней с поразительно-подозрительной стремительностью наступающим нынче зимним вечером не прочь преподнести самые что ни на есть сюрпризы в условиях не совсем устойчивой, скорее, хрупко-переменчивой погоды. Во всяком случае, теперь тоскливо ждать-пождать очередного обильного снега в относительно теплом азиатском мегаполисе, поверьте, не приходится. Затем, понятное явление, ударит отрезвляющий трескучий

мороз, мороз – красный нос, усиливаемый резкими атмосферными давлениями в сторону ниже нулевой отметки по Цельсию. И вновь в оледеневших асфальтах свежезаснеженных аллей, сквериков зажиточных, согласно внешне-визуальным признакам, городских жилищных корпусов стартует бесконечная беготня на коньках, скейтах да санках, зачастую без оных, других и третьих, отрадной от любой, свободной вне опекунства возможности озорничать, покататься и порезвиться в прохладно-чистой среде, детворы.

Кстати, большинство тех беззаботных мальчуганов и девчушек годятся в сверстники Газетчику Дзюйо. Тем не менее, им неведомы его занятия, для них маленький постоялец из не очень-то спокойного, с точки зрения общепринятых норм поведения жильцов, общежития на отшибе, некогда гремевшей на необъятный Союз трикотажной фабрики является лишь «чужаком», «деревенщиной», еще кем-то, еще чем-то... ну, этаким никчёмным, второсортным голодранцем. То и дело возникают стычки между ним и стаями местных ребятишек на протяжении обязательного ежедневного марш-броска: от дома до рынка, или же, наоборот, от рынка до дома. Жаловаться на шаловливых контрстрайщиков некому, и ни к чему. Никто в околотке не собирается отругать обидчиков как следует, заодно заступаться за него. Куда сироте до упитанно-ухоженных отпрысков благополучно-состоятельных особ?! Он этим интеллигентным господам и госпожам, в буквальном смысле, сапоги трёт. Богатых не судят, богатым служат. Богатство от Бога.

А у тёти – старой девы, как она сама себя нарекает и в чьей крохотной комнатушке, доставшееся ей, молодой ткачихе-ударнице в эпоху советских пятилеток, Газетчик Дзюйо, уроженец отдаленного населенного пункта обрел приют с позапрошлого года, – никогда не накопятся кучи денег, которых куры не клюют. Никогда не появится возле неё никудышный, даже хромой на одну ногу, слепой на оба глаза кавалер, стало быть, никогда никакого потомства не будет.

– Я молю Аллаха, парящего в недосягаемом, седьмом слое Вселенной о том, дабы он оберегал тебя от напастей

разного рода и свойства, – не устает пять раз в сутки взывать к Создателю тётя. – Оберегал, – говорит, – ради памяти отца твоего, рано распрощавшегося с нами, ради матери твоей, сбежавшей из аила за три девять земель, ради дедушки и бабушки, доживающие отмеренное разумному существу столетие среди далеких гор и близких сородичей, наконец, ради меня горемычной. Если на чистоту, то я к тебе отношусь не как к племяннику, а как к сыну родному, выходит, покамест оказываю посильное содействие потенциальному кормильцу в недалекой перспективе. Вырастешь – не выбросишь старуху на произвол прозябания и нищеты?

Дальше последуют повествования о злополучной мотоциклетной аварии, приведшей к невосполнимой утрате, утрате старшей сестрой двадцативосьмилетнего, красивого, здоровенного жениха, также о несправедливых, нелепых, по сути, обвинениях, несусветных измышлениях, преследующие в те окаянные месяцы по пятам несчастной невестки. Воистину беда одна не ходит. Дело в том, что напарник, который сидел тогда за рулём и остался в живых, без существенной царапинки, был её школьной любовью и другом семьи. И предположения моментально обрастали различными подробностями: почему один сразу испустил дух, а с виска второго даже не упало волосинки. Да, пили – кто не пьет дармовую водку, тем паче опосля успешной стрижки овец новоявленного фермера-однокашника, пользуясь приватизационной вакханалией девяностого десятилетия, прибравшего к собственному распоряжению кошару бывшего колхоза вместе с отарами, да, кто спорит, – дорога не ахти какая, однако, запросто ездят же сельские водители по ухабам без намека на смертельную катастрофу!? Глянь, вдова погибшего беременна, значит, плод зачат не от мужа – хотели скрыть несмываемый грех, непростительный проступок, и так далее и тому подобное.

– Бедная, бедная сестра, в бескрайней Сибири не только и не столько нашла спутника жизни, сколько покоя в восприимчивой душе. Со сходными присловьями, она дает волю бабьим вздыханиям. Естественно, по заведенной уже привычке.

Жаль, что Газетчик Дзюйо не послушался, не внял её мольбам. Целесообразно было бы покинуть зону несмолкаемого галдёжа в аккурат, памятуя назойливо умоляющие тётины советы и наставления, упорно не находиться, не мёрзнуть после кошмарных предутренних бдений, сопровождаемыми надсадными кашлями, на продуваемом течениями ветров «пятачке». Попытаться попасть, на худой конец, в вяло курсирующий вкруговую микроавтобус, несмотря на нескончаемую давку в нём и перебранки, переходящие в оскорбительную ругань вечно недовольных чем-то пассажиров. Он, по обыкновению, пешком возвращался домой. Предстояло отшагать предназначенные на сегодня версты.

В отместку за ослиное упрямство сейчас каждый короткий шажок давался проголодавшему мальчику с тонкой шеей и вздутым животом не просто, шёл измотанный Газетчик Дзюйо вразвалку, словно шибко пьяное чудовище, порою казалось, что вовсе не двигается по заданному ориентиру, а топчется на том, с позволения назвать, рабочем месте в ожидании желанного клиента. Бывший ученический ранец, использовавшийся сначала в качестве сумки для разноски газет по автостоянкам, в настоящем набитый до отказа торчащей за уровнем тесёмки деревянной подстилкой, щетинистыми щетками, засаленной тряпкой, тюбиками крема чистильщика обуви становился намного тяжелее, чем всегда, чем оно есть, в самом деле.

Тем временем, он поскользнулся на небольшом крутом спуске, безнадёжно потеряв равновесие и ударившись копчиком об лёд, резиновым мячиком закатился вниз. Благо, кто-то из прохожих подсобил встать, выпрямиться с бодрыми возгласами: «Разве джигиту пристало плакать из-за пустяков?» и, видимо, узнав его, тихо, почти в ухо прошептал: – Терпи Дзюйо, атаманом будешь!

При падении сильно расшибся, во внутренностях что-то оборвалось, наверняка, случилось нечто неладное. Вмиг, так часто происходит, раскусил язычок нёба, и наполнилось водянистой жидкостью полость рта.

Невероятно, не было охоты отдышаться, оглянуться. С ходу, небрежно отирая грязным рукавом давеча изношенной, мешком висевшей на нём фуфайки сопли, слёзы

и кровь на изрядно испачканном, точь-в-точь у циркача-клоуна вымазанном красками, лице, превозмогая тупую, нестерпимую боль с трудом, запыхавшись, он шёл уже под крупными хлопьями свалившегося в одночасье сверху снегопада, обливаясь при том вязким холодным потом.

Кругом смеркалось. Заметно запустели тротуары по мере удаления от активно деловых кварталов с внушительными щитами – билбордами, призывающими непрестанно курить, не колеблясь лечиться от наркомании, не откладывая в долгий ящик лезть в кабалу успешно развивающихся, – если верить наружной рекламе! – банков и сетевых маркетингов. Крайне редко попадались встречные, попутчики, торопливо обгоняющие его. Поубавился моторный гул и лязг колёс транспорта. Он шёл...

Безрассудно захотелось бедолаге на крыльях долететь, дойти до узкого коридора «малосемейки», освещённого тусклыми лампочками, открыть дверь квартирки и, не раздеваясь, как подкошенный хворост в поле лечь в постель. Не хотелось делать лишнее усилие, ничуть не упоминая о такой монотонной ходьбе с ношей необходимых орудий добывания куска хлеба насущного.

Надо же так ослушаться!? Он шёл, шёл «навьюченный» рюкзачком на лямках...

Вдобавок зародилось и распирало грудь почему-то неотвратимое желание увидеть в сию минуту бородатого земляка, переночевавшего у них тремя неделями раньше. Обещал же он навещать их, подчеркнуто нежно обходился и с тётей, и с ним. Оказалось, что незваный гость по отбыванию наказания в тюрьмах и поселениях исколесил половину Евразии в поисках счастья. Однако, краше, хлебосольнее края, чем Отчизна не нашёл.

– В Чечне не воевал против федералов, с террористами не якшался, – разоткровенничался в непринуждённом разговоре приблудившийся странник. Вернулся, похоже, всерьез и надолго. Жениться, обзавестись с хозяйством мечтает.

– Прежде, – заметил новый родственник,- найду себе подходящую работу.

Впрочем, в ту ночь Газетчик Дзюйо постиг тайны бытия глубже, чем положено несовершеннолетнему ребятёнку.

– Мой жеребеночек заходит, – вскрикнула тётя с порога, весь в нарядах, сияя невесть откуда нагрянувшей радости, размеренно разливая по чашкам чай цвета жаркой летней поры. Незнакомый тип с доброй физиономией и достойным ростом, походивший на муллу, чем на заключенного с солидным сроком за подозрение в убийстве, удобно расположившись за ужином, привстал со стула и важно протянул правую руку: – Давай, познакомимся парень?!

– Газетчик Дзюйо... – выпалил несмышлёныш второпях, проворно протягивая обе ручки в ответ, и очухавшись, густо побагровел.

– Да... по-дурацки как-то... прозвали приезжие дальнобойщики, – проявила сообразительность тётя. – Картавый карапуз, бывало, бравым шоферам развлекательные издания таскал...

– Почему по-дурацки? Ранний Айтматов. Восток – Запад, Запад – Восток! – воскликнул гражданин грамотей, не выпуская запачканные в пятнах, затвердевшие пальчики последнего, здесь же, подобострастно, мягко улыбаясь, не преминул заикнуться: – Метишь в знаменитости!

Газетчик Дзюйо отрицательно мотнул головой:

– В президенты ни за что!

Нежданность-негаданность заявления чумазого молокососа, по всей вероятности, перепутавшегося персоналий, с вполне серьезной манерой, в пораженчески-унылых тонах, спровоцировала взрослых вскользь потешиться над ним.

– Мы-то, простаки, понадеялись на тебя, – как бы обиженно опустился обратно на стул дяденька.

– Понимаете, – не унимался Газетчик Дзюйо, – доля президентская, по дедушкиному...

– ...неблагодарная доля, – подхватила тётя. Он посмотрел на неё в знак признательности за подсказку: неблагодарная доля, понимаете? Дед говорит, лучше, говорит, скот пасти, чем управлять народом. Ибо, разношерстному люду никак не угодишь, раз не угодил – принимай проклятия в адрес вплоть до не явившихся дотоле на белый свет праправнуков.

– Вот где окопалась непримиримая оппозиция! – грозно стукнул «бородач» по столу и разошелся раскатистым чистосердечным смехом.

– Дед поясняет, – продолжил Газетчик Дзюйо с невозмутимым характером, преднамеренно не обращая на почти шутовское лицедейство собеседника внимание, – что предки наши лишились очень многого, хотя в давние – предавние века слыли падишахами, ханами-владельцами безбрежных территорий. Беспрерывно власть делили, брат казнил брата. В результате бесстрашное племя до сих пор не оправилось от роковых ударов участи – нас мигом возьмут и поместят, коли захотят, в единственной юрте...

То ли оттого, что его не выслушали с подобающим приличием, то ли подсознательно почувствовал неловкость за высокопарные, весьма спорные утверждения, то ли вспомнил горячо любимого дедушку-сказочника, в силу недуга в суставах передвигающегося в пределах ограниченного пространства с посохом и с помощью несдающейся покуда порядкам старости бабушки, то ли подействовало изначальное, иное, третье – чохом, короче, он вдруг горько зарыдал наклонив головёнку на грудь тети, не стыдясь постореннего человека.

Вскоре посторонний человек предложит, что, переждав гололёд и сугробы на трассах, весною, лучше поздно, чем никогда, съездить втроем в милые отеческие пенаты – подарить старикам столичные сладости, подбодрить присутствием, поддержать финансами и самим отдохнуть в лоне неописуемого ландшафта. Побродить, в частности, по южным равнинам, где к концу марта целиком расцветают душистые маки, предвестники оттепели – необратимой смены климата: – Твой дед – мудрый аксакал, я его прекрасно помню. Изумительные вещи поет под звук мелодии комуза – закачаешься! Насладимся древними сказками о батырах и акынах рот разинув. Родители в честь приезда наследника зарежут барашка, накормят нас вкупе с приглашёнными по исключительному поводу односельчанами жирным мясом.

Посторонний человек, выдержав непродолжительную паузу, поднялся, приблизился вплотную к ним, присел на корточках и, осторожно обняв их, изредка всхлипывающего Газетчика Дзюйо и озадаченную обстоятельством тётю, в охапку, произнёс надтреснутым голосом:

– Нет надобности, грустить, родимые. Чуть-чуть, и нам крупно повезет.

Сволочь, не сдержал слово!

Отчего мужики становится сплошь и рядом безответственными? Спозаранку, например, некий щеголь с корзинкой цветов на полном серьезе решился было за добросовестную чистку, мол, вызван к официально-торжественному свиданию, заплатить с лихвой. Постарался Газетчик Дзюйо изо всех сил, аж, вспотел. Заблестели пара коричневых ботинок, впрямь, кокарда со звёздочкой на командирской фуражке. Смотрит, вылощенный франт, не вынув из кармана ни копейки, презрительно-равнодушно направляется к остановке. Бедняга, айда, за ним с протянутой ручонкой:

– Бай аке, уважаемый, имущий родич, оставьте хоть что-нибудь, дома тётя гриппует, с высокой температурой слегла, на лекарства не хватает, в больницу без предоплаты не пускают, бай аке, сжальтесь, сделайте почин, бай аке?

С превеликим одолжением, но, перед тем, как заскочить на маршрутное такси, тот все-таки положил на протянутую лапу просящего, вернее, требующего кровное, чистильщика, миниатюрную расческу в инкрустированном футляре. На глазах бесправной обслуги, особенно, нелегальных наемных разнорабочих из провинции – тачников, грузчиков, мойщиков, разыгрываются и похуже сцены.

Под занавес Газетчик Дзюйо сдал сборы за занимаемый уголок метр на пятьдесят сантиметр, рассчитался просроченными долгами за «лобное» тётино место. Что поделаешь, ячейка в торговом ряду под навесом пустует, из-за болезни она не в состоянии развешивать её, как правило, разноцветными платками, обложить ходовыми шмотками, в основном, кустарного производства. Не хватило мелочи, расческа пригодилась. Взяли. Импортная, говорят, вещь, значит, в цене. «Покончено, базарком к нам претензий не имеет» подумалось ему в пути не без порыва удовлетворённости собой.

Он шёл, шёл неотступно. Пересохло в горле от жажды и першило от частого кашля. Он шел раздраженно, расстегнув верхние пуговицы рубашки... Ковылял...

Вообще-то, тётя дорожит им. О нём с жаром поведала тому хитроумному калифу без четок и чалмы:

– Вовсе не прихлебатель, не обуза, напротив, незаменимый помощник. Худо-бедно, под присмотром. Нет ему и девяти лет, а зарабатывает понемногу. Возмужал. Забрала его к себе, вначале отдала в лицей, к сожалению, меня непогашенные проценты кредита заставили врасплох, замучили до изнеможения, ко всему тому, мои хвори мешают полноценно раскрыться в коммерции, а с сентября паренек перестал учиться. Способный, схватывает на лету. Получи, дитя, образование, в достаточном объеме, пошёл бы неуклонно к вершинам науки, прославляя нас, униженных до неузнаваемости бесчеловечными канонами текущей действительности.

Тут он облегчённо вздохнул, зашагал увереннее. Про себя тёте отдал должное. Не унывает, не впадает в хандру, какая-то одержимость что ли?! Неспроста твердит следующее: Сюда умирать не приехали, тем более, клянчить, питаться объедками из помоек. В Бишкеке наше спасение. Нам больше податься некуда.

Ухажера-вертопраха она коснулась лишь единожды. И то мельком. Приснился он ей на днях. Угрюмый весь, – говорит. – Не осуществиться его наивным планам! Вон сколько с университетским дипломом специалистов не у дел!? А неграмотному провинциалу с сомнительным прошлым не выкарабкаться из дна, везде – непреодолимые барьеры.

Внезапный порывистый поток воздуха вперемежку с заблудившимся в квадратах высотных сооружений снежным степным вихрем едва не сдули Газетчика Дзюйо с поверхности почвы. Зашатался, задыхаясь, сердце запрыгало вверх. Несколько секунд застыл на острие мощного шквала, разбалансировав утлое тело, стараясь не качаться, не упасть, не захлебнуться, потом, спешно, что есть мочи, уходя влево, укрылся зависавшими ветками, перевел дыхание, прислонившись к шершавому стволу огромного, в три обхвата карагачёвого дерева. Тем и, наверное, спасся.

– Ты мне не отец, – пробормотал он вослед за просвистевшей пургой, сидя спиной к дереву, – ты мне не отец...

Под карагачём, отхаркиваясь мокротой, казалось бы, в канун личной драмы, Газетчик Дзюйо не переставая, повторял неотвязную мысль вслух, как укор кому-то, как заклятие: – Ты мне не отец...

В ту незабываемую ночь он, вправду, наслышался всякой всячины. Как назло, не закрывались очи, не прилеплялись ресницы – искусно делал вид, что спит и изредка посапывает за обветшалым шифоньером, искусственно разделяющим комнату на две самостоятельных спальни, а сам невольно мотал на ус историю за историей. Ничего себе, тётушка была «почтальоном» у влюбленных, мама пересылала письма и послания с потаёнными чувствами, посвященные избраннику молодости через неё, о тот – пылкие воспевания зазнобе! Из книг поэтов целые страницы переписывал.

Невзначай встретились двое, детство и юность которых протекали в непосредственной близости, параллельно, бок о бок и приглушенным тоном предавались умиленным воспоминаниям, судили и рядили смачно. Газетчик Дзюйо извлекал из них полезные сведения потому, что они отчасти касались и его.

– Клянусь будущим и светлым образом товарища – пацан не мой, – подтвердил вынашиваемые догадки малыша затейливый рассказчик, простите, словоохотливый болтун, заново описывая в деталях трагедию девяноста четвертого. Сокрушался, что, мол, с треском отвергнут судьбой – злодейкой, излил досаду, главное, беспрестанно изъявлял желания исправиться.

Мужчина есть мужчина, дескать, мужчина неисправим. Он в ходе душевной беседы, ни с того, и ни с сего, настоятельно стал уговаривать тётю, добивался чего-то невозможного. Она наотрез отнекивалась, ссылалась на незыблемые традиции, на бракосочетание по-мусульмански – нике, которое совершается в мечети при стечении свидетелей. Попыталась успокоить и вразумить распоясавшегося холостяка тем, что-де, племянничек учует их непристойные деяния, это, ей-богу, негативно скажется на его правильном воспитании. Но, не тут то было. Нечаянный претендент на женскую благосклонность душераздирающими «джаным» – «душенька», кажись, сломал от-

чаянное сопротивление неизбалованной мужской лаской хозяйки.

– Зачем Вы отрастили бороду? Щекотно ведь... – Тётя, видать, растаяла, смирилась с ним и с тем, что он, пыхтя паровозом, предпринимает.

До того, впрочем, она на цыпочках подошла к изголовью кровати на железных ножках и прутьях удостовериться в том, что подрастающий умник не прикидывается спящим, удостоверившись, слегка поправила подушку, горячими губами поцеловав его в лоб, быстро ушла, как и пришла, назад.

Стыд и срам! Газетчик Дзюйо обеими ладонями крепко-накрепко надавил на мочки ушей. Стыд и срам! Стыд и срам!.. Не помнит, сколько лежал, боясь элементарно шевельнуться, пискнуть – проваливаться бы в бездну, бежать и бежать от позора подальше – в растерянности порядком позабыл разжать ладони, а разжал – мир обомлел, оглушительная тишина воцарилась повсюду...

Был шанс, один из тысячи шансов, отвести от фатального финиша обреченного на горе человечка, обогреть его мало-мальски, в итоге, вызволить из безысходности, выручить. Навстречу к нему, идущему черепахой вперед, насилу сняв с натруженных плеч утяжеленного ранца с содержимым – деревянной подстилкой, щетинистыми щетками, засаленной тряпкой и тюбиками крема там, где поневоле просидел, спрятался за сухими сучьями от опасности разбушевавшейся не на шутку стихии, топали супруги с раскрытым над собой куполообразным зонтом. Оба в желтом кашемировом пальто, оба в вязанных мастерицами на заказ пуховых варежках. Правда, по известным причинам, они были не в наилучшем настроении, можно сказать, в смятении. Хищницей выла вьюга, ухудшалась видимость из-за сгустившихся сумерек и клубящегося снега. Все же появился шанс, забрезжила слабая надежда. Дама промедлила, не прошла, не могла пройти мимо, приостановилась, пригорюнилась, поравнявшись, чуточку нагнулась и участливо спросила:

– Чей сын?

– А-па... – Газетчик Дзюйо еле выдавил звуки.

– Мама говоришь? Маму ищешь? Она ищет тебя?

Супруг выразил недовольство:

– Хватить заниматься благотворительностью, не соображаешь, что пред тобой стоит умалишенный. Тьфу-у, разит мочой...

Супруга грубо отдернула супруга:

– Где твой дом? Дом твой?

Супруг вскипел в ярости:

– Твоя мать, разве у них бывают дома? Отвяжись, а то опоздаем на ток-шоу по телевизору с участием депутатов.

Газетчик Дзюйо отнюдь не смог разомкнуть челюсть, еле выдавил те же пустые звуки вторично:

– Ап-а...

– Какие бессовестные матери бросают детей?!

Честно говоря, в то мгновенье ока, её поражали не бессовестные матери, бросающие детей, а бессердечная трусость супруга, удаляющегося оттуда, как от пожирающего огня. Придя в себя, она принялась вести под ручку зябнувшего, дрожавшего мелким ознобом, ни живого, ни мёртвого оборванца хотя бы до более-менее утепленного подъезда. Супруг, обернувшись, с почтительного расстояния дико заорал:

– Оставь, куриные мозги, кто будет отвечать, если он подохнет на лестничных пролётах? Хочешь, чтобы нас допрашивала милиция?

Милиция – серьёзная контора, весомый аргумент. Сработал инстинкт самосохранения. Стальная логика предполагала куда спокойнее расти своих чад, чем мараться в кончине бродяги из центрального проспекта и бегать по повесткам на допросы. И удручённо-удивленная, расстроенная донельзя от столкновения с жестокой картиной, женщина, милосердная натура от природы, скривившись, тем не менее, безропотно побрела по стопам супруга, ехидно пробормотавшего странные прогнозы: «Не переживут бомжи нынешнюю стужу, помрут, помрут пачками».

Был шанс...

Чего греха таить, мы стараемся строить взаимоотношения с окружающим обществом строго по расчету, изо дня в день лезем из кожи вон соответствовать статистике,

сортирующей нас по надуманным индикаторам. Исстари сытый не разумеет голодного.

Был шанс...

Мглой накрылся горизонт перед взором оказавшегося не распутье Газетчика Дзюйо. Земля уплывала из-под ступней, уплыла таки, и стремглав скрестилась с космосом. «Всплакнули» зашторенные окна фешенебельных, семи-девяти этажных зданий, что маковками уходили ввысь.

На исходе сердцебиения ему показалось, что с ним только что толковала мамочка той одноклассницы-рёвуньи с афрокосичками, которая однажды приглашала его к себе, домой со сверкающим лифтом изнутри, решать задачи, играть на компьютере. Её миловидная матушка вдоволь угощала их молоком, расспрашивала о тёте.

С тех пор, как оставил школу, Газетчик Дзюйо ни разу не свиделся с девочкой-рёвуньей с заплетенными по-деревенски косами. Не удавалось, не пресекались тропы. Вместе с тем, подчас представлял и её, и себя горожанами зрелого возраста. Она в один прекрасный день в модной шляпке, длинной юбке с причиндалами приезжает на рынок отовариваться, а он то ли избарчи – сборщик арендных плат, то ли заведующий залом уютной кафешки у входа шумного базара. Шикарно одетый, в широких очках, подбочениваясь, издали бросает на неё томный, испытывающий взгляд.

Возможно, одноклассница разыскивала Газетчика Дзюйо по всему Бишкеку, ей нравилось с ним сидеть за партой, подсказывать ему исподтишка сложные задания, когда тот, краснея и бледнея, отвечал на уроках. Она, возможно, не смогла отыскать его по той банальной причине, что Газетчика Дзюйо ранее звали не Газетчиком Дзюйо, а по-домашнему. Возможно...

Иностранка, с виду скандинавка, норвежка, быть может, и шведка или финка, вышедшая в тот момент из съемной квартиры в данном престижном районе, капитально облагораживающем приглашенными извне домостроителями на бушующую бурей улицу, в двух аршинах от себя увидела падающего ничком чахлого беспризорника. Услышала, как ухнула некая масса на запорошенный

снегом газон вдоль массивного фундамента многоярусного пентхауза, с ужасом глазела, как конвульсивно задергались её ноги в залатанных брюках и заношенных женских сапогах. Скандинавка, прибывшая намедни в Киргизию координировать действующий грандиозный международный проект, по идее, не должна и не обязана была выйти на улицу одна-одинешенька в столь поздний час. Она беспорядочно нажимая указательным пальцем на кнопку мышки, открывая и закрывая кишмя кишащие веб-сайты в Интернете, ждала – не дождалась, в соответствии с предварительным согласованием, ассистента предыдущего координатора, долговязого, с неуклюжей походкой страуса австралийца, европеизированного сына ближневосточных эмигрантов времен «холодной войны». К слову сказать, улетающего днем позже отсюда в Венгрию, на выполнение более интересной миссии, чем в Средней Азии, накануне блестяще сдав ей апартаменты и бразды правления. Ассистент, педантично исполняющий обязанности ведущего куратора эпистолярного блока проекта – всевозможные переписки, отчеты на английском, из здешних продвинутых менеджеров звонил по сотовому телефону и умолял мисс выйти во двор, если сие её не затруднит. Добавил, что его записная книжка с кодовыми номерами в парадных воротах в офисе, а он выезжает из гаража, с вынужденным опозданием, по настоянию шефа оперативно пересев с «Мерседеса» серебристого металлика на «внедорожник» с зимними шинами, на всякий пожарный случай, замотанными цепями. Шеф, констатировал ассистент, с обеда находится за чертой города в хлопотах прощального ланча, в расхваленном ресторане, где гостям и посетителям непременно подают молодую конину и натуральное кобылье молоко. По его информации, в связи с ухудшением метеоусловий создалось чрезвычайное положение, отдельные микрорайоны столицы обесточены, погасли светофоры на перекрестках, автомашины погрязли в месиво жижи и слякоти, автоинспекция фиксирует ДТП за ДТП. Всё верно сделал ассистент. Лишь выражаясь на освоенном, неродном языке, машинально, аналогично киргизскому наречию, вместо словосочетания *go out to the*

*yard* – «выйти во двор», ляпнул словосочетание *go out to the street* – «выйти на улицу». Скромная иностранка не переспрашивала, и со свойственной международникам пунктуальности, нисколько не раздумываясь, вышла... черт знает куда, и на тебе, напоролась на неприятности.

Японского «джипа» еще не слыхать. Положиться тотчас некому, как выражался бы ассистент австралийца в похожих ситуациях, вокруг ни птицы, ни собаки. Помочь умирающему нечем. Раздосадованная оттого, что становится причастна к безвременной гибели кого-то, суеверная католичка проклинала хозяйничающую вовсю метель, живо напоминающую, между прочим, буйный нрав северного полушария, купающегося навсегда в бело-синих переливах. Возненавидела чересчур обходительного австралийца, носящего труднопроизносимую арабскую фамилию, подговорившего, переманившего её всеми правдами и неправдами в экзотичные ущелья, предлагая романтичные посиделки перед отъездом. Зря, ой, зря она порхала в навороченной дублёнке из натурального меха латиноамериканских лам, подаренной из чистых побуждений отчимом, бессменным участником и организатором Нобелевских лекций. Переволновалась в предвкушении предстоящих приватных, приторно-заумных обменов мнениями, типа «надоело жить на острове и полуострове, тянет к цельным материкам», «Будапешт разрезан надвое Дунаем», и так до бесконечности, и так до упаду.

Чужестранка невольно, сперва негромко, потом отчаянно отчетливо стала кричать: «Help me! Help me!» Потом, понимая, что её никто не понимает, мучительно вспоминала *«Хелп ми!»* (Помогите!) по-русски. Ей приходилось в рамках подготовки к длительной командировке в постсоветскую республику заучивать кириллицу и минимум лексики на курсах. Однако в нужный момент нужную фразу никак не вспоминала.

– П... п... плохо! – Закричала скандинавка, впопыхах воздев руки в небеса. Она припрыгивала, повертевшись вкривь и вкось, приплясывала, как бы приветствуя приближающегося на гавань долгожданного корабля:

– Плохо! Плохо!..

«Плохо» на устах иностранки произносилось искаженно, посему, переняло трагикомический оттенок – прозвучало в вопрошающем значении: «Неужели тебе плохо?», «Неужели кому-то плохо?». Однако же, обескураженная от соприкосновения с неизбежной издержкой глобального переустройства мира на демократический лад, сердобольная северянка совершенно не заметила, как распластавшийся на сырости киргизский «кид-чайлд» – ребёнок вдруг встал... серым волчонком, чинно потряхивался, жалобно заскулил и, поджав хвост, через подворотню ринулся поодаль, туда, где холмами сгрудились не вывезенные вовремя свалки из строительного мусора.

...Лютовали январь с февралем, свирепствовали матерые волки в снегах, гремучих ложбинах Алатоо. Слухом полнился таинственный непредсказуемый город, разрастающийся за счет предгорий и пахотных угодий. Наперегонки судачили, например, о бешеном щенке, который всякий божий день просился пожить на балконе у третьеклассницы. Обсуждали до хрипоты известий о том, что в песчано-буранных пустынях Казахстана правоохранительные органы (?) соседнего государства выловили и передали в какой-то передвижной зоопарк говорящего по-человечески серого. Видели – да-да видели! – тётю Газетчика Дзюйо, гуляющую по парку с моджахедом и со зверьком в наморднике. Рассказывают, что бойцовские овчарки аристократических пород, любящие красоваться на людях и залитых юпитерами подмостках при виде волчонка описались от страха.

*2005 г.*

## БИР МЕРТЕБЕ БИШКЕКТЕ

*(Пьеса-аңгеме)*

**К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:**

Ч ы р м а ш – 30–35 жаштагы зыялы

А л т ы н а й – анын аялы

С а л и я – жаңы тааныш келин, учурунда Чырмаш сүйгөн кыз

К а н а т – түрмөдөн бошонгон жигит. Чырмаштын бир кездеги курсташы

М а к с а т б е к – Чырмаштын курсташы

И р и н а – Максатбектин аялы.

Андан сырткары аскер кийимчен жоокер, Чырмаштын апасы, анан бир кыз, эки жигит катышат. Кыздын кейпин Салиянын, жигиттердин кейпин Максатбек менен Канаттын кейпин түзгөн артисттер түзөт. Чырмаштын апасынын ролун Алтынайды аткарган артист аткарышы мүмкүн. Окуя үстүбүздөгү мезгилде Бишкек калаасында өтөт.

### Биринчи көшөгө

Алыскы багыттагы поезддин шарактап бараткан дабышы айлананы солкулдатат. Ал узай берип узакка үн созот да, кайрадан кадимки калыбында дүкүлдөп сапарын улайт. Сахна акырындап ачылат. Анда тамак-ашы тизилген үстөл. Үстөлдүн бир учунда- Чырмаш, экинчи учунда– Салия үн-сөзсүз бир топко бош отурат.

С а л и я: Чырмаш, мен силердин үйүңөргө кокустан кабылдым.

Ч ы р м а ш *(ордунан козголуп ):* Арадан эчен жыл өттү. Сен дале баякыңдай ай чырайсың... Өңүмбү, Кудай?!

С а л и я: Чырмаш!

Ч ы р м а ш: Салия! *(бирин бири утурлай кучакташат ).*

С а л и я *(кучагын бошотуп )* Жок, жок, минткенибиз жарабас. Тигилер көрбөсүн. Айрыкча сенин келинчегиң шектенбесин, Чырмаш.

Ч ы р м а ш *(нымдашкан көз айнегин, көзүнүн кычыктарын жүз арчылап сүртүп).* Ма демектен муунуп өлсүн. Сен менин биринчи махабатымсың, Салия. Керекпи, баарына жарыялайм.

С а л и я *(шашып):* Жок, Чырмаш, антпе... *(өзүнчө күңкүлдөп.)* Мен ушундай жазмыштан коркконмун... Жоголоюн, батыраак, жоголоюн...

Ч ы р м а ш: Салия!?

С а л и я: Ооба, Чырмаш. Ырыска шерик жарың бар. Кебиңерден баамдасам, айылда, апаңарда уулуңар бар...

Ортодогу мен киммин? Сен мага качандыр бир ашык болсоң болгондурсуң. Анда жаш элек, мас элек. Ал эми азыр мен сенин, сенин бүлөңдүн биринчи касымын.

Ч ы р м а ш: Чын элеби?

С а л и я: Анан калса, мен сени эч качан сүйгөн эмесмин, Чырмаш. Эсиңдеби, теңсинбей тереземди үмүттүү жалдыратканым, киного чакырсаң табалап күлгөнүм эсиңдеби, тунук сезимге ширелген каттарыңды жоопсуз таштаганым...

Ч ы р м а ш *(Салиянын сөзүн бөлүп):* Эсимде. Баары эсимде. Мен ошондо кичинекей окуу жайын бүтпөстөн, махабаттын Улуттук академиясын бүткөнсүйм.

С а л и я: Ошко, базар-учарга көп каттайм. Алиги көчө толо курдаштар жок. Буерге бирдемемди унуткансып, ар дайым беймазамын.

Ч ы р м а ш *(Салияны укпагандай)*: Сраждин экөөбүз пахта теримде сенин жолуңду тороп, «кимибизди сүйөсүң?» – деп, кадыресе демиткенибиз жадымда. Анда сен өтүрүк жашырып көнбөгөн көздөрүңдү бакырайтып «Сраждинди сүйөм» дегенсиң. Мен пахтазарды аралай чаап, алыстай бериптирмин, алыстай бериптирмин. Өпкөм көөп, бутум чалыштап, көмкөрөмөн кулаган экем. Кыйлада эсимди жыйсам, оропарада Сраждин турат ырсайып. – Мейли, – дейт аным жөлөп-таяп, чаңымды күбүп, досчулугубуз үчүн Салияга сен үйлөн. Бирок, кыйын-кыстоодо шертиңден жанба, ылайым, асылкечибиздин кадырына жет!?

С а л и я *(Чырмаштын көкүрөгүнө башын жөлөйт):* Жетет. Өңгүрөп ыйлап жиберем.

Ч ы р м а ш *(Салиянын саамайын сылап, саамга ойго батат):* Сраждинди ошол бойдон көрбөй калдыңбы?

С а л и я: Окууну аяктаган жылдын күзүндө аскерге аттаныптырсыңар. Сраждин кабарын үзбөдү. Чырмаш менен кат жазышып жатабыз, сага кат жазабы деп сурачу каттарында. Сраждин менен кат жазышып жатабыз, сага кат жазабы деп кезегинде сен сурачусуң. Касам ичишкен эки дос биринин сырын бири тактап биле албай, амалдангандарын кара деп, – мен да бириңе бириң жөнүндө «лам» деп ооз ачпагам. Кийин Афган жаңжалы тутанып, экөөңөр тең согушка катышып жүргөнүңөрдө силердин эсенчилигиңерди Теңирден барабар тиледим.

Ч ы р м а ш: Мен Сраждинге Кабулдун так өзүнөн кезиккем.

С а л и я *(Чырмаштын көкүрөгүнөн башын көтөрүп):* Койчу? Кантип? *(Жан жагын каранып.)* Тигилер келишпеди го?! Ирина деген аяшың, оруспу?

Ч ы р м а ш: Орус эмес, обу жок. Азан чакырып ыроолонгон ысымы – Ишенгүл. Бир таарынса минтип жазылмагы тозок. Артынан кууп жетип, жалынып-жалбарганга үлгүрүшкөндүр.

С а л и я: Чыр «байбиче-токол» деген тамашадан ырбады шекилди.

Ч ы р м а ш: Күндөштүк – аяшыбыздын талуу жери. Максатбектин пулу чөнтөгүн кытыгылап, бизнесмен, дагы бирөөгө үйлөнгөнгө астейдил. Анткенге аялы, албетте, чечкиндүү каршы. Асыресе, талкууга арзырлык маселе эмес, Салия.

С а л и я: Чынымды айтсам, араңарда арандан зорго батып отурам. Канат менен кайдан тааныштым эле?! Абактан жакында бошонгону ырaспы?

Ч ы р м а ш: Ырас. Он жыл ашып табыштык. Канат Максатбек экөөбүздүн мөөнөтүбүздү да кошо өтөп кайтты.

С а л и я: Эмне дейт, жинди.

Ч ы р м а ш: Үчөөбүз тээ атамзаманда кыз зордуктап кармалганбыз.

С а л и я: Ишенбейм андайыңа. Азилиңди жыйыштыр. Сыналгыдан не бир татаал соболдордун тишин чакканыңда Чырмаш, мен сага купуя суктанып, курсташым эмдигиче чоң илимпоздордун сабында деп болжогом. Айтмакчы, Сраждинге жолукканыңдан сүйлөчү?

Чырмаш: Сраждин... Сраждин... Кайран досум! Кел, Салия, Сраждинди эскерип, чөйчөк тийиштирип коёлу. *(Шарап куймакка энкейет.)*

Салия: Мен ичпейм, Чырмаш.

Чырмаш *(колун бөтөлкөдөн тартып):* Мен деле кыйратпайм. Арийне, таштап ийгенге эрким бош. И-и, баса, Сраждин туурасында.

Салия *(отургучка отуруп):* Кулагым сенде.

Чырмаш: Ошентип, биздин батальонду түнүчүндө Кабулга аскер самолёттору менен ташып барышты. Андан ары жөө жүрмөккө шайланып, шаардын жакасындагы кайсы бир тогуз жолдун тоомуна топтолдук. Таң жаңыдан кылайып келаткан. Аңгыча кайдан-жайдан каптаган танкалардын добушу теребелди силкинтти. Казкатар чубап өтүп атат, өтүп атат. «Кайдансыңар?», «Качан келдиңер?» деп алмак-салмак кыйкырышкан ызы-чуу. Дал ошондой кымгуутта бир танкист танканын үстүнөн шапашупа төмөн секирди да, түз эле элден обочороокто делдейген мени качырды. *(Сахна күүгүмдөлүп, танкалардын үнү дүркүрөйт. Танкист кийимчен жоокер көз айнегин тагынбай моторайган Чырмашты эки-үч ирет сыга кучактайт. Салияга жарык берилет.)*

Жоокер: Жердеш! Союздан качан келдиңер?

Чырмаш: Бүгүн.

Жоокер: Өзбексиңби?

Чырмаш: Кыргызмын. Оштук кыргызмын.

Жоокер: Оштук? Накта жердешим турбайсыңбы?! Мен–анжыяндыкмын. *(Экөө кучакташат.)* Биз Афганистанга биринчилерден кирдик. Беш-алты сапар урушка катыштык. Чеберде, жердеш. Душмандын жаасы катуу. Анын үстүнө тоо шартында салгылашып көрбөптүрбүз. Жоготууларыбыз арбын. Кошкун, жердеш! Мен мынабул танкага тырмышайын. Бизде да бир оштук бар. Сенден салам айтам. Аты – Сраждин.

Чырмаш: Сраждин кайда?

Жоокер: Эмне, тааныйсыңбы? *(Кетип баратып.)* Тээ алдыңкы танкаларда. Тигине башы ак дакиленген азамат. Чурка! Бат чурка!

Чырмаш: Сраждин! Сраж-д-и-н! *(танкалардын артынан жүгүрөт. Күрү-күү кучөп, басаңдайт. Сахна жа-*

*рыйт. Чырмаш сол колу менен көз айнегин кармап, оң колу менен чекесин укалайт. Тыным.)*

С а л и я *(жана эле отургучтан туруп, чыдамсыздануп)*: Сраждинге жеткен жоксуңбу, анан?

Ч ы р м а ш: Кайдан? Бирок көпкө чейин жүгүрүп бардым. Сраждиндин «жакшы кызмат кыл», «сак бол» дегендерин угуп бараттым. «Салия», «Салия» дегени үзүл-кесил жаңырыктайт, уландысы түшүнүксүз. Анан «кал» дегендей ишаралады. Көрсө, соңуман «назад», «назад» деп айгайлап старшина баштаган үч-төрт жоокер келатыптыр. «Что с тобой? Почему такой бледный?»* – деди старшинабыз күйүккөнүн токтотууга күчү келбей. «Друга потерял, товарищ старшина»** – дептирмин ыйламсырап. Ка-ап, эмнеге анттим экен?! Ошо жоругума ушу кезге дейре өкүнөм.

С а л и я: Сраждин өзү менин өмүрүм кыска, жыйырмадан ашам же ашпайм дечү. Себебин чексем, «кулунтайымда селсаяк лөлү бал ачып, ошенткен» деп, мостоюп коёр эле. Мен көндүм калжыңынын бири дегенчелик таназар албагам.

Бир мертебе, мамлекеттик экзамендерге даярданып жүргөн маалыбызда агыбыздан жарыла божураштык. Ошондо Сраждин «Салия мени менен баары бир бактылуу болбойсуң, андан көрөкчө, тилиме кирип, Чырмашка тий» – дебеспи. Мен шолоктоп ыйладым. Антсем, байкуш мени аяган сыяктанат, мага кошулуп өзү да ыйлады. *(Жашын көрсөтпөй аарчып, кайраттанып.)* Сраждиндин өлгөнүн кимден уктуң?

Ч ы р м а ш: Өлгөнүнбү? Өлгөнүн...Ошентип, Афганистанда, алты айда кызматты биротоло тамамдап, Кабулдан Ташкенге учтук. Ташкенден Анжыяндын поездине белет алып, темир жол вокзалында келатсам, туураман бирөө чакырат. *(Сахна күүгүмдөлүп, килейген чабадан артынган жоокер кирет. Салияга жарык берилет.)*

Ж о о к е р: Жердеш! Тааныбай калдыңбы? Кабулдун чети, танкалар эсиңдеби? Мен бир беттешкен адамымды эгерим унутпайм, жердеш. *(Кучакташышат.)* Үйгөбү?

---

* Сага эмне болду? Эмнеге мынча купкуусуң?

** Досумду жоготтум, жолдош старшина.

Ч ы р м а ш *(көңүлдүү):* «Атамдан калган Анжыян, акыры барып көрсөм дейм». «Манаста» ушундай саптар бар.

Ж о о к е р: Анжыян кыргыздардын атасынан калса, анда өзбектердин чоң атасынан калыптыр деп урдура беребиз да, жердеш. *(Күлүшөт.)*

Ч ы р м а ш: Айтмакчы, жердеш. Сраждин качан бошойт?

Ж о о к е р: Сраждинби? Вай-вай, жердеш, сен эшиткен жок белең?

Ч ы р м а ш *(чочуп):* Эмнени?

Ж о о к е р *(Чырмаштын мойнуна асылат):* Сраждинди ээсине тапшырганбыз, жердеш. Кайрат кыл? Жанагы сага учураган күнү түш оой урушка кирдик. Ошерде Сраждин окко учту. Мен оор жараланып, жердешибиздин сөөгүн жеткирип бара албадым. Ошко Кыргызстандык орус балдар келип кетишти. *(Поезд жөнөчүдөй шарактайт.)* Жүр, жердеш, поездге кечикпейли. Сраждин тууралуу беймаралчылыкта кобурап берем. *(Чырмаш кайдадыр чуркап жөнөйт. Жоокер чабаданын сүйрөп, анын соңунан жүгүрөт.)* Жердеш, каякка? Анжыяндын поезди кетип калат. Токто, жердеш?! Анжыяндын поезди кетип калат дейм. Жердеш дейм... *(Сахна жарыйт. Тыным.)*

С а л и я: Сраждин курман болгонун мага да өзбек жигит кабарлаган. Өзбекчелеп ширин кат токуп, конвертке Сраждиндин чөнтөгүнөн табылды деп, үчөөбүздүн Оштон түшкөн сүрөтүбүздү салып жибериптир. Ак кагаздын бурчуна көз жашын тамызып саргартып «Салияхан, сиз артыкбаш кайгырбаң, сиз үчүн биз кайгырып койдук» – деп жазган экен. Аны төркүлөп келсем, синдим эч кимге көргөзбөй өзүмө берди.

Ч ы р м а ш: Сиңдиң, сага куюп койгондой окшош.

С а л и я: Сен аны кайдан билесиң?

Ч ы р м а ш: Үйүңөргө баргам.

С а л и я *(таң калып):* Качан?

Ч ы р м а ш: Ошентип, Анжыяндан такси минип айылга сыздым. Келсем, тамыбыз кулпулуу. Аягыма жыгылып, куйруктарын шыйпаңдатып, Кумайык итим аянычтуу кыңшылайт. Эмнегедир коңшу-колондор да тыптынч. Таксистке капчыгымдагы акчаны үргүлжү карматтым.

Сүйүнчү иретинде беш жылдыздуу шапкемди, курумду чечип сундум. Таксист: «өзүңдүн үкөлөрүңө бересиң» – деп көшөрүп албайт. Тага, менде үкө да, аке да жок. Ушубул Кумайыктай коколоймун.

Ошондо апам, айрым туугандар атамын мүрзөсүнө куран окутканы барышыптыр. Айт майрамынын босогосунда. Атамдын автокырсыктан жайраганы алааматта Афганистанга жеткен эмес тура. «Атакебайлап» өкүрүп атып капарыма бирдеме кылт этти: «Апажан, сизди келиндүү кылам». Оюмда сенсиң, Салия. Силердин кыштагыңар кайда экенин билбейм. Көрсөтүп беришти. Тизем калтырап, бөжүрөгөнүм бөлөкчө. Атасы сүрдүү, апасы ажаан эмеспи?! Тобокел деп, дарбазадан ичкери башбактым. Башбаксам атлес көйнөкчөн сен кир жайып атыптырсың. Сүйүнгөнүмдөн тууш боюм туташ чымырады. *(Сахна күүгүмдөйт, жеңи түрүлгөн, жуулган шейшеп уучтаган кыз кирет.)*

Чырмаш *(акырын):* Салия! *(Кыз укпайт. Угуза.)* Салия!

Кыз *(чочуп)*: Сизге ким керек?

Чырмаш: Салия! Саламатсыңбы? Мен сени...

Кыз: Эжем жок. Эжем турмушка чыккан.

Чырмаш: Турмушка чыккан..? Сен кимсиң?

Кыз: Мен сиңдиси болом.

Чырмаш *(абдаарып):* Кимге?.. Качан чыккан?

Кыз: О-о, мурда. Төркүлөп кетти.

Чырмаш: Төркүлөп кетти... Эмне үчүн күткөн жок?.. Эмне үчүн?.. *(бирпастан соң, акыл-эсин жыйып.)* Сен сиңдисимин дейсиңби? *(Кызды көздөй кадам шилтейт. Кыз тисерилет.)* Коркпо, карындашым. Мен... мен... ырахмат!

Кыз: Эчтеке эмес.

Чырмаш: Мейли, садага... Кош! *(Шарт бурулуп жөнөйт.)*

Кыз *(ээрчий):* Аке, сиз кимсиз? Эжеме эмне дейин?.. *(Өзүнчө.)* Колун булгалайт да. *(Бош колун булгаламыш этет. Сахна жарыйт. Тыным.)*

Салия: Анан муштай-таштай, жылаңаяк, жылаңбаш, кээси дырдай жылаңач бокмурундар кесек атышты, күчүктөрүн айдактады. Ушундайбы? *(Кыткылыктайт.)* Дагы эле илгеркиндей кооз сүйлөйт окшойсуң.

Ч ы р м а ш *(алаксып):* Аңыз аралай илкип-калкып баратсам, ызылдап шамал согуп, жамгыр нөшөрлөп төктү дейсиң. Үстү-башым сыгып алма суу, кайыгып, шөмтүрөгөн учурумда чаба жааган жамгырга аралаш койнума чымчыктын темир канат балапаны кирип келди. Эси оой түшүптүр, бечаранын. Учам деп, учканды үйрөнөм деп уясынан талпынгандыр. Аба ырайы күтүүсүз өзгөрүшүн кайдан билет?! Айтор, байтүп дарактын далдоосуна корголоп, перендемди кургаттым. Жанданып, серендегенде шилекей алышып, достоштум. Шамал басылар замат анымды барпайган шакка кондуруп, өзүм көмүр тарткан поездге кубалап илешкемин. Жолдугата поезд түтүлдөп, «Кош бол, жаштык!», «Кош бол, махабат!» дегенсип озондойт. Ал озондогон сайын ичегим сыдырылат, ичим куйкаланат... *(Экөө эки тарапка басып, ойго чөмүлөт. Бир аздан кийин Чырмаш баянын улантат.)* Ире-ширеде үйгө келсем, апам мени күтүп короодо жүрүптүр. *(Сахна күүгүмдөлүп, көк кийимчен-аза кийимчен зайып кирет. Салияга жарык берилет.)*

З а й ы п: Неге маанайың чөгүңкү, каралдым.

Ч ы р м а ш: Апа, сүйгөн кызым күйөөгө качып кетиптир.

З а й ы п: Ошондой болмок, балам. Салиянын көңүл кушу Сраждинге оогон.

Ч ы р м а ш: Апа, сиз аны кайдан билесиз?

З а й ы п: Апаң курусун. Ал Салиянын катын сенден бекитип жүрбөйбү?! Мынакей! *(Бешмантынын чөнтөгүнөн барак сууруп, Чырмашка сунат.)* Анда аскерге жөнөп, тели-теңтуштарың менен коштошуп жаткансың. Почточу аваң гезит таркатып келип калды. Болочок келиниңен Чырмашка куш кабар бар деп жымыят. Карасам, кыздын колу. Баламын эр жеткени ушул дейм ичимен, минтип эртең «эл четине, жоо бетине» үзөңгү тебет, бүгүн кыздан кат алып... Ылдамыраак кубантканга досторуңдан даабадым. Эртеси сени узаткыча күйпүлала күйүпбышып алигини такыр унутупмун. Кийин эстеп, кокуй, муну кызматыңа башка конвертке салып жиберейин дегенчелик ача коюп окусам: «...Сраждин экөөбүздүн убадабыз бекем. Убараланба, сага баары бир жүрөгүм жибибейт деп чиймелептир каттын ээси. Өз көзүмө өзүм ишен-

геним жок. Менин боор этимдин супсунун сууткан кандай кыз? Уулумун атың өчкүр Сраждинден эмнеси кем, катыгүн? Ичпегенди ичирдик, жебегенди жедирдик. Алты саны аман, акылы даана. Кыскасы, далайга дейре эс-мас абалда түйшүк кечирдим. Бирок, атаңа ал жөнүндө ооз ачкан эмесмин. Бүгүнкүдөй бозоруп кайтпасаң өзүңө алдагы кара кагазды да көрсөтпөйт элем, каралдым. Бул сыр көрүмө башым менен бирге жатмак.

Ч ы р м а ш *(Баракты майдалап тытып, чачат):* Кагылайын, апа, Сраждинге тилиңи тийгизбе? Аккан досум Афганистанда набыт болду.

З а й ы п: Ок, эмне дейт дагы?! Биз силерди азапшорго туудук беле?! *(Колун өйдө созуп.)* О Жараткан Эге, өмүрлүк түгөйүмдү жалмап табаң канбаса, менин чымындай жанымды тарт, бирок, карачечекейимден ырайымыңды аяба? Эмчегимди бөөдө зыркыратпа, денемдеги канымды муздатпа? О Жараткан Эге, мендей кулпендендин ыйын кош кулагың менен ук?! *(Жүзүн аткып, буркурайт.)*

Ч ы р м а ш: Апа... апакебай... олдо апам ай..! *(Зайып кетет. Сахна жарыйт. Салия Чырмаштын бешенесинен сүйөт.)*

С а л и я: Кат жолдогонум ырас. Арийне, катымда бир нерсени калп жазгам. Сраждин экөөбүз баш кошууга эч качан убадалашкан эмеспиз. Аны кыялыман жаратканмын. *(Үшкүрүп.)* Анткени мен Сраждинди баарыңардан артык баалачумун, чексиз сүйчүмүн. Муну сен куп жакшы билесиң.

Ч ы р м а ш *(кыйкырып):* Жалган!

С а л и я *(кыйкырып):* Чын!

Ч ы р м а ш: Чын болсо неге Сраждинди күтпөдүң?

С а л и я: Күтпөдүң? Эмне деп дөөрүп турасың?! Мен сенин, Сраждиндин эң жакын досунун алдында карганам! Өзүмдүн аялзаттык абийирим менен карганам, болочок тагдырым менен карганам! Эгерде бу жарыкчылыкта кыз баланы аябаган, тескерисинче, анын чабалдыгынан уятсыйытсыз пайдаланган зөөкүр эркектер жашабаганда мен Сраждинди эңкейип карыганча күтмөкмүн. *(Тыным.)*

Мени тоо жактагы мектептердин бирине жиберишти. Башталгыч класстардан окутууга чектешти. Жумушка баш-отум менен кириштим. Педагогикалык окуу жайын-

да жыйган билимимди турмушта колдондум. Жыл аралыгында кабагым-кашым дебестен сонун иштедим. Балакет-мээнет экинчи окуу жылында чырмады. Аскерден жаңы кайткан айылдык бекерпоздордун бирөө акмалап, мугалим жеңелерин ортого салды. Мен көнбөдүм. Ортомчуларга ачык айттым: Кечирип койгула, менин антташкан кишим бар. Атүгүл аларга Сраждиндин каттарын окутуп, сүрөттөрүбүздөн бери көрсөттүм. Натыйжасыз. Эми түздөн түз коркутууга өтүштү. Алып качабыз, бу кыз атабабанын салтын жериген машаякпы деп ызырынгандарын уктум. Бир алдын журт эмеспизби, анчалык жамандыкка бара коюшпас деп түңүлбөдүм. Бирок окуя теңирден тескери бурулду... Көктөмдүн бир күнүндө классымды жаратылыш сабагы боюнча кыштактан окчун бөксө адырларга ээрчитип баргам. Тегерегимде балдар кужулдап, өзүм да туулуп-өскөн аймак тууралуу аңгемеме ашкере азгырылганмынбы, айтор, обочороокто машине токтогонун байкабапмын. Машинеден кызымтал эки жигит чыкты. Бири мага сөз айттырган эргул, экинчиси мурутчан бейтааныш неме. *(Сахна күүгүмдөлүп, кызыл жоолукчан Салия пайда болот. Чырмашка жарык берилет, сахнанын түпкүрүнөн эки караан жакындайт.)*

Б и р и н ч и   ж и г и т *(какшыктап):* Ии-е, бийкеч, бийик тоонун аркарындай адашып буерде жүрүпсүз?!

С а л и я: Кечириңиздер, сабакка тоскоолдук кылып жатасыздар?

Б и р и н ч и   ж и г и т: Ии-е... Ээн талаа, эрме чөлдө кайдагы сабак? Сасык жыттуу класстан тажадым дебейсизби. Кызыл оромол байланып кылактап, бойдокторду кызыктырган тажрыйбаңыздан үргүлдүк. Кызыл жоолук жалжалым!!!

С а л и я *(ары басмакчы болот):* Кечириңиздер...

Б и р и н ч и   ж и г и т *(багытын тороп):* Кечиребиз... кечиребиз... Сабактын ордуна мадырабаштарды алдап, оюн-зоок уюштурганыңызды кечиребиз. Анын үстүнө биз сабатсыздар сиздин таалимиңизге абдан чаңкадык. *(Экинчи жигитти сөөмөйү менен көзөп.)* Айталы, сиз менин шеригиме махабат темасынан азганакай түшүндүрмө бергейсиз?!

С а л и я: Сизден өтүнөм, окуучулардын көзүнчө калжырабаңыз?

Б и р и н ч и ж и г и т: Окуучуларбы? Булар окуучулар эмес. Биздин үко-карындаштарыбыз. Кымбаттуу окуучулар, эжекеңер мейманчылап баратат, силер чуулдабай, аста-секин тарагыла?! Ушуну менен сабак бүттү. Эмне аңыраясыңар?

С а л и я: Жап жаагыңды! Сабакты бир мен, бир Кудай токтотот.

Б и р и н ч и ж и г и т *(ажыкыстанып асылат)*: Андай экен, Кудайың маңдайыңда.

С а л и я: Ме, сага! *(Чабат.)*

Б и р и н ч и ж и г и т *(жаагын басып, ызаланып)*: Тү-ү, энеңди урайын, канчык!.. *(Экинчи жигитти демитет.)* Карма, олжүрөбөй, бок курсак! Мен үйлөномбү бу канчыкка же сен үйлөнөсүңбү? Атайын чыгынбасам, аз жерден намысты алдыра жаздаптырсыңар. *(Экөөлөп Салиянын колун толгойт.)* Биздин уруунун уулдарын чанат имиш. О-о, сүйгөнүңдү урайын! Сүйрө машинеге?!

С а л и я *(жулунат)*: Коё бер, акмак! Окуучуларым ыйлап атат... Жүрөктөрү түшот... Коё бер! Балдар, коркпогула! Чуркагыла, деректир агайга чуркагыла! Ий-и, билегимди сындырдыңар, кокуй? *(Тигилер Салияны ой-боюна койбой сүйрөп жөнөшөт. Анын добушу алыстайт.)* Балдар, мектепке чуркагыла!? *(Сахна жарыйт. Салия тээ ыраакты ойлуу тиктейт. Тынымдан кийин каргылданып.)*

Окуучуларым чымын-куюн тызылдап жүгүрүп баратышат. Ары тарт, бери тартта далымдан шыпырылган кызыл жоолугумду бири желбиретип көтөрүп алыптыр. Жүгүрүп баратышат... Ананайыңдарым! Азыр силер бой жеткен кыздарсыңар, уландарсыңар, биздин орун басарыбызсыңар. Ай жүргүлө, аман жүргүлө, эжейиңердин тилеги ушул. Мен силерди өзүмдүн жан теримден жаралган перзенттеримдей жакшы көрчү элем. Дегеле мен паристе-периштени жакшы көрчү элем. Алла Таалага ошонумдан жазсам керек. Согончогум канабады. Жасабаган ырымын жасадым, сыйынбаган мазарына сыйындым. Шыпаа болбоду. *(Чырмашка кайрылат.)* Мен ушундайча бейбакмын, Чырмаш. Биринчи эримден ажырашып, экинчи.., үчүнчүсүнө тийдим. Анын төркүн-төштүү кыздары батырбады.

Ойлосом, менин ырысым Сраждин менен кошо түгөнүптүр, Чырмаш.

Ч ы р м а ш *(Салиянын ийинине колун коюп):* Антпечи? «Он гүлүңдөн бир гүлүң ачыла элек». Элеттиктер, силер кызыксыңар, өзүңөрдү тез эле карытып салаcыңар.

С а л и я *(Чырмаштын колун ийининен түшүрүп):* Менин Бишкекке келгендеги негизги максатым – багып алганга бала табуу. Жардам бересиңби?

Ч ы р м а ш: Издешейин. Таштанды бөбөктөрдүн үйү бар эмеспи.

С а л и я: Эркек болсо ысымын Сраждин коём. Кыз болсо деле мейли. Айылыбыздагы дүкөндө кароолчумун. Айлыгым эки жанга жетет. Саан уй байлайм. Корообузда жер-жемиш, огородума картөшкө, сарымсак айдагам... *(Экөө тең бирдеме көргөндөй тынчып калат.)* Тигилер. *(Наaразыланып.)* Кел, кел десең – келбейт, келбе, келбе десең – келет. *(Сырттан Алтынай, Ирина, Канат, Максатбек кирет.)*

А л т ы н а й: Апей, Чыке, мейманды музыка уктуруп алаксытпайт белең. *(Үстөлгө көз чаптырып.)* Эчтеме ичкен да эмессиңер го?!

М а к с а т б е к *(тамаша-чыны аралаш):* Ыйлагандан соосуңарбы? *(Биринчи Чырмашты, анан Салияны үңүлө тиктейт.)* Өлөйүп, буларың мурдатан таанышт. Алгач көрүшкөндө кызарып кетишкенин байкагам. Кана, Салия мени түз караңыз! Жалтактабаңыз! Сиз Чырмашты илгери-кийин, бая айткан телевизордон башка жерден көрдүңүз беле? Түз дейм! Жалтактабаңыз!

Ч ы р м а ш: Аны менден сура. Салия экөөбүз эчактан бери тааныштыз. А түгүл Салия...

С а л и я *(Алга жуткунуп, кумсарып):* Чырмаш!

А л т ы н а й: Чыке, бери басчы? *(Экөө четтейт, калгандары даам сызып, шарап куят.)* Ишти бышырдык. Апып ийгилиги үчүн жүздөшүп да ийдик. *(Чырмаштын бетине жел үйлөйт.)* Жыттанабы? Кеңгиретти... Күчтүү коньяк экен. Сулуу келинди Канатка алып беребиз.

Ч ы р м а ш: Салияныбы?

А л т ы н а й: Аты Салия беле?! Салияны.

Ч ы р м а ш *(жинденип):* Силер Ирапы издебей эле, Салияны күйөөлөп жүргөн турбайсыңарбы?

А л т ы н а й: Ира жерге кирсин. Жаңы көрдүк беле. Ага нервинди коротпочу?

Ч ы р м а ш: Жок, мен каршымын. Татыктуу эмес.

А л т ы н а й: Татыктуу-татыктуу эмесин өздөрү сүйлөшүптүр. Азыр мында шам-шум этип, Сокулукка, Канаттын эжесиникине жөнөйбүз. Үйлөнүү чоң окуя да, ботом. Сага көйнөк кийгизишээр?!

Ч ы р м а ш: Демек, мен Салиянын тоюнан көйнөк кийет экенмин да?!

А л т ы н а й: Анан эмей. Балким, кастюм-шым тартуулагылары бардыр. Бара көробүз. *(Башкаларга кайрылып.)* Ырдайлыбы, туугандар? *(Өзү ырдап баштайт. Алтынай, Ирина, Максатбек Канатка көз ымдап, Салияга чөйчөк сундурушат. Алтынай тигиндей селейген Чырмашка чөйчөк апкелет. Чырмаш кыйыктанат.)*

Ч ы р м а ш *(туталанып):* Мен каршымын! Андай болушу мүмкүн эмес.

А л т ы н а й: Чыке, түрмөчү жолдошунду өтө кадырлайт белемсиң. *(Эки чөйчөк эки колунда бийлегендей теңселип, ары басат. Чырмаштан башкасы ырдап, тегеренип бийлейт. Салия Чырмаш жакты жалт-жалт карайт. Сахна акырындап жабылат.)*

## Экинчи көшөгө

Баягы жупуну көрүнүш. Алтынай менен Ирина тамак ичилген үстөлдү иреттеп кирип-чыгат. Салия үстөлдүн четинде журнал барактоо менен алек. Сахнанын бир ыптасындагы Чырмаш, Канат, Максатбек чойчөктөгү ичимдиктен ууртап-татып маек курат.

М а к с а т б е к *(Канаттын желкесинен таптап):* Канат анда-санда сөзгө учкашсаң боло. Капырай, талкан сугунгансып момурап калыптырсың да?

К а н а т: Эмнени сүйлөйм. Чырмаш экөөңөрдүн илимий көз караштарыңар мен үчүн «токой».

М а к с а т б е к: Илимий деле эмес. Азыр мен илимден оолакмын. Ата-бабабызды тоюндурган «Улуу Жибек Жолунун» даңкын кайрадан кадимки деңгээлине бийиктетүүнүн изиндебиз дебедимби. Кыргызстан – тырмактай

жаш өлкө. Арийне, ырыскыдан куру эмес. Туш-тушубуздагы кубаттуу кошуна мамлекеттерге катнаш керек, байланыш керек. Ал эми жол учугу эзелтен бизде. Баштаган бизнесибиздин философиясы ушундан сарыгат.

Кезинде комсомолдун райкомунун инструкторлугуна маашырланып жүргөнүбүздү айт. Кайран убакыт! *(Мыскылдуу күлөт. Тыным.)*

Чырмаш досуң да, байкап отургандырсың, негизинен түзүк. Деген менен бул эбак кандидаттык ишин коргомок, балким, докторлукту деле бөктөрмөк. Антпесе борбор шаарда тишинин кирин соруп жүрөбү, мырза киши. Үчөөбүздүн арабызда сындап коёюн, жеткен тежик. Отко айдасаң, бокко качат. *(Шараптан чоң ууртайт.)*

Баса, Чырмаш экөөбүздүн белек-бечкектерибиз, каткабарларыбыз убагында тийип жаттыбы? Жалаң каржынын чукактыгынан Сибирге бара албадык. Асыресе, сага өмүр бою карызбыз. Досчулуктун озуйпасын актадың. *(Үчөө биринин ийинине бири колун артат.)*

Келме кезек, термс тезек. Жумуштан кабатырланба. Бирок, береги келинге үйлөнөм дегениңди жакшылап ойлонсоң. Ашыкпай, кийинкиде тойлоорбуз. Чырмаш да бекер кыйыктанган жок. «Дос күйдүрүп, душман сүйдүрүп айтат».

К а н а т *(башын чайкап):* Арзыганым арзыган.

М а к с а т б е к *(Салияны карап):* Арзыгыдай ургаачы. «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» ээ, Чырмаш. Эмне дейсиң?

К а н а т: Анан калса, өзү макул. Кимден корунабыз.

Ч ы р м а ш *(Шарабын түгөтө жутуп, кыйкырып):* Салия өзү макулбу? Калпычылар. Мен каршымын!

М а к с а т б е к *(Кыжырданып):* Чырмаш, тоту куштай бир сөздү жаттап алып, ыгы келсе да, келбесе да кайталай бересиңби? Сен деги кимге жана эмнеге каршы эмессиң? Оболу ушуну тактайлычы, бай болгур.

Ч ы р м а ш: Каршымынбы-каршымын.

К а н а т: Мышыктай тытышып жаман үйрөнүп алыптырсыңар. Студент кезде ынтымактуу элеңер го?

М а к с а т б е к: Карабайсыңбы анан, буга эчтеме жакпайт, эчтемени кыртышы сүйбөйт. *(Бир пастан кийин өпкөлөп.)* Мени кайсы күнөөмө жектейсиң, Чырмаш?

М а к с а т б е к *(Бир алды маани бербегендей баш ийкеп, кайра чочуйт):* Кечириңиз, сиз эмеле бала-чакаңыздын жоктугуна капаланбадыңыз беле? Анан кантип балаңыздын ысымы?!

С а л и я: Баламын ысымы? Ким айтат? Атамын ысымы дейм. *(Ууртунан жылмайымыш этип, шашып.)* Атаң карыса баладай тура. Тамак-ашы менден. Кийимдерин жууп берем. Анан кээде болор-болбоско кылтыйып калмагы бар...

М а к с а т б е к: Бир туруп, баламын аты, бир туруп, атамын аты. Болуптур, эмнеге токтодум эле?.. Атаңыздын аты болсо, атаңыздын аты да.

С а л и я: Атаңдын башы!

М а к с а т б е к *(өзүн кармап):* Ай, Ира, Алтынай, даярсыңарбы? Кеттик, Сокулукка. Таза аба жуталычы. Антпесек өз кебибизге өзүбүз чалына баштадык.

К а н а т: Жүргүлө!

А л т ы н а й: Ай, бир мүнөт, аттанар аякчы? *(Чөйчөктөргө шарап куюп, сунат. Чырмашка куңкулдөп.)* Кожойбой досторуңду колдосоң боло?!

М а к с а т б е к: Капексей, өзүбүздүн ырды ырдап, анан тартып жиберели?! *(Чырмаштан башкасы ырдайт. Максатбек чөйчөгүн көкөлөтүп, Чырмашка.)*

*Бир, эки, үч,*
*Биздерде күч.*
*Жолду чапкан,*
*Маркс, Ильич!*

*(Чырмаштан башкасы ырдайт. Максатбек чөйчөгүн коюп.)* Чогуубуз менен Сокулукка! Оштук мейман сиз да барасыз.

С а л и я: Өзүңдүн эжеңдин үйүнө чакырып жаткандай барбалаңдайсың да? Канат мага эртең менен эскерткен.

М а к с а т б е к: Жыгылыштуумун, жыгылыштуумун. *(Салияны көздөй ийилет.)*

Ч ы р м а ш: Салия, Сокулукка барбайсың! *(Бүт баары, Максатбек Салиянын манжаларын кармаган бойдон элейет. Алтынай менен Ирина Чырмашты колтуктап, бирдеме дегенге аракеттенет. Чырмаш эки колун жул-*

*куп.)* Барбайсың! Барсаң, сага Канаттын туугандары жоолук салат.

Максатбек: Тигини... тигини... Алтынай, эринди байлап-таңып, жиндиканага өткөрөт окшойбуз. *(Алтынай менен Ирина Чырмашка жабышат.)*

Чырмаш: Салияны өлсөм да силер менен жөнөтпөйм!

Максатбек: Достор, тынчтангыла!? Чырмаш менен Салия, силер мээбизди ачытпай, тааныштыгыңарды жөн эле мойнуңарга албайсыңарбы? *(Тыным. Ирина табышмактуу кыялданып, алга суурулат.)*

Ирина: *Толкуса деңиз боюн урат тоого,*
*Аттанат кези келсе баатыр жоого.*
*Жетилсе жемиш бышат сабактагы*
*Тилдирип алган элем жүрөгүмдү –*
*Турмушка,*
*Ошол бойдон агат каны.*

*Айрылуу жаңы төрөйт сагынычты,*
*Касташуу пайда кылат кагылышты.*
*Түгөнбөйт тирүүлүктүн сапаттары.*
*Тилдирип алган элем жүрөгүмдү –*
*Сүйүүгө,*
*Ошол бойдон агат каны.*

*Жашоодо жылдар гана билбейт тыным,*
*Башталат кылым бүтсө дагы кылым.*
*Байкалбайт күн кеч кирип, таң атканы.*
*Тилдирип алган элем жүрөгүмдү –*
*Мезгилге,*
*Ошол бойдон агат каны.*

*Күн күбө жердин бардык сырларына.*
*Өмүрдү чөмүлдүрүп нурларына.*
*Койбостон кете берет карап дагы.*
*Жаралап алган элем жүрөгүмдү –*
*Токтолбой,*
*Ошол бойдон агат каны.*

Алтынай: Ооба, бул – Жолон Мамытов. Бирок анын береги кырдаалга кылчалык тийешеси жок.

Радиодон сүйлөгөн сөзүңдү бүгүн анча-мынча көкбөрү тарткан этиятсыздыгым үчүнбү, же бөлөк себептенби?

К а н а т: Айтмакчы, эмне деген радио, эмне болгон сөз. Кайымыңардын төркүнү бүдөмүк.

Ч ы р м а ш: Радиодон жеке керт башыма тийешелүү пикиримди билдиргемин. Мындайча айтканда, Октябрь төңкөрүшүнүн жалпы адамзаттык өсүп-өнүгүүгө, анын ичинде, көчмөн, жарым көчмөн калкыбыздын келечегине тийгизген таасири азыркы коомдук илимибиздин калыс иликтөөсүнө муктаждыгын далилдөөгө далалаттангам.

М а к с а т б е к: Андай экен, доорубуздун чыгаан окумуштууларынын Октябрь төңкөрүшү адамзат тарыхындагы ири жаңылыштык дегенин кандай баалайсың?

Ч ы р м а ш: Доорубуздун чыгаан окумуштуулары чындап эле ушинтип жатышса, мен ошону менчик акылым менен териштирүүгө дилгирмин.

М а к с а т б е к: Эгерде сен анчалык акылдуу болсоң, эмне үчүн мынчалык кедейсиң? Ушуну төшөгүңдө ойго жатып ойлопдуңбу?

Ч ы р м а ш: Сенин байлыгың адал эмгектен куралбаган ыплас байлык. *(Бакырыша баштаган экөөнө башкалардын көңүлү бурулат.)*

А л т ы н а й *(Чырмашка):* Тынчылыкпы? Үйдүн кожоюну экениңди унуттуңбу? *(Чөйчөгүн колунан алат.)*

М а к с а т б е к *(Кызууланып, ортого басып.)* Сенин социализмиң, Чырмаш...

И р и н а *(Максатбекти токтотууга далбастап, чөйчөгүн колунан алып):* Саясатты бүтпөдүңбү эми?!

А л т ы н а й *(Максатбекке жароокерленип):* Бир ачууңду мага берчи?

М а к с а т б е к *(Моюн сунбай, жулунуп):* Сенин социализмиң эркектин сугун арттырган өңдүү-түстүү, бирок, туубаган тукумсуз какбаш катын!

А л т ы н а й *(Тамашага чаргытып):* Анда тороп-түшкөндөр капитализмбизби?

М а к с а т б е к *(Чырмашка):* Социализмиңди аңдаттымбы? *(Салия менен Канаттын көздөрү чагылышат. Салия эчкирип, тескери бурулат.)*

К а н а т: Салия! *(Чукулдап.)* Салия, бизди кечир? *(Эки кыз жана Максатбек бирин бири жалдырап тиктейт. Тыным учурунда Алтынай Канат менен Иринанын бошогон чөйчөктөрүн алып, үстөлгө коёт.)*

И р и н а *(Максатбекке):* Айкырып атып конокту таарынттың? *(Тыным.)* Бизге окшогон жоош-момун калкка социализм көп жагынан ылайык беле дейм да?!

С а л и я *(көзүн аарчып):* Мага назар бурбагыла? Мен... мен силер таамай мүнөздөгөн социализммин.

А л т ы н а й: Бала-чакаңыз жокпу?

И р и н а: И-и... ка-ап, анда бактысыз экенсиз.

М а к с а т б е к *(Иринага байкатпай муш кезеп):* Эмне баласыз киши эле бактысыз бекен? Баланы багып алууга деле болот. Мисалы, мен өзүм ата-энемдин асыранды баласымын. Туурабы, Ира?

К а н а т: Асыранды балдардан да сендей көйкашкалар чыгабы?

М а к с а т б е к: А түгүл үлкөн талаш-тартыштарда асыранды балдар атанын балдарынын чимкиригин агызат.

Ч ы р м а ш *(Максатбекке):* Эй, экс-коммунист, социализм сага же мага жакшылыктан тышкары кандай жамандык кылды, ыя?

А л т ы н а й: Чыке, өчкөн отту жаңыртып коолобочу?!

М а к с а т б е к: Жамандыкпы? Сага, ээ?

Ч ы р м а ш: И-и, маселен, мага.

М а к с а т б е к *(Сабыр кылгыла дегендей жаңсап):* Социализм сенин айдар кокулуңдөн сылаган жок. Афганистандын дини бир мусулмандарын аттырды, шаар-кыштактарын ойрондоттурду. Өзүң санап берчи, советтик жоокер кийимчен канча афгандык жаранды кан какшаттың? *(Чырмаш бирдеме демекке оозун эптештирет.)* Коё тур! Экинчиден, Афганистанда жакын досуңдан айрылдың. Аты ким эле? Түштүкчө. Дайыма оозанасың...

Ч ы р м а ш: Сраждин.

М а к с а т б е к: И-и, Сраждин. Ошо Сраждинди тозокко малынгыр социализм өлтүрдү.

С а л и я: Сраждинди ким өлтүрдү дейсиң?

М а к с а т б е к: Апей, сиз Сраждинди билчү белеңиз?

С а л и я: Билбей анан... *(Ойлоно калып.)* Сраждин менин баламын ысымы.

С а л и я *(ыйлактап):* Неге такыйсыңар? Тааныш эмес-пиз. *(Сыртка чуркап кетет. Артынан Алтынай менен Ирина чыгат. Канат тамеки тутантууга убараланат.)*

М а к с а т б е к: Ай, биринен бири эч нерсе аябаган курбулар да ушинтеби? Чырмаш, жолуң болгур...

Ч ы р м а ш *(ары басып):* Жакындаба!

М а к с а т б е к: Сен аны жактырып калдыңбы?

Ч ы р м а ш: Тапкан экенсиң майбашты?

М а к с а т б е к: Анан эмнеге мышык-чычкан ойнойсуң? Тойдум сенин кылыгыңа! *(Отургучка боюн таштап, чыкыйын мыкчыйт. Чымын учса угулган тажатма тынчтык өкүм сүрөт. Кайра обдулуп турат.)* Чырмаш, сен сүйгөн кызды Канат сага ыраа көрбөй койсо кантээр элең? Анын үстүнө Канатка карызбыз. *(Кыздар кирет.)*

Ч ы р м а ш: Карыз-парыз эмесмин. Жаман атка конгонубуз – экөөңөрдүн кызуу кандуулугуңардын өкүнүчтүү жыйынтыгы.

К а н а т *(чылымын ыргытып):* Мен камалганымды эч кимге милдет кылбайм.

И р и н а: Кеп «баягы, баягы, койчумандын таягы» жөнүндө бейм, кыздар. Анда кандайча Канат гана соттолот?

М а к с а т б е к: Менин соттолбогонумду да көрө албайсың, ээ? *(Ойлуу.)* Дурус. Бул өзү чиеленишкен баян: Университеттин төртүнчү курсунда элек. Төмөнкү курстагы селкилер менен концертке кирип, шарактап шампан аттырып, жатаканага чейин эки-экиден колтукташып, андан ары батирибизге ааламыбыз түгөл дуулдап бараткан-быз. Баратсак, теке маңдайыбыздан огүздөй добот жетелеп мөлтүрөгөн шаардык эки кыз келатат. Жанаша бергенде Канат тамашалап итине тийишип койду окшойт, айтор, анысы каңкылдап ийди. Ошондо тигилер биринен бири озунуп «бараны» дешкени жиликти көзөп, чучукка сайылган. Канат ой-бойго койбой чукулураактагысын төбөгө муштады. Мен экинчисине тап берсем, безген тейден карматкан жок. Кайрылсам, Канат «мына сага, бараны», «мына сага, бараны» деп ооналактап чыңырган немени тепкилеп жатыптыр. *(Сахна күүгүмдөлүп, милициянын ышкырыгы чуруллдайт. Чырмаш, Канат, Максатбек жүгүрөт. Алтынай, Салия, Иринага жарык берилет.)*

Ч ы р м а ш *(жүгүрүп баратып):* Өлдүк!

Максатбек *(чала угуп):* Эмне?

Чырмаш: Өлдүк.

Канат: Аркы эмне дейт?

Максатбек: Өлдүк! *(Канат туура дегенсип башын ийкейт.)*

Канат *(Бир топ чуркагандан кийин.):* Сол тараптагы буйткага жашыналы? *(Токтошот. Канат энтиккенин басып.)* Мен айыптуумун. Кармап алышса, «корккონубуздан качтык, урган тиги, биз ажыраттык» дегиле! Макулбу?

Максатбек: Канат?!

Чырмаш: Жарабайт!

Канат *(Чырмашты алка жакадан алат):* Чырмаш, сенин чатакка кеңедей тийешең жок. Сен ажыраттың, уктуңбу? Менимче, муну кыз деле тана албайт.

Максатбек: Биз кантип сыртта калабыз?

Канат: Суроону кыскарткыла, мага тоңкогүлө! Чынында мен баштадым. *(Милициянын ышкырыгы чукулдан чурулдайт. Чырмаш, Канат, Максатбек жүгүрөт. Канат жүгүрүп баратып.)* Макулдаштык. Эч ким башкача сүйлөбөсүн! Күноону мен жалгыз көтөрөм. *(Сахна жарыйт.)*

Ирина *(ишенкиребей):* «Зордуктоо» деген кине асмандан алыныптыр да?

Максатбек: Асыресс, чоңдун кызына катылган экенбиз. Анын үстүнө акчасы саман. Жазанын жумшарышын сезип, доктурларды, прокурорлорду майлап жибербедиби?!

Ирина: Ушул жомогуңарды канча жолу уктум, ар жолкусунда ар башка көркөмдөйсүңөр.

Максатбек: «Уурусу күчтүүнүн ээси доого жыгылып», бирдеме уюштурганга жашпыз, жардыбыз. Таянар белдүү тууган табылбай, Канатты «барса келбеске» узаттык... Эх, бийлигим жетсе ошолордун өздөрүн тыгат элем абакка! *(Сахна күүгүмдөлүп, Канат эки колун кайчылаштыра бир нокотту ызалуу тиктейт. Түрмөнүн темир дарбазаларынын шарактаганы угулат. Чырмаш менен Максатбек кайгыдан кайыгып, жарыша жалбарат: Эй, зындандын төбөлдөрү! Ал айыптуу эмес... Ал улутчул эмес... Ишенгиле!? Бошоткула!? Айыптуу биз эмес... Улутчул биз эмес... Эй, зындандын төбөлдөрү!*

*Түрмөнүн темир эшиктеринин шарактаганы катуулап угулат. Сахна саамга таптакыр караңгылап, кайрадан жарыйт.)*

К а н а т: Өткөн ишке салабат. Түрмөдөгүнүн баары кылмышкер эмес, кылмышкердин баары түрмөдө эмес. Мындан кийинки жашообузду асырайлы. *(Жанданып.)*

Айтса, мен Жалал-Абад–Бишкек поездинен Салия менен тааныштым. Тааныштым да таалайымдын кушу туурума конгонуна айныксыз ынандым. Салия: «сен мага туңгуч сүйгөн жигитимди элестетесиң» – дейт. Мен ага: «алгач сүйгөн кызымды элестете албайм» дедим.

Кечээ Бишкекке жетип сенин үйүңө телефон чалсам, эч ким жооптошпойт, Максатбек. Ал эми сенин дарегиңди так билбейм, Чырмаш. Экөөбүздү меймапканалар кийирбейт. Тыйынын төлөп кулагы катуу жалгыз бой абышканыкына түнөдүк. Кумардан кандык.

С а л и я *(өзүн ыңгайсыз сезип):* Канат, өтүнөм...

К а н а т *(Салияны көтөрүп тегеретип, жерге түшүрөт):* Салия, биз баш кошобуз, жаным. Мен сага досторум жөнүндө сөзсүз айтып берем. *(Жанатан бери чете кубарган Чырмаш тербелип кулайт.)*

А л т ы н а й: Чыке! *(Максатбек Чырмашты жөлөп, отургучка отургузат. Ирина чыныга суу апкелип, бетине чачат. Алтынай ыйлап.)* Көзүңдү аччы, Чыке! Кудай ай, түндөгү түшүм коогалаңдуу болчу. Чыке, көзүңдү ачсаң?

М а к с а т б е к *(тамашалап):* Ай, социалист, көзүңдү ач! Дүйнөлүк төңкөрүш али алдыда. *(Алтынайга.)* Төркү бөлмөгө, керебетине жаткыралы. *(Алтынай, Ирина, Максатбек Чырмашты алып кетет. Канат алардын артынан жөнөгөн Салияны токтотот.)*

К а н а т: Чырмаш менен педагогикалык окуу жайында катар окуган белең? *(Салия бышактап, башын ийкейт.)* Эки достун бири Чырмашпы? *(Салия башын дагы ийкейт.)* Неге дароо айтпадың?

С а л и я: Билбейм. Неге дароо айтпаганымды өзүм да билбейм.

К а н а т *(өзүнчө):* Атаганат! *(Тыным.)* Жүр, кетебиз?

С а л и я: Кетпейм. Мен мында калам. Дегеле Канат менин жеңил ойлуулугумду унут?!

К а н а т: Салия, анда мага тирүү жүрүүнүн зарылчылыгы жок.

С а л и я: Мен кайра журтума кетем.

К а н а т: Мен сен кайда барсаң, ошерге барам. Издеп табам. *(Максатбек менен Ирина кирет.)*

М а к с а т б е к: Дасторконго бата тиленген, ээ. Эмесе, дөңголонөлү.

К а н а т: Салия мында калам дейт.

М а к с а т б е к: Кыңыр иш кырк жылда, Чырмаш экөөңөрдүн мамилеңди изилдейбиз.

И р и н а: Салияны дагы таарынтасың.

М а к с а т б е к: Койдум. Көрүшкөнчө, Салия!

К а н а т: Көрүшкөнчө!

И р и н а: Көрүшкөнчө! *(Төркү бөлмөнү карап.)* Алтынай, жакшы кал! Биз эртеңдерден кабарлашабыз. *(Кетишет. Канат кадамын жайлатып, кайра шилтейт... Салия аркы-терки басат. Көп өтпөй табакка арчанын кургатылган бутагын салып, Алтынай төркү бөлмөдөн чыгат.)*

А л т ы н а й *(чочуп)*: Салия, сен кетпедиңби?

С а л и я: Мен сени күтүп Алтынай. Чырмаш түзүкпү?

А л т ы н а й: Кирбе, дары ичирдим. Уктап калды.

С а л и я *(Алтынайды кучактап)*: Ыракмат, Алтынай! Мен Ошко кетем. Күйөөңдү жакшылап кара?

А л т ы н а й: Жакшылап карабаганда, күйөөнү күтпөй таштаган ким бар экен?!

С а л и я: Кайыр, Алтынай! *(Кетет.)*

А л т ы н а й: Кайыр болсо кайыр да. *(Ашканага барып, арча ысырыкты күйгүзүп кайтып кирет. Аңгыча сахна күүгүмдөй түшөт.)* Алас, алас, ар балээден калас! (Бөлмөнү аластай баштайт. Төркү бөлмөдөн чачы уйпаланып, көз айнексиз Чырмаш чыгат.) Алас, алас, ар балээден калас!

Ч ы р м а ш: Баары кеттиби? Салия да кеттиби?

А л т ы н а й: Кетти. Кетмектен ары жоголуп кетсинчи!? Ошо келин келгенден бери жүрөгүм уйгу-туйгу. Досторуңду да ойдогудай сыйлай албадык. Аягында минтип сен мүргүп. Өлсүн ошол! Алас... алас...

Ч ы р м а ш: Кайда барам деди?

А л т ы н а й: Ким? Келинби? Ошко кетти. Алас...

Ч ы р м а ш: Алтынай, Салия төрөйт.

Ч ы р м а ш *(таң калгансып.)* Сенин дале киренең бар. Башыңды эңкейт, аластап коёюн? *(аластап, ары басат.)* Көздөрү ойноктоп, алданемедей кыз экен. Чырмаш туура айтат, Канат өңдүү жибектей созулган аяпыбызга башка эле колукту таап беребиз... Алас, алас... Түндө түшүмо уулубуз да кирип атыптыр. Апам экөө тириликтен куурады го?!

Ч ы р м а ш: Алтынай, сен кандай дейсиң, Салия төрөйбү?

А л т ы н а й *(аластаганын улантып):* Төрөйт, ой төрөйт. Эгиз төрөшү да толук ыктымал. Андан көрө жатып эс алсаңчы?

Ч ы р м а ш *(теңселип ары-бери баскыча кобурайт):* Туулбай туна чөксөмчү... туулбай туна чөксөмчү... *(Төбөсүн мыкчып, капылет катуу өксөйт.)* Са-ли-я! *(Алтынайдын колундагы ысырык салган табак жерге түшүп, калдырттайт... Сахна караңгылап, алыскы багыттагы поезддин шарактап жүрүп бараткандагы дабышы айлананы солкулдатат. Ал узай берип, узакка үн созот да, кайрадан кадимки калыбында дүкүлдөп, сапарын улайт. Көшөгө акырындап жабылат.)*

***1994-ж.***

## ЖААБАРС*

*(Пьеса)*

**КАТЫШУУЧУЛАР:**
**Жаабарс**
**Чаабарс**
**Мергенчи**
**Асел** – Мергенчинин сүйгөнү
**Ажымурат** – Мергенчинин иниси
**Апа** – Мергенчинин апасы
**Кыдыр**
**Чунак кулак барс**
**Ышкын барс**
**Биринчи дөбөт күчүк барс**
**Экинчи дөбөт күчүк барс**
**Үчүнчү дөбөт күчүк барс**
**Үн**

### Биринчи сүрөт

*(пролог)*

Тянь-Шандын Бугулуу Төрү. Канаттуулар миң түркүн кайталап үн безеп, булак шылдырап, мамалактуу топоз ыңкыган керемет маал. Жаратылыштын ажайган кооздугуна тамшанып, дүйнөкапар аңкайган Мергенчи. Аңгыча маңдайдагы буйткадан күтпөгөн ченден күркүрөп, Жаабарс көрүнө калганы.

Шашкалактаган киши кетенчиктеп, борчук аскага жабышат. Жаабарс заматта аттап-буттап, айры аяктуу, карабашылды жара тартчуудай комдонуп, көздөрүн тостойтот.

Кылымга тете ирмем. Экөө тең былк этпейт. Перенденин сайраганы, булактын шылдыраганы тып басылгандай, теребел ың-

* Пьеса «Жаабарс» («Тоолор кулаганда») романына кийинчерээк биринчи бап-глава болуп кирген Ч.Айтматовдун чыгармасынын негизинде жазылган.

жыңсыз. Адамдын колу кундакты мыжыгат, жырткыч ыкчам, ыкчылдыгына сыйынат.

Кантсе да алгач Мергенчи үн катат:

– Ай-ай, балбан, ай-ай, Жаабарс!

Жаабарс өзүнүн атын уккандан жумшаргандай, чоң башын ары-бери чулгуйт. Киши баары бир чочуп, кетенчиктейт:

– Ай-ай, Жаабарс, пейилиңден кайт!

Жаабарс негедир муңкангандай каңкылдап, пенде баласын жаны ачыгандай жалооруй тиктейт, анан бачым бурулат дагы, жолуна түшүп бураңдайт. Мергенчи жонундагы мылтыгын чымга чаап, шалдайганы. Кайра эсин жыйып, Жаабарс караан үзгөн жакты көпкө дейре телмире карайт.

М е р г е н ч и: Аксарбашыл, аксарбашыл, айланайын!.. *(Көйнөгүнүн жакасына үч кайтара ырымдап түкүрөт.)* Тү-тү-тү..! Атаңдын көрү, айтылуу Жаабарстын дал өзүнө кезиктим, ээ!? Буга эмне болгон, жыгылчуудай бураңдайт да, каапыр. *(Ойлуу.)* Жүйүр төлдөгөн ырыска шерик ургаачысын Чунак кулак барс имерип алыптыр дешти эле, ошонусу ырас окшобойбу. Арыктап, жүдөп, карыптыкка моюн сунуптур, байкуш. *(Дагы Жаабарс кеткен тарапка жалт жалт багат. Кайрадан көрүүчүлөргө кайрылат.)*

Илбирсти аяп коём да, мени аяган эч ким жок. Алкымым оозума тыгылып, аскага кептелип, алда-жалда менен араң калдым го!? *(Ызалуу каткырат.)* Бирөөгө айтсам, «аңчылардын апыртмасы» деп ишенбес. Бирок, Бугулуу-Төрдүн ээси, жырткыч жаныбарлардын пири – Жаабарска жолукканыма мобул кабагы бүркөө асман күбө. *(Алакан жаят.)*

Аттиң, Аселим жанымда жүрсө, аңгемемдин эң ширелүүсүн адегенде ошого божурасам. Кызыл жоолук делбирим, кулак түрүп, муюр беле же ынанбай, мурдун чүйрүп, чыртылдайт беле?

Кантейин, мергенчилик кесибим тагдырыма балта чапты. Жайдыр-кыштыр артуу-артуу дабан ашам, кокту-колот аралайм. Айлап үйгө конбойм. «Карабаса катын кетет» дегени туура экен. Бирин-серин айылга каттаган бизнесчинин этегин кармап, Орусияга сызыптыр...

Жанагыда Жаабарстын тарыхын бекер бежиреген окшобоймунбу. Койчу, «жырткыч айбандарда кайдагы махабат» деп кытылдап күлбөспү, Аселим. Сен анын жанында карап турган белең дейт, ыкшып.

Аягы менен жылып, таноосу менен тынгандардын баарында сүйүү барлыгын, ариет-намыс барлыгын неткенде түшүнтөм, Аселиме. Кантип артка кайрыйым. Эки-үч жыл илгери чет өлкөлүк аңчылар менен баратып, тик учак-вертолёт кургуйга кулаганда эле аркар-кулжа кууганымды токтотсом кана? Аян экен да, көрсө, эскертүү экен. Кайберендин убалы тийди, канатым кайрылды. Кызыгы ушунда, кара жолдун боюндагы куржун асынган Кыдыр Алекисаламдай думана-календердин бал тилине ийип, кайберен атмакка, бугумду жазмакка минтип Бугулуу-Төргө шаштым. *(Бирдеменин шарпасы эшитилет, Мергенчи элтейет.)*

Түшүмбү, Кудай, Жаабарс бери келатат да?! *(Мылтыгын кезейт.)* Үстүнөн ашыра атып, коркутуп коёюн. *(Мылтыктын «тарс» эткен доошу бөлөк жактан угулат.)* Ким? Ой, ким атты? Эй, Бугулуу-Төрдө менден башка кайсы мерген бар? Чык бери!? *(Саамга тыңшап калат. Анан аркы-терки ок атат. Тоо жаңырат.)*

Жаралуу Жаабарс каңгып, ары-бери жойлосо, эчки-теке үркпөйбү? Андыктан, аңчылар оболу Жаабарсты жайлап тыналы деп жатышкан го? Кайран Жаабарс, бучкактаганын бура жылдырбаган шерим, шордуум... Жазмыш, маңдайга чийилгени ушундай тура...

Баякыда сенин табышмактуу таржымалыңды эмнеге Аселиме баяндадым дейм да, Жаабарс. Тимелеби, шилекейимди чубуртуп, суктангандай жомоктодум, Жаабарс. Эми аргасыз өзүм Жаабарска жазбай окшошуп, боздодум, Жаабарс. *(Кыйкырат.)* Эй, чаарчык, делдейтер, бачики, чөндөлөйлөр, кайдасыңар? Мен – жырткычмын! Жан алгычмын! Мен – илбирсмин, жолборсмун, Жаабарсмын! *(Арада күн күркүрөп, чагылган чартылдайт. Мергенчи аргасыз тейден коңулга корголойт.)*

## Экинчи сүрөт

Бугулуу-Төр. Кыйла заман илгери. Жаш Жаабарс менен түпкүчтөй ийилген Чаабарс алгачкы кошулуунун арапасында ай-машып, чапчышып, жыттташат.

Ч а а б а р с: Жаным, Жаабарс...

Ж а а б а р с: Ырысым, Чаабарс...

Ч а а б а р с: Жүрү, көздөн далдоо кетели?

Ж а а б а р с: Жүрү.

Ч а а б а р с *(наздуу):* Жаным, Жаабарс, өлгөнчө жан бирге деген убадаңды кайталачы?

Ж а а б а р с: Өлгөнчө жан бирге, Чаабарс. *(Тыным.)* Чаабарс, экөөбүз сөзсүз бактылуу болобуз. Барс тукумдары өңдүү бактылуу болобуз. Тоо илбирстеринин катарын көбөйтөлү, алардын тобуна өз күчүктөрүбүздү кошолу!?

Ч а а б а р с: Анткенге аркар-кулжанын кочкул кызыл канын шимиребиз, ыпысык этин ашайбыз. Аларыңды дыргаяктата кууганда бир ыракаттанам дейсиң...

Ж а а б а р с: Далай кулжачардын курсагын жара тарттым. Арийне, алиги доңуз, каман дегени жакпайт. Куусаң, коркконунан куюлтуп чычып ийет, кургурлар.

Ч а а б а р с: Айры аяктуу, карабашылга маңдай-тескейлешкенсиңби?

Ж а а б а р с: Кишигеби? Ал – куралчан. Түтөтмөсүнөн жалын чачат. Анысынын тарсылдагын угуп чоңойбодукпу?

Ч а а б а р с *(кылгырып):* Алаксытпа!

Ж а а б а р с: Алаксыба!

Ч а а б а р с: Тээтиги коктудан.

Ж а а б а р с: Жок, тиги коктудан.

Ч а а б а р с: Ал жак – Тескей, Күңгөйгө баралы?

Ж а а б а р с: Күңгөйгөбү? Кеттик. *(Жаабарс менен Чаабарс тегеренe куушат. Аалам айланкөчөк атат. Чунак кулак барс жана башка барстар келип бийлешет. Барстар үй мүйүз тартып. Чунак кулак барс ортодо ойдолоп бийлейт. Жаабарс Чунак кулак барсты далыга таптап, ыраазычылык билгизет. Жаабарс менен Чаабарс бийлеген барстардан билинбей бөлүнүп, кайдадыр ашыгат.)*

Ү н: Алигиде тула бойлору алга керилип, барабар сүзгөн балыктардай ойкуп, шамалга жайылган куйрукта-

рып шүйүп, туташкандай жанаша, үзөңгүлөш теминиш-
кен эле. Чаабарс жарым карыш озо күдүрөңдөйт, эреже-
си ошондой, ургаачынын заты улук. Жаабарс ченегендей.
ашык-кеми жок, жарым карыш артта, курдашынын жыты
мурдун өрдөп, эңгиретип, денесинин жылуулугу делебе-
син аптыктырып, асыресе, анын жүрөгүнүн түрсүлүн тың-
шагандан айбандык парасатын белгисиз бирдеме кытыгы-
лап, эпсиз, эсепсиз эңсеткени жадында. Учкул арада Жаа-
барс илгери-кийин укпаган үндөрдү укту - сыдырым жел-
дин желпинүүсүндө, анан калса, жарыктын шооласында
жаңырыктап, созолонгон, күүлдөгөн жана сыбызгыган
жылаажын үндөр, мунун бакиси жогоруда уюп, дирилдеп
да дүңгүрөп, айдарымдын аласалган агымы менен жез та-
бактай күндүн карек карыктырган нуруна камыр-жумур
жуурулушат, мунун бакиси а тараптагы тоо-токойдун чай-
палышынан шаңгырайт. О, Жараткан, эгерде кар барсы
кап-кабактагы көрүнүштүн кайталангыс кадыр-баркын
баалаганга шыктуу туулса, анда береги жашоонун бүтүн
Ааламдык музыкасы, алардын макулуктук махабатынын
босогосундагы боздото чертилген залкар күү эмей эмине...

## Үчүнчү сүрөт

Мурда, бөксө жайлоодо. Кой-эчки маарап, жылкы кишенейт.
Ит үрөт. Мергенчи камчысын бүктөй кармап, Асел менен жай
сырдашат.

М е р г е н ч и: Асел, тетиреки ак чаңгыл аскалардын
карачы? Бугулуу-Төр ошоякта. Жаабарстын мекени.

А с е л: Ой-ий, алыс го?

М е р г е н ч и: Жаныбарым Гүлсаратка жарым күндүк
жол. Дал ошол Кош-Чокунун алдындагы карагай-черде
Гүлсаратты жайдактап, тушап, андан ары жөө-жалаңдап,
салып урам. Аркар-кулжасы аралаш, бейиштей чөлкөм.
Бирок, кайберендер абыдан сак. Оңой менен оңколото ал-
байсың. Жарлары тик, мергендин мергени чыгат. Көбү
түтөктүн айынан, жарым жолдон артка кайтат. Өгүнү,
айтса, Жаабарс менен Чаабарсты көрдүм. Турнабайдан.
Кадуулап, ээрчишип баратышыптыр. Көрдүм да, жакшы-

лыкка жорудум. Сен качаңкыга чейин боюңдан түшүп, кыйнала бермек элең? Буюрса, чүрпөлүү болобуз, алтыным. Ошого жорудум.

А с е л: Тобоо, илбирстердин да ысымы болобу?

М е р г е н ч и: Ысымы болбосо, кантип айра таанымак элек.

А с е л: Жаабарсы мейли, Чаабарсы эмине?

М е р г е н ч и: Мүмкүн, териси чаардыгынандыр, балким, Жаабарска уйкаштырышкандыр. Баса, уул төрөсөң, атын Барсбек коёлу? Макулбу? *(Асел көңгөндөй башын ийкейт. Мергенчи кыялга батат.)* Асел, Жаабарс деген Жаабарс. *(Келинчегине тап берип, илбирсти туурап, ыркырайт. Асел кылыктанат.)* Богогу буура санындай, баш сөөгүнүн боруму – кырмандын таар кабындай. Аласы-ала, буласы-була... *(олуттуу.)* Бугулуу-Тордо гана эмес, атпай Тянь-Шань, Памирде ага тең чамал илбирс жок, ушутапта. Конуш жайы – бийиктик, таза аба, жебедей сызган аркар-кулжага атаандаш. Бир чет өлкөлүк айтат, окумуштуу сөрөй го, мындай куйругу узун барстар-кабыландар Африканын чытырман токойлорунда учурайт дейт. Африканы билбейм, бирок, барстар биздин сүлөөсүндөргө үч атадан кошулат...

А с е л *(бышкырып)*: Аларың уруу-урууга да бөлүнүшөр? Оц, сол, ичкилик...

М е р г е н ч и *(өнтөлөп)*: Асел, олуттуу маселени оюнга айлантпачы,берекем!?

А с е л *(Мергенчинин мойнуна асылып)*: Кечир... Болуптур, эми аттан. Шериктериң узап баратат. Шашыл... Этият бол?! Олжолуу кайт?!

М е р г е н ч и *(Аселди чекесинен сүйөт)*: Кош! Аңчылыктан олжолуу кайтмак Теңирден. Күт, көлөкөм... *(Чыгат. Асел Мергенчиге башынан шыпырылган бир байлам кызыл жоолугун булгалайт.)*

## Төртүнчү сүрөт

Баягы Бугулуу-Төрдө алаамат. Жер силкинип, таш кулайт. Ындыны өчкөн Жаабарс менен Чаабарс илең-салаң кирет.

Ч а а б а р с *(күрсүнүп):* Байкуш күчүгүм – Иймек барс, асканын жараңкасында суу ичкени каз-катар чубаган эчки-текени аңдып, акыйып отурган, энесине жардамдашмакка. Биринчи мертебе чындап ууга киришти эле, күчүгүм. Таш кулайт деген үч уктасам түшүмө кирген эмес. Оңор оор таш болсочу. Так желкесинен басты. Чыңырганын бир уктум, астымдагы жер көчүп, караган-бадал тең көчүп, карасам, тээ ылдыйда чалкамдан жатам.

Ж а а б а р с: Алда кандай окуя. Аска окторулган дарыянын нугун бууп, көл мелмилдеди.

Ч а а б а р с: Аскаң менен, дарыя-көлүң менен жумушум канча? Мага күчүгүмдү таап бер? *(Тыным.)* Сен барстардын үйүрүн баштап, күч сынашууга жортпой, бешенебизде отурганыңда, мүмкүн, аман калмакпыз?

Ж а а б а р с *(улутунуп):* Айры аяк, карабашылдар бири өлсө, экинчиси өкүрөт экен. Жаңа алай-дүлөйдө Темир канат куш көктөн капчыгайга жыгылып, жалбырттап күйдү. Ичиндеги куралчан кишилердин кээ бирөө тирүү, кээси көз жумгандай. Тирүүлөрү жапырт чуркураштьı.

Ч а а б а р с: А биз барсча кайгырабыз. Айтмакчы, сага дейре буерде Чунак кулак барс соксоюп, мөгдөдү.

Ж а а б а р с: Чунак кулак барс!? Ий-е, бизде, барстарда энеси менен күчүгүнө бир дөбөт жарай берет.

Ч а а б а р с: Кырсыктап өлгөн күчүгүмө тил тийгизбе? Чунак кулак барс менен тукум жалгаштырууну чечкен өзүм.

Ж а а б а р с: Мен тирүүдөбү?

Ч а а б а р с: Сен албеттүү, күчтүү, таанымал барссың, бирок, аталык аракетиңден туулган күчүктөрүм токтобойт шекилдүү. Каражолтойсуң. Ал эми Чунак кулак барс – баласаак. Дээрлик күчүк чагында күчүгүн талатпай коргоп, кулагынын калдырканынан айрылган.

Ж а а б а р с *(күркүрөп):* Чунак кулак барс, бир көрүнчү мага...

Ч а а б а р с: Күчүңө ишенбе, таалайыңа ишен.

Ж а а б а р с *(жер чипчып)*: Кана, ошол карөзгөй?

Ч а а б а р с: Бизде, барстарда тукум улоого ургачы жооптуу. Дөбөттөрүбүздүн бир даары – күн чубактап, жанынын жыргалын качырган – жалкоо, бир даары – шыйпактап-койкоктогон кокуй, төш керген койрөң *(жөнөйт)*.

Ж а а б а р с: Кайда шайландың?

Ч а а б а р с: Чунак кулак барс карагандын саясында күтүп атат. Багытымды бөгөбө? *(Жаабарс менен Чаабарс кажышат.)*

## Бешинчи сүрөт

Бугулуу-Төрдөгү Жаабарс менен Чунак кулак барстын кармашы. Экөө тең айбаттуу арсылдап, бирин бири муунтат. Жырткычтардын каарынан жакабел солкулдайт. Бир оокумда Жаабарс Чунак кулак барсты коколоп, жарга такайт. Тигил кыркырап, ал-күчтөн тайып, жан таслимдикке жакын. Некин, кайдан-жайдандыр атырылып, Чаабарс туурадан качырганы. Жаабарстын жонунан тиштеп, жулмалаганы өктөм, чечкиндүү. Жаабарс капталдан очорулуп, каңкылдайт:

– Ургаачыга асти теңелбейм. Мөрөй силердики.

Чаабарс куйругун бирде солго, бирде оңго ыргап, өйдө-ылдый чамгарактатып, Чунак кулак барстын жамбашына жамбашын, далысына далысын ыкшап узады. Жаабарс тегеректе кынжыла темселеди...

Бир аздан кийин ызалуу жырткыч бүт кайратын боюна жыят. Оюна бирдеме түшкөндөй келдесин кеңкейтет. Бирпас жоголуп, Ышкын барсты коштой пайда болот да, жеңиштүү күркүрөйт.

Ж а а б а рс: Солкулдаган Ышкын барс!

Ы ш к ы н б а р с: Баарыбыз тегиз урматтаган Жаабарс!

Ж а а б а рс: Мен алданемедей абалдамын, Ышкын Барс.

Ы ш к ы н б а р с: Түшүнөм, Жаабарс. Чаабарс менен Чунак кулак барстын жоругу Бугулуу-Төргө эбак маалым.

Ж а а б а рс: Кайгымды бөксөртө аласыңбы, Ышкын барс? *(Ышкын барстын тумшугун жыттайт.)*

Ы ш к ы н б а р с: Силер, дөбөттөр, кайгыбызды канчыктар бөксөртөт деп дамамат жаңыласыңар. Биз, кашайгырдыкы, кайгыңарды бөксөртпөйбүз, тескерисинче, кобүртүп-жабыртып, ырбатабыз.

Ж а а б а р с: Жубардай таза, кылыктуу барс. Кезегинде Чаабарс да алдагы сен сыяктуу, сай талдын чырпыгындай ийилчээк болчу.

Ы ш к ы н  б а р с: Минте берсең, кайгың эгерим бөксөрбөйт, Жаабарс. Чаабарс Бугулуу-Төрдөгү калдайган карааныңды, аң уулоодогу кашкөйлүгүңдү чанды. Сенсиз Чаабарс Чаабарс болоор беле, куйругун чамгарактатып, бирде оңго, бирде солго ыргаар беле? Ай, ким билет?

Ж а а б а р с: Ортодогу күчүкторүбүз токтобой...

Ы ш к ы н  б а р с: Күчүк – шылтоо. Жаабарстан күчүк туулбайт, Жаабарстан күчүк туулса, атасынан да жаалдуу, атасынан да жаасы катуу туулат. Жатыны жаман, көчүгү кууш Чаабарс андай күчүк тууганга жармач, жарамсыз.

Ж а а б а р с: Антпе, Ышкын барс. Чаабарс менен эчен кызык доор сүргөнбүз. Кызыгыңдан айрылып, кыйналганың курусун!?

Ы ш к ы н  б а р с: Мен силерден кыйла жашмын. Бирок, куйрук улаш куушуп бараткаپыңарды карап, ичим капылет уу тамыр сугунгандай ачышаар эле. *(Жаабарска ыктап.)* Өзгөчө, өзүңдүн жотолуу шыйрактарың, тостойгон каректериң эч бир барстыкына окшошпойт. Кээде барссыңбы же барстардын ичинде жашаган башкасыңбы деп шектенип ийем. *(Жаабарс менен Ышкын барс бир аз куушуп, арам тер агызышкансыйт. Арада Ышкын барс тык токтоп, ыңгайсызданат.)* Жаабарс, кечир, мени издеп жүрүшөт.

Ж а а б а р с: Ким?

Ы ш к ы н  б а р с: Жаш барстар. Бүгүн оюолордун кезеги. Эртең сага келем. Биз, ургачы барстар мындайга көнүп бүтпөдүкпү?!

Ж а а б а р с: Жөнөтпөйм. Кармашам.

Ы ш к ы н  б а р с: Кармашпа. Алар – үчөө. Жаабарс экениңе карабайт. *(Тыным.)* Анан калса, Жаабарс кыпылдап, энтигип атасың. Карылыгыңбы? Кантсе да, күйүкпөй, саламатчылыгыңды сактачы, Жаабарс? Сен илбирс тукумуна дагы керексиң. *(Кетет. Жаабарс ачуусунун күчүнөн жерге жата калып, боортоктойт.)*

## Алтынчы сүрөт

Аңчылыкка кезектеги жолу аттануунун алдында Асел менен каруусуна мылтык асынган Мергенчи арай көз, чарай сүйлөшөт.

Мергенчи: Кечээки мергендер, кирип-чыгып атып, уктуң бекен-укпадың бекен, өргүгүчө шыралга таштаган мергендер деп айтты, айтканда да бир укмуш кеп айтты. Бугулуу-Төрдө Жаабарс жаман абалда экен. Чунак кулак барс, бир кулагынын калдырканы абалкы алма-телме алышууда дал-далынан, шала-шала шылынган ошондой дөбөт барс бар, Чаабарска шынарлап, тийишип, жырткычтардын төрөсүн капарга илбей жатыптыр. Күндө жаалданган эрегиш, карсылдаган кармаш дейт. Берки Чунак кулак да оңой жоо эместей.

Асел: Оюңда жалаң жырткыч айбандар, күндөптүндөп үйдө жоксуң. Же кыйратып таппайсың – берекеси аз. Анан уялбай уул төрөп бер дейсиң, Барсбек! *(Табалап күлөт.)* Жаман иттин аты – Бөрүбасар.

Мергенчи *(жооткотот):* Дүйшөмбүнүн, шейшембинин, шаршембинин эсесин бейшембиден чыгарабыз, жаным.

Асел *(мисирейип):* Жүрү шаарга, товар ташыйбыз, куурдак жасап сатабыз.

Мергенчи: Асел, анда кургакка ыргытылган балыктай куурабаймынбы? Табиятым жаратылышка жуук.

Асел: Эмне, тоо-ташта жойлогон тосток көз менден кымбатпы? Сүйбөйсүң, сүйсөң баарынан кечмексиң. *(Бышактай баштайт.)* Жомогу бүтпөдү, мунун. Бар, Жаабарстыкына жашап ал!? Аялын айылда саргайткан кумарпоз күйөөгө тойдум...

Мергенчи: Кантет... кантет... *(Келинчегин имере кучактап, Бугулуу-Төрдү сагынгандай мукурайт. Тыным.)* Асел, аңчылыкты баягыда, чет өлкөлүктөр менен кошо тик учактан кулаганда таштасам болот эле, миң теке атып, оңко тургузганымда токтотсом болот эле... Мейли, эми дагы бир барып, көкшүнүмдү суутайын, анан ыктыярыңа жүз пайыз көчөйүн?!

Асел *(Мергенчини көкүрөккө орой түртүп):* Жалганчы, жүзүкара. Канча жолу акыркысы деп алдайсың, ыя? Ошо тоолоруң кулап, кумга айлансын?! Жырткыч, кайбе-

рендериң кырылып калса кана, атаганат!? Эмне үчүн перзентиң жок, билесиңби, анткени сени Кудайдын каргышы урган. Чаарчык, музоо, күчүктөрдүн каргышы урган. Акыртүбү келип, менин, жаздыкташ катыныңдын каргышы урган. Куубаш өтөсүң, жарыктан... *(Эчкирип ыйлап, чуркап кетет. Мергенчи ордунда сенделип, чыкыйын укалайт.)*

## Жетинчи сүрөт

Жаабарсты үч жагынан үч күчүк барс томураңдап талайт. Жаабарс жалтактап коргонот. Тигилер аны келекелейт.

Б и р и н ч и к ү ч ү к б а р с: Какбаш, Ышкын барска жолобо!

Э к и н ч и к ү ч ү к б а р с: Андай эрен экенсиң канчыгыңды Чунак кулак барстын кучагынан сууруп албайсыңбы?

Ү ч ү н ч ү к ү ч ү к б а р с: Чаабарсты тарттыргандан кийин сен бизге пир эмессиң. Ха-ха...

Б и р и н ч и к ү ч ү к б а р с: Энтиккенин мунун эки чакырым жерге угулат.

Э к и н ч и к ү ч ү к б а р с: Кышылдаганын мунун, кырдан кырга эшитилет.

Ү ч ү н ч ү к ү ч ү к б а р с *(жерге кулагын төшөп, жата калат):* Тыңдагыла, тыңшагыла, ха-ха...

Б и р и н ч и к ү ч ү к б а р с: Мындан ары өзүңдү ийгилик жылоолобошун эсиңе түй!

Э к и н ч и к ү ч ү к б а р с: Кайырчылап шөмтүрөп, жолоочулар ыргыткан күң жиликти мүлжүп, салбырамагыңды, санааңа түй!

Ү ч ү н ч ү к ү ч ү к б а р с: Базарың тамам, акебай, ха-ха...

Ж а а б а р с *(арсылдап, тишин кычыратат):* Кошуналарыбыз – кашабаңдардын карыса бир койчолук алы бар дешет, барс мырзалар. Бөрүдөн илбирс кем бекен!? Көрө жатарбыз.

Ү ч б а р с ч о г у у: Көрө жатарбыз! *(Кетишет. Арийне, күлкүлөрү кыйлага дейре угулуп турат. Жаабарс улутуна сумсайып, өпкө кагып, көктө калкыган кечки Айды кечке тиктейт.)*

## Сегизинчи сүрөт

Жаабарс Чаабарс менен Чунак кулак барска эки бакыр, бир тукур эзилишип, жытташып, дене лаззатын кандырып жаткан жайдан капыс кездешет. Жаабарс жупташкандарды көздөй кадам аттап, ыркырайт. Тигилериң кайсалактап, бирин бири өйдөтөмөн сүйрөп, жооп иретинде алмак-салмак алсыз киркирейт.

Бирок, Жаабарс күтүүсүз көздөгөнүнөн кайра тартып, башын силке, каңгып жөнөйт. Чаабарс менен Чунак кулак барс бирин бири сүйрөп, караңгылыкка сүңгүйт.

Ү н *(текст сегизинчи сүрөттөгү кыймыл-аракетке жарыша окулат):* ...Жупташуу өрчүгөн өңүт экенби, чат чатка чатышкан, жабыштыргандай бекишкен, дөбөт-канчык алка-шалка жыныстык алакадан каалга-кашектей аштапып, тырп этпей, акырын кыңкыстап, бирин бири мүрүдөн ашыра жалт-жалт тиктейт. Ал эми беш саржандагы Жаабарсты байкаганда, эсөөрөп элтейишти. Буйдалганга заман тар болчу. Жаабарс ачынып, бакырып, дөңгөчтөй башын чулгуй, заар чачып, арыштады. «Сиам эгиздериндей» эки келде, бир тулкунун сегиз бутун бир кончко бирпаста тыгып, кызыл өңгөчүн сууруп, кыяматтык кегин кектемекке, маңгиликтүү өчүн өндүрмөккө ой жоруду. Анамына канды-булоонду баргытмак. Арийне, эң соңку ирмемде ылгышкан жүзүкаралардан каардуу жүзүн, канталаган көзүн айырбай, тисерилип кетенчиктеп селейди, себеби, аны кандайдыр бир ыйык ишарат, сыйкыр табыш, зылдай эрк ноктологон эле. Кимдир бирөө түпкүрүнөн айай, балбан, тукум улоого урунгандарга катылба дегенин бек оозанды, ал шак бурулуп, аягын солбуй, акырын онтоп, каңкылдап какшап, жалынсыз өрттөнүп баратты...

## Тогузунчу сүрөт

Айылдан шаарга карай созулган кара жол. Жол четинде, дөңсөдө чачы да куудай ак, сакалы да куудай ак Кыдыр сүкүт салып олтурат. Аттын катыраган таскагы жакындагандан жакындап, акырында көшөгөнүн түбүнөн угулат. Мылтыкчан Мергенчи кирет.

К ы д ы р: А, балам, жолуң болсун! *(Мергенчи укпагандай кыйгач өтөт.)* Балам, тура тур, атындын башын бура тур?

Мергенчи: Ассалом, аксакал, Сиз менен сүйлөшкөнгө убакыт тар. *(Арылайт.)*

Кыдыр: Балам, жоготконуң баары бир табылбайт.

Мергенчи *(тык токтоп, шарт бурулуп):* Аны кайдан билесиң, макечал?

Кыдыр: Билем, балам, билем... Эми өз каалоосу менен бирөөнүн этегине эрмешкен колуктуңдун соңунан капкалуу калаага бардың деп коёлу...

Мергенчи: Энеңди урайын шуркуяны моминтип атып салам. *(Каруусунан мылтыгын шыпырып, Кыдырга кезейт.)*

Кыдыр: Мейли, атып сал, бирок, ошондон муратыңа жетесиңби? *(Тыным.)* Жок, балам, шоруң шорподой кайнайт, азабыңдын үстүнө азап үйүлөт.

Мергенчи *(оозу бош):* Мейли, түрмөгө кесишсин.

Кыдыр: Түрмө эчтеке эмес. Эки колдун манжасындай жылдарды эптеп өтөп кайтасың. Балам, жаш экенсиң, тагдырың айнектей быркырап, талкаланат.

Мергенчи: Азгырбаңыз, алдабаңыз, аксакал.

Кыдыр *(кебелбей):* Апап, айтмакчы, мылтыкчан сени шаарга ким кийирет? Биринчи эле посттон атыңдан мажбурлап түшүрүп, мылтыгыңды тартып албайбы?! «Террорчу-кылмышкер» деп күнөөлөбөйбү?!

Мергенчи: Мен кылмышкерге окшоп турамбы?

Кыдыр: Кылмышкерлер Марстан каттап жатыптырбы? Өзүбүздүн эле кишилер.

Мергенчи *(жумшарып):* Жигиттик ариетимди тебеледи, шуркуя. Жанымдан артык сүйөт элем.

Кыдыр: Суйгөнүң-кечиргениң, кечиргениң-сүйгөнүң. Накта сүйүү – уялчаак, кызганчаак, некин, чегинен ашса, махабат эмес, жексурдук, кылмышкерлик. Чындап сүйсөң, кечир, балам?

Мергенчи *(ыйламсырап):* Чындап сүйөм...

Кыдыр *(этибар албагандай):* Тоо таян, балам. Тээ көндүм Бугулуу-Төрүңдү бетте. Байкачы, төбөсүндө сур булут каалгыганын?! Жолду ката кашкулак, суур, коён уула, чыгынып, карышкыр, илбесин аңды, чериңди жаз. Эгерде ушул сапар ачууга жеңдирбесең, кийинки турмушуң майкөл, сүткөл дей бергин, балам.

М е р г е н ч и *(тек Бугулуу-Төрдү теше тиктеп, кыйлага чейин үндөбөйт. Аңгыча Кыдыр куржунун мойнуна артып, көздөн кайым жоголот. Мергенчи анын кеткенин сезбейт):* Ата, кечириңиз, таанымбасты сыйлабас... *(Бурулат.)* Ата... Кайда житти, капырай? Кайда кайыды абышкабыз? *(Ары бери чапкылайт.)* Ата! Ата!..

## Онунчу сүрөт

Бугулуу-Төрдө, коңулда уктап жаткан Мергенчи чукуранып, бир капталынан экинчи капталына оодарылат. Түшүнө апасы кирет. Чыныга мелт-калт суубу, кымызбы толтуруп, Мергенчиге ичирмекке даярданган зайыпты эмнегедир жамбашынан сылтыган Жаабарс ээрчип жүргөнсүйт.

А п а *(кош колдоп кармаган чынысын Мергенчинин башынан тегеретип.):* Уулум, кагылайын, суранам, пейилиңден кайт!? Билем, сага жабыр, сага убал, садага. Адамдык ариетиң тебеленди, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болдуң, балам. Кантебиз, эч ким эч качан жазмышын жазгыра албайт, андан буйтап кутула албайт.

Асыресе, бироөнүн кайгысын экинчи бирөө толук түшүнмөгү күмөн, каралдым?! Муңубуз бирөө үчүн бирөө өлбөгөндөй эле нерсе. Антсе да бөбөгүң Ажымурат экөөбүз сени берегі опол тоодой касыреттен арачалоого ак эткенден так эттик. Өзүң үйдө жокто, кашайып, колуктуңду колдон жулдурганыбызга айыптуу эмей, эмнебиз анан?

Асел келиним ары өңдүү-түстүү, ары келишимдүү, айтылуу ырдын сабындай – «басканы сонун маралдай» жубан. Жанашканыңар жарашып, жаш-кары силерди жапырт карашканына купуя сыймыктанып, жашоонун калыстыгына ыраазы тейде жүргөм. Көзүм тийбесе экен, өзгөлөрдүн, өзгөчө, кара ниет, арамза пенделердин көзү тийбесе экен деп зырылдап, көлөкөңөргө жалбарчумун.

Келинчегиңдин согончогу канабады. Ошондон отуңар күйүшпөй, чыр-чатак ырбагандан ырбады. Бир топ урушуп, кайра ошончо жараштыңар, бир далай ажырашып, кайрылып ошончо табыштыңар. Аныңардын себебин ан-

дан-мындан издедиңер. Ал эмес, бул эмес, бардыгы Жараткандын ыктыярында, жарыгым.

Тагдырыңар тайкы деле дебейм, али жашсыңар, тээ Таластагы касиеттүү Манас Атабыздын күмбөзүнө же аркы Оштогу ыйык Сулайман Тоосуна жетип, сыйынгыла, перзент тилегиле деп канча жолу какшабадым?! Арийне, ага-буга шылтап, келечегиңерге жүр-нары мамиле эттиңер...

Айтса, Аселди шайтан азгырган түнү алданемедей түйшөлдүм. Эмнегедир кыйналганда дайыма ушул окуя түшүмө кирээрин билесиң.

Кыштоодо дагы баякыдай кар көчүп, атаң ыракматы ат-маты, колхоздун бир короо тубар кою менен бирге көчкүгө көмүлдү. Баягыдай кар арасында анда-санда сороюп, «качкыла!» деп айкырганы үзүл-кесил угулат.

Анан бириңерди көтөрүп, бириңерди жетелеп, тотолоп шашып келатам. Кадимкимдей каруу-күчүм ордумда, араң отуздагы курагым. Бирок, бутума таш байлагандай кыбырайм. Тамагым батташып, күйүгөм. «Тойдум колхоздун малына, Маскөөнүн орденине тойдум, ушу чүрпөлөрүмдү, атадан калган туяктарымды аман асырасам, эптеп эрезеге жеткирсем» дегенчелик күбүрөнүп келатам. Дал ошондогумдай бетимди жууган жаштан бетмаңдайым тунарыктайт...

Айланайын, кулунум, мен сени баарын чыдап көтөргөн бардаштуу жигит болсун, анча-мынчага чөкпөй, кашкая күлгөн кайраттуу жигит болсун деп жарык дүйнөгө апкелгем. Бактылуу болсун деп бапестеп өстүргөм. Жамандыгыңды көрсотпо, алдыңа кетейиним, карыган апаңды сыздатпа? Эл караган жүзүбүздү жер каратпа, тегеренейин?

«Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет». Чыйрал, чымыркан, чыда, чырагым, чыдамкай бол... чыдамкай бол... *(Апа, соңунан Жаабарс Мергенчини кыйбагандай улам-улам кылчая карап, кетишет.)*

## Он биринчи сүрөт

*(эпилог)*

Бугулуу-Төрдө боройлоп жааган жаан аста-аста басаңдап, канаттуулар кайрадан үн безейт. Булак шылдырап, көк асман шаңкайып, күнүш мээримин төгөт.

М е р г е н ч и *(коңулдан суурулуп, керилип-чоюлуп):* Канча уктадым, ыя? Жаандын тамчыларынын жалбырак, чөпкө тийип, тыпылдаганы апаң бешикке бөлөп, алдейлегендей эле көшүлтөт го, чиркин!? *(Ойлонуп.)* Жаабарс кантти экен, ыя? Ок жеп оодарылдыбы, же аскадан учуп күм-жам болдубу? Же болбосо береги буюктурган жамгыр жалгап, куугундан кутулду бекен? Кебете-кепшири бузулуп, ырайы эң эле суук эле. *(Тулаңды аралай басат. Уйкудан соң көңүлү көтөрүңкү, сергек, кере-кере дем алат.)* Бах, береке-касиеттүү Бугулуу-Төрүм! Жашыл өрт жаштыгым! Өгүнү чет өлкөлүк аңчылар, азил-чыны аралаш, ушундай ажайып табияттын койнунда да өлөсүңөрбү дейт. *(Аңгыча чукул аралыктан мылтык атылат. Мергенчи коңулда калтырган мылтыгын ала чуркайт. Куралдын доошу кайта-кайта катуулап угулат.)* Ким, ой? Ким? *(Тымтырстык. Канткен менен бирөө берилеп келаткансыйт. Мергенчи жашынат. Ажымурат мылтыгын каруусуна илип, жоро бозодогудай дарылдап, ырдап кирет.)*

А ж ы м у р а т:

*Борой, борой, борой жаа,*
*Тоонун башын орой жаа.*
*Кыргыздын үйүн калкала,*
*Калмактын үйүн талкала...*

Байке... Байке дейм...

М е р г е н ч и *(тиилктан сороюп):* Ажыке, сен кайдан?

А ж ы м у р а т: Байке! *(Чуркап келип, мойнуна асылат.)*

М е р г е н ч и: Ажыке, тынччылыкпы?

А ж ы м у р а т: Сиз куралчан шаарга...

М е р г е н ч и *(сөзүн бөлүп, кучагынан бошонуп):* Бараткам.

А ж ы м у р а т: Анан Бугулуу-Төргө Гүлсараттын тизгинин шарт буруптурсуз?

М е р г е н ч и *(шиберге өбөктөй кыңкайып):* Бургам.

А ж ы м у р а т *(кошо кыңкайып):* Тушалуу Гүлсары этекте оттоп жүрү. Чабдарды кошуп койдум.

М е р г е н ч и: Кебиңе аралжы, Бугулуу-Төргө бастырганымды ак сакалчан карыя айттыбы?

А ж ы м у р а т: Андай карыя көзүмө урунбады, байке?

М е р г е н ч и *(таңданып, бушуркөйт):* Дагы кимге жолуктум эле?.. Таң...

А ж ы м у р а т: Апам «катын жолдо, бала белде» дейт, байке.

М е р г е н ч и *(текебер жылмайып):* Апам чын эле ушинттиби?

А ж ы м у р а т *(таарынгандай):* Элде ушундай сөз бар да. Анын эмнесине тырчыйсыз?

М е р г е н ч и: Э, иним, агаңды бүлөлүү болгонуңда түшүнөсүң. А көрөк сүйлөшкөн кызың барбы? Жокпу? Сүйлөш, карып кетесиң. Жигиттин жашы өйдөлөгөн сайын кыз жактырмагы тозок. Мен өңдүү жашыңда-масыңда бироөгө илешсең, күйүтүн тартканың тарткан.

А ж ы м у р а т: Жеңем кайра кайрылмак беле? Соодадын кызыгына батат да, шылуун-шыпыр соодагерине шынарлап, топудай айылыбызды эмес, бүт Кыргызстанды унутпаса, мага келиңиз.

М е р г е н ч и: Эмнеле Аселди менден алыс качырып жатасыңар? Ал Орусияга барам деп силерге айтты беле? Неге колтугубуздагы Кытайга эмес.

А ж ы м у р а т *(машырлангандай):* Сиз ууга кетчүүдө, байке, жеңем экөөбүз армансыз сырдаштык го? Орусиянын Сибирь жагын сөз кылчу. Сизди дарыгерлерге көргөзөм, өзүм да көрүнөм, балалуу болобуз деп кыялданчу. Анан, жанагы тери чогулткан шарыяттан оолактатпадыбы? Жеңемди кызганып, теричи соодагердин жүк машинесин далай-далай акмалап, аңдып жүрдүм...

М е р г е н ч и: Ошо теричинин терисин сыйрып, колуна карматсам... *(Тыным.)* Акчага кароо аялга азырынча шаар кызык. Машинелүү, үй-жайлуу күйөө канимет. Ке-

зинде бармагын тиштейт эмеспи. Өлбөсөк, көрө жатарбыз, жаңы Жамыйланы!? *(Тыным.)* Айтса, ок артынан ок үзгөн сенби?

А ж ы м у р а т *(жанданып):* И-и, килейген илбирсти жайлап таштадым. Эки ирет теке маңдайымдан карпа-курпа кабылбадыбы? Нөшөргө чейин – бир, нөшөрдөн кийин – экинчи жолу. Картаң илбирс окшоду. Мас немедей аягы чалыштайт.

М е р г е н ч и *(чочуп, так секирип):* Ок, чычым, Жаабарстыбы?

А ж ы м у р а т: Жаабарсын кайдан билейин? Паспортун текшерди дейсиңби!?

М е р г е н ч и *(Ажымуратты алка жакадан алат. Ал боюн ала качат):* Жаабарс канчыгын, Чаабарсты Чунак кулак барска тарттырып жибергенден кийин дендароодой каңгып, тентип калыптыр эле, ошону аткан окшойсуң, жарыбагыр?!

А ж ы м у р а т *(тастаңдап):* Как жүрөккө аттым. Хандардын хандары сөөлөтүнө жамынган кымбат баа терисин сыйрып, капжыгама бөктөрөм. Канакей, эрте күндү кеч кылбай ишке киришели? *(Эки бир тууган серепчилеп, төмөн карашат.)*

М е р г е н ч и: Ай, Ажыке, Ажыке, Жаабарсты аткан турбайсыңбы? Бугулуу-Төрдүн ээсинин кадеми катыптыр да, ээ!? *(Ары-бери издеп жөнөйт.)*

А ж ы м у р а т *(Агасынын артынан басат):* Атпаганда, тирүүлөй кармап кетет белек?.. Байке, койчу ай, орунсуз тамашаңды? Ири алды, аялым качты, өлтүрөм же өлөм деп көшөрүп, эли-журтту түп көтөрө дүрбөттүң, эмкисин Жаабарсты атсаң, соо койбойм деп ызырынасың. Бири-бирине такыр коошпогон окуяларга бирдей туталанбачы!? Жүрү, үйгө апама баралы?! Ансыз деле «бөбөгүм, ачуусу менен ажалынан озунуп, бөөдө мертинтмек беле» деп буркурап отургандыр. *(Кайсалап.)* Ушерде жатпады беле илбирстин өлүгү? Киши колдуу болдубу?

М е р г е н ч и: Ажыке, атканың анык беле?

А ж ы м у р а т: Аткам, атканда да как жүрөгүнө аткам. Жыгылганда келип, башына эки-үч ирет атып-атып ийгем, коркконумдан. Кубанганымдан бычагымды курсагына бышып-бышып алгамын.

М е р г е н ч и *(капыстан чаңырат):* Жаабарс! *(Тоо жаңырыктап, шагыл таш шагырап, шамал шуулдайт. Эки бир тууган бири-бирине ыктап, тиги апай төштөн күркүрөгөн Жаабарска делдейе багышат. Жаабарс күркүрөгөндөн күркүрөйт. Мергенчи менен Ажымурат не бар, не жок дегендей, мылтыктарына ок салып, беленденет. Асыресе, Жаабарс аяр жылып, көздөн кайым жоголот. Эки бир тууган бирин бири сынагандай, оропарадагы касиеттүү кубулушка түшүнбөгөндөй аңкайып карайт. Анан илкип-калкып, ылдый тарапка жөнөшөт.)*

Ү н: Жан бүткөндүн баарынын бешенесине жазылган тагдыры бар. Ар бир тагдырдын таалай жолу өзүнчө, таскагы өзүнчө, арийне, тагдырыңыз тагдыр насилиндегинин атпайына текши тийешелүү, тең орток жышанага ээ: Эч ким маңдайына чийилген жазмышты озунуп боолголой албайт, буюрган насибин дал мөртүндө көрөт, антпесе тагдырдын тагдырлык касиети кайсы... Тээ алмустактан оболу, аалам аалам болголу, аалам атка конгону, барып-келип, дале баягы тагдырына ылайык бейишинен сүрүлгөн Адам Ата, Обо Эненин заманынан бери ушунубуз ушу, ошол күндөн ушул күн тагдырдын сыры дамамат жалпыбызды чогуу, ар кимибизди жеке сарсанаага салып, табышмакка айланып калганы. *(Перенделер чурулдап сайрап, булак кучөгөндөн кучөп шылдырайт. Ың-жыңсыз ааламга кайрадан тил бүтөт.)*

*К ө ш ө г ө.*

***2004-ж.***

## КОШ БОЛ, КОМПАРТИЯ!

*(Эссе)*

* * *

Кыргызстан Компартиясынын ишмердүүлүгү биротоло токтотулуп, партиялык кызматкерлер эсеп-чоттошуп жүргөн күндөрдүн биринде Борбордук Комитетте чогуу иштеген бир ууч киши сүйлөшүп калдык:

– Мындан көргөн-билгениңди жазаарсың, – деди алар мага азил-чыны аралаш.

– Албетте, – дедим мен тамашаны күчөтүп, буюрса, баарыңардын бетиңерди ачам.

Асыресе, Борбордук Комитетте өткөргөн эки жыл, эки айлык өмүрүм тууралуу окурман журтуна баяндап берүү капарыма келбеген. Бирок, коомдук-саясий турмуштагы кескин өзгөрүүлөр менин партия, анын ортолук штабы жөнүндөгү ойлорум эртенди күтпөй, бүгүн зарылдыгын каңкуулап туруп алды. Андан тышкары, мемуарды жаш чакта жазыш керек, карыганча баары унутулат дегендей пикирди бир жерден окуганым бар.

* * *

Ошентип, мени Кыргызстан КП БКнын идеология бөлүмүнүн инструкторлугуна бекитишти. Бешенем башынан катуу, аталган иш да элдикинчилеп шыр бүткөнү жок. «Эмне үчүн береги баланы аласыңар, башка татыктуу жаштар жок бекен, бул чындап келгенде мындай-тигиндей» – деп БКнын катчысына чейин жетиптир кээ бирөөлөр. Ортодо Кыргызстан Жазуучулар союзунун баштапкы партиялык уюмунун чогулушу ары кетип, бери келип, натыйжада, менин кандидатурамды Борбордук Комитеттин аппаратында иштөөгө бир добуштан сунуш кылды. Анан би-

рин-экин бөлүм башчы, катчылардан аңгемелешүүдөн өтөт экенсиң. Эң аягында биринчи катчыга кирмекке даярданып, кабылдамада каршы-терши кадам шилтедик.

Ушул жерде «Ак үйдөн» туз-даам татам деген үмүтүм таптакыр таш капкансыган. БКнын маданият маселелер боюнча сектор башчысы Иса Токоев, мени кабинеттен кабинетке жетелеген да ошо, «жүрү, сенин ишиң кийинкиге калтырылып атат» – деп орусча айтты. «Комсомолдон сөгүшүң бар беле? – деди ал коридордо баратып, – ошону бирөө билдирип коюптур».

Көчөгө чыктым. Көзүм ымыр-чымыр. Көңүлүмө жакында үйүбүзгө үйүр алган жолбун кандек түштү. «Үйүңө ит келсе, ишиң оңолот» дешчү эле, меники андай болбоду» – дедим ичимден. Үстүмдөгү костюм-шымды бюронун жыйынына кийээрге алгылыктуу эчтемем жок, шашылыш карыздап алганбыз. Эми ошол карыздан кутулуум керек, – деп купуя тынчсыздандым. «Чоңойгонумду» жууп, анча-мынча дос-тааныштын арасында алдын-ала чөйчөк кагышып жибердик элек. Аялым «чиедей жаш балдарыбыздын ырысы бар окшобойбу, батирден батирге көчпөй, шаардан там алат экенбиз» дегенчелик кудуңдап жүргөн. Ушулар түштү санаама. Жана эмнелерди ойлогонум жадымда жок. Эсимде, акыркы күчүмдү сарыптап автобустун аялдамасына илкип-калкып келаттым.

Айтмакчы, ошондо куру бекер күйүккөн экем. Арадан эки-үч ай өтпой, мен кайрадан баякы кабылдамага кабылдым. Алиги комсомолдун «чатагы» бир жаңсыл болуп, БКнын бөлүмү жазуучулар союзу менен кайталап кеңешип-таңашып, айтору, алдымда бөгөт калбаган. Мына минтип биринчи катчынын маңдайында отурам. Аңгыча артымдан дагы бир галстукчан шыпылдай жете келип, Абсамат Масалиев менен илбериңки учурашып, орундукка көчүк басты.

Биринчи катчы үстөлүндө жаткан документтерибизге бир сыйра көз чаптырган соң, «Өзгөндө иш кандай?» – деп башын көтөрбөспү. «Абсамат Масалиевич, көптөн бери Өзгөнгө каттай элекмин» дегенимче күтпөй, жанымдагы бейтааныш тоют баланча процент, сүт түкүнчө процент... тамеки, жүгөрүнү санап безилдей баштады. Көрсө, тигил жи-

гит партиянын Өзгөн райондук комитетинин экинчи катчылыгына талапкер Султан Акматов экен. Анан кеп, албетте, Өзгөн тууралуу уланды. Заргерге бардык, Шоро-Башатка келдик, райборбордогу «Тынчтык» багына кирдик. Анда киндик кан тамган дубанда мамыр-жумур маал. Антсе да кыргыз менен өзбек калкынын алакасы жөнүндө бир-эки ооз пикир алмашканбыз. Жолдош Масалиев Өзгөндүн маселелерин дурус билгендей кыязданды. «Партиянын эченчи курултайынан эмне суроону берипташыркатат» дегендей кайгырган мага дидарлашуунун жүрүшү куп гана жакканын жашыра албайм. Баарлашуунун жыйынтыгында биринчи катчы бизге апсана айтып берген эле: «Тагдыр буюруп эки генерал бир полкто иштеп калышыптыр. Иштери негизинен жаман эмес дейт. Арийне, күндөрдүн бир күнүндө жогору жакка экөөнүн үстүнөн арыз түшөт. Анда «генералдар Академияда бирге окуган курсташтар, андыктан бири экинчисин жөлөп-таяп жатат» – деп жазылыптыр. Таң калышат. Жакшылап сурашса экөө чын эле бир Академияда бир мезгилде окуган. Бирок, бөлөк-бөлөк бөлүктөрдө билим алып, бирин бири билишчү эмес...»

– Көрдүңөрбү, – деген Масалиев, – турмушта ушундай учурлар учурай берет. Мына силер Өзгөндө туулуп, Өзгөндө өсүп, алдагинтип менин кабинетимде таанышып олтурасыңар. Эмкисин жакшылап иштегиле.

– Командировкага барганда, – деди ал мага карап, тамашага чаптырып, – «Машину давай, вечером организуй!?» («Машине бер, кечинде бирдеме уюштур!?») дебей жүрсөңөр, жаңы тууганга.

Биринчи катчы апсананы тегин жерден айтпаган чыгар. Ошол миң тогуз жүз сексен тогузунчу жылдын жай айларында жумуриятыбызда абал чындап курчуган болчу. Кыргыз жаштары шаардын чет жакасынан алакандай аянт бөлдүрүп алуу үчүн митинг уюштуруп, өкмөт жетекчилери алардын талабын канааттандырууда ийилип барып түзөлгөн. Экинчи тараптан Масалиевди «консерватор» санагандардын үндөрү уламдан улам угула баштаган учур. Анын үстүнө «биринчини» – «тууганчыл», «жердешчил» атыктыруу аракети кырк уруу элдин шартында кошулга-ташыл нерсе эле. Ал ошондо ушундай жарлык-жабыштырмалардан да жүдөп жүрүшү толук ыктымал.

Мен, Куда каалаcа, биз кыргыздар тууганчылык, жердешчилик жагынан бирибизден бирибиз негиздүү да, негизсиз да шектенип, өзүбүздөн өзүбүз корунууга өлгүдөй көнүп бүткөнүбүз тууралуу өзүнчө жазмакмын. Азыр аңгеменин үзүлгөн учугун кайра улаганы отурам.

Жок, партиялык кызматкерлерди кеңкелес, мокочо, таш боор, дагы эмне-эмне кылып сүрөттөөгө, аларга берилген ашепке артыкчылыктар, агыл-төгүл сый-урмат, жана башка, жана башка ушул сыяктуулар жөнүндө шилекей чубурта баяндоого жөнүм жок. Анын зарылчылыгы да жоктой түрдөнөт. Арийне, ыймандай сырымды жашырбай ортого салууга, көргөнүмдү көргөндөй, укканымды унутпай сыпаттоого ниеттенем. Менин терең ишенимимде, кеп чынынан бузулбайт.

Анан калса, азыр КПССти, анын аппаратын каалагандай каралаган макалалар саман. Буга, ириде, Компартия өзү, тагыраак айтканда, анын жетекчилери айыптуу.

Эгерде бул жарыкчылыкта акыйкаттык бар болсо, анда жүздөгөн-миңдеген карапайым коммунисттердин, жүздөгөн-миңдеген катардагы партиялык кызматкерлердин жан дүйнөсүнө, арзуу-арманына саресеп салууга, кулак түрүүгө тийишпиз. Алардын жүзүнө түп көтөрө көө сыйпоо же аларга мүлдө күнөөнү оодаруу жарабайт. Анткени каргыш ургур тоталитаризмди жалаң эле коммунисттер курган эмес жана үйүң күйгүр тоталитаризмде өңчөй эле коммунисттер жашаган эмес.

Биз баарыбыз, карыбыз да, жашыбыз, союздук өлкөбүз менен жамандыр-жакшыдыр чырмалыша байланышканбыз. Биздин тарыхыбыз – бул биздин тарыхыбыз, биздин көз жашыбыз, шорубуз, тагдырыбыз.

Менин чоң атам, маселен, Өктөбүр ыңкылабынан ыдык көргөндөрдөн. Кулакка тартылып, Ата конушунан сүрүлүп, бир боор иниси жаңы бийликтин абагында өлөт. Бирок, чоң атам эч качан Кеңеш өкмөтүнө карата котур ташын койнуна каткан эмес.

Менин атам – коммунист. Ал партияга өтоорүндө кулактын тукуму деп бут тоскондор чыгыптыр. Мектепте айылыбыздын балдарын окутту. Азыр пенсияда. Менин атам – коммунист.

Өзүм да КПССке эркимче киргем. Жашырбайм, жашыраак чагымда, коомдон ордумду табайын, колдон келсе, кызматымдан өйдөлөйүн, курчаган чөйрөм мени менен эсептешсин дегенчелик маанайда таттуу кыялга көбүрөөк батчумун. «Партияга кабыл алыныш үчүн колдоочу керек» – деп үйрөтүштү мага. «Тигинин райкомдо тааныш бар экен, желмогуз кыргыз, эркек, комсомолец дедиртип, бакисин өзүнө ылайыктап, бир орун бөлдүртүп келиптир» дешкенин эшиттим. Эми баамдасам КПССти көбүнесе ошондой желмогуздар жеп тынган шекилденет.

Арийне, Компартиянын ишмердүүлүгүн токтотуу дегенибиз коммунисттик же болбосо социалисттик идеяга тыюу салуу дегендик эмес. Дегеле идеяны токтом, указ аркылуу жаап таштоо акылга сыйбас.

Ушул жагдайга байланыштуу Борбордук Комитетте иштеп жүрүп, «Кыргыз социализм кура алабы?» деген риторикалык ат менен жазган чакан репликам эсиме кылт этет. Бир жолу белгилүү адабият сынчысы Кеңешбек Асаналиев көлөмдүү материал жарыялады. («Сыналгы, үналгы... андан арычы?..», «Советтик Кыргызстан» – азыркы «Кыргыз туусу», 24–26-январь, 1991-жыл.) Аталган авторду мен калтырбай окууга далалаттанам. Бу саам макаланын темасын карап, арылап окуп, оболу, чыгарма тил маселесине арналганбы деп ойлодум, андан соң, жок, жер-суу аттарын алмаштыруу жөнүндө сыяктанып калды, барабара сөз адабиятка партиялык мамиле жасоонун кесепети тууралуу кеткенсиди, ага элдик оозеки чыгармачылыктын жазмышы кошулуп, айтор, мунун аягына жеткенче ар нерсеге бир урунуп, бүшүркөй отурдум. Көрсө, макаланын башкы максаты окурманды улуттук идеяга, сынчынын өзүнүн тили менен айтканда, «улут катары кайрадан жаралуу идеясына» үндөө экен. Асыресе, Бердяев жана башка кээ бир орус окумуштуу-философтордун мурда тыюу салынган китептеринин учурда жарык көрүшү кыргыз адабиятчысын «улуттук биримдиктин идеясын» үгүттөөгө шыктандырганы байкалып турду.

Чынында адамзат түзгөн бардык рухий байлыктарга баштатан аралашып калганыбызда биздин дүйнө таануубуз толук кандуу калыптанмак. Бул жагынан К.Асаналиев-

дин макаласынын духун колдодум. Бирок, анын конкреттүү өкмөт башчысы же партия жетекчиси жүргүзгөн натура саясат, бурмалоолор менен социализмди, социалисттик, коммунисттик идеяларды чаташтырганына моюнганым жок.

«...Социализм идеясын, социализм окуусун биз ойлоп тапкан жокпуз, – деп жазыптыр К.Асаналиев, – ал ичкериден, түздөн-түз борбордон келди. Социализм идеясы биздин улуттук социалдык аңызда тамыр алып, табигый түрдө өнүп чыккан жок, ал эми тек гана жогортодон даяр түрдө апкелинип, орнотулду». Дагы бир жеринде: «Айрыкча айрым жолдоштордун коммунисттик идеянын эң акыркы тиреги катарында каада-сыпаа күтүп сүйлөгөндөрү таң калтырат. Айталык, Полозковдордун жаны ачыса болот, анткени, коммунисттик идея кантсе да алардын улуттук демилгеси, улуттук байлыгы». Андан ары «...канчалык чиеленишпесин, социалисттик идея биздин аңызыбыздан өнүп-өсүп чыккан эмес. Анын догмаларын жадыбалдай жаттап, кайталагандан башка биз ага эч кандай жаңылык киргизгенибиз жок. Анын журту да башка. Оопону баштаган орус эли өзү кайрадан христиан идеясына баш урганы бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү го».

Биринчиден, автордун социализм идеясын орустардын энчисине таптакыр элс басып бергени көзгө сайылды. Иш жүзүндө сөз болгон идея тээ Европадан нук алып, Маркс менен Энгельстин эмгектеринде өнүктүрүлгөнү дайын эмеспи. Ушул идеяны турмушка ашырууга курамы жагынан интернационалдуу ойчулдар, революционерлер катышканы жана катышып жатканы да талаш туудурбасын белгиледим.

Экинчиден, жалпы адамзаттык баалуулукка кирген социалисттик идея бир элден экинчи бир элге, бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө, а түгүл материктерге, муундан муунга өтүшү мыйзамченемдүү көрүнүш. «Оомат оошот, ырыс жугушат» деген макалды кыргыздын даанышмандары тегин жерден айтышпаса керек. Калктардын «башка идеяны» кабылдоого караманча мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда неге К.Асаналиев белгилегендей, «орус эли кайрадан христиан идеясына баш урат». Же христиан идеясы да орустукубу? – деп собол таштадым.

Менимче, К. Асаналиев алдагы материалында социализмдин оң жагынан терс жагын арбыныраак байкоого аракет кылгандай. Ошол себептүү окурманга бир беткей ой корутундуларын таңуулап жиберген учурлары аз эмес. Мисалы, ал минтип жазат: «Башкасын айтпай эле коёлу, кылымдардан келаткан улуттук төкмө поэзия совет мезгилинде кандай тагдырга келип туш болду. Ушул күнгө чейин ыйманыбызга камчы чаап, Совет бийлиги мезгилинде акындар поэзиясы «гүлдөдү», «жаңы мазмундук», «жаңы сапаттык» даражага көтөрүлдү деп келдик...»

Билбейм, бөлөктөр не ойдо, мага сынчынын кесиптештери ушинтип жалган жазганы үчүн социалисттик идея айыптуудай сезилбеди. Себеби социализм доорунда, коомдук мамилелер таптакыр өзгөрүп, жазуу-сызуу, жазма адабият, искусствонун түрлөрү өнүгүп-өсүп турган кезде төкмөлүк, жалпы оозеки чыгармачылык кадимки деңгээлинде боло алмак беле?! Эсил кайран феодализм заманында Айтматов жаралбаган сыяктуу биздин күндө Токтогул чыкпайт. Ошондуктан Калык менен Алымкулдун, Осмонкул менен Ысмайылдын трагедиясын «ашкере саясатташкан идеологиянын кысымынан» эмес, биринчи кезекте, прогрессtin объективдүү заң-закондорунан издөө абзел. Айтса, алиги «ашкере саясатташкан идеологиянын кысымы» менен дагын социализмдин, чыныгы социализмдин кылчалык жалпылыгы жок, – деп кайрыдым каяшамды.

* * *

Өзүм социализмдин теориячысы эмесмин. Тек берги түзүлүштүн СССРде курулган модели ийгиликсиз аяктагандан кийин деле анын түпкүлүктүү идеалдарына ишеними мокобогондордун бirimin. Мындан ары биз социалисттик идеяны расмий көрсөтмөлөрсүз үйрөнүүгө бет бурабыз. Демек, далай талаш-тартыш алдыда. Менин көңүл жубатарым ушул.

Бүгүн коммунисттик көз карашты кармануу оңтойсуз түйшүктөй сыяктанат. Ошол эле учурда ага акарат келтирүү баатырдыкка барабар саналбастыр. Эгерде кимдирбирөө сиздин өткөн өмүрүңүздөгү кайсы бир өзгөчөлүккө таянып, сен демократиядан сөөм же карыш оолаксың десе,

мунусуна ишенбеңиз. Эгерде кимдир-бирөө өзүнүн өмүрүндөгү кайсы бир бөтөнчөлүккө сүйөнүп, мен демократияга сөөм же карыш жакынмын десе, анысына да ишенбеңиз. Демократиянын маңдайында баарыбыз теңбиз, демократия баарыбызга бирдей тийешелүү. Демократиянын демократиялуулугу ушунда.

Баса, мен Борбордук Комитетте иштеп жүрчүдө, тоталитаризмдин көркөм өнөргө тийгизген оор залакасын талкуулоо боюнча жазуучулардын жыйналышында аттуу-баштуу адабиятчы «КПССтин катарында турбаганыма байланыштуу кесибимдин алдында абийирим таза» дегенчелик компоё сүйлөдү. Ошондо кайсы бир таанымал калемгер экинчи бир таанымал калемгерге «ал партия түгүл, профсоюздун мүчөлүгүндө жок, ошондуктан анын чыгармачылыгында идеологиялык калпыстыктар учурай берет» – деп аксымданганы тууралуу эл оозундагы аңыз кеп эсиме кылт эткени. Аталган эки сөз эки башка кезеңде айтылганы менен туюндурган мааниси бир, коёндой окшош, анан калса, эскиче ой жүгүртүүнүн туундусу. Анткеним биринчи учурда деле, экинчи учурда деле авторлорубуз мезгилдин өзгөрүлмө күүсүнө ыңгайлашып, өздөрүнүкүнөн айырмалуу позициядагы, бөлөк ишенимдеги замандаштарын өгөйлөп, алардын кашында, асыресе, алардын гана кашында эмес, керт башынын, талант көрөңгөсүнүн кадыр-баркын көтөрө чалуу үчүн жан талашып жатышат.

Ырас, сүрөткер менен коомдун карым-катышы чиеленишкен көп кырдуу маселе. Менин билишимче, дүйнөлүк адабиятта өзү жашаган социалдык формацияга, атап айтканда, ошол социалдык формациядагы теңсиздик, акыйкатсыздык өңдүү терс көрүнүштөрдү алып жүрүүчүлөргө каршы күрөшпөгөн бир да көрүнүктүү инсан жок.

Эскерилген чогулушта ушуга улай сүрөткер жана партия, сүрөткер жана бийлик суроолорунун тегерегинде акыл калчап, мен Кеңеш заманындагы кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылык өксүктөрүн бүт бойдон объективдүү коомдук себептерге шылтоо натуралыгын көрсөттүм. Минтсек биз, ириде, жердигинен жармач, ортозар жазмакерлердин халтураларын актаган болбойбузбу?!

– Тоталитардык режим, бир партиялуулуктун монополиясы менен тиреше албаган, «чоң казатта» салгылаш-

паган жазуучу да жазуучубу, – дедим талаш-тартыштуу менчик пикиримди таңуулап. Чынында парткызматкерлердин дүйнө таануусу чектелүү, алар жекече көз караштан куржалак, күн карама дегендей ушактар жаныма батып жүргөн элем. Кезинде черимди жазып, жеңилдеп калгансыдым.

Аппараттын жумушунун оордугун, нервиңе эң эле жаман тийээрин мурда Кыргызстан ЛКЖС БКда сегиз ай иштеп, анча-мынча андагам. Ошол жерден бюрократизм кааласа карапайым адамды тебелеп-тепсеп салаарына ынанганым бар. Комсомолдо, комсомолдо кызмат өтөө, менин келечек пландарыма туура келбешин сездим. Анын үстүнө башка ылайыктуу иш сунуштагандар чыкты. Макулдаштык. Чоңдор чоңдорду көндүрдү. Бир тарабы эмгек жамаатына тааныштырды түшкө чейин, түштөн кийин экинчи тарабы жылан чакпай, жылкы теппей бузулуп, бюродо төпөштөдү. Ошентип, алеки саатта «болочоктуу тың кадрдан» «жетесинен урган жалганчыга» жеттим, не деген мактоону сиңирип, не деген мазактоону аш кылбадым. Анан эмгек китепчеме түшүрүлгөн жаман атты сүйлөмдү өчүртүүнүн аргасын таппай мукураганымды сураба?!

Асыресе, менин тушумда кайра куруунун шарапатынанбы, Кыргызстан КП БКнын аппараты кыйла кыскарып, талдоочулук, кеңеш берүүчүлүк ишмердүүлүктү тутууга, ийкемдүү, иштерман болууга тырышканын белгилөөгө тийишмин. Мурдагы пропаганда жана агитация, маданият бөлүмдөрүнүн ордуна түзүлгөн идеология бөлүмүнө, маселен, райком, обкомдун акырынан илгери-кийин жем жеп көнбөгөн жаш журналисттер, илимдин кандидаттары чакыртылган. Мен, жетекчилердин болжолунда, Борбордук Комитеттин мектебинен өткөн Теңдик Аскаров, Казат Акматов, Асанбек Стамов, Сейит Жетимишев, Эркин Борбиев, Билим Карагулов, Аскер Карыбаев, Төлөгөн Козубеков сыяктуу жазуучулар уюмунун мүчөлөрүнүн жолун жаңы кырдаалда жолдомок экенмин.

Алгач бирибиз калбай кагаз менен алпурушкандай кебетелендик, мага. Жумагул Саадanбеков да, Медеткан Шеримкулов да «орусчага кандайсың?» деп бекеринен такып сурабаптыр. Кат, арыз үйүлүп кетет. Күндө справка, ар кыл чечимдердин долбоорлорун эшесиң. БКнын Токтогул-

дун «Жүз жыйырма беш жылдык тою» боюнча кабыл алынган токтомунун аткарылышын көзөмөлдөп, кийинчерээк Алыкул, Тоголок Молдонун маарекелерине документ даярдадык. Кыргыз тилине мамлекеттик укук берүү маселесине арналган иш-чараларга чегерилдик. Егор Лигачёвду тоспой, командировкага жөнөмөй, партжыйналыштарга катышмай, ортодо депутаттарды шайлоого да даярдык башталып кетти окшойт, кыскасы, оюубузга эчтеме жуутпай, күжүлдөп мээнеттенип тургабыз. Кар жаап, байтак шаарда эртели-кеч суук эле. Борбордук майданда митинг уюштурууга аба ырайынын шарты ыңгайсыз болчу.

Антсе да не көктөмдө, не саратанда тамдын курулушуна урунган кыргыздардын муктаждыгы кыш-күрөөдө кычаганы жөндүү жумуш. Эптеп-септеп эки бөлмөлүү алачык тикелесең, кем-карчың бүтөлбөгөн, отун-сууң белен эмес, жолуң баткак, өзүңдүн кызматың, балдарыңдын мектеби ыраак – жиниң кашайбаганда нетесиң. Берегидей турмушту башымдан кечирип, ал турмак бир жылдай башта элеттик кыргыздын ордо калаабыздан орун-очок табышынын жайын козгоп жаштар гезитине макала жарыялагамын.

...Ооба, адамзат тарыхында миң түркүн капсалаң окуялар, кандуу кармаштар өткөн. Түптүү элдин шаарлары таланып, китепканалары өрттөлүп, «мен» деген уулдары – баатырлары, акындары, акылмандары өлтүрүлгөн учурлар учурайт. Касташкан душман биздин калкты тоо-ташка, эрме чөлгө сүрүп таштоого далай аракет кылган. Ушуга байланыштуу Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы Мусулманкулдун сөзү жадыма түшөт. Көлдөгөн уруусу бөөдө кырылып калаарынан санаркаган аталык, пендечилик өлүмүнүн алдында көпчүлүк жыйналган аянтта кайдан-жайдан пайда болгон тестиерге кайрылып, «тоо таянып кач, уулум!?» деп кыйкырат эмеспи. «Курманбек» эпосундагы төмөнкү саптар да жөндөн жөн ырдалбаса керек:

*Топурагы чаңдаган,*
*Турпандын жайык талаасы,*
*Туурасы бийик чоң коргон,*
*Түйгүн досуң калаасы.*

*Туюктап кетип өлдү де,*
*Душмандын сайган жарасы.*
*Карчыты бийик чоң коргон,*
*Кан досуңдун калаасы.*
*Кабылдап кетип өлдү де,*
*Калмактын сайган жарасы...*

Же болбосом санжырасы так Отрар менен Таразды алалы. Ошобу уюмдашкан капка-чебинен ажыраган журт коргондун сыртында көчүп-конуп, кашыктап жыйган рухий байлыгын, жазмасын, маданиятын толук же чалачарпыт жоготпой коймок беле?! Деген менен калаа куруу, ага саясий-экономикалык, илимий-көркөм күчтөрдү топтоштуруу эзелтен келаткан салттуу зарылдык. Шаар үчүн күрөш – кыяматтык күрөш.

Аталган айныксыз акыйкат мени ар качандан бир качан түйшөлтөт. Азыр биз үчүн «тоо таянып качуу» жарабаган иш. Бирок, шаарларыбыз алигиче улуттук өсүп-өнүгүүнүн, билим-санаттын, тилдин очогуна айланбай отурбайбы. Буга, ири алды өзүбүз күнөөлүбүз, ошол эле мезгилде аралаш жашаган журттардын өкүлдөрүнүн жашырын дагы, жарыя дагы тоскоолдуктары түп-тамырынан жоюла элек.

Эгерде бир боор калкынын таламдарын, этникалык, лингвистикалык кайталангыстыгын тааныган, жактаган адамды «улутчул» деп атташса, анда мен ошондой атыгууга даярмын. Себеби, жарлык тагып, ат коюу – убактылуу нерсе, ал эми эл менен чындык түбөлүктүү.

Андагы митингдерде жаңырган көкүрөк армандардан улам, баягы, 1988-жылдын күзүндөгү макаламды эстедим. Анын бир түрмөгү талаптуу чийилген экен: «Дагы бир маселе, «Классыбыз менен бир тууган чарбада калабыз!» дегендей чакырыктарга чырмап, жаштардын кендирин кесүүнү токтотуу керек. Андан тышкары, «жаштар шаарга оңой оокат издеп барышат» деп ушак-айың таратууну чектесек. Балким, калаада жүргөн улан-кыздардын арасында бекерпоздор, жатып ичерлер сыяктуу коомго жат элементтер бардыр. Арийне, жаштардын көбү жакшы ниет менен окуп, иштеп, натыйжада, шаардагы улут-

тук жумушчу табын, интеллигенцияны сандык жана сапаттык жактан өстүрүп жатканын унутууга акыбыз жок».

Мен жыргаганымдан же жыргатканымдан өзүмө өзүм шилтеме жасадым дейсизби. Жогорку мисалдан генийалдуу деле бирдеме байкалбайт. Жөпжөнөкөй тирилик. Ачыгын айтсам, ушуга дейре Бишкекте батирдин кулактандырууларын теше тиктеген, жер бөлдүрсө, үй салууга каржы жок, каржы тапса, арзаныраак кыш, таш, кум, жыгач, темир таппаган, тамы сербейт, ичи аңгырап жайдак, жака белиндеги тейлөөчү жайлар, имараттар жөнүндө али ооз ачпаган кыргыз бүлөлөрү арбын.

Наразылык митингдер жанагы жетишпестиктердин айынан ожаалат. Ал эми жаштардын мыйзамдуу өтүнүч-суранычын өздөрүнүн бийлик талашуудагы кызыкчылыктарына багындырууга үлгүрүшкөн амалкөй саясатчылардын баш калаабыздын борбордук бөлүгүндө жакшыртылган планировакага ылайык квартиралары, тоо этектеп, өзөн жээгинде заңгыраган дачалары, менчиктен тыш атайын бекитилген машиналары, кербезденген кыз-кыркындан ойноштору бар болчу жана дагы эле бар.

Биз, партиялык кызматкерлер «чү» дегенден тартып митингдерде сүйлөөгө көнбөгөнүбүздү көрсөттүк. Эч ким тобокелге салгысы келген жок. Анын катышуучулары менен эмгек жамааттарынын, окуу жайларынын жетекчилиги, коомдук уюмдар аркылуу иштөө, аларга таасир этүүдө массалык маалымат каражаттарынын күчүн, маданият ишмерлеринин кайрылууларын пайдалануу күтүлгөн үзүрүн бербеген. Аңгыча жаңы бирикме, кыймылдардын уюштуруучуларынын жумурияттын ошол кездеги башчыларын апаата сындамайы күчөгөндөн күчөдү.

Митингдердин толкуну, өзгөчө, «Кыргызстан» демократиялык кыймылынын курултайынан соң Компартиянын Борбордук Комитетинин катчыларынын, аппаратынын демилгесиздиги, окуялардын чаңында сандалганы туурасында чынында туура пикир калыптана баштаган. Арийне, баяндалган көрүнүш бүткүл Лениндик партиянын кадыр-баркынын кескин төмөндөшү менен түшүндүрүлөөрү ар дайым эле эсепке алынчу эмес. Ошентсе да жалпы КПССти жайына коюп, өзүбүзгө тийешелүү айрым стра-

тегиялык жана тактикалык каталарды, тилекке каршы, кечигип саноого батынам.

Биринчиден, партиялык бийликти мамлекеттик бийликтен бөлүү боюнча: Жолдош Масалиев Жогорку Кеңештин төрагалыгына кандидатурасын койбой турганын көп кайталоочу. Муну Кыргызстан КП БКнын архивиндеги иш кагаздары аркылуу тактаса деле болот.

– Бир адам бир кызматты мыктылап аткарса жетиштүү. Союздун жөнү башка. Баш катчы өлкөнүн жетекчисине шайланбаса, эл аралык шартнамаларды тастыкташы кыйын. Бул анын төл сөзү, менимче, ишеними дагы ушундай шекилденген. Бирок, биринчи сессияда А. Масалиев Жогорку Кеңештин төрагалыгына барды. Андан сырткары, президенттик башкарууну кийирүүдө борборду кыйбай кылчактоо, ооматтын Кыргызстан Компартиясына оошуна каскак болду деген кыяздамын.

Экинчиден, агездеги термин менен айтканда, бейформал уюмдар жагдайында. Негедир биз алардын «чуу куйруктугунан» чочулай бердик. БКнын идеологиялык катчысында «Манас Ата» коомунун Устав, Программасы талкууланганы эсимде. Жолдош Шеримкулов болочоктогу коомдун документтерине мындайча асылган: – Карашо, («хорошо» дегени – А. П.) мунуңар жакшы. А Министерство культуры эмне иш кылат? Вот мынабу жеринде... подожди! Аныңарды Госкомиздат эле бүтүрсө болбойбу? Давай, тагда, бардык министерстволорду жоёлу, силерге берели, макулсуңарбы ушуга? Нет?! Тогда дорогие товарищи мои, давайте заниматься своим делом!

Окурмандар, албетте, Медеткан Шеримкулович дагын мени натурализмим үчүн кечирип койсун? Асыресе, бейформалдарга өйдө-ылдыйын кошпогондо ушинтип кыргыйдай тийчүбүз. «Кыргыз эл», «Кыргыз тил» коомдорун түзүү жөнүндөгү каттар БКнын бөлүмүнөн Совминдин бөлүмүнө өтүп, Совминдин бөлүмүнөн БКнын бөлүмүнө кайтып, сааты чыкпай, саргарганын тана албайм.

Үчүнчүдөн, улуттук маселеде. Мамлекеттик тил жаман чечилбеди. Бирин-экин жер-суу аттары алмаштырылды. Анткенибиз менен каргага теңелип, каздын буту сынбасын, улуу журтка уятка калбайлы дегенчелик алыскы жуук-жумурияттарга үзөңгүлөш теминбедик.

Кыргызстан Компартиясынын чоң-кичине кемчиликтеринде менин жеке үлүшүм жок эместир. Инструктор иретинде оополордун бирди-жарымынын артынан сая түшсөм, майнапка марыр белем, ким билет?! Кантсе да кызматташтарымды соңунан сындабай, өзүмдү өзүм айыптаганым оң. Айтса, алардын бир даары мени олуттуу түрдө «кыдыкачы» деп ойлошчу. Ал эми КДКанын айрым мүчөлөрүнүн мага карай «партократ» деп жулунганы мөртүндөгү кадыресе кубулуштур.

* * *

Чын-чынында партиянын Борбордук Комитетинде эмгектенгениме абдан курсантмын. Аздыр-көптүр эл араладым, ысык-суукту баштан кечирдим. Анча-мынча чиймелеген бакырга бөтөн чөйрөнүн ичинде болуунун пайдасы зор. Бирок, Ош окуяларынын учурунда ушубу аты улук мекемеде кызмат өтөгөнүмө, ачыгыраак айтканда, ушуерде туруп колумдан эчтеме келбегенине кейигеним, ызаланганым көкүрөктөн кетпейт.

– Кайсы бактын гүлүсүң? – деп сурашат кезиккендер. Бу айтылуу Фергана өрөөнүнүн кыргыздарына да, өзбектерине да мүнөздүү кеп. Эгерде сиз ишембиде, мал базарда марттык кылсаңыз, эгерде сиз каадалуу тойдо какшата ырдасаңыз же катыра бийлесеңиз, эгерде сиз капилет тамашага терикпей, кашкая күлсөңүз, кыскасы, жылдызыңыз жаркырап жанган кезеңде «кайсы бактын гүлүсүң?» – деп сурашат.

Отуз оогон өмүрүмдө мен бир аз-бир аз мактадым, замандаштарымдын көңүлүнө толуп, көңүл кушуна арзыдым. Андайда мунумду өскөн жердин таалим-тарбиясына жорумай өнөкөтүм. Кыркка жетпеген доорумда мен далай жаңылып-жаздым, наалатка калдым. Мындайда анымды тууган жердин ариетин тебелеп-тепсегенге теңемей адатым.

Биздин кыштак – Шоро-Башат. Жетим-Адырдан өйдөлөп, кокту-колоттордо төө көзүндөй шор булактар шылдырайт. «Шоро» деген чөбүбүз да бар. Жазы дарыясынын өйүз-бүйүзү жалпысынан Кулунчак аталат, абалтан. Эмне үчүн ушундайлыгын чечмелеген уламышты унут-

пайм: «Илгери-илгери эки тарабы тоо, ортосунда суу күрпүлдөгөн түздүктө адамдар беш жүз жылдап өмүр сүрүшчү. Өтө карыганда киши кичирейип коңуздай, көгөндөй болуп, чөп-чардын арасынан көрүнбөй дыңылдап калат дешет. Бир сапар Жараткан Эгем асмандан өзү түшүп келиптир дейт жанагы өрөөнгө. Тияк-биякты чалып баратса, тырмактай абышка «кулун чагында жайрадың» – деп бötодой боздоп турат. Жараткан Эгем кайрылып собол узатыптыр:

– Арманың не, кулпендем? Кулун чагында жайраган кимибиз?

Анда абышка оксүй-өксүй муңканат:

– Балам, кагылайын, балам ай...

Жараткан Эгемин жаны ачып, балким, наристесин кайра тирилтип берүүгө жардамым тиер дегенчелик минтип сурайт:

– Кулпендем, чүрпөң канчасында чарчады, ушуну айтчы?

– Быйыл араң жүзгө толуп, жүз бирге караган. Алдагы чөптү түбү менен жулуп алып, кулун кылып, кунан кылып, аралай чаап чуркаар эле.

– Өзүң да кыйла өмүр сүргөндүрсүң, кулпендем?

– Эсебимде туура беш жүздүн тамагын жеп жатам. Бирок, адамдын жашоосу улагадан төргө өткөндөй тез экен.

Абышка өшөнтүп айтып токтобой, өчөшкөнсүп өңгүрөй бериптир.

– Ко-ош, – Жараткан Эгем желкесин тырмап, чекесин бырыштырат, пенделерим убакытка тойбой, бөлүнгөн мөөнөттү азсынып, ынсаптан куржалак турбайбы. Мындайда өмүр кор болот, анын баркына эч ким түзүктөп жетпейт. Үй курбай, чөптүн түбүнө баш калкалагандарын карабайсыңарбы?!

Тигинтип оозун жыйып, Жараткан Эгем Азрейилин чакырат, жүз жаштан ашкан киши баласынын жанын түгөл тартууга буйрук берет. Ошол күндөн ушул күн пендезаттын өмүрүнүн жеткен чеги жүз жыл менен өлчөнөт. Ал эми тиги өрөөн «Кулунчак» делинип, дүйүм калктын кулагына сиңип кеткен. Баягы бала ойногон, баласынан ажыраган аксакал түбүнө конуп-түнөгөн чөп да ушундайча аталат».

Бул боюнча менин жеке пикирим башкачараак. Жарык дүйнөдө армансыз жашаган береги макечал баласын жоктоп эмес, беш жүз жыл ары жактан өзүнүн сүттөй ууз курагын сагынып, кайран балалыкты кол менен жасоого болбой турганына алейне ынанып, арийне, жазмыштын салганына биротоло моюн суна албай, «кулун чагын» кайталап сыздай берген.

Өрөөндүн аты учурунда анда жашаган адамдардын муун-жүүнүн титиреткен бакырдын ыйынан келип чыгат. Мүмкүн башта ыры да болгондур. Кийин ырдалбай калгандыр. Себеби ый менен ыр эриш-аркак эмеспи.

Кулунчак – балалык, Кулунчак – Ата-Конуш. Эки ыйык түшүнүктүн эгиздей окшоштугу – бирдей тыбыштар менен берилип, бирдей ариптер менен жазылганы жышаналуу кубулуш. Ушуну утуру ойлогондон жылуу-жумшак төшөгүмдө уйкум качып, далма-дал жупташууга элтейе таңданам да, баштагы так кесер тыянагымдан эрксиз күдүктөнөм: Сенин ысымыңды «Кулунчак» деп ким койду экен, өскөн жер? Даанышманбы? Дастанчыбы? Далай мезгил боорундан ыраак тиричилик кечирген мусапырбы, «атылбай калган аркардай» узак жашаган карыябы, жоого туткундалган жоокерби, бөлөк тараптык күйөөсүн карамалап, анан улам уул-кызы жөжүрөп көбөйүп, төркүнүнөн четте мукураган кызбы? Сенин ысымыңды «Кулунчак» деп ким койду экен, тууган жер? Береги бир бүркүм сөзгө көөдөн толо сыймыктуу сүйүү, көкүрөк толо сары зил сагыныч, карек толо мөлтүр көз жаш кандайча сыйды экен?

Насип кайып, кулун чагыма күбөнаама конушума он эки ай – бир жылда араңдан зорго жүз көрсөтөм. Анда да көбүнчө командировкалап учурамай. 1990-жылдын июнь айында үйүмө көнгөн жолум менен барбастан, Оштон жөнөп, Өзбекстан аркылуу (!) Ийри-Сууну басып келсем, тууган-уругум чурулдап, «Өзгөндөн кантип өттүң?» – дейт.

Райондогу абалды Түштүккө жиберилген беш партқызматкер азыркы Бишкектен, андан соң партиянын обкомунан үргүлжү билгенбиз. Анын биринчи катчысы Үсөн Сыдыковдун үрөйү учуп, үчүнчү катчысы Санабархан Бахапованын колу ак дакиленип таңылуу, эртели-кеч автомат тытырап, жаралангандар, өлгөндөр, качкандар, айтор, акыл-эске сыйбаган алаамат.

Биз Борбордук Комитеттеги азыноолак тажрыйбабызга таянып, имиш-имиштердин селдей агымын басандатуу максатында жергиликтүү жолдоштор менен бирге адегенде «ишеним телефонун» уюштурдук, маалыматтарды жөндөп, басма сөз конференцияларын өткөрүүгө катыша баштадык. Кадыр-барктуу инсандарга жолугуп, маектештик.

Баса, Оштогу тополоңго улай борбор шаарыбыздагы кырдаал, орусчадан түзмө-түз оодарганда, көзөмөлдөн чыга жаздап токтогон. Миңдеген жаштар күндүз ортолук майданга чогулуп, «антиш керек, минтиш керек» дегенчелик ызы-чуу түшө берди. Додо (толпа) күүгүм талаш автобекетке ийгиликсиз чабуул жасап, кайтадан аянтка кайтып, алтүндө калаанын көчөлөрүн бойлой бөлүнүп-жарылып «жүрүшкө» атганды. Айрым митингчилер иш-чараны эртеси эртелеп улантуу үчүн кыябанга, көк чөпкө түнөп, таң күзөтүшпөспү. Ошондогу окуялардан Түгөлбай Сыдыкбековдун Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысына сүйлөшүүгө барганын, кесиптеш балдардын «Шеримкулов ыйлады» деп каңырык түтөткөнүн айтайын.

Экинчи күнү митинг жанданды. Идеология бөлүмүнүн инструкторлору жогорку окуу жайларынын жатаканаларында студенттерди «тос, кармалап» сүй жыгылдык.

Түштөн кийин, кудай бетин салба, кызууланган жарандар Борбордук Комитеттин имаратын көздөй сүрүлүп калды. КДКнын теңторагасы Топчубек Тургуналы тургундарды огобетер көкүтүп: «Абсамат Масалы уулу чыгыңыз, элиңиз суранып жатат, чыгыңыз!!!» – деп адеп өкүрүп коёт. «Масалиев, Масалиев!» деген үндөрдөн жер солкулдайт.

Жаңылбасам, Төлөмүш Океев, Калый Молдобасанов биринчи катчыны «көндүрмөккө» жетинчи кабатка көтөрүлүштү. Аңгыча алагүү бир жигит Оштогу башаламандыктардын курмандыктарына багыштап куран окуду. Дүңгүрөтө бата кылдык. Анан ошол эле жигит «Масалиевге деле куран түшүрүп коёлу, эми береги өлгөнгө тете» дегендей аржалактап, казганактаган калайык каткырып, тыйылды. «Баракелде, кайран кыргызым! – дедим ичимден, – ичкен ашыңды актадың. Балким, сага ыгын таап дагы бирдеме жуткурушаар».

Кариет, жаштар Масалиевди тынчтанып угушту. «Балдар, кыздар, силер да мезгили келгенде эл башкарасы-

ңар. Бириң – биринчи катчы, дагы бириң – Министрлер Советинин төрагасы болосуңар. Кезинде ушул күндү эстээрсиңер?!» – деди ал жарандарга кайрылып.

Толкундангандансбы, А.Масалиев «силер» дегенди эмнегедир «селер» деп жатты. Ошо тапта анын кайсы бир чогулушта «кыргыз тилин Тилектеш Ишемкуловичтей таза биле албасак да, акцент менен сүйлөгөнгө жарайбыз» деген азили көңүлүмө кылт эткени.

Андан соң Т.Тургуналиев митингдин атынан коюлган талаптарды баяндаганга киришкен. Алгачкы талап отставка эле. «Макул,– деди А.Масалиев, – андай болсо бизде да сунуш бар. Үч күндүн ичинде Топчубек Тургуналиев кызматынан кетсин, ушул жерге келген студенттердин жарымы эртең окуудан чыгарылсын».

Митинг дуулдап жиберди: – Бул туура эмес.

А. Масалиев: – Ооба, туура эмес. Так ушундай эле силердин талабыңар да туура эмес, жаштар. Көпчүлүктүн чок ортосунда тургам, жанымдагы эки кыз «отставканы» өздөрү кошуп коюшуптур деп күбүрөгөнүн кулагым чалды...

Кыскарта чапканда, А.Масалиевдин түйшүгү арбып, оппозиция чечүүчү соккуга даярданат. Алдыда Кыргызстан Компартиясынын эки баскычтуу курултайы, Жогорку Кеңештин кезексиз чакырылган шашылыш сессиясы турат. Бирок, аңгемебиз бир баштуу улансын.

Ошентип, мен Өзгөнгө убагында барыпмын. Анда дагын ит турмуш – катын-калач, бала-бакыра жүдөгөн, эркектер шериктешип, күндөп-түндөп эл четинде, дүкөндө азык-түлүк, айрыкча, ун тартыш, сырткы дүйнө менен катташуу сейрек.

Өгүнү куралданган баш кесерлер келатат, – деген айыңдан улам кымгуут түшкөнүн айтышты айылдаштарым, дасторкон үстүндө. Чарбабыз Өзбекстан менен чектешет. Жылалдынын бир нытасы Кыймыл, чордону Шоро-Башат, катарлаш Бостон кыштагы (эсиңиздеби, «Болжолдоп чыктым Бостондон, кудайым сага кошкондон» деген Барпынын саптары), аягында – Апа-Кызыл. Кемпир-Абад суу сактагычына жуук Кан-Абад, Султан-Абад коңшу жумурияттын тутумунда, Бек-Абад, Жалал-Абад бизде. Карабагыш, кыпчак, тейит, бостон, басыз эзелтен өзбектерге байыр, дос-жар, куда-сөөк. Мен, маселен, бала кезде

чоң тагаларымдыкында мейманчылаганымда «Жалал-Абад, Кан-Абад, жаркырап поюз баратат» – деп ырдачумун. Кожо-Абадда чоң атамдын тагалары жашайт. Маңгыттар. Өзгөндөгү кырды-бычактын айынан эми ушул чөлкөмдөгү кыргыз-өзбектер биринен бири коркуп отурушуптур.

Облус кыйлага дүрболоңдөп, санаам тынчыбай, шейиттердин кыркына оропара Бишкектеги өзгөндүк зыялылардын курамында Ошко учтум. Облборбордо көбүнесе өзбек аялдар митингге көтөрүлүп, Жаңы-Арык, Куршабдын жолун кыргыз зайыптар тороп алышыптыр. Биздин автобусту бир-эки жерден токтотушту. Жакшылык санап жалынып-жалбарган, тиштенип кыжырданган, арызданып-даттанган адамдар. Сүйлөйүн десе тили жок томсоргон талаалар, өрттөлгөн тамдар, чачылган берске... Салижан Жигитов баштап, профессор Бекболот Акматов, илимдин кандидаттары Орозали Бекетаев, Сатимбай Абдуллаев, Бекмамат Келдибаев, журналист Таштанкул Бөрүбаев канткенде калкыбызга кыпындай пайдабыз тийет, аны канткенде алдыңкы журттарга теңейбиз дегенчелик кыял сүрүп, кыялдын түбүнө эгерим жетпедик.

Элден кабар алууга августта дагын бир мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бу саам «Известия» гезитинин фотокабарчысын коштоп жүрдүм. Сузак, Жалал-Абад, Өзгөн, Кара-Суу, Ош, Ноокатты кыдырып, турмуштун түгөнгүс убарасына күбө өттүк. Күн сайын оперативдүү кырдаалды сыпаттаган Ички иштер министрлигинин кагазына үңүлгөндөн көрө минткеним ийги болгондой.

Мен калкымды капсалаңдуу заманда таанып-билдим, анын телегейи тегиз асыл сапаттарына ишенимим артты. Айтмакчы, өзүм теги-задимди, учу-түбүмдү кыргыз деп, өзбек деп ажыратпайм. Мен – кыргызмын, анткени, мен – өзбекмин, мен – өзбекмин, анткени, мен – кыргызмын. Ата Журтумда өзбек-кыргыз мушташкан жок, карөзгөйлүк, карасанатайлык, карапистик, карамүртөздүк кагышты. Арийне, Оштон «Карабах» жаралбайт. Ал эми уурданып, улуттук байракка жамынган урушта каны төгүлгөн эңкейген кары, эмгектеген ымыркай, тал чыбыктай буралган жаш – орду толгус ааламыбыз, ат көтөргүс арманыбыз тариздүү.

**Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун бурадарым!**

**Айдашов Мамат.** 1958-жылы Шоро-Башат айылында туулган. 1990-жылы июнда Өзгөндө атып өлтүрүлгөн. Кесиби – соода кызматкери. Артында балдары калды.

**Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун бурадарым!**

**Юнусов Байыш.** 1963-жылы Шоро-Башат айылында туулган. 1990-жылы, июлда Ошто атып өлтүрүлгөн. Кесиби – мугалим. Спортсмен. Артында балдары калды.

Булар мен билгендер. Мен билбегендер канча. Өзгөндүк журналист Жаркын Темирбаева – камалган, жоголгон, өлгөндөрдүн тизмесин тизип жүрөт. Жарыялашы ыктымал.

...Биз Оштон отурган самолёт чимирик атып күүлөнүп, жерден боорун көтөрдү да, тик өйдө уча түшкөн соң булутка сүңгүп, заматта андан суурулуп, боюн түзөп, Түндүктү мелжеп зымыраганга ыктады. Кээде салондо термелип, мотордун дүрүлдөгөнүн таптакыр укпай, жанымдагы жүргүнчүнү караманча байкабай өз ойлорум менен алпуруша бермейим бар. Болжолу, бул жолу да оопонумду карматтым. Көңүлүм жайланганынанбы, же тескерисинче, уйгу-туйгулугунанбы, бир ookумда күңгүрөнүп кириптирмин:

*Паризат оо, Паризат оо,*
*Дарычаңдан кол узат оо,*
*Дардисар кылбай бери узат оо...*

«Паризат» – Түштүктүк кыргыздардын эң мыкты ашыглык ырлардын бири. Тилекке каршы, көбү унут калыптыр, айрым түрмөктөрүн арандан таап ырдадым:

*Сага ашык болгондо, аа,*
*Кош талдан чымчык сайраган, ээ,*
*Өрүкзар гүлүн байлаган, ээ...*

Ачылышың Акмандын гозосундай, мас кылышың Чаңгеттин бозосундай, Паризат, – деп абап салдым.

*Оо, Паризат гүлгакы, гүл өстүрдүм чарбакка,*
*бир көрүнүп койсоңчу, биз күнөөкөр, бейбакка,*

деп обон создум.

Үйдө эмес же Чүйдө эмес, жай ичи тарткан кордугумду эстегенде кабыргам кайышып, ушубул чыр-чатак батыраак басылар бекен, туулган жериме– тупаар жериме бейпил шартта баштырандап, бастырып келээр бекем дегенчелик түтөп ырдадым:

*Паризат деп көп ырдап,*
*Ата-энемден бөлүндүм.*
*Элим менен журтума,*
*Бакадан суук көрүндүм...*

Оштон кайтып келатып, «о-о» деп кайрып ырдадым, «э-э» деп кайрып ырдадым, *«а-а» деп кайрып ырдадым.*

* * *

Кээ бирөөлөргө өзөк темадан улам четтеп, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин ишмердүүлүгү тууранда кемирээк кеп салгандай кебетеленип кетишим мүмкүн. Арийне, мен партиялык ишти жалаң эле саясий окуу, чогулуш, взнос деп түшүнгөн аппаратчылардан эмесмин. Эсимде, бирде төрт түлүктүү чарбанын парткомунун катчысы менен сүйлөшүп калдым. – Уюрде алты жыл мал доктур, баш мал доктурлукта иштегем, – деди ал. – Жакында парткомдун катчылыгына шайлашты. Бирок, кагаз-кугазды чүргөгөндөн начармын.

Турмушта маселени кагаз-кугаз эмес, партиялык кызматкердин жеке аброю, инсандык касиеттери чечип жаткан. Ошондуктан мени, ириде, анын чарбага керектүү адис экендиги кубандырды. Калганын бара-бара өздөштүрүп алууга болмогун менчик тажрыйбамдан сезчүмүн.

Чыгармачыл союздар, биринчи кезекте, Жазуучулар союзу менен иштешүү Борбордук Комитетке мурдатан оор окшоду. Мага андан бетер оор эле. Анткени өзүм жазуучулар чөйрөсүндө өскөм. «Кыздын сыры төркүнүнө маалым» демекчи, кандай-андайлыгымды баары беш салаасындай билишчү. Ошондуктанбы, калемдештеримдин уюмуна телефон чалуудан, төтөн буйрук жеткирүүдөн заарканып турчумун.

Дегеле чоң катары чокчондош үчүн талант керек сыяктанат. Айрым парткызматкерлерде берегидей «талант»

жээгине батпай, ашып-ташыганын баамдаган учурум аз эмес.

Анан калса, саясатчы дегениңиз агымга ылайык иш алпарат экен. А дээринде сүрөткерлик шык-жөндөмү бар киши кырдаалга ыңгайлаша албайт. Көбүнесе көпчүлүктү ээрчибей, көндүм көрүнүштү жерийт. Саясатчы менен сүрөткердин негизги айырмачылыгы ушунда.

1990-жылдын күзүндө Абсамат Масалиевдин эртедир-кечтир кызматтан кол жуушуна көзүбүз анык жеткен. Сентябрдын орто ченинде «Кыргызстандагы демократиялык жаңылануу үчүн, атуулдук ынтымак үчүн» деген депутаттык топ түзүлдү. Анын биринчи билдирүүсүндө минтип айтылат: «...чыныгы демократиялаштыруунун жана революциячыл жаңылануунун жолуна чечкиндүү кадам жасаган башка көпчүлүк аймактардан айырмаланып, биздеги эскичил чойро агрессивдүү жана жаны бек болуп чыкты». Муну берги «чойрөгө» каршы күрөшүүгө тикелей чакырык иретинде түшүнүү кыйынга турбайт эле.

Анын үстүнө, алиги депутаттык топко кирген КДКнын теңтөрагасы К.Акматов аталган маселе боюнча өз пикирин «тарап-бутабай» билдирген болчу: «Чындыгында бийлик деген атамзамандан бери эле талашка түшүп келген жана түшө бермекчи...» («Кыргызстан маданияты», 13-сентябрь, 1990-жыл).

А. Масалиевди буттан чалуудагы оппозициянын башкы «көзүрү» Ош окуялары өңдөнгөн. «Алиге чейин депутаттар Ош облусундагы кайгылуу окуялар жөнүндө өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло элек. Алардын көпчүлүгү тергөөнүн жүрүшү жөнүндө, улуттар ортосундагы ырайымсыз кагылышуулардын себептери жөнүндө иш жүзүндө эч кандай кабардар болгон жок. Ал тургай Жогорку Кеңештин сессиясын чакырууга, депутаттарга маалымдап коюуга аракет да жасалган жок», – деп баяндалат жогоруда сөзгө алынган билдирүүдө. Ош облусунан шайланган жумурияттын Эл депутаттарынын платформасында кайгылуу окуялардын айланасында саясий кызыл кулактыкка жол бербөө жагы баса көрсөтүлөт.

Ушундай жан аябас кармаштын босогосунда тим калбастан, А.Масалиевдин портретин жазып, «Ленинчил жашка» (азыркы «Жаштык жарчысы») алпардым. Мате-

риал 6-октябрда автордун пикирин колдобогон редакциялык «соцку сөздүн» коштоосунда жарыяланды. Астына журналисттик лакап атымды койдум.

Ырас, мен Абсамат Масалиевичти жакындан билбейт элем. Азыр да билбейм. Баягыда Борбордук Комитетке жаңыдан келгендеги аңгемелешүүдөн сырткары дагы бир ирет салыштырмалуу беймарал жүздөшкөнбүз. Ал тууралуу айтып бермек да мойнумда.

Эми ойлосом, портрет эл-журтка кеңири белгилүү персөлерден, айрым жекече байкоолордон токулган экен. Чукулаган адам менин кемчиликтеримди, албетте, тапмак. Асыресе, тексттин тулкусунан А.Масалиевди аягандык, аны коргоого далалаттангандык даана байкалып турат.

Кыргызстандын мурдагы жетекчисинин тарыхтагы орду дайын. Анан калса, жолдош Масалиевдин доору социалисттик түзүлүшкө коюлган чабуул менен тыгыз биримдикте каралып, бааланууга тийиш. Ошол эле учурда ал Кыргызстандык коммунисттердин беделинин начарлашына объективдүү түрдө себепкер. Муну кийинки окуялар ашкереледи.

Жумуриятыбыздын Компартиясынын он тогузунчу курултайы санжырада анын акыркы курултайы сыпатында саналмагын удулунда эч кимибиз элестеткен эместирбиз. Аппаратчылар филармониянын фоесинде, коридорунда, бөлмөлөрүндө тагылган жумушту так аткарып жүрдүк. Маселен, мага жыйындар аралыгында делегаттарга кино көрсөтүү тапшырылган эле. Арада курултайдын жүрүшүнө кулак түрүп, тамаша чегишип, тамактанып, сүрөткө түшүп, ары-бери сүрүлдүк.

Оштогу башаламандыктын саатынан концертти токтотуу алдын ала чечилген. «Аттиң, – дедим мен, – Шайлообек Дүйшеевдин программага бекиген «Компартия менен сүйлөшүү» аттуу ыры сахнадан окулбады». Менимче, акындын публицистикалык чыгармасында курултайдын баяндамасында, жарыш сөздөрүндө чагылдырылбаган ачуу чындык камтылган эле:

Согот шамал  
оң жактан,  
сол жактан да  
согот шамал.

Көздөрүмө куюн батпай,
Көөдөнүмө сырым батпай,
Өзүң менен сүйлөшүүгө келдим бүгүн,
Көкүрөккө бугум батпай.
Компартия!
Эл үчүн, жер үчүн деп,
Жүрөгүң соккон менен баштагыдай.
Тилегиң эл үчүн деп,
Төшүп отко тоскон менен баштагыдай.
Колуңду элге созгон менен баштагыдай,
Карабай катарыңа,
Карабай Ильич берген атагыңа,
Коммунисттер неге сенден азаюуда...

Кийинчерээк береги ырга обон жаралып, көп аткарыла баштады. «...Сүйлөшүүнү» үналгыдан уктук, митингде уктук, КДКнын курултайында уктук, соопчулук оюн-шоогунда уктук... Ырчылар чыгарманы угарманга канчалык бурмалап жеткирүүгө аракеттенишпесин, менин көңүлүмө анын алгачкы таасири, маани-мазмуну, ыргагы уюп калыптыр.

Бүгүн Компартия дээрлик жок. Ш. Дүйшеевдин коммунисттерге багытталган эскертүү саптары дагын эскиргенсип барат...

Антип-минткенче андагы Кыргыз ССРнин он экинчи шайланган Жогорку Кеңешинин экинчи сессиясына тушукканбыз. Бардык жагынан татаал, бардык жагынан чечүүчү сессиянын ишин залда отуруп байкаган адам айрым бүткөн бир ойдодур. Мен болсом аны сырттан көрүп-багып, көбүнчө сыналгы менен үналгыдан эшиткем.

Күн тартибине жараша сессия он эки суроо карады. Алардын эң маанилүүсү президенттик, мындайча айткында, бийлик жөнүндөгү маселе болду.

Сессиянын изин суутпай шаардык гезитке бийлик кумары тууралуу макала жазгамын. Андыктан аны кенен чонон баяндаармын. Аңгыча анекдот сымал бир мисал: Октябрь төңкөрүшү жеңип, Иликең (Ленин) кыргыздарды тоодон шаарга алып келип отурукташтыруунун камын жеп, башын оорутуптур. Анда шакирттеринин бирөө (кызы, өзүбүздүн Фрунзе го?) «Владимир Ильич, ага мынча уба-

йым тартасыз. Кыргыздарга бержактап бир шапке, бир папке көрсөтүп койсоңуз эле, аттуусу аттуу, жөөсү жөө чубап түшүп келишет деген экен». Муну тегин жерден эстебегеним бара-бара түшүнүктүү болоор.

Ошентип, сессия сунуш кылынган күн тартибин ачык добуш менен бекитти. Ага 70 депутат каршы кол көтөрдү. Президенттик маселе талкууланар алдында «Кыргызстандагы демократиялык жаңылануу үчүн, атуулдук ынтымак үчүн» деген депутаттык топ өз курамын каттоону сурады. Ага удаа 173 депутаттан турган парламенттик-партиялык топтун түзүлгөндүгү билдирилди.

«Сессиянын 22–23-октябрдагы жүрүшү көрсөткөндөй, – деп жазышкан бул жөнүндө КДКнын активисттери, – анын иши партократиянын күчтүү кысымы астында, дымып калуу мезгилинин агымы менен өтүп жаткандыгы жана аппараттык айлакерликтин жетегинде калгандыгы ачык байкалды. Тилекке каршы, демократ депутаттардын тобу, жада калса, күн тартибин да өзгөртө алышпады. Мына ошондо, биз сессиянын консервативдик маанайын озгөртүү үчүн таасир көрсөтүүнүн ыкмаларын издөөгө мажбур болдук. Шаарда өзгөчө кырдаал боюнча мыйзам иш жүзүндө экендигин эске алуу жана аларды бузууну каалабаганыбызды билдирип, биз тыюу салынбаган жол катары ачкачылык жарыялоону жалгыздап жүргүзүү менен протест көрсөтүүнү туура деп эсептедик жана бул бизди ушундай жолго барууга түрттү». («Фрунзе шамы» – азыркы «Бишкек шамы», 1-ноябрь, 1990-ж.).

КДКнын активисттеринин «партократиянын күчтүү кысымы», «аппараттын айлакерлиги» жөнүндөгү ой жорууларын өздөрүнүн абийирине койгонубуз жөн. Арийне, ачкачылык акциясы кээ бир депутаттарды тигил же бул маселе боюнча баштапкы позициясынан тайдырды шекилдүү.

Канткенде да кеңири талкуулоодон соң сессияда Кыргыз ССРинин президентинин постун белгилөө жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Законуна) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө закон кабыл алынды.

«Заседаниенин төртүнчү күнү кызуулануулар курчуган жагдайда башталды, – деп жазган президенттикке кандидаттар көрсөтүлгөн күнү Кыргыз ТАГдын кабарчысы,

– эмоциялар ачык эле үстөмдүк кылды. Кээ бир депутаттар өздөрү эле кабыл алган регламентти, председателдик кылуучунун маселелерди сабырдуулук менен, калыс чечүүгө чакырыктарын этибарга албастан залда коюлган микрофондорду жана трибунаны түз эле ээлеп алып жатышты».

Натыйжада, президенттикке төрт кишинин кандидатурасы аталды: Кыргыз ССР Министрлер Кеңешинин төрагасы А. Жумагулов, партиялык депутаттык топтун атынан А. Масалиевдин кандидатурасын сунуш кылды. Депутат Д. А. Кальчинов президенттикке А. Жумагуловдун өзүн көрсөттү. Депутат М.Т. Ибрагимов «Демократиялык жаңылануу үчүн, атуулдук ынтымак үчүн» деген депутаттык топтун атынан партиянын Ысык-Кол Обкомунун биринчи катчысы, Эл депутаттарынын облустук Кеңешинин төрагасы Ж.Б. Аманбаевди көрсөттү. СССР Эл депутаты Т.Океев жумурияттын Жогорку Кеңешинин Маданият, билим берүү, спорт жана туризм боюнча комиссиясынын төрагасы Ж.Сааданбековду сунуш кылды. Ырас, Ж. Сааданбеков өзүнүн кандидатурасын алып койду.

Ушул жерде дүйнөлүк парламенттик практикада сейрек учураган (балким, таптакыр учурабаган) көрүнүш туралуу айтып өтүүгө туура келет. Кыргыз ССР Министрлер Кеңешинин төрагасы А. Жумагулов президенттикке А. Масалиевдин кандидатурасын сунуш кылды жана өзүнүн чечимин ишенимдүү далилдеди. Бирок, маселенин моралдык жагын ойлобой (мүмкүн, атайылап) кандидатурасын алган жок, акыр-аягында өзү көрсөткөн адамдын жападан-жалгыз атаандашы болуп калуудан баш тартпады.

Ооба, бийлик деген таттуу нерсе. Бул ыңгайдан караганда, Апаз Жумагуловичти түшүнүү кыйын эмес. Жок, эгерде анын жоругунун башка себептери болсо күндөрдүн бир күндөрүндө маалымдалат.

Айтмакчы, жаңыдан көз жарган «Ак бата» журналынын тұңгуч санынан К.Акматовдун ошол сессияга тийешелүү маегин учураттым. Анын кебине ишенсек, А.Жумагулов Кыргызстан КП БКнын бюросунда президенттикке А.Масалиевди көрсөтүүгө убада берип, анысын аткарганына карабастан, демократ депутаттардын өтүнүчү боюнча кандидатурасын албаптыр.

Ушубу табылга Компартиянын кыйрашына анын жетекчилери күнөөлүү экендигин айныксыз тастыктайт. Бу ченде партиялык кызыкчылыктан бөлөк кызыкчылык басымдуулук кылганы шексиз. Ушуга байланыштуу А. Жумагуловдун дагы бир шертин эскертүү зарылдай: Он экинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Кеңешининн биринчи сессиясынын алдында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин кезектеги пленуму өткөрүлүп, анда президенттик башкаруу жөнүндө сөз болгон. Борбордук Комитеттин идеология бөлүмүнүн ошол кездеги башчысы Ж.Сааданбеков президенттик башкаруунун киргизилишин жактап, президент болсо президенттикке, болбосо Жогорку Кеңештин төрагалыгына А.Жумагуловдун кандидатурасын сунуш кылган эле. Ошондо А.Жумагулов мындай деп айткан: «Жолдош Сааданбеков, мени кызартпасаңыз экен деп абдан өтүнөмүн. Жакшы каалооңуз үчүн сизге ыракмат, бирок, мындай кылбаңыз. Сизден абдан өтүнөмүн. Өз күчүмдү, өз мүмкүнчүлүгүмдү, өз курагымды, өз кемчиликтеримди билемин. Алар кудай буюрса деп айтылып жүргөндөй. Мага бүгүн Борбордук Комитет, Жогорку Кеңеш өзүмө тапшырган иш участогун – Министрлер Кеңешинин төрагасынын милдетин аткарууга мүмкүнчүлүк берсе болду.

Муну бүгүн да, эртең сессияда да жасай көрбөгүлө деп сөзүмдү коздоо үчүн гана өтүнгүм келбейт. Мен күн мурунтан макулдугумду бербестигимди айткым келет».

А. Жумагуловдун кебин андан ары тыңшайлы: «Бир жактуу жана ишенимдүүлүк менен бүгүнкү күндө Борбордук Комитеттин биринчи секретары ушул кызматка алда канча даярдыгы бар адам болуп саналат жана аны эч кандай альтернативасыз шайлоо керек деп эсептеймин. Анда Жогорку Кеңештин азыркы төрагасы ээ болууга тийиш болгон бардык зарыл сапаттар бар».

Ашык-кеми жок ушинтип айтыптыр. Дагы далай чүйгүн сөздөр сүйлөнгөн экен, кызыккан киши «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз туусу») гезитинин 10-апрелдеги (1990-ж.) санын карап коёттур.

Талашпайм, 1990-жылдын апрелинен октябрына чейин Кыргызстандын коомдук-саясий, экономикалык турмушу терс жагына баштанып, кыйла өзгөрүүгө дуушар-

ланган. Асыресе, жумурияттагы ийгилик-кемчиликти, жакшылык-жамандыкты А. Масалиев менен А. Жумагулов тең бөлүшүүгө тийиш эмес беле?!

...Добуш берүүнүн алгачкы турунда А. Масалиевди 154, А. Жумагуловду 96, Ж. Аманбаевди 83 депутат жактады. Ал эми экинчи турунда А. Масалиевге 171 добуш, А. Жумагуловго 160 добуш берилди. Деген менен Масалиев Жумагуловду утту, бирок, наети төрт добуш жетпей, президенттик тактыга отурган жок.

Жогорку Кеңештин сессиясынын кезектеги жумуш сааты аяктап, акшамда мени А.Масалиевге чакыртышты. Неликтен экенин түшүнүп турам. Парламенттин жыйынынын күн тартибинде Ош тополоңунун кесепетин жоюу чаралары боюнча маселе бар эле. Жолдош Масалиев отчет бермек. Биринчинин сөзү алгач орусча жазылып, анысын мен кыргызчалап, алдын ала белендеп тапшыргабыз. Так билем, депутаттар Министрлер Кеңешинин төрагасынын баяндамасын талкуулап тарап, ал эми биз эртекечин эсепке албай, негизги материалды партиялык эки гезитке тең тезипен бердиртип жатканбыз.

Кабылдамада, калп айтпасам, бир сааттай отурдум. Ичкериден жоон топ киши чыкты. Андан соң биринчи катчы телефон аркылуу А. Жумагулов менен сүйлөшүп атат дешти, жардамчылары. Мен киргенде А.Масалиевдин маанайы пастай көрүндү.

– «Атпай» дегенициз эмне? – деди ал чала-бучук саламдашкандан кийин.

– «Жалпы» деген мааниде. «Атпай совет эли» дегенибиз «жалпы совет эли» дегенибиз, Абсамат Масалиевич.

– Эми ушул сөздү баары түшүнөбү?

– Анда эмесе өзгөртөлү, – дедим оозум бош.

– Дагы бир жерде... Биринчи катчы барактан бирдеме издеп таппай калды шекилденет, аз-маз буйдалып, анан мага минтип айтты: – Кыскасы, сиз өзүңүздөгү вариантты бир сыйра карасаңыз. Мен да эс алганча көз жүгүртөм, албетте. Чалды-куйду сөздөр тазаланса. Оңдоолоруңузду эртең сессияга чейин бердиртип койсоңуз? Макулбу?

Котормочулукка он тогузунчу курултайдын учурунда өзүм чалынгам. Ага дейре Борбордук Комитеттин жетекчилеринин, ириде, биринчи катчысынын баяндамаларын,

бюронун, секретариаттын басма сөзгө жарыяланууучу официалдуу документтерин Кыргыз ТАГ таржымалап жүргөн.

Бирде биринчинин жардамчысы бирин-экин сүйлөм көтөрүп келди. Ушуну оодарып берчи дейт, орусчасына кошумчаладык эле, кыргызчасынан кыйналып турабыз. Которуп бердим. Көп отпой дагын келиптир, Абсамат Масалиевич сени кирсин деди, балким, баяндаманы баштан аяк карап чыгаар дегенсип атат дейт.

Барсам жолдош Масалиев сурады: – Бизге чейин кайда иштегенсиз? (Баягы баарлашууну унуткан, чамамда).

– Жазуучулар союзунда, – дедим.

– Анда сиз бизге кыргызчадан көмөктөшөсүз!?

– Мейли, – дедим.

Ошондо биринчи катчы сүйлөгөн сөздөрүнүн, баяндамаларынын таржымасы купулуна анчалык толбогонун жашырбады. – Котормо жагыбыз начар окшойт, – деди ал мени менен кадыресе сыр бөлүшүп. – Кадрлар жетишсиз түрдөнөт. Мамлекеттик тилге чындап көңүл бурбасак болбойт.

Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, мен да Борбордук Комитеттин аппаратында котормочулар, кыргызча машинка баскан кызматкерлер иштеши зарылдыгы жөнүндөгү пикиримди билдиргем.

– Кыргыздын саясий тилин саясатчылар өстүрбөсө, ким өстүрөт? – дедим андан ары өз кыялыма өзүм арбалып. – Саясий сөздүктөрдүн түрүн түзүшүбүз керек, аталган маселе жаатында окумуштуулар, жазуучулар менен бирге илимий конференцияларды уюштурушубуз абзел.

– Жанагы котормочу, машинистка жагдайында жолдошторго айткан элем, – деди А. Масалиев. – Негедир создуктуруп жатышат.

Мен биринчи катчыга ошол күнү далай кептерди божурадым кейиптенет. Кийин жалпы бөлүмгө инструктор-котормочу сыпатында иштеп баштаганымда идеяларымды жүзөгө ашыруу оңбогондой оор экендигине ынандым. Арийне, кыска мөөнөттө БКнын пленум, бюро, секретариатынын жыйындарынын протоколдорун (иш кагаздарын) эне тилибизде даярдап, суроо-талапка жараша жергиликтүү партиялык комитеттерге жиберүүгө үлгүрдүк. Жооп каттар арыз ээси кайсы тилде кайрылса, ошол тил-

де жонөтүлө баштады. Борбордук Комитеттин катчылары кыргызча сүйлөөгө көнүктү.

Бирок, таржыманын сапатын жакшыртууга жасаган аракетимдин акыбети кайткан жок. Анткени жумушубуз ар дайым ит кууганснп шашылыш бүткөрүлөт. Сөздү сөзгө кынаштырып, маанидеп маани кууп узанууга убакыт тар.

Антсе да колумдан далай токтом-соктом өттү. Убагында жолдош Масалиев биринчи катчылыкты тапшырган пленумда Апаз Жумагуловичтин айткандарын которгом. А түгүл анын бир нускасын катып алып, кийинчерээк сенсация иретинде жарыяласамбы дегенчелик ойго жетеленгемин.

«Ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр». Болжолумда мурдакы Министрлер Кеңешинин мурдагы төрагасы берeги пленумда узак жылдар бою ысык-суукту чогуу тарткан шеригин жылуу-жумшак узатып, ага чын ниеттеп байсалдуу сапар каалагансыды. Мүмкүп маселенин түйүнү бапкададыр? А. Масалиев бошоткон орунду ээлөөгө Жумгалбек Аманбаев менен альтернативдүү шайлоого түшөөрдө анын биринчини жактагандардын добушун тартууга, көңүлүн жазгырууга ийгиликсиз далбас ургандыр? Иши кылса, буюрганын көрдү. Азыр көөпоргөн окуянын сары изине чөп салганды таптакыр туура санабайм.

Демек, мен биринчи катчыга жолуккандын эртеси, эртесинин эртеси сессия Кыргызстандын туңгуч президентин шайлоонун үстүндө убараланды. Жогорку кызмат Аскар Акаевдин бешенесине жазылган экен. Анын кандидатурасын 179 депутат колдоду, мындайча айтканда, белгиленген чийинден төрт добуш ашты.

Шайлоонун жыйынтыгы окулуп жатканда залда элем. Кимдир-бирөөлөр сүйүндү, кимдир-бирөөлөр күйүндү дегендей. Жаңы мамлекет башчысы шартка ылайык ант берип, алгы сөзүн сүйлөдү.

Сыртта ачкачылык жарыялагандар, пикетчилер, тек жаңылык күтүп делдейген күйөрман калк жабалактайт. А. Акаев эми ошолорго учурап, парзынап кутулууга илбериңки бара турсун. Анын алдында кичикий кыстырмага ыракым эткейсиздер.

Бүгүн кеңири белгилүү президентибиз саясий турмушка кайра куруу мезгилинде аралашкан муундардын сабы-

на кошулат. Ал кезегинде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде бөлүм башчы болуп иштеген. Кыргызстан КП БКнын, КПСС БКнын мүчөлүгүнө шайланган, СССРдин Эл депутаты. Бирок, анын табияты илимге жуук. «Өзүңүздү саясатчы катары эсептейсизби?» деген кабарчынын суроосуна А.Акаев 1990-жылдын август айында миптип жооп берген: «Биринчи иретте өзүмдү илимдин адамы катары сезем. Бардык эле аракетим ушул илимден алыстап кетпөө. Бирок, өзүңүздөр көрүп жатасыздар, Жогорку Кеңештин сессиясы айдан айга созулуп кетип жатат. Жаңы коомдук түзүлүштө иштей турган ондогон мыйзамдар талкууланып, кабыл алынууда. Мына ушунун баарысы илимдеги изилдөө иштеримди эле эмес, мен жетекчилик кылган Академиядагы түздөн түз мага байланыштуу болгон, илим үчүн өтө маанилүү иштердин улам кийинкиге калышына алып келүүдө. Ушул себептерден улам СССР Жогорку Кеңешинин мүчөлүгү милдетимден бошонуум туурабы деп ойлойм». («Советтик Кыргызстан» – азыркы «Кыргыз туусу», 14-август, 1990-жыл.)

...Тигинтип А.Акаев тышка жөнөдү. Аны дарбазанын дал оозуна чейин М.Шеримкулов коштоп келип, арийне, оппозициячыларга көрүнүүдөн айбыктыбы, кетенчиктей далдоого жашынды. Ал ортодо президентти К.Акматов менен Т.Океев колтуктай коюшканын байкадым. Анын алдында бир аял фойеде Жалал-Абад шааркомунун биринчи катчысы, сессиядагы эсептөө комиссиясынын төрайымы Абдысаматованы кучактап, «Роба Насыровна, биз сизге ишенгенбиз» деп, чопулдата өпкүлөгөнүн тиктеп аңкайгам.

Эл менен кошо дарбып эшикке чыксам, алакан чаап, дуулдаган копчулук. «Байке, келе колуңду!?» – деп бирин бири куттуктагандар, Акаевди түзүктөп кароого ынтылган ынтызарлар, тигил же бул депутаттын ысымына ыраазычылык ыйгарып ызылдагандар... Айтор, кайталангыс сейрек көрүнүш.

Түнкү саат он экиге чукул атайын чогултулбаган чогулуш ачылды.

Т. Океев: – Мени тааныйсыңарбы?

Тургандар: – Тааныйбыз!

Т. Океев: – (Жоопту таназар албай.) Таанытбасаңар – таанышалы. Мен– Төлөмүш Океевмин! Кинорежиссёрмун!

Кинорежиссёр демократия, президенттик башкаруу, калайыктын бактысы туурасында эки-үч шиңгил кебин айткансыды. Топчубек Тургуналиев сүйлөп, А.Акаевге калпак кийгизди. Андан кийин Сары Өзөн Чүйдүн өкүлү – Баатыр Эне сөз алган...

Президенттикке партиялык лидерлерибиздин бири шайланбаганына көбүбүздүн ичибиз ачышканы түшүнүктүү. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөндөй, жолдош Акаев да Борбордук Комитетке бөлөк-бөтөн жан эмес эле. Аны, айрыкча, идеология бөлүмүнүн иш-чараларынан, жыйналыштарынан байма-бай жолуктурчубуз.

Ал эми Акаев менен Масалиевдин мамилеси, менимче, береги тарыхый ирмемдерден кыйла мурда, БКнын пленумдарынын биринде татаалдашкан. Михаил Парышкура (айтылуу В.И.Ленин атындагы станок жасоочу жашыруун заводдун деректири) Борбордук Комитеттин катчылыгына дайындалмак. Эреже катары, кадр маселеси пленумга тереңдеп үйрөнүлгөндөн кийин гана сунушталат. Андан тышкары, КПСС БК менен макулдашуу расмиси бар. Эгерде биринчи катчы кимдир бирөөнүн атын атап, БКнын мүчөлөрүнөн бекитип берүүнү сураса, иштин жүз пайыз чечилгени дей бериңиз.

Бул ирет жөрөлгө бузулуп, кандидатуранын тегерегинде талаш-тартыш кызыды. Анын демилгечиси Аскар Акаев эле. Окумуштуунун оюу боюнча, жолдош Парышкура көп жылдар бою союздук маанидеги ишкананы жетектеген. Андыктан борборго буту-колунан байлануу, демек, жумурияттын таламдарын сактап-коргоого жөндөмсүз. Масалиевдин пикирине кулак түрсөк, жолдош Парышкура союздук министрликтердин аки-чукусун жакшы билет, алардын өз адамы, ошондуктан Кыргызстандын кызыкчылыктарын талашууда утуштуу сапаттарга ээ.

Барып-келип М.Парышкура кызматка бекитилди. Балким, А.Акаевдин шагы ошондо сынгандыр. Мүмкүн, менин жоромолум натурадыр. Нетсе да ал андан соң БКнын социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчылыгына көрсөтүлгөн («эчак сүйлөшүлүп, бышкан» деп окуңуз?) талапкерге да собол ыргытып, жарыш сөзгө көжөлө суранып катышты. Баса, А.Акаев кийин М.Парышкураны өзү баш-

карган Өкмөттүн мүчөлүгүнө – министрликке чакырганы маалым.

Алиги түнү, буюрса, мобул кара каш, кашка баш, акылы тунук, өзү жаш, шашкалактап, жамажайы жыйылбаган, кабагында ажолуктун шаанизи аз адамдын заманы башталаарын туйдук. Кудайым ар кимди муратына жеткирсин, ылайым,– дешет мындайда. «Ата салтын бизге калтырган, айланайын, кыргыз калкымдан».

Асыресе, маңдай жарылган кубанычта А.Масалиев сөз-сүз эскерилип, аны ичтен да, тыштан да табалоо өкүм сүрбөй коймок эмес. Бийиктиктин жанында пастык жашайт. Пикетчилерден бир жигит айлана-тегерегине угуза бакылдады: – Маймыл туз жалап жаткандыр, э-э! Өлөйүн, ушинтти.

Расул Гамзатовдун поэтикалык сабына таянып айтсам, мен А.Масалиевге кезиккенде «кишинин маймылдан жаралганына ишенчү эмесмин». Деген менен бул эпитетке таң калбадым. Себеби, сындоону кордоо деп түшүнгөн кээ бирөөлөр мындан башка салыштырууларды да колдонушкан. Оозеки турмак, басма сөзгө деле жарыялашкан. Аша чапкан жокпузбу, агайындар?!

Ош маселеси ошонун эртеси президент шайланган соң, сессиянын жабык жыйынында каралып, А. Масалиев маалымат берди. Тексттен мүдүрүлбөдү. Дегиңкиси, биз биринчи катчынын үнүнүн кыраатын (дикция) мактачубуз. Айтса, анын кыйчалыш-кыйын кырдаалда кабагым-кашым дебегени дээриндеги токтоолук, салабат, салмактуулуктан окшобойбу.

Президенттик кызматты уттуруу Кыргызстан Компартиясын жарга камады. Тарыхый себептерден улам КПСС саясий партия эмес, ири алды, дөөлөттүк башкаруунун түзүмүнүн кужурмөн бөлүгү катары калыптанган экен. Анын үстүнө, А.Акаев бардык деңгээлдердеги мамлекеттик жана партиялык бийликтерди ажыратууга кескин киришти. Ушунун айынан тажрыйбалуу, ишкер партишмерлер Кеңешке жапырт көчүп, партиялык комитеттердин кадр көрөңгөсү бөксөрдү.

Биз, Борбордук Комитеттин аппаратынын кызматкерлери эл ичиндеги таасирибиздин мүчүгөнүн күндөлүк жумушубуздун көлөмүнүн кемигенинен байкаганбыз. Илгер-

кидей чети оюлбаган иш кайдан? Көнүмүш боюнча, эрте кетип, кеч кайтып, зымпыйдык.

Ортолук штабдан адегенде катчылар «жылт» койду. Николай Чепелев Москвага которулду, Медеткан Шеримкулов парламенттик-партиялык топтун сүйөөсү менен Жогорку Кеңештин төрагалыгына шайланды, өйдөдө белгиленгендей, Михаил Парышкурага министрлик тийди. Анан бөлүм башчылар, бөлүм башчылардын орунбасарлары, сектор башчылары, инструкторлор бир-бирден жылып-жылып жоголуп, аягында Компартиянын тагдыры абдан ийленип, четке түртүлгөн Абсамат Масалиев менен кырсык, кеселден жүдөгөн Аманбай Жунусовго энчиленген.

Арасатта аппаратчылардын бир даары биринчи катчы орунду качан бошотот дегенчелик тейде кабатырланды. А түгүл бир саам партчогулушта пленумду тезинен чакыруунун зарылдыгын далилдешти. Абалды А.Масалиевдин президент менен тил табыша албаганы да курчутуп жиберди өңдөнөт. Башына башка киши келсе эле А.Акаев Компартия менен иштешүүгө шымаланып атыптыр деген айың тарады. Кыргызстан Компартиясын А.Масалиев канчалык узак башкарса, анабыздын кадыры ошончолук ыдырааары, катары ошончолук суюлаары алаканга салгандай айкындалып, кандайдыр бир өзгөрүүлөрдүн даркерлиги даана сезилди белем.

* * *

Чар тараптан талай берсе ичкениң иримге, жегениң желимге айланат тура. Борбордук Комитеттен бошонууга эки-үч сапар ийгиликсиз аракеттенгем. Тилегим кабыл келбегени жакшы болуптур. Жумгалбек Аманбаевдин тушундагы БКнын кыска өмүрүн, ГКЧПны, Өкмөт үйүнөн куулганыбызды түздөн түз көрбөй калмак экемин.

Акыйкаттык үчүн бир нерсени тактап алуум абзел. Оболу жумуриятыбыздын президенти Компартияны өзүн көздөй жакындатууга умтулганы төгүн эмес. Интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү зор, уюмдашкан саясий партия мамлекет жетекчисине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк. Муну А.Акаев сонсонун түшүнгөн. Дал ошол себептүү Кыргыз-

стандын вице-президенти Герман Кузнецов БКнын пленумунда биринчи катчылыкка А.Жумагуловду көрсөтөт. Бир жыйналыштын, жаңылбасам, Бишкек шааркеңешинин сессиясынын катышуучулары А. Акаевдин оозунан КПСС БКнын инструктору Анарбек Бакаевди Кыргызстан КП БКнын катчылыгына шайлоого үмүттөнөбүз дегенчелик батыл божомолду угушат.

Удулунда президент жана анын санаалаштарына партияны караткандан тараткан жеңилге турду. Шылтоо дагы табылды.

...Бир алдын Жумгалбек Аманбаев Компартиянын жетекчилигин өкмөттүн чоңдоруна жакындатууга данакер сыяктанган. Аны А.Акаев заматта Президенттик кеңешке кийирди. Сыналгыдан, гезиттерден экөөнүн катарлашканын, колтукташканын көрө калып жаттык.

Чынында бийликтегилердин Ж. Аманбаев өңдүү саясатчы менен эсептешпөөгө чарасы жок эле. Ал эчен жылдар партиялык кызматта дасыгып, аяк чеңде кошулуп, кайра бөлүнгөн Ысык-Көл облусунун эки тизгин, бир чылбырын колуна алган. Жумурияттын эң биринчи башчылыгына тап коюудан тартынбаган татыктуу атка минерлерибиз кош санда болсо, анда Ж.Аманбаев анын бири, жеке санда болсо өзү деп эсептелинчү. «Аманбаев – биздин Назарбаев» деген жарымы төгүн, жарымы чын ураан күн санап өктөм угулганына күбөбүз. Анын үстүнө демократ депутаттар деле алгач президенттикке анын кандидатурасын көрсөтүп, өтпөгөндөн башкага оогон эмеспи. А. Масалиев аппаратка Кыргызстан Компартиясынын жаңы жетекчилигин тааныштырганда Жумгалбек Бексултанович эски эрежебиз боюнча биринчи катчылыкка резервде жүргөнүн маалымдады.

Арзымат Жапарович Сулайманкулов – Кыргызстан КП БКнын кийинки тарыхындагы биринчи жолку улуту кыргыз экинчи катчы. Техникалык, партиялык жогорку билими бар. Жашы кыркка толо элек. Буга чейин Бишкек шаарындагы Ленин районунун биринчи катчысы. Идеология маселелерин тейлөөгө чегерилген.

Кыргызстан КП БКнын партиялык-уюштуруу иштери боюнча катчысы Владимир Иванович Артёмов, Катчылыкта славян элинен жалгыз. Баса, ушинткенибиз да соң-

ку мезгилде биринчи мертебе. БКга дейре Талас обкомунда экинчи, Бишкек шаарындагы Биринчи Май райкомунда биринчи катчы. Жердигинен комсомолдук кызматчы.

Кыргызстан комсомолунун мурдагы лидерлеринин бири Таштемир Сыдыгалиевич Айтбаев БКнын катчылыгына шайланган. Нөөмөт ага жеткенде А.Масалиевдин ыңгайсызданганы баарыбызга сезилди. Анткени тепкичтен тепкичке жаземдебей аттаган жолдош Айтбаевдин жолу Турдакун Усубалиев башкаруудан жылбышкандан буулган. Ал ошондон Ошко «сүрүлүп», кечээ жакында кайрадан уюшулган Нарын обкомунун биринчи катчылыгына өткөн эле. Бүгүн минтип, Ж.Сааданбеков пленумда белгилегендей, «жалпы улуттук масштабга көтөрүлүп» отурат.

Бешинчиси баштатан тааныш Аманбай Жунусов. Айыл чарбасын тейлейт. Кийинчерээк, аппарат өзгөргөндө, аталган катчыга мүлдө эл чарбасы жүктөлдү.

Алар келгени биз да шерденип, иш-чарабыз иш-чарага окшой баштаган. Ириде, Кыргызстан Компартиясынын менчик Программа, Уставынын долбоорун түзүүнү тездетүүгө кам урулду, депутат-коммунисттердин Кеңештердеги жоопкерчилигин жогорулатууга ниеттендик. Адепки жыйналыштардын биринде Жумгалбек Бексултанович Борбордук Комитеттин кызматкерлеринин маянасын көбөйтүү жөнүндө айтты: – Айлыгыңарды Президенттик аппараттагылардыкына теңебесек жарабайт, жумуш чөнтөккө жараша аткарылат.

Айтмакчы, ушундан менин «уурум» кармалган. Жанагы мажилистен чыксам, телекөрсөтүүдө иштеген жолдошторум чалып: – Апталык телепрограмма басылган «Эфирди» гезитке айландырган атабыз, эмне кебиң бар, эки тилде эше салалы – дешти. Бейкапар Аманбаевдин эмелеки сөзүн жаңылык катары кайталадым. Куш кабар жарыяланды. Өзүм андан, албетте, БКнын кадыр-баркына түшүрүүчү эчтеме байкаганым жок. Бирок, маалебиз дуулдап, бирибизден бирибиз шектенүүгө үлгүрө жаздадык. Кезектеги чогулушта орус макалындагыдай, таман астымда жер өрттөнгөнү эси-көөнүмдөн кетпейт.

Дегиңкиси «шырп» эткен дабыштан чочумай, партиянын Борбордук Комитетине желимдей жабышыптыр. Масслен, мен БКнын аппаратына барганда инструктордун

тапканы 250 сом (рубль) экен. 1990-жылдын капортосунан билишимде, 375тен ала баштадык. Андан сырткары, бир жылда жалыйнанын өлчөмүндө эки курдай сыйлык берет. Ырас, береги суммалардын маалында берекеси бар болчу. Арийне, баш ийген кызматчы-жумушчуларына төлөгөн пулу парткомитеттерге салыштырмалуу кыйла арбын мекеме-уюмдар дагын аз эмес эле.

Же атайын буфетти алалы. Бир жумада бир ирет азык-түлүк сатылат. Башында баштык кампайып жүргөнсүдү. Таңсыктан колбаса, эт (көбүнчө тооктун эти), быштак, май, кээде инди чай, чоң майрамдарды утурлай ичимдик (коньяк, пиво), арашан суу, торт түшчү. Бара-бара аныбыздын куну учуп, анча-мынча бирдеме илинсе кымырынып-кымтынып соодаланып, анан такыр жоюлуп тынган.

Жок, партиялык комитеттер өтө жупуну күн көрчү деген ойду таңуулоодон оолакмын. Журт табыштаган бийликти өз көмөчүнө күл тартуу үчүн пайдаланган шылуундар Алтын Ордодо тээ атамзамандан таза атуулдарга аралаш, азыр да тукум курут боло элек. Асыресе, абалды жайынча түшүндүрүүнүн ордуна, баарын сырт көздөн жаап-жашырууга жанталаша аракеттенүү Борбордук Комитеттин аброюн эгерим өстүрмөк эмес.

Анткен менен мөөнөтүндө Ж.Аманбаевдин «тилиңерди тишиңерге каткыла» дешке акысы бар эле. Себеби имараттын ичиндеги кадыресе маселе көбүртүп-жабыртылып, гезит бетине басылгандан расмий мазмунга туйтунуп, эсти оодарды. Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысын «мансапкор» атагандар тырмактай маалыматты керегине жаратуудан кайра тартпай калышсын?!

Ошентип, үлкөн кеңсенин оң-солун ээлеген эки команда эрегишти. Бир партиядагы, бир номенклатурадагы адамдар, биринчи тарабы реалдуу башкарууну алдырбоого тырышып, экинчи тарабы символикалык бийликке алымсынбай кармашып кирген. Тымызын тирешүү көп узабай Борбордук Комитеттин пленумунда ашкереленип, дүйүм калктын бүйүрүн кызытты. Пленумдун, Кыргызстан КП БКнын жаңыдан алмашкан жетекчилери өткөргөн жападан жалгыз пленумдун материалдары убагында гезиттерге толук жарыяланган. Андыктан аңгемемди ашепке

чойбой, айрым жекече байкоолорумду ортого салуу менен чектелем.

Пленумдун башкы баяндамасын которуп отуруп, биз анда президенттин агымдагы саясатына олуттуу кине коюлганын аңдадык. Айталы, А.Акаевдин указдарынын жер-жерлерде аткарылбаганы, аткарылса, чала-чарпыт аткарылганы, чет өлкөдөн кайдагы жардамды күтүү (мифтик жардам, сумма же акча дегендей жазылса керек эле), экономикадагы тунгуюк, өзгөчө мал чарбасындагы кой, уй, жылкы башынын кыскарышы жана башка ушул сыяктуу кемчиликтер.

Жарыш сөзгө катышкан Г. Кузнецов баяндамачынын далилдерин макул таппай, тескерисинче, коомдук турмуштагы жышаналуу көрүнүштөргө, жаңылыктарга, алга жылууларга кең-кесири токтолуп, натыйжада, Борбордук Комитеттин курамын президентибиз коммунист, ошондуктан Компартия өзүнө өзү кантип оппозицияга турмакчы деген бүтүмгө кептеди.

– КПССтин мүчөсү, – деди вице-президент, – Кеңештеги ишмердүүлүгүндө, ири алды, партиянын кызыкчылыктарын эмес, атпай элдин таламдарын көңүлгө түйүүгө тийиш.

Кезегинде Г.Кузнецовду А.Сулайманкулов алка жакадан кармады. Анын пикиринче, партиялык үйүбүздө кээ бир өксүктөрүбүздү арай көз, чарай талкууламагыбыз зарыл. Экинчи катчыдан кийин чыгып сүйлөгөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү «президенттин өкүлүн» көкбөрү тартышканы жадымда. Эмне гана айтылбады, чиркин?! Сен борбордон жөнөтүлгөн «десантсың», сен Компартиянын боткосун жеп чоңойгонсуң, сен кыргыздарды ачарчылыктан, улут аралык жаңжалдан коргоого жарайсыңбы, сен шааркомдо экениңде ылдыйкы партуюмдарга түп-тамырынан бөлөкчө көрсөтмө берчүсүң, сен партбелетиңди өткөр, сен... сен... сен...

Кантсе да бу сапар А.Акаев жактагылар жеңилгенсиген. Алардан бирин-экин киши пленумдун жыйынын таштай качканын баамдадык. Акырына дейре тиштенип чыдаганы чандадыр.

Бирок, береги жеңиш Ж.Аманбаевдин тобу үчүн талкалануунун босогосундагы убактылуу, алды-артынан, асты-

үстүнөн бекемделбеген үстөмдүк кебетеленет. Анткеним президент КПССтин кужүрмөн отрядын мамлекеттик башкаруудан – жумурияттын түйүндүү социалдык-экономикалык маселелерин чечүүдөн, кадрга кийлигишүүдөн эбак четтеткени өйдөдө белгиленген. Колунда токочу жок саясий партияга кимдин жаны ачып, кимдин мээри төгүлмөк? Айтса, А. Акаев жанагы жалпы элдик жабык шайлоодон соң басма сөз конференциясында эстон меймандын соболуна жооп кайтарганын, сыналгыдан эшиткенде, кара басып чаташтырып албасам, «Компартияны дароо эмес, этап-этап менен жойдук» деди. Мунусуна кошулам. Арийне, алга озунуп жибердим. Аңгыча аздыр-көптүр асирет бар.

Пленум эки жаатка бөлүнүүнү дагы бир ирет, бул ирет токтом иретинде бүткүл калайыктын маңдайында тастыктаган. «Абайлабайлыбы, илгерки заман кайда, биз кайда» дегендей жалгыз-жарым кооптонууга назар бурулбаганына тагдырыбыз ойрондолгондо өкүндүм.

Учурунда КПСС Устав, Программасын оңдоп-түздөп, ыңгайына ыктап, ысымын өзгөртүүнүн алдында турду. Ошто, Нарында, мурдараак Жалал-Абадда обкомдун биринчи катчылыгы ары тарт, бери тартка түштү. Жаман кадрлар ат салышкан жок.

«Кыргыз маданияты» гезити Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысын «тар жолдогу аргымак» атаганына карабастан, анын ташы тынымсыз өргө кулагандай кыяздады. Тамашакөй, жүрүшү шатыра-шатман Ж. Аманбаев кабарчыларга улам-улам интервью тартуулап, ара чолодо эртедир-кечтир уюштурулуучу президенттик шайлоону унутпай, камдангансып, ички сырын тышка чыгарбаган.

Баса, үстүбүздөгү жылдын 12-октябрында эркин жумуриятыбыздын калкы өз президентин жалпы жана тике шайлады. 31-августта Жогорку Кеңеш ушундай бүтүмгө келди, тактап айтканда, закон кабыл алды. Мекенибизде мындай өнөктүк алгач ирет өткөрүлөөрү, катталган саясий партия, массалык кыймылдардын аздыгы жана тажрыйбасыздыгы, буга чейин ири коомдук күч катары эсептелинген Компартиянын ишмердүүлүгүнүн Кыргызстандын аймагында токтотулгандыгы сыяктуу себептерден

улам деле ажону шайлоонун мөөнөтүн узартуу максатка ылайык эле. Ий-е, мен Ж.Аманбаев үчүн күйүп-бышканым жок, билгенге А. Акаевди аядым. Эгерде акаевчил «Элдик биримдик» демократиялык кыймылынын уюштуруу комитетинин андагы билдирүүсүнө ынансак, анда ажонун «күч-аракетинин натыйжасында биздин кичинекей Кыргызстанды бүгүнкү күнү Европада да, Америкада да жана Азияда да билишет». Иш жүзүндө демократ лидерибиз президенттик жарышка теңтайлашкан атаандашсыз аттанып, шайлоочулардын токсон беш пайызынын (сенектик доорундагы токсон тогуз бүтүн жүздөн токсон тогуз пайызга канчалык жуук!) добушун бөктөрүп, Европада да, Америкада да, Азияда да кадыр-баркын төмөндөттү. Дегеним, демократиялык мамлекеттердин дээрлик баарында президент «бармак басты, көз кысты», бир беткей урааламай шартта эмес, кеңири маалымдуулуктун, узак да, тыкыр даярдыктын, атаандаштыктын кырдаалында шайланат. Айтса, шайлоонун жүрүшүн байкоого чакырылган чет өлкөлүк журналисттер муну илгиртпей байкап, басма сөз конференциясында А.Акаевден чыныгы демократиялык шайлоо качан өтөт деп сурашты. Тилекке каршы, бул суроону ойлоп чыкыйын ооруткандар өзүбүздүн арабызда, бөтөнчө, парламентибизде кем экен.

Парламент демекчи, тигинибиз жараткан закондо президенттин жалпы жана тике шайланышы гана таанылган, ал эми анын атаандаштык (альтернативдик) негизде шайланышы жөнүндө сөз жок. Мыйзамдын бир жеринде «Кыргыз Республикасынын президентинин кызматына талапкерлердин санына чек коюлбайт», – деп жазылганы менен, аталган жагдай шайлоо баракчасына коколой кандидатуранын, асырсе, ошобул закон кабылданган сессияда көрсөтүлгөн кандидатуранын аты кийирилсе деле жарай берерин юридикалык жактан алдын ала бекемдеди.

Анын үстүнө талапкерлерди көрсөтүү механизми татаал экени көңүлгө алынбай (туурасы – атайылап көңүлгө алынып), президент шайлоонун мөөнөтү чукул белгиленген. 31-августтан 12-октябрга дейре баш-аягы бир жарым айга жетпеген мерчем, анын ичинен талапкерлерди көрсө-

түүгө жарым ай, каттаганы менен кошо санаганда жыйырма күн бөлүнгөн. Ушундан келип, андан тышкары, закондун, законду киргизүү тартиби тууралуу Жогорку Кеңештин токтомунун жумурияттык гезиттерге 10-сентябрда жарыяланганын капарга алып, мыйзам сөрөйдүн аталышын өзүмчө «Кыргыз Республикасынын президенттигине жолдош А.Акаевден башканы шайлабоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын закону» деп тартынбай өзгөрттүм.

Деген менен Аскар Акаевичке ич тардыгым жоктугун кайталайм. Бирок, мен бизде закон алигиче тигил же бул жетекчиге ылайыкташтырылып кабыл алынганына каршымын.

Күнүмдүк кызыкчылыктан чыгып, саясий партияны жер бетинен жексендөө дагын өзүмдүн жаратылышыма коошпойт. Ооба, КПССтин жетекчилиги «быкы-чыкыны» колдогон. Анын Маскөөдөгү анабашыларынын айыбы сот тарабынан аныкталмагы али алдыда. Биздин катчылар, Кыргызстан КП БКнын бюросунун толук эмес курамы жогортон түшкөн буйрукка моюн сунуп, элге кайрылганы чын.

Айтмакчы, алиги каран калгыр Билдирүүнү ордумда отурсам, албетте, котормоктурмун. Жума күнү кечке маал айылчылап Көлгө кетип, ишембиде, жекшембиде күнкө күйүп тотугуп, дүйшөмбүдө Бишкекке кайтып, түштөн кийин жумушка башбаксам (ЦКда да мага окшоп иш убагында шек алдырбай куйрук шүйгөндөр бар эле ), эмгек шакардай кайнап атканы.

Ошо тапта Борбордук Комитеттин кызматкерлеринен шапкесин көккө ыргытып, ашкере сүйүнгөндөрдү учуратпадым. Арийне, баарынын купуя сырын окугандай пайгамбарчылык жайым жок. Кубангандар болсо болгондур. Негизинен маселенин төркүнүн түшүнбөгөндөн, жакшылыктуу маалымат укпагандан ортобузда ыргылжың маанай өкүм сүрдү. «Туура», «натура» деп талашып-тартышкандарды көрдүм.

Асыресе, ГКЧПнын үч күнүн изилдегенде дагы бир психологиялык жагдайды эсепке алуу зарыл. Аталган мөөнөттө Кыргызстанда кеңештик, өкмөттүк аппараттагы

коммунисттер менен партиялык аппараттагы коммунисттердин тирешүүсү соңку чегине жеткен. Ошол себептүү чоң борбордогу «төңкөрүш» биринчи тараптагыларды оголе чочутуп, экинчи тараптагылардын өчкөн үмүтүн жандырган өңдөнгөнсүдү. Бирок, «гыкычыпычылардын» тизмесинде бир дагы партиялык билермандын жоктугу, тескерисинче, анда союздук деңгээлдеги мамлекет, кеңеш, өкмөт башчыларынын саналганы, КПСС БКнын Баш катчысынын жазмышынын белгисиздиги, калыс баалаганда, биздин «Ак үйдүн» тепетең экиге бөлүнүшүн шарттамак эмес. Мен, маселен, анын алтынчы кабатында жүрүп, катчыларыбыз КПСС БКнын көрсөтмөсүнө ылайык ага, Маскөөгө мындагы абалды эки курдай кабарлап жибергенин кийин сыналгыдан, президенттин баянынан, акырында, пленумдан эшитмейин билбегем. Андыктан партаппарат ГКЧПга баш-оту менен көмөктөштү деген жоромолду четке кагам.

Баса, да бир ирет колдоо-колдобоо туурасында. А.Акаев өзүнүн алгачкы билдирүүсүн мындайча баштайт: «Бүгүн, 1991-жылы 19-августта СССРдин Президенти М.С.Горбачёвду кызматынан бошотуу жөнүндөгү Указ, ошондой эле, өлкөнүн айрым аймактарына өзгөчө абалды киргизүү жана СССРде өзгөчө абал боюнча мамлекеттик комитеттин түзүлгөндүгү жөнүндөгү советтик жетекчиликтин билдирүүсү жарыяланды». Анысы он тогузунчу августта үналгы менен сыналгыдан берилип, жыйырмасында жумурияттык гезиттерге басылганы маалым. Ошондой замандаш, «советтик жетекчиликтин кайрылуусу», эпадам, «путчисттердин кайрылуусу» дебейт.

Эми республикабыздын вице-президенти Г. Кузнецовдун телемаегинен чакталуу үзүм: «М.С. Горбачёвдун кетишинин фактысын жана өзгөчө комитеттин түзүлүшүн реалдуу маалымат катары кабыл алабыз. Коом реформалоонун кандай багытын тандап ала тургандыгы жөнүндө бир билдирүү боюнча баа берүү кыйын. Мен комитеттин алгачкы реалдуу кадамдары жагдайды өтө так баалоого мүмкүндүк берет деп ойлоймун». Вице-президент, демек, ГКЧПны «реалдуу маалымат катары» кабыл алат жана анын «алгачкы реалдуу кадамдарын» күтөт.

Калайык калк, партаппаратчылар ичинде, адегенде ажонун, анын жан-жөкөрлөрүнүн оозун тиктебегенде не кылмак?! Чоңдордун алешем ой корутундулары жумурияттын жарандарынын башын айланткaнга жардамдашканын жашыруу жарабас.

Береги мисал аркылуу Аскар Акаевичти күнөөгө жыккым жок. Президентибиз августтагы капсаланда дүңүнөн абдаарыбады. Арийне, ал тигил же бул майда-чүйдө жүйөөлөргө таянып, башкаларга сынтакпаганы жөн.

Кыргызстан Компартиясынын жоюлушу президенттин, Жогорку Кеңештин төрагасынын, ондогон-сандаган мурдагы партиялык кызматчылардын, Компартиянын түртмөлөөсүнүн натыйжасында мандатка илинген коммунист-депутаттардын түздөн-түз катышуусу менен жүзөгө ашты. Ушерде мени эмдигиче бир нерсе ынандырбайт. Лениндик партиянын тагдыры талкууланган сессияда кылымга чукул аракеттенген уюмубузду юстиция министрлигинен каттоодон өтпөптүр дешти. Буга, ириде, БКнын мүчөлөрү (демек, парламенттин көпчүлүгү), Акаев менен Шеримкулов андан бетер жооптуу эмес бекен?! Өздөрү жасоого милдеттүү жумушту жасалбаптырга төңкөө саясатчылардын кезектеги жалганыдыр.

Компартиянын келечегине катаал мамилесинен улам мен А.Акаевдин зыялычылыгынан (интеллигетность) шектенем. Анткеним, зыялы адам байкоостон кумурсканы тебелеп алса да кайгырат. Ал эми президентибиз жүздөгөн улуу-кичүүнү сыздатып – кызматсыз калтырып, айлыгынан мүчүтүп, коомдук турмушта укугун кемсинтүүгө беймарал даап-бакты.

Айтмакчы, жакында президенттин «Кыргыз туусу» жана «Слово Кыргызстана» гезиттеринин баш редакторлорунун суроолоруна жоопторун окудум. Анда Кыргызстан Компартиясы жөнүндө азыноолак аңгеме бар:

**Суроо:** – *...Алдыда боло турган президенттик шайлоолордо сизге альтернатива боло турган адамды көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу үчүн Компартия саясий аренадан атайын четтетилди деген сөздү мурдагы катардагы эмес партиялык лидерден уктум. Буга сиздин оюңуз кандай?*

**Жооп:** – *Бул ой жоруу, таптакыр негизи жок ырастоо деп чечкиндүү билдиремин. Мен чыгарган Указда Компартиянын ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндө бир дагы сөз, бир дагы белги берүү жок, анда бир гана талап коомдук уюмдар жана партия жөнүндө законду сактоо талабы айтылган. Тескерисинче, эгер ачык айта турган болсок, ушул татаал өткөөл мезгилде, атап айтканда, мен үчүн, ошондой эле башка мамлекеттик структуралар үчүн партиянын иштеп турушу жакшы болмок. Уюмдашкан саясий күч катары алар менен биргелешип иштөө мага оңой болмок. Ал эми анын лидерлеринин мында да, жер-жерлерде да иш жүзүндө оппозицияда болушу нормалдуу көрүнүш. Чындыгын айтканда, демократиялык коомдо дал ушундай болушу керек.*

*Компартиянын саясий аренадан кетүүсүнө баарынан мурда анын «жол башчылары» себеп болду, анткени, ошолор аны туюкка такады, жок болууга алып келди. («Кыргыз туусу», 9-октябрь, 1991-жыл).*

Сыйкы, А.Акаев мен эмне айтсам, журт ошого ишене берет деген пикирди карманат. Кат тааныган, сыналгыуналгынын кулагын бураган киши президент Компартиянын дарегине далай ачуу-таттуу сөздөрдү ыроологонун билишинен күмөнүм жок. Айрыкча, август окуяларынан кийин ажобуз партбелетти тапшырып (ыңгайына жараша КПСС менен коштошууга даяр экендигин мурдатан эле жашырбаган), Кыргызстан КП БКнын катчыларына кыргыйдай тийди. Эми минтип өзүн да, Жогорку Кеңешти да дарыядан кургак чыгарууга тырышыптыр.

Эгерде Акаев партия деп Аманбаевди, Аманбаев деп партияны түшүнсө, анда акыркы абзацтагы маани кандайдыр бир деңгээлде акталмак. Эгерде президент партия деп миңдеген-түмөндөгөн адамдарды элестетүүгө чарк-чамасы жетсе, анда тигил кептери арык аттап, суу кечпейт.

Чебердеп баамдаган окурманга кабарчылардын соболунда ишарат (намёк) камтылган. Андай күдүктөнүүлөрдөн президент кызматтан кол жуумайын кутулбас.

Мен, чынында, Кыргызстан Компартиясын тоталитардык режимдин тиреги катарында, топтолук, мазмуунун, багытын өзгөртпөй сактоонун зарылдыгын далилдөөдөн

алысмын. Арийне, анын болочогун чечүүнү мыйзам органына эмес, коммунисттердин ыктыярына калтыруу максатка ылайык эле. Бүгүнкү кырдаалда тигил же бул партиянын демократиялык принциптерди тутунбай жашашы кыйын. Түп-тамырынан жаңыланган Кыргызстан Компартиясы да коомдук өнүгүүнүн кан жолунан четте тура албак эмес.

...Ошентип, ГКЧПнын лөктөрү камалып, катчыларыбыз дагы түрмөгө тыгылат деген каңшаар тараган. Аппарат алдастап, өздөрү «отставка» сурашсын, эл караган бетибизди жер каратышты, ушул күндөрү эмне үчүн бир ооз кеңешип коюшкан жок дегендей күбүр-шыбыр күчөдү. Зордоп жолугушууга чакырылган жетекчилерибиз кызматкерлердин көңүлүн жубатарлык бирдеме дей алышпаганынан акыбалыбыздын татаалдыгына муюдук.

Пленум ишембиге белгиленген. Зоордон эмнегедир жумушка аягым тартпады. Анын үстүнө, жыйындын башталышы саат төрттө, андагы иш ордум дайын.

Көрсө, БКнын эшиги эртең менен жабылыптыр. Аппаратчылар жайбаракат чубалып, жыйналып атат дейт, бир оокумда Жумгалбек Бексултанович жөө келиптир. Катчылардын баары жүрөт дейт, топурап. Имараттын ичинде формачан, куралчан адамдар. Ошерден катчыларды бир жакка алып кетишиптир. ( Мага муну пашкеде, чай үстүндө балдар айтып берип атышпайбы!?) Аргабыз мукурап, сеникин көздөй жөнөдүк дейт. Барбаганың, балекетти көрбөгөнүң куп сонун.

Телефондошуп, пленум Борбордук Комитеттин кеңсесинде эмес, В.И. Лениндин музейинин залында өтөөрүн тактадык. Болжогон мөөнөттө жыйын ачылды. Адаттан тыш ачылды. Президиумду Кыргыз жумуриятынын мамлекеттик катчылары Турсунбек Чыңгышев менен Амангелди Муралиев жана «Правданын» Кыргызстандагы оз кабарчысы Юрий Разгуляев ээлешиптир. Жумгалбек Бексултановичке ошолор сөз ыйгарды. Самандай өңү саргайган биринчи катчыбыз кагазын окуп, узатылган суроолорго жооп кайтарды.

Анын айтымында, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине КПСС БКдан ГКЧПга колдоо көрсөтүү-

нү буйруган бир эмес, эки шифротелеграмма түшүптүр. Көрсөтмөгө байланыштуу Борбордук Комитеттин катчылыгы борборго Кыргызстандагы жагдайды баяндаган экиби-үчпү жооп телеграмма жолдогон, бюронун кайрылуусун андагы «Кыргызстан туусу» менен «Слово Кыргызстана» гезиттерине жарыялаткан.

Эсимде калганына караганда, Ж.Аманбаев андан ары ГКЧПны практикалык жактан жөлөп-таяганыбыз жок деп кесе билдирди, мындайча айтканда, аскер менен алака түзбөдүк, биз менен сүйлөшүүгө алар да умтулбады.

Маскөөгө эмне максат аркалап бардыңыз дегендей собол жаңырганда, Ж. Аманбаев жыйырманчы августта Союздук келишимге кол коюу боюнча делегациянын мүчөсү сыпатында он тогузунда ансыз деле учууга камынып олтурганын, аңгыча, пленумга чакырылып, чөнтөктө белен билеттен пайдаланганын, жумурияттын жетекчилигинин өкүлдөрүнүн, эл депутаттарынын бир тобун баш калаадан кезиктиргенин түшүндүргөн.

Не Жумгалбек Бексултанович, не Арзымат Жапарович бюронун билдирүүсүнүн эң акыркы сүйлөмүнүн артыкбаштыгына кайгырганын кепке кыстарды. Аны азыр да иренжибей тиктей албастырбыз: «Биз жумушчуларды, дыйкандарды, эмгек интеллигенциясын ушул кыйын кырдаалда граждандык тынчтыктын урматында биригүүгө, СССРдеги өзгөчө абал боюнча мамлекеттик комитеттин органдарына биздин коомубузду кризистен алып чыгуу боюнча анын өтө оор ишине колдон келишинче көмөк көрсөтүүгө чакырабыз».

Өткөн ишке салабат. Асыресе, ГКЧПнын идеяларына, иш-чараларына санаалаштар арабызда аралаш. Андайлар жеке эле коммунисттер эмес, башка партияда катталгандардын, дегеле партиядан тыш тиричилик кечиргендердин тобунан деле табылат. Андыктан үркөрдөй жаңылыш саптарга кадалып жабышпасак. Айтса, мен жумуриятыбыздын Жогорку Кеңеши Кыргызстан Компартиясынын ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндөгү токтомуна кандайдыр бир кайрадан кайрылышына ишеним арткандардандмын.

ГКЧП башталганда, баса, А.Сулайманкуловдун отпускеси ортологон кез. Аны Ысык-Көлдөн алдыртышкан.

Экинчи катчы пленумда бюронун документтерине катышы бардыгын таанып бады.

Ушу ченде билдирүү кандай кырдаалда кабылданганы тууралуу сурак ташталып, кайда, канча киши жыйналганына кызыккандар арбыгансыды. Ага катчылардын бири убакыттын тардыгынан бюро мүчөлөрү чогултулган эмес, текст ар кимиси менен жекече макулдашылган деп жооптошту.

Мен тигиндей тажрыйбадан кабардармын. Иш кагаздарды кыргызчалатууга жаңыдан киришкенимде нөөмөттөгү токтомдун номуруна улай «г» арибин жолуктурдум. Териштирсем, «голосованное постановление» тура. Аны «макулдашылган токтом» деп которуп, кыскартканда «м» тамгасын жазчымын.

Байкасак, катчыларыбыздын «туруктуусу» В.Артёмов, «жашыгы» Т.Айтбаев экен. Владимир Ивановичке залдан бирөө атырылды: – Неге бизге акылдашпадыңар?

– Силерди аядык, – деди жолдош Артёмов. – Минтип баарыңардын ордуңарга өзүбүз жооп берип жатабыз.

Таштемир Сыдыгалиевич эсе «чү» дегенден муңканып кирбеспи: – Борборго иттин баласындай берилгенибиз түбүбүзгө жетти.

Жолуң болгур, «жол башчылар», бириң кыйынсынбай, экинчиң ыйламсырабай, баягыда алды-артыңарды абайласаңар – жүзүбүз жарык жүрмөкпүз. Мен ушуга ардан ам.

Аманбай Жунусовичтин билдирүүгө кабылганы өзүнчө кызык. Атасы о дүйнө салып, айылына барган окшобойбу: – Ыраматылык атам коммунист эле. Бир жыл илгери балам аскерде өлдү, коммунист болчу. Ошондуктан, баштапкы партиялык уюм чечсе, коммунист бойдон калайын...

Булардын бакисин, орусчасын кыргызчага, кыргызчасын орусчага таржымалоо үчүн үн жазгычтын тасмасынан кайра-кайра тыңшап-тыңдагамын. Арийне, ага койбоду. Чукул арада имаратты бошоткулага өтүштү. Пленумда кезексиз, шашылыш курултайга даярдык көрүү боюнча уюштуруу комитети түзүлгөн. Анын төрагасы, Чүй обкомунун экинчи катчысы Жумабек Ибраимов жарытылуу эчтеме билбейт. Президент тарап кандай десе, ошону аткарууга көчкөн.

– Каалгаңарды жаап, ачкычыңарды таштагыла, – дешти милиционер жигиттер. – Буюм-тайымыңар, кагаздарыңар жай-жайында калсын! Тийбегиле!

– Менчиктеринчи?

– Тийбегиле дебедикпи, өзүңөрдүкүн атайын уруксаттан соң, далилдеп алып кетесиңер. Көрсөтмө ушундай!

– Аа-аа... Кечиргиле... Кайыр...

– Кайыр!

Буга дейре Борбордук Комитет буйрук берчү, бул ирет Борбордук Комитетке буйрук берүүгө батынышты.

* * *

Аргиз тумшугум менен жер сая мүдүрүлүп, достон да, душмандан да көңүлүм үч көчкөн журттай калганда бу оокат оңой баштанып, «китеп жазам, жазуучу болом» деп кошөрөм: – Балким, менден экинчи Айтматов чыгаар, мүмкүн, Габриэль Гарсиа Маркесчилеп «Жалгыздыктын жүз жылы» сындуу мыкты романды он сегиз айда шилтеп таштаармын.

«Жүгү эшекте, дымагы төөдө» деген ушул эмеспи. Асыресе, башын баштап, соңуна жетүүгө мойнум жар бербей «сүрсүткөн» бирдемелерим бар. Ара чолодо ошолорду кармалаган күндөмүн.

Бирок, мени партиям пир туткан идея, тиги идеянын келечеги, демек, өзүмдүн ишенимимдин келечеги түйшөлтпөй-ак койбойт. (КПССтин идеянын партиясы эмес, бийликтин партиясына айланганы башка маселе). Кээде түндө ойгоо жатып ойлоном, Компартия мага эле керек бекен, болгондо да анын атынан сый-урмат, сыймык, сыйлык алгандардан ашыкча керек бекен, анымдын тагдырына Михаил Горбачёвдон дагы күйүмдүү көрүнгүм келеби? Жок, албетте. Мында беттегенимден кайтпайм дегенчелик өжөрдөнүү деле жок. Тек, мени адамзатты бакытка алпаруунун социалисттик багыты көбүрөөк өзүнө тартат. Сыр түйүнү ушунда.

ГКЧП жеңилгенден кийин жазуучулар союзунун баштапкы партиялык уюмунун акыркы жыйналышына катышкам. Андайда ар түрдүү пикир айтылат турбайбы. Жазуучулар негизинен акылдуу калк. Бүгүн чыгармачыл

уюмду партиясыздаштырууну (департизация), Компартиянын катарынан чыгууну баатырдыкка теңөө жарабашын белгилешкен. Кумдай эшилген сөздүн арасынан Камбаралы Бобуловдун кеби, жосуну жадыма орноптур.

Ал киши өзүнө мүнөздүү өктөм үн менен Кыргызстан Коммунисттик партиясынын жетекчилигинен убагында куугунтук жегенин, иши текшерилгенин, орден, наам өңдүүлөрдөн алакчыланганын аңгемеледи. – Бирде, бюронун жыйынында Усубалиев менен урушуп кеттим,– деди жазуучу. – Дарт десе, балээ деп атам. Анан жаным кашайып чыгып баратсам, анын андагы жардамчысы Александр Иванов алдыман утурлап, «Ты, почему орешь на первого секретаря?» («Сен эмнеге биринчи катчыга катуу кыйкырасың?») – деп үрпөңдөйт. «Иди, во-он, отсюда..!» («Көзүмө көрүнбөй, жогол..!) дегенимди бир билем.

Андан бери далай суу акты. Иванов биздин арабызда иштеп жүрөт. Бирок, ошондогу кылыгы үчүн, мынакей өзү отурат, кечирим сурабады. Күттүм, сурабады. Эми минтип партиядан чыгууга озунуп арыз чийиптир. Мен болсо партияда калам! Бир өмүргө бир партия жетишет. Эл-журттун көзүнчө баягымды баягыдай кайталайм: – Иванов, иди, во-он, отсюда..! («Иванов, көзүмө көрүнбөй жогол..!»)

Бир өмүрдө бир партия жетишет. Жолдош Бобулов менин көкүрөгүмдөгү арзуу-тилекти жарыялагансыйт.

Ырас, биз Компартия менен коштошобуз. Мында эки ача пикирге орун жок. Унитардык мамлекетти, буйрукчул-акимдик башкарууну колдогон жана көксөгөн Компартия менен коштошобуз. Түбөлүккө коштошобуз. Деген менен өзүбүздү өзүбүз танбайбыз. Жаманыбызды тарыхтын кербен жолунан алыс ыргытып, жакшыбызды жандандыруу аракетибизге жараша.

Валентин Распутиндин «Матёра менен коштошуу» аттуу повести бар. Анда Матёра аттуу айыл кантип суу сактагычтын түбүндө калганы адам жашыгыдай даражада сүрөттөлөт. Же Габриэль Маркестин жогоруда аталган көркөм дөөлөтүндөгү шамал учуруп, жер бетинен жоголгон Макондо кыштагынын мисалын эстейли. Менимче, мурдагы Компартия да Матёра, Макондо сыяктуу күнү бүтүп,

чөгүп кетти. Бул жалганда бардык нерсенин башталышы, өнүгүшү, аягы болмогу. Ошол себептен муну мыйзам ченемдүү көрүнүштөй баалаганыбыз түзүк.

Компартиянын жашоосу үзүлдү, бирок, коммунисттердин турмушу уланууда. Түбөлүк талаш күчүндө. Грэм Гриндин эки каарманы – католик Кихот менен коммунист Санчо, бири чиркөөдөн безип, экинчиси шаардын мэрлигине шайлоодон өтпөй, Эль-Тобосону Кудайга таштап, Дульсинеяны Эль-Тобосого таштап, Испанияны кыдырганча кимибиздин динибиздин кызматы канчалык дегенди санаалаш достордой талкуулоодон дагы эле тажабайт. Ушубул романды улам кайталап окуп, ой жүгүртүүм англиялык таанымал жазуучунун ой жүгүртүүсүнө жууктугунан кадыресе каниет алганым өзүнчө. Береги чыгарманын качандыр бир кыргызчага да которулмагы бардыр.

Баса, Грэм Грин жаш чагында Великобритания Коммунисттик партиясына кирип, аңысынын азабынан Америка Кошмо Штаттарына баралбай, аңдууга тушукканын макалаларында баяндайт. Учурда Эрнест Хемингуэйдин «коммунисттигинен» шектенген өлкөдөн демократиянын алиппесин үйрөнүүгө куштарбыз. Эгерде мухиттин ары жагында акыйкаттык ушунчалык «гүлдөгөнүнө» ынангыңыз келсе, Джеймс Болдуиндин «Американын уулунун жазгандары» деген даректүү китебин окуңуз?!

Америкадагы жашоо ыңгайы биздикинен кескин айырмаланаарын түпкүрүмдө түшүнөм. Канткен менен бирөөнү белимчидей туурап, соңунан сокурдай ээрчүүгө макул эмесмин. Ар бир мамлекет, ар бир улут кайталангыс касиетке ээгедер. Менин терең ишенимимде, болочокто дүйнө жалгыз буржуазиялык же жалгыз сионисттик идеологиянын торуна түшпөөгө тийиш. Бир түрдүүлүк – бир беткейлик. Көп түрдүүлүк гана толук кандуу өнүгүүгө өбөлгө. Ушул жагдай деле коммунисттик, социалисттик же дагы бөлөк идеяларды карманган саясий күчтөрдүн зарылдыгын каңкуулап турбасын?!

Жоюлган партиянын жоюлбаган мүчөсү ушинетип «партиялык адабият» жаратуунун үстүндөмүн. Партбелетимди тиктегенимде Ыраакы Чыгыштын ызгаарын кошо туям. Анткени, партияга ошерде, аскерде өткөмүн.

Күнү-түнү зылдай кара жумуш, чоңу кичинесин, алдуусу алсызын, көбү азын токмоктомой, шылдыңдамай, казармадагы баш аламандыктан жүдөгөн уландар, качып-житкендер андан көп, өлүп-неткендер мындан көп. Кыскасы, кишинин айбанга айланмагы бирпаста. Кыйын-кыстоодо мени КПССке өтөм, адам сабына кошулам деген акжаркын жигер жылыткан. Ошонусуна миң мертебе шүгүр.

Андан тереңге сүңгүсөм, мадыра баш чагыма кезигем. Дарбазабыздын алдына чейин тамеки, беде, жүгөрү айдалат, дарыя бойлой саздакка шалы – айтылуу Өзгөн күрүчү өстүрүлөт. Бригадир – сүрдүү, корукчу – чаарбаш. Чарбанын энчисин бүлүндүргөндөн саксактап, көөмүш уюбузду саарлап же кечинде, салкында жетелеп откором. Эриккенде «Кыргызстан пионеринин» (азыркы «Жеткинчек») фирмалык бланкасына (агезде анын аталышын билмек кайда?) машинке менен басылган эки-үч сүйлөмгө адеп көз жүгүртүп, компоюп коём: *«Кымбаттуу А.Пазылов! Сенин ырларыңдын көркөмдүгү начардыгына байланыштуу газетага пайдалана албадык. Саламым менен Т.Кожомбердиев.»* Анан төш чөнтөгүмдөн экинчи баракты суурул, жаңыдан токуган саптарымды оозундагы чөбүн чайнап-чайнабай, шилекейин агыза аңырайган мүйүздүү макулукка обон созо окуп кирем...

Азыр менде убакыт жагы дурус. Эң башкысы, жайбаракат ойлонууга чамам келет. Ошондон өткөн-кеткен өмүрүмдү эрмектеп отурбаймынбы. Асыресе, ойлонуу дегениңиз да мээ чарчаткан кызылдай мээнет. Бирок, кулагы толгонгон роботтой керелден кечке бирөөнүн буйругун аткарып, тызылдап чуркагандан кыйла өйдө.

Борбордук Комитеттин аппаратында барактаган китептеримди кайрадан ачып, учурунда алардын маани-маңызын үзүл-кесил түшүнгөнүмө таңданам. Ишке баратып же иштен келатып саябандуу бакта дүйнөбейкапар сейилдеген адамдарга чын ниеттен суктанчумун. Жазда боройлогон жамгырдын дабышын кымырынып, жыргап эшитмек, кышта ак кар жамынган учу-кыйырсыз талаага ырахаттана үн-сөзсүз тигилмек унутулган шекилдүү.

Дегеним аппаратчынын тагдыры жеңил эмес. Ага сырттан акаарат багыштоо – жемелөө оор эмес.

Мына минтип «Кыргыз руху» сыясын кургатпай сандан санга жарыялап аткан эссе-эскерүүмдү аныктап-тактап, редакция кетирген каталарга кабыргам кайышып, көбүнесе, өзүмдүн кемчиликтеримди байкагандан бармагымды кырча тиштөөдөмүн. Буерде мен эч кимди себепсиз таарынтпоого тырыштым, кимдир-бирөөнүн жеке мага оозанган сырын анын беделин төмөндөтүүгө пайдаланганым жок. Билген-көргөнүмдү төкпөй-чачпай баяндоого далаалатым күчтүү. Антсе да оюм кагазга чыпчыргасы коробой, өксүбөй да, бөксөрбөй, түшпөгөндүр.

Узак сапарда «сары өтүгүм таманынан айрылып», намыс үчүн мара көздөй элдир-селдир жылып келатам. Кебимдин артын кайрып, тамамдоого улай үстүбүздөгү замандын, замандаш инсандын башынан өткөргөндөрүн, кубаныч-өкүнүчүн, кайгы-касыретин, сар-санаасын улуттук көркөм адабиятыбызда Михаил Шолохов эки доордун тогошуусунун таржымалын бедерлегендей деңгээлде чагылтып көрсөтчү азаматтардан күдөр үзбөөрүмдү ашкере кабарлайм. Бизде изденген жаш калемгерлер арбын. Үмүтүм ошолордо.

Дагы. Ушуреки азганакай чыгармам Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин аппаратында чогуу иштеген жолдошторума арналат.

*1991-ж.*

# КАЙРАН АТАМ

*(Эссе)*

«Айтсам сөзүм далай бар,
Менин атам Элеман,
Эпсиз журттан бай экен».

**«Эр Төштүк» эпосунан**

Атам Сатыбалды айтат (баса, бүлөдөгү адат боюнча чоң атамды «ата», өз атамды «ава» дейм), авам Эркебай менен апам Сатимбүнүн балдары кыйлага дейре токтобоптур деп айтат. Бирак, жакшылап суранса, ата (айтмакчы, кээде чоң атам да мени эркелетип «ата» дейт), Жараткан пендесинин тилегин сөзсүз орундатат. Ошентип, күндөрдүн бир күнүндө Эркебай уул көрүптүр. Ошондо айылыбызга, айылыбыз эсе азыркы Шоро-Башаттан бир аз окчунураак, Чоң-Дөбөдө, аса таяк, буурул сакалчан Кызыр (Кыдыр) бастырып келип, буйруган экен: – Наристени ырымдап, сатып алгыла!

Бечара ата-энем кызыл эт ымыркайын бели мекчейген коколой кемпирге тапшырып, анан этегине таш, кесек терип толтуруп, жанагы байбиченин акысын төлөгөнсүп, шарыятын түздөп, бөпөсүн кайрадан «сатып алып», сабыркайт. Андыктан атым – Сатыбалды.

Андан эки жыл өтүп-өтпөй Эркебай экинчи чүрпөсүнүн жүзүнөн сүйөт. Баягы Кызырдын «мунусу деле токтоор» дегенчелик олуялыгына ылайык уулуна Токтор ысымын ыйгарыптыр.

Жана убакыт шаштырып, Эркебайдын кепесинде үчүнчү уулдун киндиги кесилет. Кызыр үчүнчү сапар үн катат: – Теңирим назар ыроолоду, Назар атагыла! Кийин Улук, Кылым карындаштарым удаа төрөлгөн.

Эми мындан аркысын көкүрөгүңө түй, ата?! Назар чоң аваң уруштан кайтпады. Сталинграддан жөнөткөн катында

оң колумда – нан, сол колумда – мылтык деп жазган. Ошол бойдон дайыны жок. Үйлөнгөнгө үлгүргөн эмес.

Ал эми Токтор чоң аваң Эркебай чоң атаңды кулакка тартканда барымтага – кары кишинин ордуна Кызыл-Кыянын түрмөсүнө камалат. Абагын зорго өтөп, Оштун жаны Мадыда жол курулушунда мажбур иштеп, ачкачылыктын айынан жайраган. Артында тукуму калбады...

Атам – бежиреп сүйлөбөгөн ичимтап абышка. Арийне, баяны кандайдыр угуттуу, салмактуу. Анын санжырасында уругубуздун учугу азыркы Тажик мамлекетинин аймагындагы Испара, Чаркү шаарларынан чубалат. Оозеки уламаларыбызда бабаларыбыздын турак-жайы сыпатында Өзбекстандагы Султан-Абад кыштагы эскерилет. Атамдын чоң атасы Мисир Кокон хандыгынын аскеринде он башы кызматында жүрүптүр. Дал ошобу куралчан Мисир кайсы бир кагылыштан үркөндөн, кыязы, үркөрдөй тобун ээрчитип, Өзгөнгө сүрүлөт. Жер тырмап, дыйканчылыкка урунат.

Бирде атам, мечитте чалдардан уктум, «Сынган кылыч» деген китеп чыгыптыр, ошону издейличи, – деди. Учурда элетте оболкудай мектеп окуучуларына дастан окутуп, кумарлануу сейрек. Ал эми атам менен энем Сабыркан сабатсыздыгы ныпым жоюлбаган тейден жашады. Экөөнүн мисалынан улам «СССРдин калкы толук сабаттуу» дегендей агездеги расмий маалыматка ишенкиребейт элем. Мусулмандарым, жадегенде автобекеттеги катар-катар автобустардын маңдайындагы тамгаларды таанысбай, көрүнгөндүн көмөгүнө муктаж.

Арада аларым адеп романга куштарланат. Айрыкча Мусулманкул аталыктын бейнеси жүрөк үшүтөт. «...Ал көгала сакал баскан эриндерин ачып, алсыз дем алгансып, акыркы кубатын үрөгөнсүдү,– деп улантам тамагым батташып. – Ордунан канаты сынган бүркүт сыяктуу бир обдулду:

– Кыпчак! Барсыңбы?

Үнү титиреп чыкты. Эл былк этпеди.

– Бармын, ата!

Тымтырстык тарс жарылды. Эл дүр эте жооп үн чыккан жакка ыкты. Ким? Кайда? Эл дуу, күү оодарылды.

Мусулманкул чыйрала түштү:

– Кет! Тоо таянып кет! Уктуңбу? – деп кыйкырды ал.

– Уктум, ата! Уктум!.. – деп жооп кайтарды баланын калтыраган үнү».

– Төлөгөнүң, Касымбекүп, куду бизди сүрөттөптүр, – дейт атам ушуга байланыштуу. – Өтмүштү казып үйрөнгөн азамат өңдөнөт.

Атамдын кобураганы, менин аңдаганыма караганда, алиги сарт-кыргыз сабашында Мисир чоң атамдар буктурмага кабылат. Дүпүйгөн оголе жоон бак дейт. Ар бир шагында – бирден мерген. Мээлегенин жыгат. Алымкул колбашчы (айрым чакта Алымбекке деле опоңой айланат) ачууланып, «эл кырылды, бачагар» – деп кыйкырып, алдына туура жетеленген аттын ээрине тике туруп, дарактын кыл чокусундагы эң кыйын көсөмүн ыргыта атат. Ылдыйкылары, тобоо, ага көгөндөлүп чиркелгендей, заматта «күп-күп» этип күбүлүп түшөт.

Берегидей жарымы төгүн, жарымы чын апсаналарыбызды тарыхый даректерге салыштырып, тайпабыздын он тогузунчу кылым аралыгында Фергана чөлкөмүндө агылган окто-текте жараянга, ириде, куугун-сүргүндөргө куп аралашканын айныксыз баамдайм. Анүстүнө атамдын, атамдан улуу Балтабай, Мурзабдилла аксакалдардын жапырактан качып-тозгон үч-төрт түтүн басыз, үч-төрт түтүн торайгыр кыпчак, Куранга тили жатык дамбылдасы үзөңгүлөш, мындан болжолу жүз-жүз элүү жыл илгери Жазы дарыясынын жээгиндеги жыш камыш токойду (камышы суюлганы менен токой даңазасы азыр да сакталуу) өздөштүрүп, тиричилик кечиргени жагдайында арапа, шектикте, башкача айтканда, орозонун баш-аягында үймө-үй кыдырып, тамак жегенибизде узун сабак аңгемелегендери үзүл-кесил жадымда. Жарыктыктардын беш манжасын чүрүштүрүп, аштан ашап, ашыкпай-нетпей ысык памил чай ууртап, ээк кага, сүкүт сала, карпандап, салабаттуу баарлашканы «Ата-жотоңор ушинетип тирүүсүндө бир дөңдө доор сүрүп, өлгөндө бир чуңкурга көмүлөт, болочокто силер, кагылайын урпактарыбыз, салтыбызды бекем кармагыла, ынтымактуу өскүлө» дегенчелик ишараты сыяктуу.

Демейде атам «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан» жомокторун тыңдагандан дегеле тажабайт. Кыргыз

кыпчактын баатыры Эр Курманбектин жазмышынан денебизде деми эгерим суубаган өжөр рухубузду, чексиз арманыбызды туйгандайбыз. Эпостун окуялары коробуздагы реалдуу жашообузду каңкуулап, өзгөрүлмө маанайыбызга жуурулушуп жаңыргансыйт. Анткени, авам Пазыл Сатыбалдынын жалгыз медери, ата-бала мамилесин, албетте, майда-чүйдө ыйкы-тыйкылык иритпей койбойт:

*Атым баспай калганда,*
*Ат которуп бергиле.*
*Кечиктирбей жаңылап,*
*Бат которуп бергиле.*
*Аталашым жок, чиркин,*
*Жалгыздыкты билгиле...*

– Кубарыңдын оозунурайын Тейиткан, – дейт атам кыңкая жамбаштаган жайынан козголуп, калпагынын ичиндеги тер сиңген такыясын сууруп, оңдоп, кагып, төбөсүнө ныгыра кийип, – кулунунан мал аяган куурагырдын сакалы неге өрттөнбөйт!?

Айтса, «Курманбекти» өзгөндүк акындар өзүнчө ырдайт. Атам, авам чала-чарпыт жаттаган шиңгил саптарда бөтөнчөлүк байкалаарлык:

*Ашып келдим Анжирдин даванидан, ов-ов,*
*Сары өтүгүм жыртылды таманыдан, ов-ов,*
*Колго түштүм атымдын жаманыдан, ов-ов.*

*Курманбайың алганы эжеси экен, ов-ов,*
*Эжеси өлүп, алганы балдызы экен, ов-ов,*
*Курманбайың атадан жангыз экен, ов-ов...*

Олжобай, Кишимжандын сүйүүсүн дагын жердештерим бирде жамактап, бирде жорголотуп саймедирегендерине күбөмүн. Эки ашыктан энем менен атам менчик тагдырына анча-мынча үндөштүк, көңүл жубатар жооп тапкан түрдөнөт. Себебин эсейген кезимде энем жандырган:

– Жаңы келинмин. Кудалап кошулган жарымдын маанисиздигинен маанайым пас. Бешенеме чийилгенденби же ашкере арзыганымданбы, ай караңгы түндөгү оюн-шооктон жигит пири Шаймерденди учураттым. Учкай пикир

алмашып, жактырыштык. Ажырашып, кайра жолугабыз, жолугушуп, кайра ажырайбыз. Пейилимди абысын женем сезгендей кашымдан карыш жылбайт. Ага-буга алаксытат. Ортодо болжошкон мөөнөт чукулдады. Атаң далдоого бекинип, аргымагын туйлатат. Мен жүткүнүп жулкунсам, женем чапаныма чап жабышып, бошотпойт. «Женетайым, бошот, жарыбас кайниндин жаатын талашып, багымды байлаба?» – деп буркурайм. Жашымды аарчып, күчүмдү жыйнап, мисирейип, чапанымды шарт сыйрып, жалаңкат оромолум жылбышып желкемде, кең арыктан түпкүчтөй түйүлүп секирип, анжиян ээрге эрмештим.

– Ардай менен Мөнөктү, чабыштырган Паризат окшойсуз?

– Олжобай жээн, Кишимжан сулуу, чырагым. – Энем күлө багат. – Кан карабагыш тегиз арданды, бияктан атаң тарап камынып. Күүлөнүп толкуп, лекин, араздашпай элдешкенбиз.

Эски географиялык карталарда Кыргыз, Өзбек жумуриятгарынын чегинде «Карабагыш» аттуу нокоттой чекит белгиленген. Маале кечээ жакында, Кемпир-Абад суу сактагычынын тосмолонушунун капшабында Кан-Абадга жутулду. Тургундарынын олуттуу бөлүгү, менимче, Өзгөн районуна көчүрүлдү. Атам колхоздоштуруу өнөктүгүндө «коомго жат элемент» иретинде кодуланып, кайын журту – аталган Карабагышка бир нече жыл корголойт.

– Чөлдүн аптабынан, пахтанын бел чечпеген жумушунан катуу кеселдедим,– дечү атам. – Келдем жаздыкта, келмем оозумда. Мукураганымда о дүйнөгө туулган туурумдан тоголонууну чечтим.

Анда энем:

– Саарлап улук-кичик топтолуп, күйөө бала, туугандан артык элең, сага каалары биз жалаң жакшылык деп нөөмөттөшүп, дартманды сыга кучактап, кайырлашкан.

Анда атам:

– Арабада суналган ыргайдай сүлдөрүмө багып, үкөлөрүмдүн үрөйү учту, «пай-пайлап» алдастады. Жонуна миңгизип алпарып, төргө, төшөккө аста-секин кымтылап-чулгашты. Негедир амандашып-амандашпай, эмшендеп, сагыныч таркатышпай, тобулгу жыгачтан келтек жасаттым. Таякка тырмышып өбөктөп, «бысмылдамды» былдырап,

аңырая жардаган жамагаттын жаалаган сүрөөнүнүн астында өйдө ынтылып, өөлай-алдейдей калтырап-титиреп, кадам шилтедим. Шүгүрчүлүк, ыйык конушубуздун касиеттүү абасынан дарыланып, жетимиш-сексен курагымаче оорул очорулбай, мүргүп кулабай келатам.

Жазы өзөнүнүн өйүз-бүйүзүнө эмне сепсең бышат. Дарбыз-коонубуздун асел даамына жез таңдай Парпи (Барпы) төкмө тамшанган, аны жууктан эшиткемин дечү атам. Суубуз тээ-тээтиги Кара-Шородон каймактап, Теңир-Тоонун түштүк кыркаларындагы алиге чала изилденген кен катмарларынын, асыресе, алтындын кумун чайкап шылдырайт. Андыктан күрүчүнүн сапаты артык.

Күрүч демекчи, күрүч өндүрүшүндө колдонулган кебибиздин кору итабар. Маселен, «шалы» дейбиз, аныбыз күрүчтүн тазаланбаган кабыктуу даны, шалыпая-пал (ылай, топурактан тосмо) менен курчалып, шалы айдалган биртике аянт, шалызар-шалы айдалган ойдуң, талаа.

Акжубаз – шалы актаган (тарттырган) тегирмен, шалча-шалы жайып, кургатканга ылайыкталган чарчы таар, жиптен согулат. Камыштан токулганы бойро, бойродон шалы төккөнгө туюк кампа идиш – бардан оролот.

Шалыпаянын отоо чөптөрү – кыяк, кылал, күрмөк. «Күрүчтүн шылтоосу менен күрмөк суу ичеттин» тамыры ушундан. Күрүч төмөнкүдөй бөлүнөт: күрүч, калте (кыска) күрүч, акшак, сырмак. Күрүчтүн палоосу, шөөласи, калте күрүчтүн кордосу, маставасы, акшак, сырмактын бозосу мазе.

Ашар, алгоолошконубузда абаныбыз алдакайдан сызылат:

*Токойдогу күрмөктүү шалы,*
*Аны отошот жаштардын баары.*
..........................................
*Купайкемин жакасы,*
*Батиңкемин такасы.*
*Шоро-Башаттын балдары,*
*Шалыпаянын бакасы.*

«Сексен күндө – сабакта, токсон күндө – табакта» – дейт атам мол түшүмдөн түңүлбөй. «Сатыбалдынын шалысынын коолап-чайлаганына баракелде!» – дешет жолоочулар.

Ата-энемдин кадырын адаттагыдай ыраактаганда түшүндүм. Университетте, филология факультетинде доценттер «заңгар» деген сөз архаикалык (көөнө) сөз деп бекемдейт, атам «архаиканы» жемелеп-тилдегенде абыдан пайдаланат дейм тымызын, профессорлор байыркы кыргыздардын «бою узун, көзү көк» деп ынандырат, атам түспөл белем дейм купуя. Дарсты элебей, эриксиз кыялга малынам:

*«Жаз келсе, уулум,*
*Бардандагы шалыны,*
*Актап туруп сатам да,*
*Пулун белге түйгөндөн соң,*
*Ондойм үстү-башыңды,*
*Алып берем аягыңа патиңке» –*
*Деп атамдын айтканы,*
*Алиги эсимде.*

«Жаштык дептеримдеги» поэтикалык түрмөктөрдөн куралган жыйнагымды (миң тогуз жүз сексен бешинчи жыл) атам илгиртпей инилериме окутат. Окутат да, «чакырткыла,– дептир олуттуу,– уулум оякта куса».

*Ооба, анда жаз келген,*
*Атам сөзүн орундап,*
*Жаңы кийим, ботинка да апкелген...*

Жаншерик сырларымды, оомал-төкмөл, кирсиз маанайымды жөпжөнөкөй карыянын жетик таразалаганы керемет. Мындан кымбат, мындан март, мындан «профессионал» бааны ким бычат?

*Билем дагы андай жаздар аз келбейт,*
*Бир гана арман ал кийимдер саз келбейт.*
*Билем дагы андай жаздар кем келбейт,*
*Бир гана арман ошол жазга тең келбейт.*

Балалыкка кылчайган сайын ысымымды бал ачтыргандай Курандан ачтырган, балакатка баргыча колтугума дубалап тумар тактырган, төбөмдөгү орүм нияз кокүлүмдү сообуна кой союп, буудай ундан нан жаап, пайгамбарлар сыйынган Сулайман-Toocунда атайылап шайык-

сахабаларга кырктырган, дасторкондо, той-топурдан беш-бетер, устуканын узатып, каадалантып ээрчиткен, как-пай-силкпей телчиткен атамды алкайм. Эгерде ал киши тун небересине мынчалык мээр-мухабатын багыштабаса, анда дилимдеги зиректигим кайдан, калем ойдолотуп, өлөң чүргөгөн өнөрүм кайдан?

Кежирмин да, бир курдай чоңдорду көргө кыстагандай кыстадым:

– Жети атамды үйрөткүлө?

Атам мукактанды:

– Дабдырап, кызыгып-нетпей... Көчмөнчүлүк, каргаша, уруш-чабыш...

– Жети атасын жаттабагандар – кул деп атышпайбы гезиттерде.

– Ыйлактаба кичине нерсеге, – дейт авам киришип. – Сен менден башта: Пазыл – бир, Сатыбалды – эки, Сатыбалдынын атасы – Эркебай, үч, Эркебайдын атасы – Мисир, төрт, Мисирдин атасы – Ысмайыл, беш, Ысмайылдын атасы– Кыдырали же Сүдүрали, экөө бир тууган, алты, Кыдыралинин атасы - Токтомат, жети.

– Токтомат менен Кыдыралинин арасында бир нече аталарыбыз саналчу. – Атам ыргылжың. - Токтомат акбаш – түпкү бабабыз. Ошондуктан дегенсип көрсөтмөгө куудай чачын сыйпалайт.

Эр жеткенде ичкилик кыргыздарда жетинин ордуна төрт ата түгөлдөнмөгүн бышыктаган иликтөөлөрдү окудум. Кадимкилерин «буваларыбызга» төңкөп, унутуу уяткарылбагандай. Кайран атам эрежебизден кабарсыз таризденет.

Шоро-Башаттын табышмагын болсо жакында жандырдык. Көрсө, тоо таянган Мисирлер отурукташчу Чоң-Дөбө биздин заманга чейинки сепил, соода борборунун урандысы – төрткүлү экен. Атактуу Заднепровскийдин шарапатынан Кытай илиминдеги Ю капкасы, Совет археологиясында «Шурабашатское городище» атыкты. Көктөмдө, соколонуп коңторулган шүдүгөрдөн карапанын кызыл, жашыл, сары түстөгү калдык-сыныктарын жыйнап жыргаганыбызда, мадырабаштар алмустакка сүңгүгөнүбүздөн асти шектенбептирбиз. Ош–3000 мааракесинин астанасында Юрий Владимировичке оштук журналисттердин «Ми-

сир» сыйлыгын тартуулап, Шоро-Башаттын кулунулугумду актагандай, кыяматтык парызымдан кутулгандай эрдемсидим.

Ырас, Мисирдин «чалдыбардагы» тирдиги дароо ирденбейт. Адегенде камыштан аманат түптөлгөн алачыгы шамалдын учкунунан алоолонуп, жалбырттаган от-жалындан мүлк-орозгерин калкалоого далбастаган кембагалдын кийимине, каш-кабагына ийрелендеп илешиптир. Сакоолугуна (кекечтигине) күйүктүгү кошулга ташыл чоң атабыз өзөктөн кемсинип, өзгөдөн келекеленген имиш.

Атамдын асиретинде ызалуу Мисир антип-минтип абройлуу аламан байгеге Ордодон арттырган Карагерин чаптырат. Жарыштын жарыяланмагы Султан-Абадда, марасы Жылалдыда. Жүрүшү – отуз-кырк чакырым мейкиндик, чамамда. Шарт боюнча коргонго алдын ала тизилген айбанбоздор кезекме-кезек чубатылат. Карагердин эң акырында, озунган тулпарлар Таш-Акурда таскактаганда (мерчеми – он, он беш чакырым) бошотулганы сырдуу башкатырма.

Аржагы так эле аңыз, уламыштагыдай. Кантсе да намыска жарак жаныбар «бугудай мойну созулуп, булчуң эти үзүлүп, араандай оозу ачылып, ак көбүгү чачылып» жүгүрүптүр. Чабандестин «карабагыштап» ураан чакырганы, Жылалдыда зарыгып акыйган күйөрмандар жашалап, кызуу кандуулары копчүлүктөн суурулуп, бурандаган бууданды тизгинден сүйрөп жулунуп, камчыланып темингени кыстарылат икаяга. Камбар-Ата жалында шукшурулган бокмурун карабагыш уруусунанбы же карабагыштардын уюгунда апчейин кууланганбы, албетте, Султан-Абадда сурданган саяпкердин масилетине жараша, айтор, чечүүчү ченемде гана «кыпчактап» айгайлайт.

– Акыбетинде төгөрөктү чарк имерген жакшылар Мисир күйүктүн жанкечти айла-амалына муюп, кеңешип-таңашып, соорунун ажыратты, – дейт атам. – Ошол күндөн ушул күн тайкупап таптасак мөөрөй канжыгабызда. Акстай, дубандан дубанга дуулаган алиги Карагери жардан аңга кулап, кашайчу кезеңде чоң атаң Мисир «Кара атым эмес, канатым» деп боздоптур, ата.

Шоро-Башаттын алтымышынчы жылдардагы палваны Абдыракман эңишке-оодарышка, улак тартышка – көк-

бөрүгө көбүнесе атам таң ашырып, сууткан Жээрде атты, Кашка атты минет. Чоторубуз – олжобуз таңдан кечке таламайда тарткыланып, былчылдата тебеленген торпоктун тиштем эти. Кайнатсаң канттай таттуу. Ата-бала учкашып, тамашадан тарамай. Жолдугата Солтобай уулу Олжобай шердин дулдулунда термелгендей термелип, дымактуу шатырайбыз. Атарап ажайып, аалам гүлистан.

*Күлдү, күлдү, күлдү ат,*
*Күлдүбадам кызыл ат,*
*Жал-куйругу узун ат.*
*Менин атым болсо деп,*
*Көп адамдар кызыгат.*

Пендезат жүйөөсүз не кыңылдап, не шаңкылдап таңшыбайт. Кээде маңдайың жарылат, кээде ичегиң сыдырылат. Бирде өрдөп өрөпкүйсүң, бирде өрмөлөп оксүйсүң. Ушундай-ушундайда кирген өзөндөй күңгүрөнүп, эрмектеген эски обонум көмөкөйүмдө:

*Булбулдун тили– эки ача,*
*Муңдуунун доошу башкача.*
*Кукуктун тили– эки ача,*
*Күйгөндүн доошу башкача.*

Тегиңден бала болуп, башыма түк чыккандан эле «Ак Мактымдын» («Жаз жайлооң айта кет, аке, ана, жазында барсам табайын, аке?»), «Жалайыр (Жалайыл) жалгыздын» («Күйөөнүп бизде коопу бар, ана, сол козуңдо оөнү бар») чулу дилде сыңары саптарын делдең кулагыма куйбагандырмын, желдең көөдөнүмө төндүрбөгөндүрмүн. Сатыбалды менен Пазыл кайдан-жайдандыр казактын «Кыз-Жибегин» («Өзүм кичик баламын, оттой кабылан жанамын, сени менен урушсам, Кудайыма барамын») бадыратат. Калмак менен кагышкан, тажик менен чалышкан чатыш окуяларыбыз аралаш камтылгансыган «Эр Шамамат» казалымды эмдигиче илимпоз адабиятчылардан сурамжылап, издеп келем – Эр Шамамат эрбисиң, энди «тооба» дербисиң?.. Ал эми Кулжыгач байдын эркеси Кишимжандын Олжобай ашыкка оозанганы түздөн-түз мага

оозанган кайрыктай ариетимди козгойт, каңырыгымды түтөтөт:

*Балыкчы, Кува жериң бар, Олжом,*
*Ана, көлдөгөн кыпчак элиң бар, Олжом.*

Анжыян облусунун Балыкчы түмөнүнө (район), Фергана облусунун Кува калаасына, танапташ өлкөнүн учу-кыйырсыз түздүктөрүнө сол, ичкилик кыргыздардын итабар тукуму таруунун үрөнүндөй чачыраган. Аердеги боордош калктын дүң эсеби басымдуу, маданияты, салт-санаасы өтүмдүү, ширин тили тектеш. Арийне, айрым улуттаптарыбыздын «өзбек тартипке» көчкөнүн өөндөп, каракүчкө өпкөлөөдөн каласмын. Ар кимдин келдеси ийининде, ыктыяры озүндө.

Кенедейинден чөлдүктөрдүн чөлкөмүндө керней, чилдирман, дутар аспаптарынын мукам үнүнө каныгып, шайы-атлес көйнөгүн барпырата, баш бармак, ортон оймогун карсылдатып бийлеген кыз-кыркындардын өнөрүнө куштар чоңойгонуң кулк-мүнөзүңдү, жалпы жаратылышыңды айда аныктайт белемдир. Ий-е, курама темирлигибиз өтүрүкпү? Чоң чоң энелерибиз – Сатыбалдынын апасы Сатимбү байбиче, мисалы, маңгыт уругунан. Кара боёк бейкасам чапан, калемпир сүрөт чаар допу маңгыттын токсон тогуз пайызы топон суудан беркакка токсон боолуу өзбектин тутумунда. Казак баурлардын макалындагыдай, «Куда миң жылдык». «Дос айрылат, соок кайрылат». Мустакылдыкта (эгемендик) улутчулдуктун уусуна уукпай, утурумдукту качырбай, абалкы алака-салаканы, ысык ымаланы, ыймандуу ыркты асыроо аракетиндеги астейдил данакерлердин атасына ыракмат!

Сатыбалды-Сабыркан дейм, тогуз перзент көрүптүр. Жетөө чарчап, экөө турган. Авамдын карачечекей карындашы Бүсадат эжебиз ушу тапта Куршабда, бала-бакыралуу, атамды туурап бедерлесем, акар-чакар. Нскин, энем алты жашында текчедеги чыракты ойноп, олдоксон тарткандан үстүнө карамай жабылып, өрттөнүп өлгөн тентегин эстеген сайын эстен танат.

– Аты дагы Бөрү эле, жүрүм-туруму дагын Бөрүдөй эле, – дешет жарыктыктарым жарыша эмшеңдеп. – Бөрүбүзгө көз тийди...

Айтмакчы, «Түштүктөн кат» деген аңгемеме алиги арман күүнү кыстаргам. Кыстарганда да жүрөгүм канап кыстаргам. Алтүндө үстөлгө өбөктөп, жанагы үзүмдү жазганга камынсам, энемдин эчкиргени элестейт да, карегиме жаш толот, каканактап, жаак ылдый чубурат. Дагы ошентсем – дагы ошентет. Үчүнчү, төртүнчү... Теребел татты уйкуга уюган маалда жылкы теппей, жылан чакпай түтөп, сыздаганымды аялыма ашкере сырдашуудан корунганымды сураба?!

Этегинде эмелеки эпизодду эптеп эңшердим дечи. Амалейким, Шекспирдин калемине чак трагедиянын кыртышын чукур көңтөрүп, жууруп-ийлеп баяндоого кудуретим чендебеди: «– Араба кашаң, шаар көрдүн түбүндө. Чыңырып-чыккан ардагым арасат жолдо, жылдыз толгондо жайрады. «Апажан, – деди үзүлөрдө кыңылдап, – камчыланбай артка буруң, караңгыда коркосуз. Сизге саарлап пахта териш албайм, – деди, жогорку көчөлүктор уюшуп, акеми жекелесе, жааттaшып уруша албайм,– деди».

«Түштүктөн катта» ата-энеси араздашкан тестиердин ички уйгу-туйгулары сүрөттөлөт. Чоң эне, небере Оштун айланасында, күйөөсүнө таарынган апасы экинчи уулун ээрчитип, убактылуу Ысык-Көлдө, төркүнүндө.

Мунум, албетте, көркөм парк, көркөм чыгарма, ойдон оргуп табылганы оголе арбын дегендей. Антсе деле Шоро-Башаттыктар андан Сатыбалдиевдердин үй-бүлөсүнүн бейнесин боолголошот. Илинчеги – апам Бүкөш Ысык-Көл районунун Чоктал айылынан, элүүнчү жылдардын капортосунда педагогикалык окуу жайынын жолдомосу боюнча алыскы Өзгөнгө чектелген адис мугалим. Атамдардын ошояктан ушуякка от араба (поезд) минип, бейдаректикке кадам аттап, таятамдарга кулдук ургандагы, кудалардын адепки ирет маңдайлашып, көздөшкөндөгү жоруk-жосундарына кытылдап, бооруң эзилет. Кушбак таятам (кийин-соңгу авам менен апамдын Шоро-Башаттагы өкүл атасы) Чокталда аңгемедеги төкөр почточу жобураган шумдуктай шумдукту эметиптир!

«Жадыңыздабы жеңе, Күңгөйдөгү жайлоодо эшек минем дегеним? Тиричилик ажырымынын ташпишинен таза тамтаңдаганбыз. Алар унаабыз жылкы дейт. Мен ансайын көшөрөм. Өзүм жарты жан бечарамын. Мага жоо-

шураак, кашаңыраак шалпаң кулак чомдогула дейм. Зоңкойгон зоот айгырдын үзөңгүсүн оң-тетири тээп, ээрде очөйүп, «мунуңар үркпөйбү», «соо аягым сынбайбы» дегендей куулапып атам. Бир оокумда, атагорү, чабандестик ышкым жанып ынтылсам, кокту-колот тарый түштү. «Балекет-мээнетиңди алайын куда, тизгинди бек кармалап» чар тараптан азаматтар айгайлайт: «Дабыр-дабыр дегенде, дабыраган көп караан, дүбүр-дүбүр дегенде, дүбүрөгөн көп караан. Анжыяндык, аркалык, ат жарышын айталык» кылганбыз ээ, жеңе?

– Көлдүк куда-кудагыйдын тобун жээн неберелеринин жакшылыгынын урматына Шоро-Башатка чакырганыбызда баягы Кушбак «куудулду» таятаң жазбай жактырып, жаштарга өкүл аталыкка сунуштады, – дейт атам кеп учугун келептеп. – Бүкөндү сага, сени Кудайга тапшырдым, Кушбак, деп коңүлүн тындырды. Маарекеде жарпы жазылган Садык кудам, таятаң, «Сатыбалды, силердин көкбөрүнү көкжалдай тартканыңарга тамшандым» дебеспи, ата!?

Тилекке каршы, Улуу Ата Мекендик согушта жараланган таятам жарыкчылыктан эрте безди. Маркум тууралуу оозеки эскерүүлөрдөн гана маалымат калпыйм. Элеси карачыгымда элес-булас. Атамдын болсо кудасын чаң жугузбай, үстөккө-босток мактаганына күбөмүн, Көкө Теңир күбө.

Мезгилинде Аркадан үйлөнсөм, атам үйлөгөп чаначтай барбайды. Кудайы-катмыга (түлөө) түрүлө жыйналган жылалдылык, кыймылдык, анакызылдык, бостондук, шоробашаттык пайгамбардай аксакалдардан алакан жайып, Салтанат экөөбүзгө дуулдата өмүр, бакыт, ынтымак сурады. Ар качандан бир качан алма бактын саясындагы куран, дуба зээнибизде, иш жүзүндө ошондогу ак батадан көгөрүп-көктөп келатпайбызбы.

Замандаштарым, төтөп, тели-теңтуштарым, байкашымча, инсандык сапатымды, табиятымды Түштүктө түндүктүктөй, Түндүктө түштүктүктөй кабылдашат. Ошто бишкектик, Бишкекте оштук дешет, аския ыргагында не «сарт», не «аркалыкмын». Кызылдай чындыкты кантип жашырам, эмнеге жашырам?

Беркини таштап салыңар, бегимден кабар алыңар. Атам тогузунчу майда, Жеңиш майрамында жакасыз ак

жегдесин – койногун кийип, желегин – жеңил тонун жамынып, сакал-мурутун серптирип, совхоздогу же райондогу ардагерлердин чогулушуна үзгүлтүксүз катышат. Үйгө кайтканда «тигинттик-минттик» дегенчелик маашырланып, маанайы жарык, чечекейи чеч. Некин, анын «жумушчу батальонго» чакырылган чагында Кара-Суунун темир жол бекетинен өскүлөң жүгөрүнүн жөөктөрүн аралай жүгүрүп качып, куугунга карматпай, алааматта жапайы киши кийик сымал күндү күн дебей, түндү түн дебей, түксүйүп, камыш токойго корголодогону маалебизге шардана.

– Ошондо «ойбойлоп» айдалган бурадарлардын жүздөн бири тирүү келди, катарында алты саны аманы саналуу, көбүнчөсү мунжу-мулук, чолок-солок,– дейт атам карарғандан түнөрүп. «Дезертир качкын наамыңыз, анда неге шайланып, алигидей жыйналыштарга чуркайсыз?» деп сураганга оозум барбайт.

Чын-чынында, кыркынчы жылдары Сатыбалды жалаң жашынып, тоцкочок атып, азып-тозбоптур. Токтосун раисиби, Тагай раисиби, айтор, раистердин бир раиси көшөргөн кексе немени аскерий милдеттен арачылап, чарбанын жылкысын багууга көндүрөт.

– Атаңар согуштан моюн толгобой эле, тетирисинче, орденге арзыган, – деди энем бир курдай, карттанган жара жана чукулуп, жана сыйрылып, туталанганда, жаны ачыганда. Аш-наш дегиче бөкчөндөп, жабандагы бокчосун тинтип аңтарып, катылуу көйдөн шапаттай шапалактай кагазды сууруп, каргылданды: – Мына, үргүлөйүңдөр, темирин жоготуп ийгенбиз... Көз чаптырсам, «Фашисттик Германияны жеңүүдөгү кужурмөн эмгеги үчүн сыйланат» дегендей медалдын күбөлүгү.

Кантсе деле Совет өкмөтү, социализм атамдын далысынан таптап, кежигесинен сылабагандай. Антсе деле мырзалардын урпагы уруятка эч качан кейиш-наалыш багыштабады, төңкөрүшчүлөрдү, чоң сөрөйлөрүн сөгүп-сөздөбөдү, каргап-шилебеди. «Өчүбүз», «кегибиз» дегенсип неберелерин бирөөлөргө тукуруп, көкүтүп, кокшунун суутпады.

«Чоң атаң кырманда, ополдомочундун бок курсагын теше саймакка бешилик кезеп, ызырына ынтылган» дешчү улуу муун айылдаштарым. Амалдагыга айры шилтесе, ыраса ызаланганынандыр, жини буркан-шаркан кайнап,

кашайганынандыр. Ачуусу чукул, жазылмагы андан тез болчу.

Кийинчерээк «атам эртедир-кечтир о дүйнө аттанат» дегенчелик санаадан сары убайымга малындым. Тун кызым төрөлдү, атын атам менен энем Актуйгун койду. Анан Назик кызым көрүндү. Уулума атактуу Абайдын досунун ысымын ыйгардым десем, байкушум сүйүнүп-сүрдүгүп, «Эрбол, бизчесинен Эрболот турбайбы» деген.

Аңгыча атам арыгандан арыды, карыгандан карыды. Эс-акылы жайында, лекин, кыймылы кыбыр, эңкейип, тең экиге бүктөлүп, тирдиги элдир-селдир. Капарымда уламыштагы коңуз, көгөндөй дыңылдап мүңкүрөгөн макечалга, карыпка айлангансыйт. Кадимки каруу-кайраты кана десең?

Тукулжураганда өлбөстүктүн дарысы тууралуу кыялданам. Куурагыр кундуу дары атам кургуйга кулагыча табылса, кечикпесек дегенден тымызын дирилдеп, безилдеп корkконума ишенесиңерби? Атамды өлүмгө кыйбай, байма-бай жүрөгүм туйлай, опкоолжуганына, бат-бат басырык басып, тарамышым түйүлүп, түшүмдөн тердеп-курган, чочуп ойгонгонума ишенип-ишенбессиңер? Негедир, айтса, суук кабар мага Шоро-Башаттан ыраакта тиймегин болжогом. Акыр-аягында ошондой, мен чамалагандай чыкты го!?

– Не отец, а дедушка (атам эмес, чоң атам), – деп чечмеледим москвалык кызматташтарга.

– Сколько ему? Восемдесять восемь? Дай Бог, каждому дожить до такого возраста! (Канчада? Сексен сегиздеби? Ар бирбизге Кудай ошол жашка жетүүнү буюрсун! – дешти москвалык кызматташтар).

...Кыштагымдын чаңы уюлгуган кыябан көчөлөрүндө, жылаңайлак-жылаңбаш, кээси дырдай жылаңач, муштайташтай тентектер ызгыч куштай ызылдап, тегеректей курчаганда, серепчилеп, серпилип, «Селсаяктын» обонун көкөлөтө созсом, кашаттан бери теминген атчан ава-акелерим «аа-аалап» коштойт, мүйүштөн бери бурулган эже-жеңелерим «оо-оолоп» боздойт. Ансайын элирем. Радка- риталарым колтугумда, Радж Капурдун союп каптаган түгөйүмүн. Эмкисин Бомбей беттегем:

*Башымда орус калпагым,*
*Бутумда жапон байпагым.*
*Кийимим жыртык болсо да,*
*Чыныгы индус мен дагын...*

Кайырмасына шалыпаяда шалы отогон курбу-курдаштарым буркурап кошулат, мектептен тараган үкө-карындаштарым чуркурап кошулат. Баарынын кареги тегиз ным. Бир тууганым Осмонали, бир тууганым Садырбек, бир туугандарым Каныбек, Тыныбек, Надырбек, Санжарбек өкүрүп ырдайт... ыйлайт:

*Кабыргамдан кайрылдым,*
*Атакемден айрылдым...*

Жакабел түтөйт, жакабел тунарат, заманам куурулат. Койнума куюлган жаш, кончума төгүлөт.

***2004-ж.***

## КИТЕПКЕ КИРГЕН ЧЫГАРМАЛАР:

**«Кулунчактын жолунда».** 1988-жылы «Кыргызстан маданияты» жумалыгына биринчи эки бөлүгү («Бүтпөгөн аңгеме»), ал эми 1989-жылы «Кырчын» журналына үчүнчү бөлүгү («Жолдо») жарыяланган. Чыгарма толук жазылып бүткөн эмес.

**«Түштүктөн кат».** 1993-жылы «Кыргыз туусу» гезитине жарыяланган. 1993-жылы чыгарманын өзөгү боюнча радиопостановка коюлган. (Инсценировканын автору жана режиссёру – Турсун Уралиев). 1996-жылы Республикалык жаш көрүүчүлөр театрында аңгеменин негизинде «Куса» аттуу спектакль сахналаштырылган. (Драмалаштырган – Турсун Уралиев, режиссёру – Замира Аклаева).

**«Күнөөсүз жылдар».** 2001-жылы «Кыргыз туусу» гезитине жарыяланган.

**«Пайгамбар курак».** 2003-жылы «Кыргыз туусу» гезитине жарыяланган.

**«Келиндин сыры».** 2003-жылы «Кыргыз туусу» гезитине («Камерсант келиндин каттары») жарыяланган.

**«Газетчик Дзюйо».** 2005-жылы «Адабий гезит» басылмасына жарыяланган. Ошол эле жылы өзүнчө китепче болуп чыккан. (Бишкек, «Салам» басмасы).

**«Бир мертебе Бишкекте».** 1994-жылы Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитине жарыяланган. 1997-жылы пьеса С. Ибраимов атындагы Ош кыргыз драма театрында сахналаштырылган. (Режиссёру – Өсөр Абдуллаев.) 2002-жылы драманын негизинде Кыргыз радиосунда радиопостановка коюлган. (Режиссёру – Элмира Ажыканова).

**«Жаабарс».** Биринчи жолу жарыяланып отурат. 2004-жылы «Учур» жаштар театрында сахналаштырылган. (Режиссёру – Алмаз Сарлыкбеков).

**«Кош бол, Компартия!».** 1991-жылы «Кыргыз руху» гезитине жарыяланган.

**«Кайран атам».** 2004-жылы «Кыргыз туусу» гезитине жарыяланган.

## МАЗМУНУ

Кулунчактын жолунда *(Аңгеме)* ........ 3
Түштүктөн кат *(Аңгеме)* ........ 24
Күнөөсүз жылдар *(Аңгеме)* ........ 35
Пайгамбар курак *(Киноаңгеме)* ........ 43
Келиндин сыры *(Кат аңгеме)* ........ 62
Газетчик Дзюйо *(Орусча аңгеме)* ........ 104
Бир мертебе Бишкекте *(Пьеса-аңгеме)* ........ 120
Жаабарс *(Пьеса)* ........ 143
Кош бол, Компартия! *(Эссе)* ........ 162
Кайран атам *(Эссе)* ........ 214
Китепке кирген чыгармалар ........ 230

*Көркөм-адабий басылма*

**АБИБИЛЛА ПАЗЫЛОВ**

**КҮНӨӨСҮЗ ЖЫЛДАР**

*Аңгемелер, пьесалар, эсселер*

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде

Редактору *Нургүл Ногойбаева*
Корректору *Айгүл Сардарбекова*
Көркөм редактору *Рахим Төлөбеков*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Басууга 14.12.2011-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 14,5 б.т.
Нускасы 1000. Заказ № 797.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1.